Үркүн – 100: Кылымдар унуткус кыргын

Макалалар, блогдор, маектер, эскерүүлөр

«Турар»
Бишкек – 2017

УДК
ББК
Ү

Редкеңеш:
В.Жуматаева, Б.Сарыгулова, Т.Чоротегин, З.Бактыбаев, Г.Ашакеева, Б.Шамшиев, С.Туйтунова, З.Алтымышова

Ү **Үркүн – 100: Кылымдар унуткус кыргын:** Макалалар, блогдор, маектер, эскерүүлөр. – Б.: «Турар», 2017. – 408 бет. + 48 б. вкл. Сүрөттөр, документтер.

ISBN

Бул публицистикалык жана илимий-жамааттык жыйнак 1916-жылы Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы, падышалык Орусиянын оторчул бийлигине каршы улуттук боштондук көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн 100 жылдыгына арналат.

Китепте улуттук боштондук көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн тарыхы камтылган макалалар, ар кыл эскерүүлөр, маектер камтылган. Анын ичинде соңку архив таануу, булак таануу, фольклор таануу, тарыхнаама, этнография жана башка өңүттөрдө иликтөө жүргүзүп келген илимпоздордун илимий-популярдуу макалалары да бар. Алардын бардыгы жыл бою «Азаттык» үналгысы тарабынан жарыяланып келген.

Китеп орто мектептердин тарыхты аздектеп үйрөнгөн окуучуларына, студенттерге, кыргыз таануучуларга, түркологдорго, ошондой эле чөлкөмдүн жана Кыргызстандын тарыхына кызыккан бардык окурмандарга арналат.

«Азаттык» үналгысынын Улуу Үркүн жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш тууралуу жарыялаган материалдарынын баарын, анын ичинде эскерүүлөрдү, маектерди, видео жана аудио материалдарды, көркөм чыгармалардан үзүндүлөрдү, тарыхый документтерди жана архивдик фотосүрөттөрдү **www.azattyk.org** интернет сайтынан таба аласыздар.

Ү УДК
ББК

ISBN
© «Азаттык» үналгысы, 2017

АЛГЫ СӨЗ

2016-жылы кыргыз коомчулугу кеңири белгилеген олуттуу окуялардын бири, албетте, 1916-жылдагы Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдыгы болду.

Элдин эсинде карт жарадай кадалган, генетикалык деңгээлде муундан муунга өтүп келаткан ал оор күндөрдү Кытайга качкан катаал жолдо тогуз жашында томолой жетим калган менин ыраматылык чоң атам Жекшедей өз башынан өткөргөндөр калбады. Бирок алардын аңгемелерин укканбыз, жазып калгандар, андагы азаптуу күндөрдү көрүп, өмүр бою көкүрөгүндө журтташтарынын ый-муңун сактап жашаган адамдардын жакындарынын аңгеме-баян, эскерүүлөрүн жазып калалы, келечек муундар окуп билсин дедик.

Анткени бир заматта калкты чачыранды кылып, биротоло жок кыла жаздаган Улуу Үркүн ондогон жылдар бою айтылбай келген, көзү өткөндөрдүн ичинде кеткен ызасы, бугу бир айтылсын, чогуу эскерели, унутпай жүрөлү, жалпы коомубуз ал окуялардан сабак алсын дедик. Ал доордун чоо-жайын так жана калыс изилдөө иши Кыргызстанда постсоветтик доордо гана башталган. Совет доорунда бул тарыхый окуяларды изилдеген профессор Кушбек Үсөнбаев кодулоого кабылгандыгы да эми тарыхтын бир бөлүгү болуп калды.

Ошентип, 2016-жылдын башында жалпы журтка радио/теле/интернеттен кайрылып, жыл бою эл арасынан Үркүндү эскерген кызыктуу аңгеме, баян, ой-толгоо, жаңы илимий макалаларды чогулттук. «Азаттык-

та» бул тема ар тараптуу чагылдырылды: маектер, атайын талкуулар, репортаждык берүүлөр, сүрөт баяндар, илимий макалалар, блогдор жана башка материалдар жарык көрүп жатты. «Чоң ата-чоң энемдин, туганымдын, ата-энемдин башынан өткөргөндөрүн айтып берет элем, жазып калтыргандары бар эле, ошолорду жарыялап койгула, Кытайда калган тугандарымды издеп жүрөм» дегендер биздин Бишкектеги кеңсебизге байма-бай каттап жатышты. Бул маалыматтарды жыл бою бир жерге топтоп, интернет барагыбыздагы атайын куржун (микросайт) аркылуу окурмандарыбызга сунуштап келдик.

«Азаттык» көптөгөн илимий изилдөө макалалары аркылуу Үркүн тууралуу маалыматтарды биринчилерден болуп калайыкка сунуштагандыгын да белгилей кетүү зарыл. Бардык жарык көргөн материалдарды бир китепке сыйдыруу мүмкүн эмес экен, арасынан тандап басып чыгарууну туура көрдүк.

Жалпысынан, окурмандарыбыз жана күйөрмандарыбыз «Азаттыктын» 1916-жылкы көтөрүлүш жана Улуу Үркүн тууралуу маалыматтарына жылуу пикирлерин жана сунуштарын жөнөтүшүп, кызуу колдоого алышканын белгилемекчимин. Тарыхый жактан катардагы окурмандардын эскерүүлөрүндө тактык болушун талап кылган жокпуз, илимий фактылар менен маалыматтар китептин экинчи бөлүгүнө кирди.

Бул долбоорду жүзөгө ашырууга салым кошкон бардык кесиптештериме, бардык өнөктөштөргө, өздөрү макалалар жазып, маек куруп, талкууга катышып, фото сүрөт жүктөп жана башка ар кыл көмөктөрүн көрсөткөн замандаштарыма «Азаттык» үналгысынын жалпы жамаатынын атынан терең ыраазычылык билдирем.

Колуңуздардагы китеп – биздин китептер түрмөгүбүздүн быйылкы саамалыгы. Буга чейинки жарыялаган

китебибиз «Азаттык» аркылуу алгачкы ирет кыргыз доошун дүйнөгө жеткирген журналист, публицист жана атуул Азамат Алтай (Кудайберген Кожомбердиев) жөнүндө болгонун жакшы билесиздер. Бул китептердин максаты – ар тараптуу жана калыс маалыматтарды сунуштоо аркылуу азыркы муундардын терең билимге ээ болуп, коом тарыхы жана турмушу жаатында ар тараптуу кабардар болуп, атуулдук коомдун мүчөсү катары жигери артышына огожо болуу.

1916-жылы шейит кеткен бабалардын арбагы ыраазы болсун!

Венера Сагындык кызы ЖУМАТАЕВА,
«Азаттык» үналгысынын директору,
2017-жыл, 5-август

РЕДАКТОРДУН БАШ СӨЗҮ

Кыргызстан 2015–2016-жылдары жалпы Борбордук Азия чөлкөмү үчүн өрнөктүү бир иш-аракетти жүзөгө ашырды. Ал – 1916-жылы падышалык Орусияны титиреткен зор окуянын – чөлкөмдөгү түпкү калктардын улуттук боштондук көтөрүлүшүнүн 100 жылдыгына байланыштуу иш-чаралар.

Алардын бир даарын, бир чети, кыргыз бийлиги расмий түрдө уюштурду. Кыргыз Президенти, Жогорку Кеңештин депутаттары, Кыргыз Өкмөтү, жергиликтүү бийлик органдары бул улуу көтөрүлүштүн 100 жылдыгын өткөрүү жаатында өздөрүнүн иш-чара пландарын бекитип, ага ылайык ири масштабдагы ишмердигин жүргүзүштү.

Ага удаалаш эле, экинчи чети, кыргыз коомчулугунун ар кыл катмарларынын өкүлдөрү, саясий партиялар, оппозициячыл маанайдагы саясатчылар, бейөкмөт уюмдар, чыгармачыл коомдор, жеке ишканалар, жеке атуулдар ж.б. да өз бетинче иш-аракет жүргүзүп жатышты.

Кыргызстан, албетте, бул ишмердикти жалгыз жүргүздү десек калпыстык болор эле. Эл аралык коомчулук, чет мамлекеттердеги тарыхчы, архивчи, публицист, журналист жана башка адистер да Кыргызстандын демилгелерин колдоп, өздөрүнүн бараандуу салымдарын кошту.

«Кыргызстан ушул маселени козгобой койсо болмок, эми бул мааракелик чаралар аны менен Орусия Федерациясынын араздашуусуна жем ташташы ыктымал» деген кооптонгондордун санааркоосу бекер болуп чыкты.

Кыргызстандын Президенти Алмазбек Атамбаевдин чакыруусуна ылайык, 2016-жылдын 17-сентябрында Орусия Федерациясынын Президенти Владимир Путин, Армениянын Президенти Серж Саркисян жана Молдованын премьер-министри Павел Филип Бишкектин түштүк-чыгышындагы Чоң-Таш айылына жакын дөңсөөдөгү «Ата Бейит» эскерүү жайына келип, мында жаңыдан расмий ачылган 1916-жылкы көтөрүлүш жана Улуу Үркүн маалында набыт болгондорго арналган эстеликке гүлдесте коюп, таазим кылышты.

Демек, мындан жүз жыл мурдагы падышалык Орусияга каршы кубаттуу көтөрүлүштө набыт болгондорго таазим кылуу аркылуу азыркы Орусиянын бийлиги Кыргызстандын бийлигинин жана кыргыз коомчулугунун эскерүү жөрөлгөлөрүнө тилектештигин билдирди. Маалыматтарга караганда, расмий Астана бул окуяларды ачык белгилөөгө батынган жок, бирок казакстандык окумуштууларга ар кыл китептерди жарыялоого, эл аралык илимий жыйындарды уюштурууга эч бөгөт кылган да жок. Негедир Борбордук Азиядагы 1916-жылкы көтөрүлүшкө тиешеси бар элдердин башка жумурияттарында – Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстанда дагы 2016-жылы атайын расмий иш-чаралар өткөрүлбөдү.

Мунун бардыгы, айрым коомчулук өкүлдөрү жана оппозиция күчтөрү сынга алганына карабастан, расмий

Бишкек улуттук боштондук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн 100 жылдыгын 2016-жылы татыктуу белгилегенге жетишкендигин айгинелейт.

Айрым маселелер боюнча (маселен, 1916-жылкы көтөрүлүш тарыхына карата марксисттик эмес заманбап көз караштарды калыптандыруу жаатында) жаңы жыйынтыктар алынса, кээ бир суроолор болочокто кошумча иликтөөнү талап кылууда. Кээ бир маселелер боюнча кайчы пикирлер алдыдагы жылдарда деле айтыла бермекчи. Алардын арасында «1916-жылкы падышалык жазалоочу аскерлердин ырайымсыз аракеттерин «геноцид», «тукум курут», «этноцид» ж.у.с. терминдер менен баалоо керекпи; азыркы Орусиядан падышалык Орусия үчүн төлөм талап кылуу керекпи; көтөрүлүштүн алоолонушунда канчалык негизде сырткы фактор рол ойногон?» деген сыяктуу суроолор. Бул жаатта эл аралык чөйрөдө башка чөлкөмдөрдөгү Биринчи дүйнөлүк согуш маалындагы кыргындар боюнча деле бири-бирине карама-каршы пикирлер айтылып келет.

«Азаттык» үналгысынын маалыматтары бул көйгөйлөр боюнча да окурмандардын өз алдынча жана калыс жыйынтык чыгаруусуна көмөк кыла алат.

1991-жылдан тартып эле, өзгөчө алганда, 2001, 2006, 2013–2016-жылдары, кыргызстандык коомдук уюмдар, кыймылдар, өз демилгелүү атуулдар 1916-жылкы көтөрүлүштү тактап иликтөө, анда набыт болгондордун элесин түбөлүккө калтыруу үчүн опол тоодой эмгек өтөштү.

Бийик тоолордун дабандарындагы Кытай менен Кыргызстандын чек араларына жакын жерлерде көмүл-

бөй келген сөөктөрдү жыйнап, аруулап кайра жерге берүү, Асылбаш, Боом, Кырк-Шейит, Барскоон капчыгайы, Сөөк ашуусу, Ак-Шыйрак сыяктуу жерлерде эстелик таштарды жана айкелдерди орнотуу, ар кыл театрларда бул окуяларга арналган драмаларды сахналаштыруу, даректүү тасмалар, көркөм тасма жаратуу, сүрөтчүлүк өнөр аркылуу көтөрүлүш темасын чагылдыруу, китептер жарыялоо сыяктуу иш-аракеттер кыргызстандык карапайым атуулдардын жеке салымдарынын негизинде болду.

Бул сыяктуу жалпы улуттук иш-аракеттин жыйынтыгы Кыргызстандын бийлиги жана калкы 100 жыл мурдагы окуяларга карата эч кайдыгер мамиледе болбогондугун жана бабалардын эрдигине өзгөчө таазим кылууга жетишкенин тастыктады. Бул жалпы коомдук жүрүм, тарыхка калыс, так баа берүү аракети – өлкөдөгү сөз эркиндигин жана атуулдук коомду чыңдоого кошулган салым болуп калды.

Бул китеп 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн тарыхын жана сабактарын чагылдыруудагы миң кырлуу мозаиканын бир гана өңүтү. Бул китептин мазмунунан бары-жоктун баарына жооп күтүүгө да мүмкүн эмес. Китеп окурмандарды жүз жыл мурдагы тарыхый окуялар тууралуу өз алдынча саресеп салып ойлонткон жана бул окуялардын тиешелүү өңүттөрүн болочокто чыгармачыл жигер менен өз бетинче иликтөө үчүн аздыр-көптүр шыктандырган болсо, анда ал өз максатына жеткени деп билебиз.

Китеп тууралуу пикирлерин жиберип, өз ойлору менен ачык бөлүшкүсү келген замандаштар «Азаттык» уналгысынын интернеттеги байланыш дарегине (Webeditor@rferl.org) электрондук кат жолдой алышат.

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН,
«Азаттык» уналгысынын мурдагы директору,
тарых илимдеринин доктору, профессор
15-июнь, 2017.

Борбордук Азиядагы жана
Кыргызстандагы 1916-жылкы
улуттук-боштондук көтөрүлүштүн
100 жылдыгына

ҮРКҮН ЭЛДИН ЭСИНДЕ



«Ата-Бейит» комплексиндеги
Үркүн курмандыктарына арналып
тургузулган эстелик

Сартбай ДУБАНБАЕВ,
Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун тургуну



ЭНЕМ КӨРГӨН АЛААМАТ

1916-жылкы Үркүн апаатын көргөн Кенебай кызы Каший апанын уулу Сартбай Дубанбаев энесинен уккан окуяларды эмдигиче эсинен чыгара элек. Капыс келген алааматтын дене-бойду титиретчү кайгылуу окуяларын Каший апа жалгыз уулуна такай айтып келген. Эненин бул жарыкчылыкты таштап кеткенине кыйла жыл болгону менен артында калган урпактары кыргыз элинин башына түшкөн апаатты эсинен чыгара элек. Сартбай аба Үркүн тууралуу Каший ападан укканларын айтып берди.

Энем ыраматылык бейиши болгур Кенебай кызы Каший 96 жашында, 1992-жылы 31-январда кайтыш болду.

«Ой, балам. Аштын даамы да, өмүрдүн акыры да ушул болсун. Өмүр сап болду. Эми мен атаңардын жанына барайын. Ал жакка кеткен менин балдарым да бар. Ошолор мени тосуп алат» – деп, бир аздан кийин жата турган керебетине жатып эле уктаган кишидей эле кайтыш болуп кетти. Ошентип энемден ажырап калдык.

Энем кепке-сөзгө, анан санжырага аябай кызыккан киши эле. Мындай отура калганда кеп салып: «Ай, угуп ал, балам», – деп көп айтчу. Башка кишилер менен сүйлөшкөндө талашып-тартышып көп отурчу эле. Күзгө жуук баягы согуштун жылдары да. Эгинге орок салар учурда же каралашар киши жокпу, капа болуп отуруп калар эле. Ошентип отуруп бир пастан кийин: «Э, балам, өзүң эркектен жалгыз болуп калдың, эми өмүрүң узун болсун. Мен төрөгөн балдардын бирөө Музарттын суусуна кетти. Айланайын балам, коогалаң болбосун! Адамдарга коогалаң болбосун, бул өзү жаман нерсе» – деп айтканы эсимде.

Энемдин эскерүүсү

1916-жылы Үркүн болуп калды. Анан бир имиш-имиш бар эле, ошол имиш акыр аягы келип чынга айланып, атын кара терге алдырган бирөө чаап келип: «Ой, бу орустар менен оң болбой калдык. Кармашып кан төгүлүп кетти. Бу оңбогурлар бизди тукум курут кылып эчтекебизди койгудай эмес. Камынгыла, эптеп бир Кытай жакка баралы. Ошол жакка ооп кетпесек тукум калбайт, камынгыла» дегенде ошондон баштап ызы-чууну айтпа. Анан ар кими чамасына жараша атка, төөгө жүгүн артынып, Ак-Суу капчыгайы аркылуу тиги Кытай тарапка жөнөп калдык.

Эр бүлөлөр артта калып: «Кой, бул көч узап кеткенче тигилерди узатып, кыр-кырда ит урушу кылып, тосуп

туралы, узап кетишсин» – деп ошентишти. Ал учурдагы кайдагы беш атар, көп атар мылтык жок эле. Бардаңкелер, түтөтмө мылтыктар, башка эч нерсе жок. Ошентип ашуу ашып, бел басып, агын сууну кечип жүрүп отурдук. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп жол азабы – көр азабы, эмнени гана көрбөйсүң, бир жалама беттерден, секиртме таштардан аттайм дегенде жүк-мүгү менен кулап, тетиги ойго барып түшөт. Калат ошерде. Кетип баратабыз. Анан бир ашууга жеткенибизде: «Ой, алдыда орустар тосуп калыптыр. Түнү менен кетели. Болбосо кырылабыз» – деп бирөө айтып калды.

Ошол жерден бир сөз чыгып кетти. Молдоташ дегендин кичинекей колунда эмчектеги баласы бар экен, Кенжебай деген. Бул ыйлаак бала экен. Кой, мунун үнүн угуп калса орустардын балээсине калабыз деп суурдун ийинин таап, оромосу менен ошол жерге бекитип, анан ары карай түнү менен ары бетке башка балдар менен өтүп кеттик. Өткөндөн кийин анан эжеси Жаркын деген киши, ошондон ажыраганча мен барып алып келем, өлсөм ошону менен чогуу өлөрмүн деп кайра келип, жашынып келип Кенжебайды суурдун ийининен алып кайра көтөрүп барды. Бу кырк жыл кыямат болсо бейкүнөө чымын өлбөйт деген чын экен, балам. Ошол Кенжебайдын тукуму мына өзүнчө очор-бачар шаар болуп жашап турушат. Бул бир Кудайдын жазык буйругу болсо керек.

Музарттын суусуна бардык. Барсак бизден мурда баргандар көп экен. Түштөн кийин барып калдык. Бизден мурда баргандар тал-терек кыйып, суунун үстү муз каптап калган экен, ошол жерге сал жасап бир-бирден эптеп өтүп жатышыптыр. Күн бешимден ооп, коктуга көлөкө түшкөн чак экен, аңгыча эле те төмөнтөн тарсылдаган, аска-зоону жаңырткан үн угулуп калды. «Ой, орустар экен, орустар келе жатат» – деп кыйкырып калышты.

Кокуй-кокуй болуп калышты, ошол жерде жабылып жүргөндөр «чулп» эле сууга кириштиөткөөлдү карабай.

Суу, эми ал жердегини айта көрбө, балам. Суунун үстү кылкылдаган эле адам. Бешиги менен бала агып атат. Жүгү менен төө, анан башкалар, баары агып, бирде күбүргө чөгүп, сорок деп башы чыгат. Кудай бетин салбасын, анан менин атым мүдүрүлүп кетти. Ат мүргүгөндө колумдагы балам ыргып кетти, ошону менен ал сууга агып кетти.

Суудан ары карай өлгөндөн калгандарыбыз чыктык. Кеч кирип, суудан чыккандан кийин мылтык үнү басылып калды. Мылтык басылып, кийин уктук, аркы өйүздө түрктөр, ким билсин, чек арачылар бар окшойт, оруста рга каршы ок атканда бир-эки үчөөсү окко учканда кайра качып кетишкен экен.

Андан чыгып алгандан кийинки тиги коктудагы ызгаар суукту айтпа. Суу болуп шөлбүрөп, ыйлап-боздогон эле жан, түнү бою бири-бирин таппаган адамдар ыйлап-боздоп жүрдү. Калганы ошол жерде калды. Калганы ары карай жөнөп жүрүп олтуруп, Текести көздөй баратканда Арайкыз – Сайкал деген жер бар экен. Андан ары өтүп Текесине жеттик дейт. Кара-Токой деген жери бар экен.

Ошол Кара-Токойго барганда токойдун бутактарын чүргөп бир алачык жасап алдык. Баары ошентип жасап алышты. Суук. Эми ал жердеги эмнени айтасың. Анан черүүлөр, калмактар, кайсы бир жылдары төөбүз, буурабыз тердеп кетти деп көчүп кетишти эле, ошолорбу, ким билсин, калмактар болчу, черүү деп койчубуз, дунганы бар тиякта. Суук бир тең, ошол черүүлөрдүн азабы бир тең болду. Өлгөн-житкендерди көмө албай, кардын арасына эле көөмп жүргөн жандар. Ошентип өлүк менен тирик аралашып калдык. Алар шоңшоңдоп жаман мылтыгын асынып алып, «көчиң, көчиң» дешет. Айла кетти. Анан жетип келип эле өңдүү-түстүү кыз-келиндерди колдон талашат. Кээ бирин алып кетет. Бербесең атып таштайт, коркобуз. Ошентип алар келатканда кыз-

дардын бети-башын көөлөп, кээлерин жуурканга ката койчубуз. Кээ бирлерин арык-торук кезде куда түшкөн болуп кыздарыбызды, келиндерибизди ошол черүүлөр, дунгандар алып калышты. Кыз-келиндерибиз малга айланып калды, балам.

Анан жазга жуук бир жакшы кабар келип калды. «Ой, тиги жакта балчайбектер деген чыгыптыр, ошолор ак падышаны кулатыптыр. Кедей-кембагалдарга эркиндик берет экен, кедей-кембагалдарды коргойт экен» деген жылуу сөз угулду. Ансыз деле жерге жетип өлөлү деп калганбыз. Ошол кабар келгенден кийин биз 20–30 түтүн биригип, анан көчүүгө камдандык. Бир топтору алдын ала сүйлөшүп алып жолго азык-түлүктөрүн камдап алыптыр. Тигилер тартып алып кеткен кыз-келиндерин кайра сүйлөшүп түнү менен ала качышты. Анан жүрүп отурдук, жол азабы – көр азабы, баягы эле жол.

Ашуу ашып, бел басып, суу кечип келатабыз. Арык-торук оорулар көп. Аларды бир коңулга келгенде отургузуп, кайра келип алып кетебиз, Үңкүргө киргизип коюп, эшигин таш менен корумдап, кайра келип алып кетебиз деп ун-талкан, суу берип көңүлүн жубаткан болуп кете бердик. Көчтөн калбай жүрүп отурдук. Бир жерге бир аскага келсек, бир баланын өтүгү жатыптыр. Анан ошол өтүктү карасак, баланы карышкыр жегенби же ит жегенби сөөгү өтүктүн ичинде калыптыр. Ошону көрдүк.

Эми ит менен биттин жүрбөгөн жери барбы, жерге кирсин, ал учурда иттер да карышкырга айланып кеткен. Бу адамдын эти таттуу экен, иттер да карышкырга айланып кетти деп айтып калышчу. Сендиреп жүргөндөрдү көтөрө чаап, жеп кетишет. Ошентип жүрүп отуруп Санташ, Кызыл-Кыяга келдик. «Э, айланайын көлүм»– деп жер кучактап ыйлап жүрүшөт. Анан кырга чыксак тээ төмөнтө кыйкырышып эле бир топтор жүрүшөт. Сүрүлүшүп эмне болуп жүрүшөт экен десек: «Ой, баягы орустар экен, орустун ажаан катындары экен, мужикте-

ри экен, бул мужиктер баягы өрттөп кеткен короо-сарайыбыздын өчүн алабыз, өлтүрөбүз» – деп ошолор кууп жүрөт дешти. Сүйүнүп келаткан денебиз муздап, делдейип эле туруп калдык.

Адам кайратына келгенде эч нерседен кайра тартпайт экен, биз эмне күнөө кылдык, эчтеке кылганыбыз жок деп ойлоп турсак, бир убакта тааныш үн чыгат дейт. Дубанбай, Дубанбай деген. Каший, Каший деген дагы бир тааныш үн. А көрсө биздин тааныш аялдар – Наташа менен Нина экен. Алар менен биз үймө-үй болуп Ак-Сууда чогуу турганбыз. Атаң тиги Ивандын май заводу менен тегирменин иштетип турчу. Мен үй иштерине жардам кылып, жакшы орустар эле. Ошол эки аял эки атты чегип алып, кыйкырып турушат. Биз да кыйкырып түшүп, келип эле кучакташып өбүшүп, жытташып калдык дейт. Анан отургула деп арабага отургузуп, көр-жерлерибизди жаап, үстүнө кийиз жаап жаткыла деп жаткызды.

Анан жүрүп отурдук. Дөңкүлдөгөн таш жол менен жүрүп отуруп орустун айылына келгенде эле ызы-чуу түшүп калды. Араба токтойт, таш, топурак менен биздин үстүбүздөгү кийизге урушат. Орустар менен кажылдашып, буларды өлтүргөн менен пайда жок, андан көрө иштетип өч алалы деп айкырышып отуруп алардан кутулуп чыктык. Бир жаман жери атаңын аталаш тууганларынын Керимбай деген 14–15 жаштагы туугандары бар эле. Ошону лом менен башка чаап кетишиптир. Ошондон жакшы айыга албай жарым эс болуп калды дейт.

Ак-Сууга келсек, Иванке менен Мишка көп көчөгө чыкпай үйдө отуруп калышыптыр. Алар менен көрүштүк, өткөн-кеткенди сүйлөштүк. Иванка: «Ай, Дубанбайым, бул жерде да иш жаман, айла кетти, байсың, көпөссүң деп кээ бирлерин суроо-сопкуту жок эле атып кетип атышат. Бул жерге жашоого болбой калды. Биз кетели. Сен бала-бакырага караан бол. Анан шартка жараша келип-кетип турарбыз» – деп кетүүгө камынып калышты.

Азык-түлүгүн алып, мылтыгын асынып, ат коштоп алып кетишти. Атаң аларды узатып, 2–3 күндөн кийин келди. Анан тигилер менен чогуу жашап калдык. Анан балшайбектердин солдаттарын көрүп калдым. Чоң-чоң аттарга минип алып, эки-үчтөн ары-бери шоңшоңдоп чаап, жонунда мылтыгы бар, жанында кылычы байланган. Боз шинел кийишкен, маңдайында кызыл жылдызы бар. Жалаңкыч болуп көрүнөт көзүмө, кайра туруп ичим жылып: «Ушулар болбосо бизди кырып коёт эле»– деп калам дейт. Ошентип жашап калдык, балам.

Эскерүүнү жазып алган Бекташ Шамшиев
28.02.2016

Асанбек ***БУГУБАЕВ***

САТЫЛГАН БАЛДАР, САГЫНТКАН МЕКЕН

(Ардагер мугалим Асанбек Бугубаевдин баяны)

Чоң атам Бугубай Кочкордун Үкөк деген айылынан (азыркы Теңдик) болот. Үркүн маалында элүүлөргө чыгып калган, бала-чакалуу, бирок жарды турмушта жашаган киши экен. Кадыркул, Мамыркул, Токтогул деген үч эркек баласы бар экен, кийин кыздары да төрөлгөн окшойт. Үркүн башталганда алардын улуусу, менин атам Кадыркул 10–11 жаштагы өспүрүм экен.

Үркүндүн алдында Кочкордон алысыраак Бозбекет деген жердеги станцияда иштеп, Пишпек–Нарын багытында ары-бери каттаган почточу орустарды тейлеп, өргүтүп турган. Атамдын айтуусунда ошо кезде Бозбекет

аркылуу мал айдап өткөндөр көп болгон экен. Сыягы, калаба башталып калганда малдуулар малын Кара-Кужур аркылуу жылдырып, Бедел белден ары ашышкан окшойт. Эл дүрбөй баштаганда чоң атам да Теңдиктен чыккан айылдаштарына кошулуп, таңылчагын көтөрүп, жөө-жалаңдап Кытайды көздөй жөнөп калышыптыр.

Атам Беделдин белиндеги ак кар, көк музду көп айтчу. Эсинде калганы – ак кар, көк муз, белден учкан малжан. Анан «Кытайга киргендерди чапанчандар ары-бери бөлүштүрүштү, ал жерден уйгурду, дунганды көп көрдүк, анан Үч-Турпанга отурукташып калдык» – дечү.

Күзгө таяганда азык түгөнүп, аргасы куругандар бала-бакырасын сата башташыптыр. Ичинде менин Бугубай чоң атам да бар экен. Айткулу Убукеев «Ревкомдун биринчи председатели» деген аңгемесинде жазган Бугубай дал ошол менин чоң атам. Анда минтип жазылган:

«*Кул курсактын айынан эң кедейлери балдарын чыркыратып сатууга өттү. Биздин айылдык Көбөнтайдын Мадабайынын он эки жашар кызы бир чейрек жүгөрүгө кетти. Аккулактын Бугубайы алты жашар эркек уулун үч зэр, бир чейрек эгинге өткөрдү. Ошондо Бугубайдын аялы сатылган баласын боорына кысып, ботосунан айрылган боз ингендей боздоду. Элеси азыр да көз алдымда турат. Кошкон кошогу күнү бүгүндөй кулагыма жаңырат*».

Муну Айткулу Убукеевге ошол кайгылуу учурларга күбө болгон Абаев Шарше деген аксакал айтып беріптир. Өзүмдүн атамдын айтымында, чоң атам жергиликтүү дунган, уйгур байларга эркек балдарын ачкадан өлүп калбасын деп малайлыкка берип, алардын акысына үйдөгү кыз балдарды багыптыр. Үчөөбүздү үч жакка алып кетишкен дечү атам. Бирок бат эле Совет бийлиги орноду, падышачылык өкмөт кулады деп, эл кайтканда сатылып кеткен балдар ошо бойдон калып калыптыр. Ата-

энеси болсо ошондо эле жокчулуктун айтынан ооруп, каза болушуптур.

Атам айтчу, мени сатып алган дунгандын өзүнүн эки баласы бар эле, дунган атам (ал ушинтип атачу) мени көп деле кыйнаган жок, короо-чарба иштерин жасап жүрдүм деп. Дунган атасы соодагер болуптур. Төрт-беш качыры бар экен. Борбор сыяктуу чоңураак айылга барып, турмуш-тиричиликке керектүү буюмдарды сатып алып, кошуна айылдарга жумасына бир жолу таркатып келчү экен. Атам жүгүн түшүрүп, таңышып, качырларды айдап, жетелеп жүрчү экен.

Башында тилден кыйналып жүрүп, кийин үйрөнүп кетиптир. Кийин деле дунган тилин унуткан жок. Айрыкча акчаны кыргызчага караганда дунганча кыйын саначу. Базарга барып, мал сатканда акчаны дунганча эле шатыратып санап койчу. Атам өзү жыйырманчы жылдары кайткан экен.

Ал жылдары кыргыздар Кытайга кайра апийим ташып, аны матага, чайга, күнүмдүк тиричиликке керек буюмдарга алмашып келип турушчу экен. Ошол каттаган айылдыктардан Сарыбай ата баштаган туугандар: «Бугубайдын баягы балдары бар бекен, кабарын биле келгиле»– деп суранышат.

Атамды агезде дунган атасы үйлөнтүп, эки балалуу болуп калат. Элине кетейин деген аракетинен майнап чыкпайт. Сырын аялына айтып, чогуу кетели деп кеңеш курса, аялы аны дунган атасына айтып коёт. «Дунган атам катуу ачууланып, короодогу ат байлаган мамыга байлап туруп аябай сабады, дунган апам ортого түшүп жатып, менин жанымды аман алып калды, 15–20 күн дегенде арың өзүмө келип, бутума турдум» деген. Ошондон кийин мени булар баары бир кетирбейт деп калат. Анан баягы соода кылып келген жердештерине жолугуп: «Мен аман болсом барармын, андан көрө кичүү иним Мамыркулду ала кеткиле» – деп суранат.

Агезде Мамыркул кошуна айылда малай жүрчү экен. Кожоюнунан элине кетсин деп сурап алып, тыйын-тыпырын берип, кам-кечеги менен айылдашына (так эсимде жок, Ыбырай же анын атасы болушу мүмкүн) кошуп берет. Эки күндөн кийин ини кайра ыйлап, агасына кайтып барат. Көрсө, баягы соодагер туугандары Мамыркулдун колундагы тамак-аш, тыйын-тыпырын алып: «Биз чек арадан жашыруун өтөбүз, ал жакта орустар бар, сен өтө албайсың» – деп таштап кетишиптир. «Кудайдын унутпаган бир күнү бардыр» – деп, атам инисин жооткотуп тим болот. Кийин атам: «Ошондо ала кетсеңер иним элде жүрбөйт беле!» – деп Мамыркулду албай кеткен туугандарын сөзгө сындырганын укчумун.

«Карышкырдан күкүрт менен мата сактады»

Ошентип атам, баягы дунгандын ишеничине киргенби, буюм-тайымдарды сатканга дунган чыкпай эле, эки баласын кошуп жиберип калыптыр. Ошондон пайдаланып атам качыштын жолун издей баштаптыр. Кошуна айылдагы ини Мамыркулга барып: «Эмки жумада Үч-Кошконго кел, кетебиз» – деп айтып кетет.

Айткандай эле кийинки аптада атам дунгандын эки баласы менен соодага чыгат. Аялынан катып баштыкчага чогулткан акчасын мойнуна илип алат. Орто жерде чоңураак бир айылда, эс алуучу жайда дунгандын балдары дайыма эс алышчу экен. Алар адатынча: «Төмөнкү эки айылга соодага сен барып келе кал» – деп калып калышат. Ыңгайы келди деп жөнөйт да, баягы болжошкон Үч-Кошкондон инисин күүгүмгө чейин күтөт. Келбейт. Аркасынан куугунчу келип калабы деп чочулаган атам: «Аман болсо келер» – деп, мата-кечеси, тузу, ширеңкеси менен эки качырды минип, жолго түшөт. Куугунчудан коркуп, жолду көбүнчө түнкүсүн арбытчу экен. «Бир күнү төрт көк ала ит ээрчип алды, нан берсем жебейт, качырлар айланып эле баспайт, жырткыч экенин деле билбеп-

тирмин» деген атам. Үч-төрт күн жол жүргөндөн кийин карышкырлар качырларды жарып, жеп кетиптир. Мени маталар сактап калды деп көп айтчу атам. Матаны күйгүзүп эле карышкырды көздөй ыргытып жүрүп отуруптур.

Бир түнү карышкырлардан узун таякты колго алып, үйдөй болгон чоң таштын үстүнө чыгып алып коргонуп чыгыптыр. Анан чоң сууга туш болот. «Суудан өтсөм эле куугундан кутулчудай, аман калчудай сезем» – дейт атам. Айткандай эле берки өйүздүн бөксө кырларында өгүз минип, ак калпак кийген, 40–50дөй майда жандык айдаган кишини көрөт. Колун булгап: «Мен кыргызмын, мен кыргызмын!» – десе, баягы киши кырдан түшкөн бойдон такыр көрүнбөй калат. Аргасы кеткенде аркы өйүздө эл бардыр деп чоң сууга кирет. «Дунгандардын салты менен узун өстүрүп, төбөгө өргөн чачым желкеме түшүп, кийимимди агын сууга алдырып, жылаңач бойдон жээкке чыкканда эсимди жоготуптурмун. Мойнумда гана баштыкчам калыптыр. Эсиме келсем бирөө укурук менен акырекке сайгылап атыптыр. Көрсө, баягы ак калпакчан киши эки жигитти ээрчитип келип, өлүү-тирүүмдү текшерип атышыптыр» – дейт атам.

«Мен кыргызмын, сарыбагыш уруусунан, Кочкордон болом» – дептир. Дегенде эле жанакы аксакал киши жигиттердин бирине бирдеме деди дейт. Анан ал барып кемсел, дамбал алып келип кийинткен экен.

Анан алар кара боз үй, үч-төрт алачык тигилген конушка алып келишти дейт. Боз үйгө кирип барганда эле жаргылчак тартып отурган кемпир чалкасынан кетиптир. Кебетесин көрүп чочуп кетсе керек. Анан чалап беришиптир. Кечке жуук баягы жигиттердин бири атамды эшикке чакырып чыгып, кыл аркан менен атка сүйрөтүп жөнөптүр. Шектүү киши деп чочулаганы же орустардан корккону белгисиз, өлтүргүсү келишиптир. Ал жолу ажалдан аксакал арачалап калыптыр: «Жайына койгула» – деп балдарын тыйыптыр. Ошол бойдон кайда бара-

рын билбей ал жерде жыйырма күнчө байырлап калыптыр. Кагазда калган сандарга караганда атам Кытайдан ошондо он төрт жылдан кийин, 1930-жылы кайтып келген экен. Кийин бул жактан түтүн булатып, сегиз балалуу, очор-бачар болду. Балдарынын ортончусу менмин.

Кытайда калган дунган бир туугандарым тирүү болсо, токсондун кырына келип калды. Тирүү болбосо артында бала-чакалары калса керек. Атам 1959–60-жылдары, каттаганга шарт түзүлүп калганда Искен деген айылдашы менен Кытайда калган бир туугандарын, балдарын издейбиз деп аракет кылышкан. Уруксат кагаз алганы калганда И.В.Сталинди Мавзолейден алып салып, СССР Кытай менен мамилесин такыр эле үзүп салбадыбы. Ошентип, бара албай калып, балдарынан да, иниси Мамыркулдан да дайын жок.

Эми кайра аракет кылып жүрөбүз. Азыр Кытай менен мамиле абдан жакшы, жол каттамдары да ачык, барып келиш оңой. Орусияда иштеген бир балам каржылайм деп атат.

Текстти иштеп чыккан Бурулкан Сарыгулова

Эркингүл АКУНОВА

УУЛКАН ЭЖЕМДИН КЕЙИШТҮҮ ТАГДЫРЫ

Төрт же беш жаштагы бала кезим болсо керек. Бир күнү чоң энем, атам, апам бир жакка конокко кетишти окшойт. Эртеси эртең менен ойгонсом, үйдө чоочун кемпир пайда болуп калыптыр. Олбурлуу, эркек сындуу, кебетеси сүрдүү, адамды олурая карайт экен. Көзүмдү жакшы ача албай, бирок ошо көзүмдү ушалай берип да,

ал кемпирди абай сала карадым. «Эмне жатасың, тур орду̣ңан!» – деп койду.

Көрсө, бул адам чоң атам Акундун бир тууган эжеси Уулкан эже экен. Кийин эс тартканы ал кишини жакшы көрүп, боор тартып калдык. Бирок ойлоном: «Абышкасы жокпу? Балдары болгонбу? Эмнеге биз менен жашачу эле?»

Ошол кезден сураштырып жүрүп, кечээ жакында эле атамдын бир тууганы Бейшебек Акуновдон дагы толуктап сурап билип, ушул киши жөнүндө жазгым келди.

Уулкан эжемдин Үркүндөн мурунку жашоосун билген деле адам калган жок, ошол үчүн Үркүн жана Үркүндөн кийинки жашоосун баяндайлы.

Эл үрккөндө Уулкан эжем 30 жаштардагы келин экен. Менин чоң энем Маликан 21де элем дечү эле. Чоң-Сары-Ойдун жайлоосунда турушкан экен. Айылыбыздын эркектери чокмор, айрыларын көтөрүп алып Кара-Ойдун орустары менен чабышканы кетишти. Ал айылдын орустары тегеректеги кыргыздарга көбүрөөк ыдык көрсөтүшкөн окшобойбу. Айылда бала-бакыра, келин-кесек калдык. Бир маалда ылдыйга кетишкендерден беш-алтоо эки орусту колу-бутун таңып, оозуна чүпүрөк тыгып, атка өңөрүп алып келишти да: «Уулкан, аял да болсо ушул жердеги аялзатынын баш көтөрүп турганы сен болуп турасың. Ушул экөөнү сага тапшырдык. Биз кайра чабышка кеттик. Эгерде боор толгоп, бошотуп жибере турган болсоң, биз сенин үй-бүлөңдү аяп койбойбуз. Ошол үчүн жакшылап кайтар. Биз кайра келип бул экөөнү жазалайбыз» – деп кайра чаптырып кетишти.

Баягы орустарды карап отурам. Алар мени аял киши боору ооруп коё берер деген үмүт менен баштарын чайкап, бирдеме деп сүйлөп башташты.

«Божолосто, божолосто деген сөздү эле көбүрөөк кайталап жатышты. Кебетеси бизди өлтүрбө, коё бер деп жатышты окшой». (Пожалуйста, не убивай нас! – дешсе керек.)

Коё берейин дейм – жалынып-жалбарганы көбөйүп, колу-бутун бошотконго аракеттенип башташты. Бошотоюн дейм, ылдыйга кеткен кыргыздар кайра келип, орустарды таппай калса, менин үй-бүлөмдү кырып салганы турат. Жөн карап турсам буларың бошонсо, жөн кетпей үй-бүлөмдү жайлаша турган. Эмне кылсам? Айла жоктон, ары жакта жаткан отун жарган балтаны алып, экөөнү тең балтанын уңгусу менен кежиге талаштыра чаап-чаап жибердим... Тынчып жатып калышты.

Мына балдарым: «Өз кара башымды, өз үй-бүлөмдү коргойм деп, айлам жоктон ошентип киши өлтүрдүм» – дээр эле байкуш эжем.

Ошентип эл менен кошо үркүшөт. Шатынын Кара-Баткак деген жерине жете бардык. Артыбыздан казак-орустун жазалоочу аскерлери кубалап жете келишти. (Кара-Баткак деген кандай жер? Балалыгым менен аны түшүнбөсөм керек. Аны азыр деле түшүндүрө албайм го.)

Мына ошол жерден эки жагыбыздан курчап замбирек менен аткылашып, элдин кыйласын кырып жиберишти, – дечү эле.

Өзүмдүн чоң энем Байсары кызы Маликан да кошумчалап отурчу: «Айланайын ай, качып бара жатабыз. Айлана толгон өлүк. Эмгиче көз алдымда. Кетип бара жатсак бир сулуу кыз суналып өлүп жатат. Башында үкү топу, кийимдери адеми, күмүш иймек, колдору толо шакек. Баалуу билерик, мойнунда маржан шуру.

Кайненем мага кайрылды: – Маликан, тетиги кыздын мойнундагы шурусун чечип ал. Барган жерде кереги тиер.

– Жок, энеке! Үстүндөгү байлыгы сактап калса ушул кыз тирүү калбайт беле. Өзүнө буюрбаган буюм бизге жакшылык алып келмек беле? Ушул жерден чымындай жаныбыз аман кетсе ошол биздин олжобуз деген экен чоң энем.

Ошол үчүн, балдарым, бирөөнүн байлыгына көз артпагыла. Байлыгыңар башыңарда, силердин аманчылыгыңарда, – дечү энем.

Чоң энем жолдо бара жатып эркек бала төрөйт экен, анысы урунду болуп жолдо чарчап калат. Атын Үркүнбай коюшкан экен.

Чоң эжем Уулкандын бешиктеги баласы болот, анын атын дагы Үркүнбай коюшат. Ошол баланы бешиги менен оң колуна кармай, Иле суусун кечип баратканда, орустун мылтыгынын огу келип оң колунун каруусуна тиет. – Колум чабыла түшүп эле бешигим колумдан ыргып, сууга түштү. Бөлөнгөн балам чыркырап ыйлап суугa аккан бойдон кетти. Аркасынан барып сактап калганга алым келбеди, өзүм кансырап жээкке аман чыктым. Жалгыз баламдан ошентип ажырап калдым дээр эле.

Чоң эжемдин оң колунун каруусунун булчуңдары аяк ордундай болуп оңурайып оюлуп турар эле, мылтык огу жулуп кеткен экен.

Сол көзүнүн астында да чоң бези болор эле. Ошону үчүн жогоруда жазганымдай олурая карачу тура.

Ошентип, аман калган эл Кулжага барышат. Жолдо Уулкан эженин күйөөсү, баласы өлөт.

Чоң энем Маликан айтчу эле: – Чериктерден көп кордук көрдүк. Айылынан эмне жоголсо эле ат чаптырып бизге келишип, суракка алышат. Биз кытайча «маё» деген эле сөздү билебиз. «Маё, маё» – деп башыбызды чайкап туруп беребиз. Өңү сулуу кыз-келиндер жаман кийинип, бетибизди көө менен шыбанып алчу элек, болбосо тартып кетишчү эле.

Ошентип, Кулжада күн кечирип жүрдүк. Кытайга ооп барсак да оокаттуу, малдуу барган элек. Ар кандай кырсыктардан, оорудан ошол жердеги жети жакын туугan өлүп, жети абысын жесир калдык. Жети жесирди жети кайнибизге баш байлашты. Менин биринчи күйөөм Кайдуу уулу Ысмайыл эле. Андан бала калбады.

Ошентип жесир калган энемди кайын иниси Тыныбек уулу Акунга баш байлашат. Тыныбек менен Кайдуу– бир туугандар.

Баягы оокаттан, малдан бара-бара кол жуушат. Дунгандарда иштешет. Чоң эжем Уулкан эл кайра Көлгө кайтып баштаганда, өзүн бир дунганга сатат. Мени алып иниме элге кеткенине бир улоо, тамак-аш бер – дейт.

Туугандардын өлгөндөн калганы ошентип ар кими ар кандай жол менен Көлгө кайтып келишет. Уулкан эже уялаш иниси Акун жана анын үй-бүлөсү үчүн кара башын сайып, Кытай жергесинде бөлүнүп кала берет.

Чоң атам Акун Көлгө келип жашоосун бир аз оңдоп алып, 1920-жылдары апийим ташыган аткезчилердин жолу менен Кытайга кайра барган экен. Жашыруун түрдө Уулкан эжеме жолугуп, качуу тууралуу сүйлөшөт.

Уулкан эжем дунганга турмушка чыгып, андан бир кыздуу болот. Күнүлөштөрү ага абдан кас чыгышат. Көргөн күнү абдан эле оор өтөт. Дунгандын коюн кайтарчу экен. Ошол кайтарган коюнан бирөөнү колу-бутун тушап, оозун байлап, токойдон аң казып таштап коёт. Жолго талкан, нан камдайт. Үйгө келип кызын жуунтуп-тазалап, чачын өрүп, коштошуп күйөөсүнө билгизбей, ыйлай-сыктай качып чыгат. Кызын кошо ала кетейин дейт, алып чыга албайт. Айласыз жолго түшүшөт. Жолдо баратып, баягы аңдагы койду союп алышып, жолго азык кылып алышат.

Ошентип, эжем Көлүнө кайтып келет. Көлгө келгенден кийин Чырпыктылык (Аңылдак) Ыраман деген чабанга турмушка чыгат. Ал кишинин Мукамбет, Кадыр деген эки уулу бар экен. Кадыр энесинен эмчектеги кезинде калган экен. Ошол Кадыр уулун эмизсе, эмчегинен сүт чыгат. Ошентип ал баланы өз эмчек сүтү менен багып чоңойтот.

Кийин Кадыр чоңойгончо багып, үйлөнтөт. Кадыр балалуу-чакалуу болот.

Элүүнчү жылдардын бир жылдары (аны билбейм) чоң энем Маликан кайнежеси Уулкан менен учурашканы Чырпыктыга барат. Байкап отурса, улгайып калган эжебиз ошол үйдүн энесиндей эмес, улагадагы үй кызматчысындай абалда калган экен. Үйүн жыйнап, тамагын жасап, бөйпөктөп жүрөт. Энем конуп калат. Кадырдын эмчектеги уулу бар экен, түн ичинде ыйлайт. Чоң эжем күйпөлөңдөп туруп, сүттү чөмүчкө куюп, гезитти бурап күйгүзүп, сүттү жылытып бөтөлкөгө куюп, балага ичирет экен, келини козголбой уктап жатат.

Анан келип өз балдарына айтат экен: «Эжеңерди келини кор кармап жаткан экен. Атаңардын бир тууганы, колубузга алып келели» – деп.

Мына ошентип Уулкан эже атамдын колуна келип калган тура.

Чоң эжемдин кара чапаны болор эле. Көчөдөн бир чүпүрөктүн үзүндүсүн таап алса алып келип жууп, кургатып, ошол чапандын ички өңүрүнө көктөп коёр эле. «Кимге керек болсо айткыла, мен сөгүп берем» – деп.

Көчөдөн мык, зым, бурама тапса да терип келип чемоданына салып койчу. – Керек болсо менден сурагыла. Берем. Ушул чүпүрөк менен темир-терсекке Кытайда жүргөндө абдан зар болчу элек,– деп калчу.

Ошентип, атамдын, Бейшебек байкемдин колунда жүрүп, 1970-жылы 83 жашында дүйнө салды.

Бул Үркүндө үй-бүлө, бала-чака, дүнүйө мүлкүнөн ажыраган, бирок адамгерчилигин сактап кала алган бир гана кыргыздын, кыргыз аялынын тарыхы.

Тарыхыңды унутпа, кыргыз!

27-март, 2016-жылы тактадым.

31.05.2016

Сыргак АРЫКБАЕВ

ЭНЕМДЕГИ ЭР МҮНӨЗ

Энем Оңолкандын төркүнү – маңгыл, Каакыбай уулу Качаган деген таятабыздын кызы, Бакелдин келини болот. 1916-жылы таятам дагы эл-журту менен чогуу, он алты баш бүлөсүн ээрчитип Кытайга жөнөйт. Үркүндүн азап-тозогун тартып жүрүп, акыры он алтынын он төртү өлөт. Тирүү калган эже-сиңдинин Алмаканы Кытайда калып, Оңолканы Көлгө жалгыз кайтат. Байкуш энебиз ата-энесинен жана бир туугандарынын баарынан ажырап, күйүткө чөгүп, экинчи жагынан безгек оорусуна кабылып араң эле келиптир. Кийинчерээк ашка аралашып айыгып, атам экөө баш кошуп, беш балалуу болуптур. Бирок баягы үркүндөн калган илдеттин запкысын өлгүчө тартты. Элчилеп колхоздун оор жумушуна жараган жок, бирок уздугу, табыптыгы, анан эркек мүнөз кайраты менен эл оозунан түшпөй калды. Нарктуу карып, 1982-жылы көзү өттү.

Эркек мүнөз эрдигинин пайдасы үркүндө айрыкча тийген экен. Энемдин айтканына караганда, Кытайда кезинде бир күнү ата-энеси тестиер кызды үй-бүлөсү менен башка айылга отурукташып калган, турмуштагы Мөөркан эжесинин ахыбалын билип кел деп жиберишет экен. Эжеси Мөөркан белек тукуму, кең-суулук манап Ыманаалы дегендин аялы экен. Ооруп жүрүптүр. Эки күн жол жүрүп келген Оңол кызга жездеси: «Эжең сакая албай атат, биз башка жакка көчкөнү калдык, бул жердин кытай-казак манабына тапшырып кетейин, сен кала тур. Жайгашкандан кийин алып кетем» – дейт. Көрсө, энемди Ыманаалы жездеси ошол кытай-казакка сатып кетиптир. Ал абышканын качкындардан сатып алган көп малайларынын ичинде кыргыздар да, казактар да бар экен.

Бай кытай-казак дагы башка жайлоого көчүүгө камданып, малай аялдарга кемеге каздырып, арпа кууруп, талкан тарттырып жаткан экен. Энем жездесинин келбей турганын, алдап кеткенин түшүнөт да, качканга камына баштайт. Мойнундагы шурусун, колундагы, кулагындагы жалтырак-жултурагын берип жатып, жергиликтүү кыз-келиндер аркылуу эркектин тебетейин, эски-уску чепкенин алдырат да кемегелердин бирине катып коёт. Жанындагы көптөн бери малай жүргөн аялдар дагы аны колдоп: «Бизчилеп кезээрип, таяк жеп жүргүчө эптеп качкын, биз жардам берели» – дешет. Энем: «Бай кыйнаса булар айтып койбосун» – деп шектенип, кетчү жагын жашырат. Ошентип, эбин таба албай жүргөндө баягы кытай-казактын үйүнө бир топ атчан киши конокко келип калат.

Коноктордун атын алып, мамыларга байлашат. Бир Сары тору атты өзүнчө башка аттардан бөлөк жалгыз байлаттырып коюшат. Конокторго атайылап мал союлуп, конок каадасы болуп, бай коноктору менен чардап отурушуп, кеч жатышат. «Баягы коноктордун ээр-токум, жүгөндөрүн малайларга жыйнатып жатканда Сары тораттын ээрин, тердигин, жүгөнүн өзүнчө бир бурчка коюп койдум эле» – дейт. Коноктон чарчагандар, конок узаткандар, жалпы тынч уйкуга киргенде энем акырын жүгөндүн ооздугун, ээрдин, үзөңгүсүн шылдыратпай алып чыгып, Сары торуну токуп, кудайга жалынып туруп бир топ жерге жөө жетелеп барып, анан минип алып качып жөнөйт.

«Таң агарып, эл таанылып калганда токойдун бир калың жерине кирип, атты жетелеп өткөрүп, жашырынып жатам» – деп эскерчү жарыктык энем. Күүгүм кирип көз байланганда баягы эркек тебетейди, чепкенди кийип алып, аттанып чыгам. Ошол мезгилде айдын жарык болушу да мага жардам берди окшойт. «Качкандан кийин-

ки түнү жол жүрүп, таң атып калганда аркамда беш-алты атчан киши келатканын көрүп, булар куугунчулар го, эмне болсо да жолдон чыгып чоң сууну көздөй бастырайын. Жөн кишилер болсо, жол менен түз кете беришет. Эгер мени кууп келе жаткан болсо, менин аркамдан түшүшөр» – деп, бир чоң дарыяга (Музарт) карай буруп бастырдым. Алар да катуулай бастырышты. Мен да жолу жок жер менен атымды камчыланып, жүрүшүмдү ылдамдаттым. Дарыяга жакындаганда анын жээги бийик-бийик кызыл жар экен, жол жок. Мен куугунчулардан коркконумдан, алардын колуна түшүп, азап тартып кор болгончо же жардан кулап өлөйүн же сууга жетсем агып өлөйүн деп, жар бойлото бастырдым. Бир жери тайпак (өтө тик эмес) өңдүү көрүндү. Жер тандай турганга чама жок, ошол тайпакты көздөй кээде төрт аяктап тайгаланып жылып бараткан өңдөнүп, кээде бутун шилтеп баскан өңдөнүп, айтор, коркконумдан көзүмдү бирде ачып, бирде жуумп, суунун жээгине кандай түшүп жеткенимди билбейм. Эми сууга кириш керек. Кечүү жок, тереңдигин да билбейм. Атымды дагы теминип, камчыланып сууга кирдим. Кирген эле жерде суу ээрден жогору, бел кырчоого келе түштү. Кудайга жалынып, келме келтирип, атты карасам кулактарынын учтары менен тумшугу гана көрүнүп, тумшугу бырылдап кетип баратат. Мен жүрөгүмдү токтотуп тизгинди кармап, кушмаш ээрдин кашын эки кол менен бекем кармап, ээрдин үстүнө отуруп алдым. Кичинемде эркекче өсүп, атты көп мингендин пайдасы тийди окшойт, кудай колдоп суунун аркы өйүзүнө аман-эсен чыктым. Анын үстүнө атым да тандалган, мыкты ат экен».

«Ошентип, суудан аман-эсен кечип өтүп, аркамды карасам куугунчулар аркы өйүздөгү жардын жээгинде ылдый түшүүгө батынбай, атчан бойдон карап турушуп-

тур. Мен болсо үч күн, үч түн бою кээде эс алып, атымды тойгузуп, кээде жашынып, кээде ачык жүрүп отуруп, самсып көчүп жүргөн кыргыздарды таптым. Арасынан Закираалы деген бир кудаларга кезигип, ал киши туугандарга аман-эсен алып барып кошту» деген энем. Ошондо энем 18–19 жаштарда экен.

Энем 12 жашка чейин эркекче кийинип, ат минип, эркекче өскөн экен. Эркек балдар менен чогуу дин мектебинен окуптур. Анча-мынча молдочулук жагы да бар болчу. Бейшемби-жума күндөрү кээде жыт чыгарып, кээде чыныга таза суу куйдуруп коюп, арбактар да суусайт деп, куран окуп турар эле. 1960-жылы атам өлгөндө мага куран окуганды үйрөттү. «Жалгыз эркек баласы болсоң, атаңа сен куран окуп турбасаң, ким окуйт, дин сүзүлөт, үзүлбөйт, атаңа эле эмес, атаңдын көзү өткөн бир туугандарына, согушта курман болгон өзүңдүн агаң Жекшенбайга, бул жерде жаш кезинде өлгөн иниң Түнгатарга, чоң ата-чоң энелериңе куран окуп жүр» дээр эле. Ошондон уламбы, совет өкмөтүнүн тушунда коммунисттер куран окумак тургай, алакан жайып бата кылгандан айбыгып турган мезгилде да аталарыбызга ичибизден кайрып, дуба кылымыш болуп жүрдүк.

Мына ушундай азаптуу турмушту башынан өткөргөн байкуш эне үч үй-бүлөнүн балдарын өз энесиндей багып өстүрүп, аларды үйлөнтүп, жайлантып сыйын көрүп, чайын ичип, карылыгы жакшы өттү.

PS: *Эскерүүнүн автору, Ак-Суу районундагы Кайырма-Арык айылынын тургуну Арыкбаев Сыргак 2015-жылы көз жумган. Ал үркүн тууралуу энесинин айтканы менен жазган эскерүүлөрүнөн бул үзүндүнү «Азаттыкка» маркумдун уул-кызы Малик менен Гүлбара жеткирди.*

Бурулуш МЫРЗАБЕКОВА
ардагер мугалим, Жети-Өгүз району

АТАМ КЫТАЙДАН ЭКИ ЭШЕКТҮҮ, БИР АТТУУ БОЛУП КЕЛИПТИР

Илгери чоң энем 13 жашка, чоң атам 14 жашка келгенде эле ника кыйып, башын кошуп коюшуптур. Алардан төрөлгөн балдардын улуусу атам Мырзабек үркүн маалында 19–20 жаштагы үй-бүлөлүү жигит экен. Атасынын таалими менен 12 жашынан илимге үйрөнүп, арапча, латынча жазганды, окуганды билген киши экен. Ошол атам араб тилинде жазып калтырган кол жазмалардын негизинде мына бул «Аталар баяны» китебимди жаздым. Кол жазмаларды ата-энемдин көзү өткөндөн кийин ага-жеңем сактап жүрүшүптүр. Биз бала кезде аны куран деп коюшчу. Анда аны которуп окумак тургай, түшүнүш кайдан. Кийин совет өкмөтү кеткенден кийин эмне болду экен деп молдолорго, адистерге окутсак ошо үркүн маалындагы кыйынчылыктары тууралуу жазыптыр.

Атам жазган баянга караганда чоң атабыз үркүнгө чейин өлүп, жесир энеси балдары Мырзабек, Исабек, Мааданбек болуп, элден калбайлы деп, жөө-жалаңдап Кытайга кетишиптир.

1916-жылы аскерге чакырык башталганга чейин казак-орустар кыргыздын жаштарынын 90 процентин малайлыкка алып, иштетип келишкен да. Анан эл чогулат да, эр бүлөнүн баары ансыз да малайда жүрсө, эми аскерге кетип калышса келишпейт, балдарыбызды бербейбиз, урушуп атып өлөбүз деп чыгышат. Адегенде Караколдун башына, Бөрүбашка чогулган эл менен орус аскерлер ортосунда атыш башталат. Ошентип, ысык-көлдүк кыргыздар, биздин аталарыбыз үч ай атышыптыр. Ташкенден, Алматыдан замбирек менен куралданган аскерлерге кар-

шы кыргыздарда кайсы курал дейсиң. Чокмор, шылк этме мылтык, кээ биринде оруструн ачакей темиринен, айрысынан, анан башка да болбогон бирдемелеринен алып, салгылаш болгон деп жазылып атат мында. Анан сүрүлүп отурушат. Куралчан орустар келатат деп Кыргоодон, Сары-Булактан, Чычкандан..., ар кай жерден тоскон болушат.

Атамдын жазганы боюнча асылган казан, тигилген боз үй ошо бойдон калып, Кичи-Жаргылчак, Ак-терек, Барскоон, Тосор, Тамга эли Барскоон аркылуу ашып кетишиптир. Кол жазмада: «Малдуусу малы менен, малы жогу жөө-жалаңдап Боз-Жалпактын белине бардык, Талды-Булакка жеттик» деген жерлери бар. Атам:

«Атыр көлдүү, килем түктүү,
Жашыл адыр түсү бар,
Агын суусу, алтын буусу,
Аскадай бек куту бар,
Ашуу дубан бели бар
Кош айтышты жер менен».

«Кардуу бороон жол менен,
Кайгак ашуу жер менен
Тоголонуп жөнөдүк,
Кыян жүргөн сел менен.
Ашуусу бийик тоо менен,
Капкараңгы коо менен,
Кайырсыз тууган эл менен,
Эстен кеткис доо менен», – деп жазыптыр.

Кайырсыз тууган деп нааразы болуп атканы, иниси Мааданбек малдуу туугандарынын бири карматып койгон байталды Барскоондун ашуусунда колунан чыгарып ийиптир. Анан тууганы тигилерди: «Байталды жоготкуча өзүңөр жоголсоңор болмок! Аскердин огунан өлсөң да барып таап кел, болбосо баарыңарды тизип туруп атып

салам!» – деп ачууланат. Атам: «Ата албайсың!» – деп бакырат. Ачууланган бай тууганы атып салам деп мылтыгын көтөрсө кундагы калып, өзү жок, ошентип аман калганбыз деп жазат атам.

«Жааңга, кургакка карабай, жанталашып качып жүрүп отурдук. Мына жетти (орус аскерлери – ред.) дейт, мына качабыз, ана жетти дейт, ана качабыз. Алты күн тамак жебептирмин ошондо, ачка болгонумду сезбептирмин, корккондукту көрчү» – дейт атам.

Кийин биз эс тартканы Кытайда кантип күн кечиришкенин энем айтып: «Кытайлар деле жакшы кишилер болчу» – деп калчу. «Мырзабек, Исабек аялдары менен, кичүү уулум болуп алтообуз элек. Иштебесең тамак бербейт. Анан кир жууйбуз, шым тигебиз, тон жасайбыз. Эркектер жүгөрү отошчу, дегеле эркекке тиешелүү жумуштун баарын жасашчу. Ошентип, 5 дачандан 30 дачанга чейин пул таап, тамакка жетип калдык» – деп эстечү. Андан тышкары бир уйгурга жалданып, апийимин тилип-кырып берип турчу экен. Акысына төрт кез кездеме берип, калган акысын жеп коёт. Акы дооласаңар ташка корумдап салам деп коркутат. «Андан кийин Хабибулла деген намаз окуган сопунун үйүндө туруп, өз үйүбүздөй жашап, бир табактан тамак ичип калдык. Анан бир кезде эле баарыбыз келте менен жыгылдык, үч ай жаттык»– дейт. Ошентип жатканда кишини киши өлтүрбөс заман келиптир, кеткендердин жерин кайтарып берет экен деп угуп, кайра жөө-жалаңдап артка, элге кайтышат экен.

Кызык жери атам жөө кетип, эки эшек, бир аттуу болуп, ага кийим-кечегин артып Жаргылчакка кайтып келип калыптыр. Жер айдап, күн көрө баштаганда 1923-жылы аскерге чакырылып, Караколдо казармада кызмат өтөп калат экен. Анан сталиндик репрессия башталат. Жер айдап, апийим эгип, үй салып, жакшы оокат кылып жаткан кезде чагымчылар НКВДга тизмелеп, кармап бе-

рет. Атабыз 39 жашында контрреволюционер деп камалып кетет. Ошол бойдон кайтпай калды. Совет өкмөтү жоголгондон кийин акталды деп 600 кишинин тизмеси гезитке чыкты. Атамдыкы чыкпай калды. Москвага чейин барып, КГБга, Башкы прокуратурага, Жогорку Сотко чейин сураштырбадымбы. Өлгөндөн кийин толук акталды деген кабар укканда санаам тынчыды.

Текстти редакциялаган Бурулкан Сарыгулова.

Бейшенбек БЕКЕШОВ,
тележурналист

ЭЛҮҮ ЖЫЛДАН КИЙИН КЕЛГЕН ЭЖЕМ

16-жылкы Үркүндө менин чоң чоң атам отуз жашында окко учуп, чоң чоң энебиз бир уул, бир кызы менен калат. Уулу чоң атам Бекеш алты жашта экен. Кызы тогуз жашар Салиха деген эжебиз экен. Орус аял-эркегин, жаш-карысын ылгабай кырып, жеткенин кылычтап шылып, жетпегенин бута кылып атып, канга боёлбогон тоо-таш менен кокту-колот калбайт.

Чоң энебиз ажал алкымдап келгенде аң-чөнөктүн бирине кызын калтырып, тукум деп жалгыз уулун алып качат. Эл Каркыра тарапка үркүп кетет. Кызыл кыргын болгон жерде жашырынып калган Салиха эжебиз алаамат тынчыганда ииниси Бекештин ошол чөлкөмдө калган колго үйрөтүлгөн тайын таап, кармап минип алат.

Кайда барарын да билбейт, элдин кайда кеткенин да билбейт. Өлүп жаткан, өлө албай онтоп жаткан кишилерди көрөт. Арасынан кызыл жаян болгон эки чоң энесин тааныйт. Бирөөнүн бир жаагы, экинчисинин бир

акыреги шылый чабылган. Али жандары бар. «Суу..., суу...» – деп эриндери кыбырайт. Бул чөлкөмдүн кош аяктап баскан жалгыз тирүү жаны болгон тогуз жашар кыз чымын-куюн болуп жүгүрүп, чай кайнам жердеги булактан топусу менен суу ташыйт. Бадал-чийге жашынып күнү ташыйт, жыгылып-туруп түнү ташыйт.

Ушинтип канча кишини канча күн бакканын билбейбиз. Канча киши анын көз алдында бул дүйнө менен кош айтышканын да билбейбиз. Түн катып тоо таянып кайрылып келгендер журтта калган-калбагандарды түгөлдөп, шейит кеткендердин сөөгүн жашырып, ошол жерде караңдап жүргөн кыз баланы таап, алып кетишет.

Ошону менен эле бүтпөй, Кытайга үрккөн эл шордуу Салиха эжебизди жолдо нарынколдук казактарга таштап кетет. Эркек тукумдун өмүрү үчүн ал бир жолу журтта калса, экинчи жолу биротоло чийден тышкары чыгарылат.

Ошол Салиха эжебиз бизди 50 жылдан кийин, 1967-жылы таап келди. Эсинде Түп жана Кыз-Коргон деген жерлер калган экен. Биздин айылдын аймагында Кыз-Коргон деген кичинекей бир тоо бар. Жоокерчилик заманда эл жайлоого көчкөндө ошонун чокусуна кыздарды жашырып коюп, көч мерчемдүү жерине жеткенде тоо таянып кайрылып келип алып кетишчү экен. Ошол Кыз-Коргонду билген Бороке деген абабыз райондун борборунда Салиха эжеге жолугуп калбаганда ал киши бизди таап келет беле ким билет.

Эмнеси болсо да жалгыз иниси Бекеш небак эле дүйнөдөн көзү өткөнүн билбей келди. Салиха эжебиз менен раматылык чоң энебиз экөө чоң атамды жоктоп боздогондо бүт айыл ыйлады. Ыйламак турсун боздоду... Кыргыздын тукуму узарсын үчүн курмандык болгон кыз баланын ыйын уктуңар беле? Мунун жанында «Манастагы» кайың ыйлап, тал ыйлап деген нерселер эч нерсеге жарабай калат.

Салиха эжебиз тез эле кетип, 1–2 айдан кийин кайра келди. Казак туугандар эжебизди 14кө чыгарып күйөөгө беришиптир. Жубайы колхоздун башкармасы болуп жүрүп карып, эки буту баспай калыптыр. Эжебиз аны 10 жыл көтөрүп багыптыр. Ошонун көзү өткөндө гана колу-жолу бошоп, тууган издеп чыккан экен. Өзү жалгыз кыздуу болуптур. Ошол тапта кыз-күйөөсү менен чогуу жашайт экен. Бизге экинчи келишинде ошол кыз-күйөөсүнүн төшөнчү-орун, кийим-кечек дегенинин тең жарымын көчүрүп келиптир. Урунуп, кийип жыртып салыңдар, илгери кыргыздар калың албай калды эле дейт.

Аны көргөн менин раматылык атам табышкер, бардар киши эле, колунда болгондун баарын кайра ташыды казакка. Буюмун буюмдай, малын малдай дегендей. Жыл айлантпай катышып турдук. Эзели алма-өрүк көрбөгөн казак жээндер үчүн Ысык-Көл жомок эле.

Анан Салиха эжебиздин көзү өтүп, анын кыз-күйөөсү да, менин ата-энем да улгайган чакта кыргыз да, казак да көр оокаттын артынан көп түшүп, барыш-келишибиз сээлдеп калды. Атамдын көзү өткөндө келишти. Жаманчылыкта гана катышып калдык. Ошентсе да бир күнү айылдагы инилерим телефон чалат казак эже-жездебиз келди деп. Булардын атасы өлүптүр дедирбей, атаңар бардагыдан жакшы коноктогула дедим. Алар ошентишти. Бишкекке чакырып келип, аларды бул жердеги бир туугандар да жакшылап меймандап узаттык.

Баарынан аянычтуусу да, өкүнүчтүүсү да алардын бойго жеткен эки кызын ала келишкени болду. Ыктуусу болсо сөөк жаңыртканга таштап кетсек дегенин айтпаса да түшүндүк. Бойдогубуз жок эле, алган аялдын үстүнө сөөк жаңырта берген кыргыз да биздин арабызда жок болчу.

30.06.2016

Шаршенбек АЛТЫБАЕВ,
ардагер мугалим, Нарын шаарынын тургуну

КАРА КӨПӨЛӨК

Бул баяндала турган кичинекей окуя, азыркы күнгө чейин Үркүн деп аталып келе жаткан, кыргыз элинин башына түшкөн дагы бир кыжаалат мезгилдердин бир элеси.

Окуя кыргыз элинин башына түшкөн оор мезгилдердин алдында ачык айтканда, Үркүнгө чейин кадимки эле Кочкор өрөөнү менен Боом капчыгайын байланыштырган Кубакы ашуусунда болгон.

Үркүнгө чейин Кубакы ашуусунан ары-бери өткөн кербендерден, соода- сатык кылгандардан, дегеле бардык жашоочулардан «туяк пул», «ашуу акы» өндүрүп алып, ошол ашуудан өткөн-кеткендерди ирээтке салып, алардын коопсуздугун камсыз кылып, бирок «каракчы» деген атка конгон, ошонун эсебинен күн көрүп, байып, кээде булганыч арам ойлорун ырайымсыздык менен ишке ашырып турган Отор аттуу шылуун жашаган.

Ал Кубакы ашуусунун бийик жана тар жерине жайгашып алып, өзүнө окшогон кара мүртөз, кайырдин жан-жөкөрлөрү менен өткөн-кеткендерден алык-салыкты мыйзамсыз чогултуп турган. Андай алым-жайымдарды өз ыктыяры менен бербесе тартып алып, каршылык кылгандарды уруп, ал гана эмес өлтүрүп тындым кылышып, ким көрдү кылып турушкан.

Алдуу-күчтүү уюшкан жолоочу-кербенчилер каракчылардан запкы тартпай кутулуп кетип турушкан. Ушинтип кудайын тааныбаган Отор жан-жөкөрлөрү менен зордук-зомбулук иштерин жүргүзүп келген. Ошонун эсебинен кыска мезгилде эле беш-алты үйүр буурул жылкылуу, 3000ден ашуун куйруктуу кара койдун ээси

болгон. Алтын-күмүш, зер буюмдары жөнүндө маалымат жок. Бирок канча байыбасын жүрүм-туруму менен элден чыгып, жексур көрүнүп алган.

Ал арада Үркүн алааматы башталат. Аларга да «орустар кыргыздарды согушка алып жатат, жалпы эле кыргыздарды кырып келатат» деген кабар жетет. Отор муну укканда жан-жөкөрлөрү менен качууга даярдана баштайт. Мындай оюн үй-бүлөсүнө, ак сүтүн берип алпештеп өстүргөн энесине да айтпайт. Бирок энеси Бытый апанын жүрөгү бир шумдукту сезет. Ал уулунун мурдагы арам ишин сезип калганда көп жолу: «Балам, карапайым элди какшатпа, талап-тонобо, арам иштен алыс бол, кудай алдына барабыз, жооп беребиз» дечү экен какшап.

Отор энесинин акылын тоготпостон: «Апа, менин ишиме кийлигишпей жүрүңүз, мен болгону туяк пул гана алып жатам. Анын эч кимге зыяны жок. Кудай алдында акмын» – деп кутулуп кетер эле. Алсыз эне эмне кылат, макул деп тим болуп калчу.

Ошол Бытый апа бир күнү уктап кетип укмуштай түш көрөт.

Байгерчилик жашоо, жыргап-кунап өмүр сүргөн айыл. Аңгыча ырайлары суук, көздөрү жутуп жиберчүдөй акшыйган коркунучтуу, иймек тумшуктары менен курч текөөрлөрү, тырмактуу буттары бар тумандаган сансыз кара көпөлөктөр кайдан-жайдан учуп келишет. Алар уулу Отор баштаган жан-жөкөрлөрүн бириндетип тытып, тырмактарын чыгарып, айылды мал-жаны менен тополоңун тоз кылып бир паста жок кылат. Бытый апа ошол кара көпөлөктөргө жалынып, ырайым сурап жатып кутулуп чыгат. Чачтары саксайып ээн журтта улуп-уңшуп ыйлап жаткан болот. Ойгонсо түшү. Таң агарып калган экен. Жүрөгү лакылдап, бир жамандыкты сезгендей...

Бытый апа ырым-жырымын кылып, түшүн жакшылыкка жорумуш болот. Эртең менен уулуна айтат. Отор

апасынын кебине маани бербей: «Түшүң түлкүнүн богу болсун, түшкө эмнелер кирбейт. Жөнү жок жөөлүй бербей жүрүңүзчү» – деп кагып коёт.

Аңгыча элге жанагыл орустар жөнүндө кабар тарайт. Отор бул алааматка качууга кам көрө баштайт. Апасына билгизбейт. Ал орус «баскынчыларынан» кутулуунун жалгыз жолу Кытайга кире качуу деп эсептейт. Анын мындай оюн апасы колдобосун билип турган. Ошондуктан тымызын даярданат. Качан гана жолго чыгарда апасына угузуп, кошо ала кетүүнү ойлонуштурат.

Жанагы жаман кабардан кийин жогорудагы көр дүнүйөлөрдү кантип чыгарып кетүүнүн амалын издейт. Эртелеп көчүп жолго чыгайын десе аны эл жек көрөт, жолдон тосуп алып эч нерсесин калтырбай талап, өзүн жана үй-бүлөсүн жоро-жолдошторун кырып салчудай. Жашыруун көчүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан ал үй-жайды, өлүү дүнүйөлөрдү, уй-койлору менен төөлөрүн журтка таштап, бир салаар төшөгүн артып, союп алган бир нече кой-козунун эти менен тамак-ашын бир-эки атка жүктөп, жан-жөкөрлөрүн жабалактата ээрчитип, үй-бүлөсүн алып жылкысын гана айдап, түн жамынып жолго чыгууну, Барскоон–Жуукуну ашып, Көлдүн сыртын басып, Какшаалдан өтүп, Кытай жергесине билинбей кирип кетүүнү ийне-жибине чейин мерчемдейт.

Ат көлүгү токулуп, бардык даярдыктар бүтөт. Акыры жөнөй берердеги ата конуш, жер-суу, тоо-таш менен кош айтышып, жоро-жолдоштор менен бата дубалашып, антташып-шерттешип жолго чыгуу алдындагы даамдашууга даярдалган бешбармак Бытый апанын өргөөсүнө алынып келинет. Отор жалоондой жан-жөкөрлөрү менен деми сууп сурданган тейде, демейдегиден башкача кабак-каштары менен жабыла апанын айланасына уй мүйүз тарта отурушат. Колго суу куюлуп, дасторкон жайылып, эт тартылат. Тамак демейдегиден ыкчам кооптуу

таризде шапа-шупа желип бүтөт. Бата тартылып колго суу куюлат. Отор ошондон кийин апасына:

– Апа, сизге айтпасак болбойт. Орустар тигил жактан кыстап келатат дейт. Чүй, Көл бүтүн козголуптур. Жакында Кочкор, Жумгал, Ат-Башы, Нарын үрккөнү жатыптыр. Бизге да Кубакы жай болбой калды. Эл катары бололу, эртелеп из жашырып кетпесек болбойт, – дейт жинкини сооло.

– Катыгүн, бул эмне деген шумдук? Биз качып кайда барабыз? Эл орустардан корксо, сен экөөбүздүн ошол элдин өзүнөн да корко турган жөнүбүз бар. Каракчыны эл да сүйбөйт. Төрт тарабыбыз тең тозок болгон тура. Айтса болбой жүрдүң беле, кыянатчылыктын акыры ушул. Качып кайда кутулабыз эми? – деп Бытый апа айласы түгөнө шалдайып калды.

– Ошон үчүн түн жамынып, эл-журттан оолактап, орустардан из жашырып кетели деп жатабыз, – дейт суранган Отор.

– Балам, тил алсаң ушул жерден жылбайлы. Кудайдын башка салганын көрөбүз. Качып кутула турган жерибиз жок. Келген ажал болсо, ичээр суу түгөнсө, акыры башта бир өлүм. Качып-бозуп ач бел, куу жолдо өлүп, карга-кузгунга жем болгончо тагдырдын буюрганын ушул жерден көргөнүбүз оң. Ойлон балам, – дейт Бытый апа.

– Мына айтпадым беле, апам макул болбойт деп, – жигит башчынын көзүнөн заар чыгат.

– Тил алсаңар жылуу конушту суутпагыла, касиеттүү жерди калтырбагыла, башка жер деле коюнун ачып, сүйүнүп күтүп турган жок, бул оюңардан кайткыла. Мен эч жакка кетпейм. Жок, болбойт экенсиңер мени мында таштагыла, жарым өлүк кылып жүктөп жүрбөй. Силер эмне кылсаңар өзүңөр билгиле. Менин тилимди албагыдай абалга жетип калыптырсыңар. Төрт тарабыңар

кыбыла, кудай жолуңарды ачсын, – Бытый апа акыркы оюн билдирет.

Сурданган Отор каракчы жан-жөкөрлөрүнө буюра сүйлөдү.

– Убакытты бекер өткөрбөйлү. Апамдын баргысы келбесе мейли, анда тирүү айгактын калганы туура эмес, тындым кылып койгула. Калганыбыз жолго чыгалы. Акыркы сөзүн уккула, – деп этек-жеңин кагып, каны ичине тартып эшикке бет алат.

– Апа эмне кылабыз? – жигит башчы апага тирмие карайт.

Жигит башчынын акыркы буйругун күтүп калган баш кесерлер, колдорун куралдарына оңтойлотуп ач карышкырдай комдонуп турушат.

Бытый апа саамга түнөрүп отурду. Өңү бир кубарып, бир каракөк тартты. Аргасыз абалда баары бир өлүм экен деген бүтүм турду. Акырында:

– Бекер кылдыңар. Айла жок. Баары бир мени тындым кылат экенсиңер. Эми силерди бекер каныма забын кылбайын. Кетсе кетейин. Ажалга буюрган жерде моюн сунарбыз. Каап, кудайдан жетсин. Үй-жайды чечип жүктөгүлө, – дейт ындыны өчүп.

– Үй-жай калат. Мал калат. Жылкыны гана айдап кетебиз. Эч ким качканыбызды билбей калсын. Түн катып узап кетели, – дейт Отор каракчы.

Бытый апа чолок жаш болуп, кийинип сыртка чыгат. Жуурканды көрпөчө кылып токуп койгон атка апаны көтөрүп мингизишет. Бала-чакасы сыртта бая эле жапырт аттанып даяр болуп турушкан экен.

Ошентип Отор баштаган каракчылар тобу менен түнкү бейпилдикти бузуп, жылкыларды дүбүрөтө айдап Какшаалдын катаал ашуусун беттеп, Кытай багытына үркүп жөнөп калышат.

Эми окуянын болгонун болгондой адабиятташтыра берсе узарып кетет. Мындан аркысы эмне болгонун ток этер жерин кыска баяндап коёюн.

Үрккөндөн түндөп жүрүп Көлдүн сыртына жетишти. Какшаалдын катаал ашуусуна жакындашты. Алар күндөп-түндөп жол жүрүп абдан кыйналышат. Бир чети бир нече күн уйкудан калган жалоондой жигиттер да шалактап атка жүрө албай калышат.

Баары чогулуп ашуу алдына бир конуп алып, даванды эртең ашып кетели деп Оторго кеңеш салышат. Күүгүм кире баштайт. Отор түндөп ашабыз деп көпкө макул болбойт. Калгандары ашуу опурталдуу бул жерге бир аз кирпик суутуп алып азанда жолго чыгып кетели дешип акыры Оторду көндүрүшөт.

Мөңгүдөн түшкөн муздак тунук шар суунун боюна жарык отоо болуп жүк түшүрүшөт. От жагышып бир чети жылынып, бир чети эт бышырып өзөк жалгашып жатып калышат. Бирок Отордун тынчсызданганы туура болуп чыгат. Чек арачылар түнкү отту акмалап келип, аларды ыңгайлуу жерден күтүп жатышып, таңга маал уйку-соо ортосунда жаткан качкындарга кол салышат. Отордун жигиттери эки-үч милте кеч бараңы менен бирин-экин ок чыгарымыш болушат. Бирок куралдуу отрядга туруштук бере алышпайт. Качкындардын өлгөнү өлүп жарадарлар менен тирүү калгандары колго түшүп, тиешелүү жерлерге тапшырылат. Бул алааматта Бытый апа менен анын небереси Мамбек тирүү калат.

Ошол кыргында окуянын күнөөкөрү Отордун өлүгү да табылбай калган. Колго да түшпөптүр. Кийин Кытайдагы качкындар да аны жолуктурган эмес. Ошол бойдон дайынсыз жоголгон. «Ошондо Бытый апа баягы түшүнө кирген кара көпөлөктөрдүн өңүндө туш келгенин сезет жана аны өмүрүнүн акырына чейин айтып жүрчү эле» – деп Отордун небереси, Бытый апанын чөбүрөсү Нарын

шаарында 84 жашка чейин жашап, каза болгон Шермат аке айтып берген эле. Бул окуяны Шермат аке ошол Бытый чоң апасынын оозунан уккан экен. Чоң апасы токсондон өтүп кайтыш болуптур.

Шермат аке чоң атасынан айырмаланып өмүр бою эл үчүн иштеп, ак эмгек менен жашап эл керегине жараган бир нече уул-кыздарды тарбиялады. Кайтыш болордун алдында ушул окуяны кайталап айтып, басма беттерине жарыялап коюшумду өтүнгөн. Мен дагы биринчиден, Шермат акенин карызынан кутулуп, экинчиден, Үркүн деген алааматтын океандай окуяларына бир тамчы маалымат кошумчалап коюуну чечтим.

17.07.2016

Алтын СУЛАЙМАНОВА,
Кочкор районунун тургуну

АТАМДЫН ӨМҮРҮН КОШТОГОН АРМАН

Атам Сулаймандын өзүнөн уккан Улуу Үркүн жана ошол маалдагы башка окуялар жөнүндө билгенимди жазып коюуну туура көрдүм.

Улуу Үркүндүн башталышы, орус падышачылыгынын зомбулугу, карапайым элди аёосуз эзүүгө, жерлерин келгиндер ээлеп алышына чыдамы түгөнүп, каршылыкка көтөрүлгөн элди орустардын улуу элдиги чын болсо түшүндүрүү менен, болбосо кысым көрсөтүү аркылуу эле басып койсо болмок. Бирок алар куралсыз элге массалык кыргын салып жок кылып, жерди биротоло тартып алып, өлгөндөн калганын кулга айланткылары келиш-

кен. 1917-жылкы революциянын эпкинин биздин эл жүрөгү менен эртелеп туйган окшойт. Бирок 1916-жылкы үркүн кыргыз элинин тарыхында эч качан өчпөшү, эч качан кайталанбашы керек.

1916-жылы атам 18 жашта экен. Эл орус падышачылыгынын аскерлеринин куралдуу күчтөрүнүн аёосуз кыргынына туруштук бере албай Кытай жерине жапырт качууга аргасыз болушккан. Ошол маалда желедеги кулундардын ноктосун чечкенге шайы келбей кыркып айдап кетишиптир. Жолдогу айылдарды эч нерсесин койбой кырып келе жатышат деген каңшаар ого бетер үрөйлөрүн учуруп, шаштысын кетирет. Боз үйлөрдүн үзүктөрүн сыйрып, ала кийиз, бир аз төшөнчүсүн, керектүү буюм-тайымдарын, идиш-аягын алып, он чакты уугун чыгарып алышыптыр, себеби алачык жасоого керек болот дешкен экен.

Биздин айылдан кара туз чыкчу экен, атам капка тууралап бир өгүз, бир ат көтөрө алгыдай туздан бөксөлөп кетиптир. «Каптын оозун кыл чылбыр менен бууп, тузду тең салмактап капты ыңырчакка, ээрге арта салып алып кеттим эле, ошол туз туугандарымдын, айылымдын, үй-бүлөмдүн керегине абдан жарады. Ал түгүл барган жерибиздеги уйгурлар да дары туз дешип пайдаланып, ордуна бир аз ун, талкан берип турушту. Жолдо Беделдин белин ашууда өтө оорчулукту качкындар, өзгөчө кары-картаңдар, кыз-келиндер далайы жолдон кырылгандан калганы, көргөн азабынан дагы барганда бир аяк талкан үчүн кыздарды токолдукка же жөн эле алып калып жатышты. Аргасыз көтөрүүгө туура келет экен»,– деп атам түтөп кетээр эле.

Жолдо баратканда ашуунун этегинен эмне деген ойго келбеген, бүткөн бойду титиреткен шумдуктуу кордуктарды көрдүм. Ала кийизге ороп тегеретесин таш бастырып койгон бир адамды көрдүк, ооруп алы келбей калса

керек, тирүүлөй эле калтырып кетишиптир, алып жүрүүгө болбой калган окшойт. Биз да айла жок ала алган жокпуз. Ушул күнгө чейин кечире да, унута да албай жүрөгүм канап кетет деп кейиген.

Бир жылдан кийин ак падыша кулап элге уруят заман келди, кайра кайтып келсе болот экен деген каңшаар угулганда сүйүнүчтөн көзүбүзгө жаш тегеренди. Эл-жерибизге кайра кайтып келүүгө кам урдук. Ошол маалда 13–14 жаштагы кыздардын көбүн дээрлик алып калууга аракет кылышыптыр.

Биздин үйгө атама 1961-жылы жаз айларында бир адам кат менен кошо үч-төрт сантиметр ак жоолукту байлабай ийинине түшүрө салынган сүрөттү кошо алып келип тапшырды. Көрсө, ал кат Үркүн маалында Кытай жергесинде калган аталаш карындашынан бир ай жол жүрүп, колдон-колго өтүп ээсин таап келген аманат кат экен. Кыргыз элинин илгертен келе жаткан аманатка кыянат кылбаган, ажат ачкан адамдык парзын туу тутканы, ошончо алыс жолдон ат менен катташкан адамдар аркылуу Ат-Башы элине ушундай жоопкерчилик менен келген кат атамдын колуна тийген.

Ошондогу атамдын акывалы өткөн Үркүн маалына кайтып баргандай күйүтү күчөп эки күн айтып да, ыйлап да түгөтө албай, бир чети аталаш карындашынын амандыгына, балалуу болгонуна сүйүнүп, катты мага кайра-кайра окутуп сүрөтүн карап алып, өзүнүн өлгөн карындашы менен Кытайда калган карындашы экөө тең чамалаш экенин, таштап келсем аман болмок турбайбы, бала-бакыралуу болмок экен деп, – дирилдеп ыйлаганда мен да кошулуп ыйлагам жүрөгүмдөн.

Эжебиздин катында жерин бир туугандарын сагынганы, айылдын аягында аралап киргенде арасынан мал-жан көрүнбөгөн ыргалган чийлүү жеримди, бир туугандарым Сулайман, Токтонаалы, Калиман, Кадыраалылардын би-

рөөнүн эле жүзүн көрүп өлсөм арманым жок эле дегени, калып калганда кара ташты жазданып ыйлаганда арман-дуу жашка таш да туруштук бере албай оюлуп так калганын, жүрөгү канап, көңүлү сыздап жүргөнүн, канчалык үй-бүлө күтүп эл катары жашаса да баары бир бөксөсү толбой жашап келгенин, апам силерди көрүп тилеги кабыл болсо көксөсү сууп, өмүр бою сагынган кусасы тарайт беле деген катты эки уулу билимдүү мугалимдер экен, буру-териси жок апамдын өз оозунан чыккан гана сөздөрдү жаздык, – деп салам жолдошуптур.

Атам бронхит менен ооруган киши эле, айыгып баргыча эле эки мамлекеттин ыркы келишпей жол жабылып, бир туугандарынын бирөө да бара албай ого бетер өкүттө калышты. Үркүндө үй-бүлөсү тууралуу баштарынан өткөнүн атам ошондо эскерип, чоң күйүт менен айтып бергени күнү бүгүнкүдөй эсимде. Эстегенде жүзү курусун Үркүндүн, окко кырылганы аз келгенсип, ач бел-куу жондо кыргынга учурап, көбү жолдон тузу жок тамак ичип аккүп болуп шишип, шайлары ооп мерт болгондор, бөрүлөр аз келгенсип ал түгүл жолбун иттер жапайы болуп көбөйүп ачкачылыктан адамдын өлүгүн жеп, андан соң бирди-жарым кишилерге тиш салып калышыптыр. Карышкыр кишинин өлүгүн жечү эмес экен, анткени ал бөрү да.

Бир жагынан оору, ачкачылык каптап, андан аман калгандары кайра кайтып келе жатканда көп жоготууга кабылгандарын бир эле атамдын үй-бүлөсүнүн тагдыры ар бир кыргыздын тагдыры деп түшүнүүгө болот. Кытайга барганча энеси, кайтып келе жатканда 14 жаштагы карындашы, Ат-Башыга жеткенде апасынан ажырап, атам иниси экөө эле калыптыр. Ошол кат келгенде атамдын эски айыкпаган жарасынын оозу ачылды окшойт, карындашы тууралуу айткандары:

– *Уйгурдун жалгыз эркек баласы эжемдин журумтурумуна, сулуулугуна суктанып ата-энесине айтып,*

алып калууга аракет кылышат. Ошондо мени таштабагыла, эгер таштай турган болсоңор өлтүрүп кеткиле дегенде атам качсам, уурдасам да алып кетем деген чечимге келет. Алып качуунун камын көрө баштайт. Күндө айдап келчү жылкыларын күн алыс айдап, анан эки-үч күн аралыгын алыстатып, баягы тузунун пайдасын көрөт. Кайра кайтып кетүүчү жол жагына туз төгүп, малын байырлатып, туз сураган малы ал жерден кетпесин билет. Малын таап келдим деп айдап келип, кайра айдап жиберип, түндөп айдап келип, коңшулаш уйгурлары шекшип калбасын деп көндүрө баштайт. Ай отуруп чыгаар маалды болжошот үй-бүлөсү, тууганда-ры менен эл жаткан убакта качып чыгышат. Мерчемдүү жерден жылкыларын андан ары айдап, далай жерге тоо аралап узап кетишиптир. Карындашымды калтырбаш үчүн ошол амалды кылдым эле, үмүтүм акталбай калды. Ооруп калганынан астыма өңөрүп алгам. Ат-Башыга кире бериш жерден үзүлүп кеткенин билбей, өзүмө келе албай калдым. Уйгурдун баласы үй-бүлөсү менен чын көңүлдөн жакшы көрдү эле. Аттиң, көзү өтүп кетти. Каргадыбы, ким билет? Жерге берип жатканда бөлөк элде болсо да аман болот беле деп, ичим өрттөнүп калган. Эми минтип көкүрөгүмдү өйүп турса да, аталаш карындашымдын кабарын угуп, сүрөтүн көрүп, эки уулу менен эсенчиликте жүргөнүнө кубанып, өзүнө өзү кайрат берди, – деп айткан эле.

Өзү, иниси үй-жай күтүп очор-бачар болуп калганына тобо кылчу. Тилекке каршы, иниси бир кыздуу болгондон кийин согуш башталып, согушка кеткен бойдон кайтпай калды. Кызы Дилдемди азыр очор-бачар, кудай буюрса көп балалуу болот дечү. Айткандай эле болду, бирок кийин эжемдин көзү өтүп кетти.

Ат-Башы жергесинде бир эжем айтылуу Койкелди ажынын байбичеси эле, төркүндөрүм ашуу ашып келиш-

ти, бир ай өргүп эс алып анан кеткиле деп баарыбызды алып калган эле. Ошол учурда Үркүндүн апааты, күйүтү атамды да алып тынды. Ат-Башынын кире беришине карындашымды, өзүндө атамдын сөөгүн жашырып томолой жетим болуп иним экөөбүз жергебизге кайтып келдик.

Жездебиз айтылуу Койкелди ажынын айылында бизди эч нерседен кем кылбай, колдорунан келишинче сый үстүндө болдук. Ошол кезде кадимки Ак Мөөрдүн Болоту Ат-Башыда кадырлуу адам экен. «Койкелди ажынын кайындары Үркүндөн келишиптир» – деп үйүнө чакырып сыйлаганда, арабыздан күбүр-шыбыр чыгып Ак Мөөр жөнүндө кеп салып берер бекен деген өтүнүчтү байбичесине бизден улууларыбыз акырын суранып калышты. Ошондо байбичеси:

– Абышка мобул меймандар уркуп-коркуп, арып-ачып келишти, суранып жатышат, ийин жандырбай Ак Мөөрүңдөн кеп салып коёсунбу?– деп керегеде илинип турган комузун алып аяр карматты.

– Макул байбиче ортого түшүп калыпсың, – деп кызылдуу, ак сакалы жайкалган чатыраган Болот ага өткөндөн кеп салып отурду. – Башым менен жата турган Мөөрүмдүн унутулгус окуясын ичиме катып, жүрөгүмө басып чанда кана сыртка чыгарчу элем, болбостур карыганда силерге айтып берейин.

Колуна комузун алып кадимки айтылып жүргөн Мөөрдү, хан Жантайга узаткан ырын, Мөөрдүкүн да кошуп ошол күнгө кайра баргандай төгүлүп узакка ырдап отурду. Андан соң Мөөрдүн сулуулугуна төп келген акылы, курчтугу менен Жантайга кабылып калганын, анда ал киши 53 жашта экен, көрсө абасы бийик, суусу таза жердин кыздары ошол жаратылышындай болот, Шабданыма колукту карап көрөйүн, эл-журт аралайын деген ой менен жигиттерин ээрчитип Соң-Көл жайлоосуна бет алат. Баары бир буйрукка айла жок экен, белден түшө

бериште өзү теңдүү кыздар менен көлдүн кылаасында көлдө түшүп жүргөн болот. Ошол маалда жоон топ атчан адамдардын кырдан чыга калганын көргөн кыздар, чурулдап кийимине чуркашат. Жалгыз Мөөр гана көлдөн чыкпай денесин узун чачы менен жаап туруп калат.

Ошондо Жантай акылы тетик кыз окшойт, жигити Баякеге кимдин кызы экен билип келчи деп жиберет. Эртеси Мөөрдү өз көзү менен көрүп, сынамакка Мөөрдүн атасынын үйүнүн тушунан: «Үйдө ким бар?» – деп үн салат. Боз үйдөн Мөөр чыгып, үйдөгүлөрдүн жогун айтат. Билип турса да кимдин кызы болосуң деп сураганда Мөөр Жантайды туурап жооп берип коёт. Көрсө, билинер-билинбес мурду менен сүйлөгөн адам экен. Ошондо атаң көрү башка ой менен келдим эле, мага тең болуп болбой калды деп өзүнө ыйгарып коюптур.

Көрсө, Мөөрдү мурунку күнү кыздар: «Сени хан Жантай жактырып кетти» дешет. Ошо Мөөрүм жаштыгы менен өзү жаңылып, туура эмес жооп берүүнүн натыйжасы Жантайдын жубайы, үч баланын энеси болду. Бирок хандын убада боюнча керези аткарылбай, үмүтү бүздү кара ниеттер бузуп коюшту.

Болот ага комузун күүгө келтиргенде эле боз үйдүн сыртына эл чогулуп калганын туюп, мындан ары айтарымды кудай билет, туурдукту түрүп койгула деди. Сырттагылар да, биз дагы өтө чоң ыраазычылык менен кайттык.

Эжем өз учурунда ашкере уз, өтө сарамжал, акыл калчап иш кылган айылында абышкасынын аркасы менен кадырлуу адам экен. Мунун бир эле далили, Койкелди колунда бар учурунда жетиштүү адам болгондуктан, ажыга барууга өзү теңдүү адамдарды чогултуп бир жыл камданып, коштоочулары менен алты-жети адам Меккеге бет алышат.

Ар бири өзүнчө, үчөө өзүлөрүнүн жигиттеринин да камын кошо көрүшөт. Төө чөлгө чыдамдуулугунан улам жүгүн артып зайыптарынын камдап берген күлазыктарын ж.б жолго керектүү буюм-тайымдарын мүмкүнчүлүгүнчө алтын-күмүштөрүн алып жолго чыгышат. Далай жерге чейин өгүзгө жүктөп ат менен коштоп тоолуу жерлерден узатып, негизги керектүүлөрүн төөгө артып берип узатуучулар кайра кайтышат. Андан ары айчылык жол улап чөл кесишет. Чаначка куйган суулары да түгөнө баштайт, баягы жылдаса бузулбайт деген күлазыктары бузула баштайт. Жээгө мүмкүн болбой, жол азабынан да ачка калуу коркунучу туулат. Тилекке жараша, Моймол эжем жасап берген күлазык эч бузулбай баары үнөмдөп азыктанышып, аман-эсен Меккеге жетишет.

Жездебиздин кадыры ого бетер көтөрүлүп, эл жерине ажы болуп кайтып келгенде, аял болсо Моймолдой болсун, баарыбызды сактап барып келдик дешип абдан кадырлашат. Ушундан улам болсо керек, атам аталаш карындаштарын абдан сыйлап, кызды төркүн ыйлатпай мүмкүн болушунча сыйлап турса, эки жакка тең жакшы болор эле дечү.

Кечээ жакында Гүлай аттуу эжебиз 100 жашка чыгып кайтыш болду. Ошол карындашы учурунда экинчи Моймолум деп баа берчү экен, ал да бекер жерден эмес болуш керек.

Туугандарым туу туткан кеңешин уга билгенин баамдачумун. Мен ал адамдарды көргөн да жокмун. Кулуке байкем адамдын сырттаны эле бир уул, беш кыз калды. Бириңди бириң унутпай сыйлашып жүргүлө дегени кийин ынтымак бузулбасын дечү тура. Кулуке атабыздын эң улуу кызы Айнакан эжебиз атам кайтыш болгондо төгүлүп кошок кошуп, согуш маалда чиедей баары жаш экенин айтып, байкем болбосо кандай күн көрөт элек,

биздин курсагыбызды ачырбай ар тараптуу жардам берип турган деп абдан ыйлаган. Мен анда 21 жашта элем, атам бул жөнүндө анттим эле, минттим эле деп бир ооз да айтчу эмес, эми ойлосом көрсө эмгек өзү эле бааланат турбайбы.

Согуш маалында өзүнүн малына колхоздун малын кошуп, чыгашасыз багып башкаларга, мамлекетке пайда келтирип турушкан адамдар экен. Эр бүлөнүн көбү урушка үркөрдөй болгон биздин айылдан 12 эр азамат кетип, экөө эле кайтып келишти. Кээсинен туяк да калган жок, кайран гана момун Калиманым, атына заты жарашкан созулган Сопубегим, Узагаалы, керилген Биялылар баш болуп далайлар кайтпай калышпадыбы. Көкүрөктө таштай катыган Үркүндүн күйүтү басылып келе жатканда согушу башталып кеткенине кабыргасы кайышып кетчү тура. Өзүнүн жашы өтүп калгандыктан Сибирге карагай кыркууга жумушчу дивизиясына өзү барам деп барып кызмат кылат. Согуш бүткөнү аман-эсен кайтып келип, анан сага окшогон барбайган кара кыздуу болбодумбу деп эркелетип койчу.

Атам Сибирге кеткен жылдары улуу уулу Өмүрбек акылы жетик, тирикарак, кичине кол арага жараган бала экен. Кичүүсү Сатыбек беш-алты жаштагы сууга, сүткө сийген тентек экен, мунун айтканымдын себеби жөнү мындай: апам бышырып табакка куюп койгон сүтүнүн үстү сары суу болуп калганын көрүп, бул эмнеси, жаан деле жааган жок эле, жааса да боз үйдөн тамчы тамчылачу эмес эле деп кобурап жүрсө кичүү уулу чуркап келип, апа сүт тешилеби деп аны мен сийгем, тешилбей койду деген экен. Ошондо агам айыл чарба адистик кесипке ээ болуп, мал чарбасын да кырк жылдан ашык зоотехник болуп эмгектенген, айыл аксакалы эле, анын да көзү өтүп кетти. Кемибеген, бөксөрбөгөн, өкүнбөгөн турмушта эч нерсе жок экен. Тагдырдын жазмышын

адам баласы көтөрбөскө аргасыз турбайбызбы. Өзүм он бирге келгенде апамдан, 21 жашымда атамдан ажырап калдым, бирок багыма жараша улуу агам Өмүрбек, жеңем өзгөчө мээрим менен бөпөлөп эч нерседен кемитпей көзүмдү карап чоңойтушту.

Тилекке каршы, байкем пайгамбар жашына жетип-жетпей көзү өтүп кетти. Кайран киши жогорку партиялык окуу жайын бүтүп алдыңкылардан болуп келген, жетекчи кызматтарда иштеп, элине ак кызмат кылып мени баш кылып балдарына жакшы тарбия берип кетиптир. Апам Осуйпа жөнүндө айтпасам бөксөм толчудай эмес, Үркүн маалында 10 жаштагы кыз экен, ал кезде жүндөн ичке жип ийрип, согуп кийим кийишчү экен, ошондо апам ийриген жип андан согулган буюм чоң кишилерди, ал түгүл уйгурларды таң калтырыптыр.

Ошол буюмдан ак боз кылып таңдайлаштырып согулган оозун килиптеп жасалган куржунуна таза кийимдерди салып керегеге илип койчу эле. Кийин аны жеңем аздектеп урунуп жүрдү, апам муну кантип ийригенин Үркүндө жүргөндө согулганын жеңеме апам айтып бериптир. Бир да жеринде кынтыксыз жасалганын көрүп биз колго ийрилип согулганына ишенбей кетчүбүз. Уулуна арнап мындан 65 жыл мурун көтөргөн боз үйү азыр да соккон термеси, кол менен түйгөн чачысы көркүн жоготпой турат. Атамдын калың булгаарыга күмүштөн түшүрүлүп жасалган кемер куру, апамдын чыныгы кыпкызыл акактан күмүшкө чөгөрүлүп жасалган чолпусун, алардан калган буюмдарын небере уул-келиндери баалап урунуп жүргөндөрүнө ыраазымын! Кандай алаамат болсо дагы айга жетсе дагы, улуттук салт-санаасы, үрп-адаты, кол өнөрчүлүгү, комузу, оозеки чыгармасы, «Манасы» кыргыз эли барда түбөлүктүктүү, кыргыз эли каны менен жаралган өтө маданияттуу эл. Далай кыргын-сүргүндөн эр-

кин тилин, дилин жоготпой салт-санаасын коротпой жер суусунун ээси эгемендүү эл болуп өсүп-өнүп баратабыз.

Кудайым ушуну кут кылсын!

Үркүн тозогу

Сураксыз элим караңгы,
Бута атып ойноп адамды.
Жер-суусуна ээ болбой,
Көчмөн эл куурап камалды.
Чыдабай зулум заманга,
Көрсөттү айбат аларга.
Жооп алды залим бийликтен,
Боёлду канга жер суу да.
Үркүштү жапырт жан соога,
Карайлап Кытай тарапка.
Канчасы жолдон кырылды,
Каран түн түшүп заматта.
Үркүндүн тартып күйүтүн,
Үшкүрүп эстеп күнү-түн.
Ак падыша оңбосун,
Далайга салды каран күн.
Ай өтүп, жылга айланды,
Ак падыша айдалды.
Урушат заман келди деп,
Элимдин көөнү жайланды.
Жондордо сөөк көмүлбөй,
Жүрөктөн кеткис өкүнүч.
Арадан жылдар өтсө да,
Артында эли бар экен
Беришти жерге өкүрүп.

15.04.2016

Медербек АКИМКОЖОЕВ,
акын, Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү

ЭЖЕСИН ИЗДЕГЕН АКЫН

Акын, Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү, маркум Медербек Акимкожоевдин Үркүндө Кытайда калган эжесин кантип издегени, кийин Кытайга кантип барып келгени тууралуу баяны 1992-жылы жазылган.

Ала-Тоодон Какшаалга жол жүргөндүгүм жөнүндө баян

(Очерктен үзүндү)

1916-жылдагы падышанын каарына чыдабагандыктан кыргыз элинин эркиндикти талашып чыгарган көтөрүлүшү, биримдиктин, атайы эл коргоочу куралдуу уюшулган машыккан жоокерлердин жоктугуна байланыштуу ар кайсы элден, ар кайсы жерден чыккан көтөрүлүштөр падышанын каардуу буйругу боюнча куралжаракчан желдеттер аркылуу ырайымсыз кан төгүлүүгө айлангандыгы, адам канынын селдей аккан жылдары жүрөктөргө айыккыс жара, кылымдардан-кылымдарга унутулбай турган өчпөс тамга болгону кыргыз элинин башына кыямат түшкөн жылдарда Какшаалда калган бир тууган эжем Сайранын арбагына куран окуп, балдарын көрүп таанышып келүүгө чыккан жол эле.

... Ооба, падышанын кан төккүч, баш кесер желдеттери элди четинен кырып, кай бир айылдардын адамдарын атып, кылычтап өлтүрүп тыптыйпыл кылып кырып киргенде кыргыз эли жан айласы үчүн Кытай жерине үркөндө көпчүлүк менен менин ата-энем дагы качкан экен.

Эл үрккөндөгү падышанын желдеттери элдин үйлөрүн өрттөп, качкан элди артынан кууп ашууларда, капчыгайларда элди кандай кыргандыгы жөнүндөгү баяндар азыр архивдерден табылып, изилдөөчүлөр аркылуу басма сөздөрдө жарыяланып атпайбы. Ошондуктан элимдин, ата-энемдин муң-зары, азап тозогу, тарткан кордугу жөнүндө ага токтолбоймун.

...1952–53-жылдар. Советтер Союзу менен Кытай Эл Республикасы жакшы мамиледе болуп турган кез. Илгери мен жаш кезимде чоң ата, чоң энем жана өзүмдүн апам тирүү кездеринде (өз атам мен кичине кезимде өлгөн) Какшаалда калган эжем Сайра жөнүндө көп айтышар эле.

Ата-энелеримдин эжемди эскерүүсүндө Какшаалдын Кызыл-Күмбөз деген жеринде эжем калгандыгы, күйөөсүнүн аты Токтомбай, кудалары Казыбай, Тургунбай болгондугун эскеришчү. Ал кудалар Какшаалга үркүп барган учурда өз элинин билерман, кадырлуу жакшылары болгон дешчү.

Ошол жерлердин, кудалардын аттары жаш болсом да көңүлүмө жат болуп калыптыр. Мен СССР тышкы иштер министрине, Кытай өкмөтүнө кат жазып, эжемдин калган жерин, кайнагаларынын аттарын атап, эжемдин бар-жогун тактап берүүлөрү жөнүндө өтүндүм.

Өкмөттөн жооп келгенче мурунку Рыбачье (Балыкчы) шаарынан Какшаалдан келген адамдар менен жолугуп, жогорку көңүлүмдө калган жер аттарын атап, эжемди иликтесем: «Биз бери тоо жактан келдик, сен сураган айыл бизден көп алыс. Ошол айылда Жапар Ысак деген киши бар, ошого кат жазып сурап көр», – дешип, Жапардын дайынын айтып беришти.

Жапарга кат жазып, жездемдин өлгөнүн, эжем Сайра, кызы Бүбүш, уулу Асек аман-эсен бар экенин, балабакыралуу болушканын билдим.

Ошондон баштап эжем, жээндерим менен кат алышып турдум. Алар мени Кытай өкмөтү аркылуу өздөрүнө чакырышты. 1954–58-жылдарда мамлекеттин жетекчиси Хрущевдун убагы. Кытай менен биздин мамиле үзүлүп, катнашка тыюу салынып, чакыруу наатка кетип, мен бара албай калдым. 1962-жылы эжемдин дүйнөдөн кайткандыгы жөнүндө кат алдым.

Советтер Союзу менен Кытай Эл Республикасынын мамилеси оңолуп, достук калыбына келгенден кийин эски дарек боюнча кат жаздым. Жээндерим аман-эсен экен, үзбөй кат алышып, байланышта боло баштадык.

Ошентип бул жолу сапарга чыгышым Кыргызстан жаңы эгемендик алган учурга туш келип калды. Жээндерим да менин суранычым менен Кытай өкмөтү аркылуу чакыруу жиберген эле.

24.09.91. Алма-Ата – Үрүмчү аралыгына жүргүнчүлөрдү ташуучу ТУ- 154 самолету. ТУ-154 самолету Үрүмчүгө бир саат жыйырма беш мүнөттө жетти. Аэропорттон чыкканыбызда бараткан келишим түзүүчү адистерди (барар күнүн телеграмма аркылуу билишет экен) келишим түзүүчүлөрдүн кытайлык бир өкүлү, Үрүмчү академиясынын кызматкери Гемей Умит (уйгур жигит) машинасы менен күтүп туруптур. Барып Үрүмчүнүн мейманканасынан орун алдык. Кечинде келишим түзүүчү биздин адистер Бээжиндеги келишим түзүүчүлөр менен телефон аркылуу сүйлөшүштү. Алар эртеси кечинде Үрүмчүгө келмек болушту.

Үрүмчү шаары. Биздин багыт боюнча Тянь-Шань тоолорунун чыгыш тарабында таштак, какыр мала кызыл тоонун этегинде жайгашкан экен. Калкынын саны бир миллион эки жүз жыйырма миң адам.

Эли ошончо көп болгону менен шаар ичинде автобус сейрек жүрөт, троллейбус дээрлик жок. Жеңил машиналар да биздин шаардагыдай тынымсыз агылбайт. Бар-

дык калкы – карысы да, жашы да, эркеги да, аялы да велосипед менен жүрүшөт. Бул автобус күтпөй, орун талашпай багытынан кечикпөөнүн бирден бир жолу экен.

Эли сыланбай жөнөкөй жупуну кийинишкен. Ошончо көп имараттуу чоң шаарда кичине ижаралардан тартып, кабат-кабат үйлөрдүн үстүнө жабылган чымындын канатындай да шифер жок.

Үрүмчү шаарынын бир өзгөчөлүгү кабат үйлөрдүн биринчи кабатын дүкөн (магазин) ээлеген. Мындай тартипти кийин башка шаарлардан да көрдүм.

Кытайда кандай буюм болбосун кооперативчилер, фермерлер мамлекеттик баадан бир тыйын да ашык коюшпайт, соодасы келишсе арзан сатышат экен.

Мен кызыл-суулук чоң манасчы Жусуп Мамайды көрүп баарлашып, жолугууну да максат кылган элем. Жусуп Мамайдын күйөө баласы, дүйнөгө белгилүү залкар дастан «Манасты» кытай тилинде которуп берип жаткан жаш жигит Шинжаң автоном район, адабият көркөм өнөрлүк коому «Манас» бөлүмчөсүндө иштеген Адыл Жуматурдунун коштоосунда, Жусуп Мамайдыкына да барууга мүмкүнчүлүк болду.

26.09.91. Бээжин убактысы боюнча эртең мененки саат 7.00. Мени, Адыл Жуматурду Кызыл-Суу Кыргыз областынын борбору Артышка баруучу автобус менен жөнөтүш үчүн автобекетке алып келди. Мен түшүүчү автобус келип, жүктөрүмдү жайгаштырдым (жүктөрүм жээндериме бере турган белек-бечкек, кийим-кечелер). Адыл мени кыргызча да, кытайча да, уйгурча да такылдап сүйлөгөн Амангүл Маамыт кызына кошуп берди. Амангүл Үрүмчү шаарындагы айыл чарба институтунун мал доктурлук адистигин бүтүрүптүр. Ошол учурда Үрүмчү аймактык мал доктурлук баш пунктунда лаборант болуп иштейт экен. Жолдошу Абрай Осмон Үрүмчү шаарындагы Эл басмасы, Кыргыз редакция бөлүмүндө иштерин,

Үрүмчүдө турушарын баяндады. Жол бою Амангүл жер-суу аттарын, жердин түзүлүшүн жана башкаларды баяндап жүрүп отурду.

Моңголдордун областтык шаары Корла менен уйгурлардын областтык шаары Ак-Суунун аралыгы 509 чакырым экен.

Ак-Суу шаарына да келип жеттик. Амангүл мени ак-чийликтердин келип кете турган базасы, бир квартал жерди ээлеген чоң короого ээрчитип барды. Короодогу турган 4–5 жигит мени өзгөчө кубандырды. Баары мени көрүп-билип жүргөндөй, биринен сала бири салам айтып кыргызстандык туугандардын аман-эсендигин сурап жатышты. Көрсө, алар менин Кыргызстандан келе жатканымды «калпагыңардын үлгүсү биздикинен башка» деп таанып жатышкан экен. Амангүл менин жайымды түшүндүрүп, мени Ак-Чийге ала кетүүлөрүн өтүндү. Ошентип, дал ушул жерден ата салтын, эне наркын туу туткан, ызатчыл, сыйчыл Амангүл кызым менен коштошууга туура келди.

Ошол турган жигиттердин баары Амангүлдүн ата-тегине чейин билишет экен. Атасы убактылуу Үч-Турпанда кызматчы болуп иштеген ак-чийлик экен.

Эртеси Ак-Чий ооданынын прокурору Казыбек Жумакундун сунушу боюнча Ак-Суунун шаарын, базарын аралап көрүп, шашпай жөнөмөк болдук. Ак-Сууну аралап түш оой бергенде ал жерден жүрүп кеттик.

Ак-Суу шаарын аралап, Ак-Суу дайрасы агып турат экен. Эки бөлүнүп кара көк тартып, бууракандап аккан чоң дайра.

Батыш жагынан Какшаал дайрасы куйса, түндүк-батышынан Бедел, Каракол суулары кошулуп албууттанып, нук сайына мелт-калт толуп, чыгыш-түштүктү көздөй окторулуп агып жатат.

Ак-Суудан чыкканда деле таштак, какыр, бозоргон талааларды аралап, Үч-Турпан шаарына жеттик.

Үч-Турпан – түштүк тарабы кызыл таштан бүткөн уйгурлардын шаары. Үч-Турпандан чыгып, Ак-Чийге бет алганда жолдун түндүк жагы шорлуу саздак, түштүк жагы арстан азуу тоолор менен курчалган.

Ак-Чий ооданынын борборуна кеч жеттик. Казыбек мени көптөн бери көрүү үчүн эңсеп келген жээним Асектин атасы менен бир тууган агасынын баласы Ысмайылдыкына алып барды.

Келеримди күтүп жүргөн Ысмайыл, анын үй-бүлөсү көрүшкөндө көзүбүздөн кубанычтын жашы акты. Тээ алда качантан бери жүздөшүүнү эңсеген тилектерге жеткирген кудайга ыраазы болуп, үй-бүлө, бала-бакыра, жашоо-турмуш жөнүндө маектешип отуруп, түндү оодардык.

Сыйчыл боордоштор

Өкмөттүн мыйзамы боюнча келгендигим жөнүндө жергиликтүү милиция органдарына кабарлап коюу үчүн милиция кеңсесине Казыбек менен чогуу бардым. Бул жерден да Кыргызстандан келе жаткан боордош бир тууган катары кеңсенин кызматчылары биринен сала бири тура калып көрүшүп, мурда тааныш жек-жааттардай учурашып, ден соолукту, үй-бүлөнү сурап жатышты.

Боордоштукка, бир тууганчылыкка эч кандай салыштыруунун теңдеши жок экен го! Биринен сала бири: «Уюткулуу ала-тоолук туугандар аман-эсен жашап жатасыздарбы? Тартыштык, каатчылыктан кыйналган жоксуздарбы? Элдин жашоо турмушу кандай?» деген сыяктуу суроолорду берип, ал-абалды сурап жатышат.

Үналгыдан, сыналгыдан укkан, көргөндөрүн сурап «Кыргыз Туусу», «Кыргыз маданияты» газеталарын

алып окушарын айтып, Советтер Союзу бытырап бөлүнгөнүн, өлкөдөгү тартыштык жана турмуштун оордугуна кабыргалары кайыша ак пейилден кейип аңгемелешти.

Бул кеңсе Ак-Чий ооандык милициясынын жана коопсуздук комитетинин кеңсеси экен. Бул маектешип отурган жигиттер коопсуздук комитетинин башчысы Ыдырыс Султанаалы, милициянын начальниги Абдрасул Алмамбет, ички иштер бөлүмүнүн кызматчысы, Акыйкат Мамлекеттик илим-изилдөө комитетинин кызматкери Мурзабек Мукаштар экенин Казыбек таанышырды.

Мындан кийин мени Кызыл-Күмбөз айылына, жээним Асектикине милициянын начальниги Абдрасул Алмамбет жеткизмей болду. Бул мээримдүү, ызаатчыл, сыйчыл адамдарды көрүп, ушуларды тарбиялаган ата-энелерине, салтты, наркты уккан, көргөнүндөй сактап колдонгон өзүлөрүнө, мени менен жакындыгы, тууганчылыгы болбосо да кызматтарына чиренбей, кайдыгер карабай, «алыстан келген мейман» деп сыйлаган Амангүл кызыма, жогорудагы аты аталган инилериме ыраазы болуп, алкыш айтып ак батамды берем. Бул – менин карыялык милдетим. Алардын мага жасаган мамилелери менен кызматтарын эч качан унутпайм.

Кытай жеринде жашаган кандаш туугандардын адамгерчиликтеринен улам төмөндөгүлөр эске түштү. Совет бийлиги орногон, биз басып өткөн 74 жыл: «Дин-апийим», – деп караңгы калкты шарият менен коркутуп, баш көтөргүс кылып, дин – кулдандыруучу курал, андан арылыш керек. «Ким динди тутса, ал Совет өкмөтүнүн душманы» деген саясаттын күчүнөн, шарияттан маани айтып, түшүнүк берүүчү куран түшүрүп, намаз окуган молдолор, ал гана эмес жөнөкөй эле такыба адамдар түрмөгө камалып, дээрлик жок болуп кеткендиктеринен элдин көпчүлүгү шарияттан, касиетүү Курандан кол үзүп, «Биссимилла» менен «Келмени» да эске албай калган-

быз (айрыкчы кийинки жаштар). Көрсө, адамдарды оң жолго салуучу тарбиядан адаштырган экен.

Ак-Чийдин кыштагында мусулмандык парызды аткаруу үчүн молдолор шарияттан маани айтуучу заңгыраган чоң кооз мечит турат.

Уурулук, ушакчылык, кумарчылык, аракечтик, баңгилик, зордук-зомбулук, бирөөнүн акысын жегендик, киши өлтүргөндүк, кыскасы, бардык жамандыктан алыс болууну адамдын дилинен чыккыс кылып үйрөткөн тарбиянын тазасы Ислам дини тура!..

Бир тууган эжем Сайранын бала-бакырасын көрүүнү эңсеп чыдамым кетет. Томолой жалгыз кишиге небак дүйнөдөн кайткан эжесинин балдарын таап учурашып, таанышып сүйлөшүү тирүүлүктүн ырахаты эмеспи!

Менин апам сегизди төрөптүр. Эң улуусу ушул азыр мен арбагына куран окуганы бараткан эжем Сайра. Эң кичүүсү мен экенмин. Калган алты бир тууганым жаш кездеринде дүйнөдөн кайтып, тукум калган эмес экен.

Мен жалгыздыктын азабын көп тартып өскөн кишимин. Жалгыздык – айтып түгөткүс армандуу дастан!

Ошондуктан бир тууган эжемдин балдары ысык да, кызык да сезилет.

Машина барып короонун оозуна токтогондо чогуу бараткандарым жүгүрүп сүйүнчү айтып калышты. Үй ичиндегилер жабыла чыгып тосуп алышты.

Биздин жүз көрүшүп кучакташып тургандагы жамгырдай төгүлгөн көз жаштар – бир тууган дар табышкан кубанычтын жаштары эле! Бир тууган эжемдин уулунун жытын өмүр бою каңшаарыма сактап калдым.

Кыргыз тууганчыл эл эмеспи, бат эле айылдаштары чогулуп, эжемдин арбагына куран окулду.

Какшаал

Аты айтып тургандай таштак, кумай, топурагы ачкыл, чөбү сейрек, жалгыз чыккан төө куйрук, биринде чийлүү, саян шыбак чыккан жер экен. Өзөнүнө караганда тоолордун арасы дүйүм чөптүү булаган бетегелүү дешет.

Айылдарда кыштак жок. Ар кайсы атанын уругу өзүнчө 3-5-10 түтүндөн аймакташ отурукташкан. Элинин кесиби – дыйканчылык, малчылык. Айылдарда биздегидей трактор, комбайн, түрлүү машина, кыскасы, механизация жок.

Эгинди жолдон мен көргөн уйгур, моңголдордой эки унаалык кичине соколор менен айдап, сээп, малалап, жайлата багып, оруп-жыйып, моло таш менен бастырышат экен. Дыйканчылыгы – буудай, арпа, зыгыр.

1949-жылы биринчи октябрда Коммунисттик партия комендантты (мурунку бийликти) жеңгенден кийин эркиндикке, теңдикке, укукка жеткендерин сыймыктана айтышат. 1983-жылы мурунку ортолошкон малды кайра таратып, жаңы төрөлгөн балдардан тартып, кирпиги кыймылдаган карыларга чейин эсептеп, тегиз киши башына бөлүп алышыптыр.

«Малдын азык-түлүгүн кандай пайдаланып, кандай чыгымдайсыңар» – десем: «Өзүбүздөн арткан жүндү, майды, терини мамлекетке сатабыз. Керегибизге жараша ич арадагы алармандарга, базарга, болбосо шаардан келип мал алуучуларга сатабыз» – дешет.

Айдоо аянттар, суу баскан жерлер, чөп чабынды саздак шалбаалар, жайлоо-кыштоолор да калыстык менен бөлүнгөн экен.

Мен көптөн бери Какшаалдагыдай кой-эчкинин семиргенин көрө элек элем. Койлору кадимки куйруктуу кыргыз койлор. Алар «түрк кою» дешет экен. Козусунан

өйдө тегиз жон алган. Семиздигинен ынтыгып, чайпалып басат. «1-Октябрь Кытай мамлекетинде Коммунистик партиянын эзүүчү бийликти жеңген күнү» майрамы болгондуктан ооландын борбору шаңдуу, көчөлөрдө тийиштүү имараттарда кызыл Туулар желбирейт. Мен дагы эл менен бирге майрамга чыктым. Он чактыбыз көчөдө турган элек. Эки жигит келип, биз менен саламдашып, кол алышып көрүштү.

– Сиз Акимкожоевсизби? – деди бирөөсү. Ага удаалаш экинчиси:

– Медербек агасызбы? – деп калды.

– Мени кайдан тааныйсыңар?

– Сизди жакшы тааныйбыз. Быйыл 71 жашка чыкканыңызды да билебиз.

Көрсө, 1990-жылы менин 70 жашка толгон маарakем белгиленгенде журнал-гезиттерге ырларым, сүрөттөрүм кыргыз калпакчан басылган экен. Ошол журнал-гезиттерди окуп, ак калпакчан сүрөттөрүмдү көрүшкөн Айсаракун Ажыбай, Дүйшөналы Осмон деген төкмө акын, комузчу жигиттер тааныган жөндөрүн баяндап беришти.

КЭРдин Кызыл-Суу Кыргыз облусунда Артыш, Улуу-Чат, Ак-Тоо, Ак-Чий деген төрт оодан бар экен. Биздин убактыбыз чукул болгондуктан Ак-Чийден башкасын көрө албадык.

Кетеримде баары кыргызстандык туугандарга салам айтып, ак жол каалашты. Ак-Сууга чейин Тургунаалы жээним менен кошо келдик. Эртеси бизди Үрүмчүгө жөнөттү.

Үрүмчү шаарына келгенде мен кызыл-суулук манасчы карыя Жусуп Мамайдыкында болдум. Карыя күүлүү-күчтүү, дени сак, эки уулу, бир кызы бар экен. Уулдары Какшаалда жашарын айтты. Турмушу эң жакшы. Өкмөт берген төрт бөлмөлүү үйдө эки небереси, байбичеси төртөө жашайт экен.

Дүйнөдөгү дастандардын океаны, көлөмү жагынан эч бир теңдешсиз алпы «Манасты» кытай тилине которуп чыгарып жатыптыр. Жусуп Мамай менен аңгемелешүүмдө « Манастагы» окуялардын айрым бир «каарлуу» жерлерин жымсалдап бурмалап жазып жүрбөсүн деген шектүү оюмду карыя илгиртпей баамдады. «Кытайлар пейли кенен эл, – дейт карыя. Аз улуттарды көтөрмөлөйт, колдойт. Ошол улуттардын тарыхын булар нечен кылымдан бери сактап келаткан эл. Азыр да тарыхты, ар түрдүү дастандарды өзүлөрүнүн карамагындагы башка улуттардан жыйнап алышат.

Манастын теңдешсиз баатырдыгы кытай, калмакты Алтайдан тарта азыркы Кыргызстандын турган жеринен кууп, сүрүп кырганы, Бээжинге сурак жүргүзүп, алым алганы булардын тарыхында бар. Кытайлар дастанды окушат да өзүлөрүндөгү тарыхка салыштырып көрүшөт», – деди Жусуп Мамай. Бул белгилүү манасчы менен аңгемелешүүдө кытайлар майда улуттардан армияга жоокер албастыгын, өкмөттүк кызматта иштеген гана адамдын пенсияга чыгарын, көп балалуу аялдарга жөлөкпул төлөнбөстүгүн билдим.

Үрүмчүнүн дүкөндөрүндө, ашканаларында, көчөлөрүндө, ал эле эмес чайканаларынын алдында ичкиликтин нечен түрлөрү сатылат. Бирок бир дагы мас болуп жүргөн адамды көргөнүм жок.

– Шаардыктар ичкилик ичишпейби? – деп сурадым.

– Эмнеге ичишпесин, кытайлар деле мас боло ичишет, бирок үйлөрүндө ичишет. Он грамм ичкилик ичкен кытай машина менен сүйрөтсө да көчөгө чыкпайт,– деди.

«Манас» эпосу баш болгон темалардан баштап, улуттардын ынтымагы, биримдиги, эл аралык ал-абалга чейин бул атактуу адам менен баарлашканыма өтө ыраазы болдум.

Жусукемдин үйүндө (ал киши менден эки жаш улуу) эки күн болуп, сөз кумарына кандык. Мен аэропортко жөнөрдө карыя ак жол каалап, Кыргызстандагы тааныш жазуучуларга, кыргыз элине салам айтуумду өтүнүп коштошту.

8-октябрь күнү Үрүмчүдөн Алматыга учтук.

30.06.2016

Миргүл ӨМҮРАЛИЕВА

АБАКТА ӨТКӨН ЖАШТЫК


Үркүндүн жеке адам тагдырына тийгизген залакасы, тагдырдын тар жол, тайгак кечүүсүнө кабылган бир үй-бүлөнүн тарых-таржымалы.



Ата-энем

Кичине кезимде апамдын: «Түрмөң кара жерге кирсин, аны кулагыма угузбачы» – деп атама айтып калган сөзүнөн үрөйүм учуп, коркуп кетчүмүн. Эмне экенин түшүнбөсөм да, жаман бир жерди айтып жатканын балалык сезимим туюп, ал сөздү такыр уккум келчү эмес. Азыр өкүнөм, атамдын көзү тирүүсүндө жакшылап көңүл коюп угуп калсам эмне?

Өзү момун, эч кимге катуу сүйлөбөгөн, деги эле көп сүйлөбөгөн жоош адам эле. Балким, башынан өткөргөн катаал турмушу, көргөн кордуктары көңүлүн калтырып, бирөөгө бир нерсе айтканга таптакыр эле бөгөт коюп, тилин буып койгонбу, бирок апам үчөөбүз жайбаракат чай ичип отурганда «Памир» деген сары тамекисин биринин артынан бирин түтөтүп, күчүн «жүз граммдан» чыгарып, жаштыгын эстеп, Кытайдагы жашоосун, кантип ата-бабасынын туулган жерин таап келгени жөнүндө кеп салып калчу. Мына ошол айтып берген окуяларын апамдын да эсинде калган элестеринин жардамы менен аз да болсо баяндап берүүнү чечтим, анткени толугу менен атамдын тагдырын сүрөттөп чыксам бир чоң көлөмдүү роман болчудай.



Атам

Атам Кытайда туулган. Ата-теги Түптүн Чоң-Таш деген атактуу жазуучубуз Мукай Элебаевдин туулган айылынан болот. Мукайдын атасы Элебай менен атамдын атасы Аламан бир тууган болгон экен. Апам азыр деле Мукай атаны «молдоке» деп тергейт. Жаңы эле үйлөнүп, турмуш кура баштаганда Үркүн башталып, айылы менен Каркыранын суусун кечип, казак-

тардын жайлоосунан ашып өтүп, Текеске качышыптыр. Көрсө, ошол каргашалуу күндөрдү сүрөттөгөн турбайбы Мукай ата «Узак жолунда». Текесте бир жыл турушуп, ал жердин эли кыргыздарга жашоо бербей, мал-мүлкүн тартып алып күн көрсөтпөй койгонунан бир жылдан кийин Ысык-Көлгө кайтууну чечишет. Чоң энем Текесте жүргөндө күйөөсүнөн ажырап калган экен, курсактагы баласы менен кытай-казак чек арасына келет. Чырайы келишкен сулуу келинди курумшуга ороп, бети-башына көө сыйпап, туугандары чек арадан эптеп алып өтүшмөк болушат. Ошол жерден кытай аскерлери баарын бирден тинтип текшере баштайт, ага да бир айылдаш тууганынын коюнунан мылтык таап алышканы себеп болот. Ошо кезде кыргыздын далай сулуу кыздарын кытайлар күчкө салып эле аялдыкка алып калышчу экен. Чоң энеме да бир кытай полковнигинин көзү түшүп, чектен өткөзбөй аялдыкка алып калат. Туугандары бир кызынан ажырап, боздогон бойдон элине кетет. Бактыга жараша, атамдын өгөй атасы улуту кытай болсо да, кыргыздарды сыйлаган, алган аялын жанындай сүйгөн жакшы адам болуп чыгат. Атам ал кишинин эркелеткен сүйүктүү уулу болуп чоңоёт, кытай мектебинен окуйт, арабча жазып, окуганды үйрөнөт. Мен кичине кезде атам орус-кыргыз алфавитин жакшы жаза албай кыйналып жатканын көрүп: «Ушундай да сабатсыз, караңгы болобу?»– деп кыйынсынып калчумун. Ээх, советтик тарбия... «Манасты» окуп беришимди суранып эле мени кыйнай берчү. Кунт коюп угуп отурчу, калмактарды сөгүп, кадимкидей ачууланып, апам экөө талкуулап калышчу. «Карасаң, таңозурайын, Коңурбайды!» – деп кыжырланып кетчү. Менин милдетим шатыратып китепти окуп берүү, кичинекей болуп, эмнени окуп атканымды өзүм да түшүнбөйм, иши кылып аягына чыгарып, эшикке чыгып ойнош керек да, араң чыдачумун.

Угушума караганда чоң апама үйлөнгөн кытай чоң атам кыргыздардын айылына көчүп барып, ислам динин кабыл алган экен өз ыктыяры менен. Кытайча атын которуп, Мухамбетсалык деген ысымды молдолор берген дешет. Колунда бар, оокаттуу үй-бүлөнүн бири болуп жашап, атамдан кийин дагы үч балалуу болушат. Кийин атамдын карындаштары 60-жылдары биздин үйгө келген. Ошондо: «Бу кандай, аттары башкача» – деп таң калгам. Күүшан, Элешан, атамды Эшжан деп коюшчу. Көрсө, кытайдын эле аттары экен: Ти Шань (атам), Ли Шань, Кю Шань. Бирок Мухамбетсалыков деген фамилияны алып жүрүшчү. Чоң энем туулган жерине көксөп жете албай жүрүп, ошо Текестен кайтыш болгон, жалгыз бир тууганы Шатыдагы Өмүраалыны да көрбөй жүрүп өтүп кетти. Карындашын алып кетем деп барган агасын (20-ж. Кытай менен биздин чек ара ачык эле болуп, соода-сатык оңой эле жүрүп турган экен) кытайлар өлтүрүп сала жаздап, араң качып кутулуптур. Чоң энем өзү кете албасына көзү жетип, 1946-жылы уулунун таякесине, эли-жерине кетишине кам көрүп, Көлгө жөнөтөт. Чек ара ал кезде жабылып калган, Советтер Союзу менен Кытайдын мамилеси курчуп турган мезгил экен. Ошого карабай атам чек араны бузуп өтүп, Шатыны таппай, кайра кайтууга мажбур болот. Чек арага жеткенде казактын бир койчусуна капыстан жолугуп калып, ала келген алтындарын, баалуу кийим-кечегин берсе да болбой ал казак атамды чек арачылардын колуна салып берет. Ата Мекендик согуштан кийинки жыл эле да, корголоп ар кимдин үйүндө түнөп жүрүп, таң калганын айтып калчу. Баары эле мүшөк, кап кийген, ачкачылыктын, жакырлыктын чегине жеткен көлдүк кыргыздарды көрүп, үрөйү учуптур. Өзү андайды көрбөгөн, жанында коштогон жигити, күлүктөрү, баркыттан кийген чапаны, кымбат ээри, көрпөчөсү, алтындары, кымбат белектери менен

жүрсө, көзүнө укмуштай эле көрүнсө керек. Чек арачылар ошо жалгыз көрпөчөсүн гана калтырып, калган оокаттарынын баарын тартып алып, жанындагы киши менен жөө Алматынын түрмөсүнө айдап кетишет. Эки жыл чек ара бузгандыгы үчүн түрмөдө отуруп, Ысык-Көл деген жерди сурамжылап Шатыны, таякесин таап келет. Азыр кыргыздар каалаган өлкөгө чыгып, оңой эле кайра кайтып келишет, кандай гана эркиндикке жеткен экенбиз! Аны да баалабайбыз го... А кезде өз Мекенин издеп келген киши атамдай болуп түрмөгө түшчү экен. Тергөөчүлөрдөн, НКВДдан көргөн запкыларын эстесем, айтып бүткүс узун тарых. Шатыдан да жанын койбой, жаңы эле апам экөө үйлөнүп бир балалуу болору менен НКВДнын бир агенти каралап, тууганыбыз Турсун (атактуу жазуучубуз Эрнис Турсуновдун атасы) берген бээни байлап, Кытайга качканы жатат деген жалааны жаап кайра камалат, чыккынчылык беренеси менен 25 жылга кесилет. Кыргыздардын арасында мындай көралбастык, аша чапкандык, ынтымактын жоктугу, айылдашына,



Арткы катарда ата-энем. Экинчи катарда оң жактагы кыз мен.

жакынына бир максатына жетүү үчүн кылган жамандыгы бар адамдар, тилекке каршы, азыр да кездешип жатпайбы. Кандай өкүнүчтүү...

Күнөөсүз жерден момун мусулман атам дагы түрмөгө кетет. Кээде ушунчалык кыргыз деп, элим-жерим деп эмнеге мынча азап чекти экен, Кытайында эле жүрө бербейт беле. Келгенде жыргадыбы? – деп ойлоп калчумун.

Атамдын он алты жаштагы келинчеги боздоп, Караколдун түрмөсүнө тамак алып барат. Апам: «Же тамагымды алышпайт, он күндө бир араң киргизчүмүн– деп айтып калар эле. Ошол кыйын кезең көкөйүнө көк таштай тийген экен, Каракол суусунун жээгиндеги убактылуу кармоочу жайынын жанынан тетири карап өтчү.

Атамды кийин Татарстанга айдап жиберишет. «Салават деген шаарды биз курганбыз»,– деп калчу. Кудай жалгап, беш жылга жетпей мунасага илинип, Балыкчыга кайтып келип, туруп калган. Жокчулук, камакта жаткан күйөөсүн күтүп зарлап жүрүп, суукка чалдыккан тун баласынан ажыраган апам да көрбөгөн кордукту көрүптүр, ошо бойдон балалуу да болбой калышкан экен. Бул да болсо ошо түрмөнүн кесепети, мурун балалуу болгон киши, чыгып келгенден кийин тукумсуз калганы кандайча? Бул да болсо каргашалуу Үркүндүн кесепети, канчалаган кыргыздын тагдыры буулду, Үркүндө туулган урпактардын тагдыры да кечээ эле оңолбодубу. Кийин мени багып алышкан экен, чоң энемдин жалгыз бир тууганы Өмүраалынын небереси болом. Атамды менин бир тууган-дарым «жээн ава» дешчү, мен «ата» дейм. Ошо Үркүндүн кесепети кийин мага да тийип, өз ата-энемдин очогунан кетип, чоңойгончо башка үй-бүлөдө, жээнибизге кыз болуп чоңойгом. Мекенибизди сүйөбүз, патриотпуз деп, көкүрөктү каккылап калабыз, ата-бабаларыбызга окшоп, жанынан да аша кечип, эли-жерин эңсеп, тоо-ташты аралап, үңкүрдө жашап, абакта айлап-жылдап жатып, узак

жол басып, акыры таап келген Кыргызстаныбызды чын жүрөктөн сүйүү деген анык сезим бар болду бекен бизде? Ооба, бар. Бирок ата-бабалар көргөн Үркүндөн, жамандыктан кудай сактасын, кыргыз кыргызга душман чыкпай, бири-бирибизге күйүмдүү болуп, жерибизде дайыма тынчтык өкүм сүрүшүн каалайм.

18.03.2016

Дүйшөн ТОКТОСУНОВ

ҮРКҮНДҮН МОРДОВИЯ ТҮРМӨСҮНӨ ЖЕТКЕН ИЗИ

Дүйшөн Токтосунов Улуу Үркүндүн балдарынан. Кытайга качканда анын атасы 18 жашта болчу. Ал атасынын тагдырын жарым кылымдан кийин кайра кайталаган.

1960-жылдардын этегиндеги СССР менен Кытай ортосундагы дипломатиялык жаңжал маалында ошол кездеги Кытай бийлигинин кысымына кабылып, түпкү мекенине ашуулар аркылуу качып өткөн. Дүйшөн Токтосунов аталарынын жана өзүнүн тагдыры тууралуу «Азаттыкка» келип, айтып берди.

Турпанда комузду атама Карамолдо үйрөткөн

«Азаттык»: – *Мына, сиз жетимишке келип калган экенсиз. Аталарыңыздан эсиңизде калган Улуу Үркүндүн изи, чындыктын учу барбы?*

Дүйшөн Токтосунов: – Бар, бар. Атам кыргыздардын качабыз деп эл кантип кыйналганын, көп кырылып калганын эстечү. Орустар артынан кубалаганын, көч узап

кетсин деп артта акмалап калган, мылтыгы бар далай жаштар окко учканын эстечү.

Үркүп бараткандар Пикиртиктин башындагы Көтөрмө деген бийик кум ашуудан ашып, Кытай тарапка түшкөндө бүркүттүн канатындай болгон Терек-Аскага камалып калышат. Борошо дейт. Кырылган мал-жанга ошол Терек-Аска толгондон кийин аман калганы үстүнөн тепсеп өтүшкөн экен. Өлүп жаткан келиндин эмчегин баласы эмип жатыптыр дейт. Аны алып, калган-катканы Үч-Турпан, Жаман-Суу жакка барышат.

Аларды тосуп алган ошо жердеги эл ичинде Карамолдо бар экен. Комузчу, ат жабдык да жасайт, молдолугу да бар, куран китептерди окучу дейт. Атам чоң атамдын 15 баладан тирүү калган жалгызы экен. Калганы бүт басмадан өлүптүр. Ошол жерден чоң атам Кармолдого балама бардык өнөрүндү үйрөт, чыгымынды мен көтөрөйүн дейт экен. Түбү бардар киши болуптур. Ошентип үйрөнөт. Мен билгенден атам чоң комузчу эле. Карамолдо Орозовдун күүлөрүнүн баарын чертчү. Атам черткен тааныш күүлөрдөн биякта эки-үчөөнү уга албадым.

«Азаттык»: – *Үркүндү атаңыз өз көзү менен көргөн бекен?*

Д. Т.: – Өз көзү менен көргөн. 1880-жылы төрөлүп, 85 жашында кайтты атам. Үркүп баргандардан Дейилда деген бир келин бар эле, ооз комузду укмуш чертчү дейт. Эки чыныны эки ууртуна коё калып чертээр эле деп калчу. Ошого арналып «Дейилда» деген күү чыккан экен. Аны Карамолдо чыгарганбы же атам чыгарганбы, белгисиз. Ал күү бул жакта жок экен.

«Азаттык»: – *Аталарыңыз ошондо каерге отурукташып атат?*

Д. Т.: – Атам чек арага жакын Жаман-Суу деген жерге токтогон экен. Зындан, Айры, Пикиртик, Кайчы, Бал-

дыр, Көк-Ирим тоолорунун баары чек арага барып такалат. Мен дагы кийин ошол Айрынын ашуусу аркылуу качкам.

Кытайдан качканда

«Азаттык»: – *Эмнеге качтыңыз?*

Д. Т. – Мен мектепте жакшы окудум, өкмөттүн ишинде иштеп, башкармага чейин жеттим. Даманский боюнча Кытай менен бул жак (СССР – авт.) уруша кетпедиби. Анан алар басып келсе кыргыздар кошулуп кетет деп, бизди аябай кысмакка алды.

1968-жылдын күзүнөн баштап туура эки жыл катуу кысым болду. Бир колхоздон 24 кишини чогултуп алып, концлагер сыяктуу күндүзү жердин алдынан орус келсе согушабыз деп «окоп» каздырып, түнкүсүн сабашат. Ошондон бешөө өлдү. Бизди түрмөгө ала турган болду. Эч акыйкаттык таппадык. Айтканыбыздын бардыгын жалганга чыгарып, кайра сабайт. Кой, акыйкаттык таппай калдык буерден деп качтык. Жетөөбүз элек, экөө калып калды. Биякка келгенде чындыкты айттык, качалы деген эмеспиз, беш кыргыз өлдү, чоңдорубуз түрмөгө кетти, акыйкат издеп келдик деп.

«Азаттык»: – *Бул жактагы кызматтагылар ишендиби анан силерге?*

Д. Т.: – Биз беш ай түрмөдө жаттык. Анан үчөөбүздү чек араны буздуңар деп, 1,5–2 жылдан кести. Мордовиянын түрмөсүнө алып барышты. Ал жерде гректер, жапондор, оогандар, казактар, уйгурлар, иши кылып чет өлкөлүктөрдүн баарын кармаган лагерь бар экен. Ошол жерде жаза өтөдүк, иштедик. Чыкканда иштеген акыбызды берди. Анан акталдык. Кагаздарым бар. 1985-жылы жарандык алдык. Ага чейин көк паспорт менен жүрдүк.

«Азаттык»: – *Кытайдан кантип келдиңер? Силерди оңой эле качырып жибердиби?*

Д. Т.: – Биз адам баскан өзөндөр аркылуу эмес, кийик жүргөн зоолор, чокулар менен жүрүп отурдук.

«Азаттык»: – *Азыр эми кайра Кытайга каттаганга мүмкүндүк барбы?*

Д. Т.: – Бар. Көп жолу барып келдим.

«Азаттык»: – *Кытай өкмөтү артыңыздан түшкөн жокпу?*

Д. Т.: – Жок. Биринчи барганда суракка алды. Болгонун айттым.

«Азаттык»: – *Сиз менен качкан бешөө тең Үркүндүн балдарыбы?*

Д. Т.: – Негизи ошондой. **Мундуз экенимди гана билем.**

«Азаттык»: – *Жанагыдай кысым болбогондо кыргыздарда негизи кайтуу максат деле болбосо керек?*

Д. Т.: – Максат болгондо деле чек ара жабык болду. Кабар жетпей калды убагында. 60-жылдары чек ара ачылганда Кулжадагы кыргыздардын далайы Түпкө жетип алышкан экен. А биз жакка кабар жетпей калыптыр. Мектепте окуучу кезим эсимде, мал доктурбуз деп кыргыздар жүрчү. Асан, Үсөн, Апал, Үпөл – эгиздербиз деп да бизди сүрөткө тартып келип калышчу. Кийин чек ара жабылды дегенде алардын бардыгы жок болуп кетишти. Кытай түрмөгө алып кеттиби, Советке кайтып кеттиби билинбей эле калды.

«Азаттык»: – *Бияктан тууганларыңызды таптыңызбы анан?*

Д. Т.: – Таякелеримди таптым. Көлдө Ак-Дөбө, АңӨстөн, Мундуз (Жети-Өгүз району – авт.) деген айылдар бар. Ошол жакта Ыбыке, Байбото деген таякелерибиз бар

деп таэжем айтчу. Алардын бирөө согуштан келбей калыптыр, бирөө келгенде кайтыш болуптур. Балдарынын бирөө Тажикстанда атайын кызматта, бирөө айыл чарба институтунда иштечү экен. Аларга айтсам: «Жо-ок, Кытайда дегеле тууганыбыз жок» – деп коюшту. Кызматтарынан коркту да, бечаралар. Туугандарын атам да айткан. Бирок балалык кылып, жазып албаптырмын. Туугандарымды таппай калдым. Бир гана мундуз уруусунан экенимди билем. Үч-Турпанда көлдүк, оштук мундуздар көп, катташып турушат.

Энем Үркүндө таэнемдин боюнда барып, Турпанда төрөлүптүр. Ошон үчүн аты Тупаш болчу. Атам 50, энем 14 жашында баш кошушкан. Тагдыр болсо керек, төртүнчү аял болуп тийген. Эки аялынын бирин бүлө болбойт деп чоң атам кетирткен. Экинчиси Кыргызстанга ата-энесин ээрчип кеткен, үчүнчүсү төрөбөй калып, менин энемди өз колу менен атама алып берген экен.

«Азаттык»: – *Энеңиз канчасында кетти?*

Д. Т.: – 85ке чыгып, анан кетти. Энем мен биякка качканда бар болчу. Энем өзү уруксат берди эле. Кайтып көрбөй калдым. Адам буйрукка жараша жашайт турбайбы.

«Азаттык»: – *Азыр эми жашооңуз кандай?*

Д. Т.: – Кудайга шүгүр. Беш балам, он беш неберем бар.

Маектешкен Бурулкан Сарыгулова

14.03.2016

Шаймерден ***ИБРАИМОВ***

ҮРКҮН МЕНИ АРАБӨК КЫРГЫЗ КЫЛДЫ



Шаймердендин чоң таятасы Бөкөнчү уулу Сулайман (солдон үчүнчү) үй-бүлөсү менен. Булар Жети-Өгүз районунун Чырак айылынан Кытайга качышкан.

Ибраимов Шаймерден – Улуттук боштондук көтөрүлүшүндө Кытайга ооп кеткен кыргыздардын үчүнчү мууну. Ал Үркүндөн 80 жыл өткөндөн кийин Кытайдан Кыргызстанга кайтып келген. Үркүнгө кеткендердин урпагы аталарынын Шинжаңда кечирген күнү тууралуу айтып берди.

Шаймердендин чоң чоң атасы 1916-жылы ашууда падыша аскеринин огунан өлгөн. Чоң атасы Кытайда көз жумган. Өз атасы Үркүндөн кийин жердеп калган Шинжаң уйгур автоном облусунун аймагында карылык кечи-

рип жатат. Аталары эңсеп жетпей калган Кыргызстанга Шаймерден 1995-жылы келип, жарандык алган.

«Мен Кытайдын эмес, Ысык-Көлдүн кыргызымын» – дечү

«Азаттык»: *– Үркүн тууралуу ата-бабаңыздан кандай сөз, кандай элес калды?*

Шаймерден Ибраимов: – Чынын айтканда, булар жакшылык көргөн жок. Үркүп баратканда артынан атылган орустун огунан чоң чоң атам Жапаркул өлсө, чоң атам атасынын сөөгүн көмө албай, ошол жерге калтырып кеткенге аргасыз болгон. Азыр менин каалаганым – Үркүндө өлгөндөрдүн арбагы ыраазы болсо... Ошон үчүн келдим сизге.

«Азаттык»: *– Чоң атаңыз 1898-жылы төрөлгөн экен. Кийин сиз деле көрүп калыптырсыз. Үркүн тууралуу айткандары эсиңизде барбы?*



Мамбеталы уулу Жапаркул – Шаймердендин чоң атасы. Ал үркүндө атасы менен чогуу качкан. Ысык-Көл районунун Бостери айылынан кеткен.

Ш. И.: – «Ата, бизди алып, Советке кетип калбайсызбы» – десек: «Ой балам, биз Советти көрбөдүкпү» – деп калчу. Сыягы, Сталин заманынан бир коркунуч болсо керек. Кийин паспорт жасатып, эми кетебиз дегенде Кытай менен мамиле бузулдубу, эмне болду билбей калдым. Мен анда кичине элем да.

Чоң атамдан эсимде калганы оор басырыктуу, беш убак намаз окуган киши эле. Ушул жактан Кененбай молдодон үйрөнсө керек. Күңгөй Ала-Тоодо чоңойдук, күңгөй саяктанбыз дечү.

«Азаттык»: – *Текти унутпасын деген экен.*

Ш. И.: – Дунгандарга малай болгон бир эжени билем. Көрүп калдым. «Эже, сиз кыргызсызбы?» – деп сурасам: «Мен саякмын» дечү жарыктык. Ал кишинин да көзү өттү. Чакен деген абам бар эле. Кулжада таруудан бозо жасап сатып, оокат кылчу. «Чакен аба, сиз кайдансыз?»– десем: «Мен Кытайдын кыргызы эмесмин, мен Советтин кыргызымын. Ысык-Көлдүн, Түптүн кыргызы болом» – дечү. Чыйратылган муруту, анан жыртык, эски шляпасы бар эле. Көрсө, 80-жылдары бул жактан белекке бирөө алып барып берген экен. Ошон үчүн башынан түшүрбөй кийиптир. Жарыктык, а да каза болду.

«Султанкул ата кусадан каза болгон экен»

«Азаттык»: – *Эл-жерин, тегин көксөп, күсөп жүрүп кетишкен экен да?*

Ш. И.: – Менин чоң атам, дегеле ошол жакка барган кыргыздын баары эле көз жаш кылып өтүштү. Бул жерде айтсам болобу-болбойбу, 70-жылы Жапаркулдун (чоң атасы – авт.) малы көбөйгөндө (ал өзү бул жакта деле мал-жандуу, асыл тукум жылкы менен алектенген киши экен) Кытай компартиясы Советтен келген качкын, бай чарба деп аттырып сала жаздаган.

«Азаттык»: – *Бияктан малы менен барганбы?*

Ш. И.: – Жок, малын өткөргөн эмес. Адегенде чоң атам иниси менен Шинжаңдагы Аблаш-Кангун деген жерде дунганга малай болуп иштеген. Иниси Султанкул ата кийин кусадан каза болгон экен. Жапаркул атабыздын сөөгү 1986-жылы Кулжа шаарынын уйгур конушундагы Султан мазарына коюлган. Мен табытын көтөрүшүп калдым. Арпа ичинде бир буудай болуп чоң атам уйгурлардын арасында жашады. Калың кытай, уйгур, дунган арасында жашап, бирок тилин унутпаганы мен үчүн кызык.

«Азаттык»: *– Чоң атаңыз кийин үйлүү-жайлуу болду, кыргызга үйлөндү.*

Ш. И.: – Ооба. Ал дагы Үркүндө качып барган 14 жаштагы Айзабек кызы Марка деген экен. Ал деле күңгөй саяктан, бакачы уруусунан. Сөөгү 1978-жылы Кытайга коюлган.

«Азаттык»: *– Андан атаңыз элеби же башка балдары да болгонбу?*

Ш. И.: – Чоң энем он төрттү төрөгөн. Ошондон бешөө гана тирүү калган. Азыр ойлосом организми жаш болсо, кордук көрсө кыйын эле болуптур.

«Азаттык»: *– Алардан атаңыз баш болуп эч кими-си кайтып келишпептир. Эмне тоскоол болду? Же көнүп калыштыбы ал жерге?*

Ш. И.: – Атамдын бир кулагы укпайт. Карыды. Бирок мага: «Ошол ата-бабамдын жерине алып барып койсоң болот эле, балам, уруксат берсе. Бостериге алып барчы, ушу калың Кытайдын арасына калтырбай» деген жери бар. Же аны тияктан ачык сүйлөшө албайбыз. Шинжаң Уйгур автоном районунда ар бир сөздү абайлап сүйлөшүбүз керек.

«Азаттык»: *– Бул жакка келген эмес?*

Ш. И.: – Конокко келип кетти. Таң калганым – ак калпак кийген, кыргызча сүйлөгөн кишилерди көрүп ку-

банганы, сүйүнгөнү укмуш. Байке, аба дегендерди угуп алып: «Бу эмне деген керемет» – деп сүйүнөт.

«Азаттык»: *– Андан да кызыгы – атаңыз көрбөгөн бул жерге сизди эмне тартты?*

Ш. И.: – 1994-жылы Чолпон-Атада жашаган Шаршембиев Асан, Шейшекан эже, Жолдошбек деген үчөө бизди издеп барышты. Анан мен аларга кетейинчи, калгандарында шарт жок, кете алышпайт, ата-бабамдын жеринде кой баксам да жашайм деп ыйладым. Рахмат, ошол жылдын аягында чакыруу келди. Бир жылда паспортум бүттү. Келдим. Ыйлагың келет экен. Кичинемде улуу кишилер жетелеп жүргөндө элге кетсек деп көп айтышчу эле. Жарандык алдым. 1998-жылы үйлөнүп, кыздуу болдум. Өзүбүз болбосок да, балдарыбыз кыргызстандык болуп атат.

«Азаттык»: *– Бир тууганларыңыз барбы?*

Ш. И.: – Бир туугандарым тиякта калды. Сабира деген эжем бар. Райымкул деген агам Үрүмчүдө турат. Бирок мен бир нерсени айтайын, аялыма да, кызыма да ушуну айтам: эки жакта калган кыргыз болдум. Же кытайлык эмесмин же кыргызстандык эмесмин.

«Азаттык»: *– Бул арман...*

Ш. И.: – Бул арман! Үркүндүн таасири. Аякка барсам Кытай мени тааныбайт, кыргыз улутунун ал жердеги тарыхы турат, бул жакка келсем паспортумда Кытайда төрөлгөн деп турат. Элдин баарына эле муну айта берсең, а кытай экен дейт да.

Маектешкен Бурулкан Сарыгулова

11.03.2016

Жумагазы САДЫР уулу

«КЫРК ШЕЙИТТЕН» УЛАНГАН КЕП



Үркүндө каза тапкандардын сөөгүн жерге берүү. 2014-жыл.

1916-жылкы Улуттук боштондук көтөрүлүшүндө Кытайга качкандар эле эмес, үркпөй калгандар да далай кыйынчылыктарды башынан кечиргени тарыхый булактарда, эл оозунда айтылып келатат. Алардын ичинде Тоң районунун аймагындагы «Кырк шейит» бейити тууралуу да ар кыл жоромолдор бар. Ал тууралуу чоң ата, чоң энелеринен уккандарын «Ашар» кыймылынын, «Арыш» коомунун жетекчиси, Үркүндүн 75 жылдыгына карата уюштурулган «Өмүр көчү» кыргыз-кытай жөө жүрүшүнүн демилгечиси Жумагазы Садыр уулу «Азаттыктагы» сыябан-маекте айтып берди.

Жумагазы Садыр уулу: – Биз бала чакта эки нерсе айтылар эле: Улуу Ата Мекендик согуш, анан Үркүн. Бирок Үркүн элдин эсинде бекем сакталып, андан көбүрөөк запкы тартканы билинип турчу. 1916-жылкы көтөрүлүштө Токмок каршылыгынан кийин элди басуу үчүн генерал Куропаткин баштаган жазалоочу отряддар Тоң өрөөнүнө да келишкен.

Аксакалдар генералды «жандыраалы» деп коюшчу эле, ал Тогуз-Торо аркылуу түшкөн. Негизи отряддар Боом, анан Тогуз-Торо аркылуу эки тараптан келишкен. Ошондо Кескен-Белден Көк-Мойнокко чейинки эл Ак-Өлөңдүн тушундагы Кызыл-Саздын жанында (Тоң району) Куропаткиндин жазалоочу отрядына катуу каршылык көрсөтүшкөн экен.

Ошол кагылыш «Ажарда» да сүрөттөлөт. Үркköнү үркүп, баягы Шабдандын балдары, Кемелдер, Самудиндер өңдүү далайлары биздин ашууларды ашып кетип, жалчы, кедей-кембагалдар калышкан дейт.

Анан Куропаткин ошол Ак-Өлөңдө каршылык көрсөткөндөрдү жазалайм деп, үркпөй калган кедей-кембагалдардын ичинен 13 жаштан жогорку курактагы кырктай эркекти жылкы берем деп, жергиликтүү билермандарды ортого салып, алдап чогултkан. Алдын ала тизилип коюлган жылкыны беттеп бараткан кыргыздар бизди бу соо калтырбайт деп шекшинип, бирден ала жаталы деп, таш менен уруп аскерлерге каяша кылышат. Куралчандар соо коёбу, ошол жерден көбү өлүмгө кабылышат деп айтылат бизде.

«Азаттык»: *– «Кырк шейит» деген жер ошондон аталып калган экен. Эми ал жерде ошол окуялардын изи барбы?*

Жумагазы Садыр уулу: – Чоң энелеримдин арманын угуп, муну жазыш керек экен деп калчу элем. Анан ушунун негизинде эгемендиктин алдыңкы жылдары «Өмүр көчү» деген жүрүштү демилгелегем. Бир жылдан кийин 75 жылдыкка карата ишке ашкан ошол жүрүшүбүз «Кырк шейит» деп аталып калган жерге жөө барып, куран окутуп, келечектеги эстеликтин ордун таш менен көмкөрүлгөн ай түрүндө түптөп кеткенбиз. Анан Үркүндүн 90 жылдыгында Кара-Коодон, Көл-Төрдөн чыккан жергиликтүү ишкерлер элди ынтымакка чакырып, ай-

кел тургузушту, шейит кеткен кырк кишинин атын чегип жазышты, темир тор менен тосушту. Азыр ары-бери каттагандар куран окуп турушат. Ошол туштагы боордо ата-бабаларыңа кайрылып, куран окуй кет деген маани-де таштан тизилген жазуу да бар.

«Азаттык»: *– Азыр эми жүз жылдык эскерүү аркылуу тарыхты калыбына келтиришибиз керек деген демилге болуп жатпайбы. Ушул өңдүү окуялар ачык айтылабы, эгер айтылса азыркы саясатка төп келбей калат деген кооптонуу болбойбу?*

Жумагазы Садыр уулу: – Чочулабай эле тарыхты тактап алган туура. Эң негизгиси биз жашоо иретибизди кайра калыбына келтирип алышыбыз керек. Оторчулук саясатында эл ыдырап, Үркүндө бириге албай, чаржайыттыктын азабын тарттык. Эми жүз жыл өткөндө иретибизге келели, көсөмдөрүбүздүн, билгилерибиздин (жөн билги, иш билги, сөз билги), букараларыбыздын бири-бирине жармакташып жашоосун калыбына келтиришибиз керек болуп атат.

Мисалы, кечээ эле тоонун шартын өзгөртөбүз деген көсөмдөрүбүзгө букаралар каршы болуп, көтөрүлөбүз деди эле өкмөт чечимин өзгөртүп ийди. Камсыздандырууга нааразы болушту эле, аны дагы эки жылга жылдырып койду. Демек, эл менен бийлик ортосунда каршылашуу калууда. Эриш-аркак жашоо эрежелерин көбүрөөк кеп кылганыбыз туура болот. Эскерүүлөр аркылуу улуттун жашоо иретин, жүрүм-турум билимин кайтарып алып келишибиз керек. Азыр бизге ар бир фактыны айтып, өч алууну же таарынычтарды айтып отургандан пайда жок.

Маектешкен Бурулкан Сарыгулова
11.02.2016

Мар БАЙЖИЕВ

ҮРКҮНДҮН СИМВОЛУ – АЖАР

Жазуучу, драматург жана коомдук ишмер Мар Байжиев – 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнө байланышкан тарыхый маалыматтарды айтып, жазып, сактап келе жаткан чыгармачыл чөйрөдөгү сейрек инсандардын бири.

Жазуучу Мар Байжиев «Азаттыктагы» сыябанмаекте кыргыз элинин жүз жыл мурдагы көргөн запкысына улуттук биримдиктин жоктугунун кесепети да тийген деп эсептеп, андан сабак алуу азыр да керектигин айтты.

Мар Байжиев: – Үркүн эсинде калган чыгармачыл адамдардан тирүүлөрдөн бирөө-экөө эле калдык окшойт. Анан да Үркүндүн изи калган меникиндей тагдыр болбосо керек деп ойлойм. Анткени менин чоң чоң атам Байажы 1913-жылга чейин бий, азыркыча айтканда, сот болуптур. Анда бий үч жылдан шайланчу экен. Дегеле үнү чыгып, катуу сүйлөбөгөн киши болчу дейт. Анан бий кылып шайлап коюп атпайбы. Көрсө, калыс киши экен да.

Үркүндө Кытайда ошол чоң чоң атамдын 35, 33, 31 жаштагы үч уулу (анын бири менин чоң атам Искак) бирдей эпидемиядан өлгөн. Үчөө тең орус-тузем мектебинде окуп, билимдүү болушкан. Бир карыя ошол учурду «Барсам Байажы бий чимирилип, боздоп турган экен. «Ой, эмне болуп кетти, Бажаке, кокуй» – десем: «Бир жумада үч баламдан ажырап калдым» – деп сыздады дээр эле.

«Азаттык»: *– Ошентип кыргыз кайгылуу окуяга кабылды. Анын көп себептерин айтышат. Сиз кандай дейсиз?*



Мар Байжиев.

М. Б.: – Азыр кээ бири тереңирээк окубай эле ар кайсыны айтып атышпайбы. Бу кыргыз деген оруска аргасыз багынып берген да. Кыскасы, кылжырдын балдары бугу менен сарбагыш (мен өзүм бугумун) бири-бири менен куда-сөөк туруп салгылашып, кан төгүшүп калганда, адегенде орустарга Атаке баатыр, андан кийин көлдүктөр, артынан солтолордон Байтик баатыр (менин чоң кайнатам), андан кийин түштүктөн Курманжан даткалар барышкан. Анткени көлдүк, чүйлүк кыргыздар өз ара эл-жер талашып кырылышып атса, түштүктү Кокон хандыгы мыжып турган. Анан аргасыз оруска багынып берип атпайбы.

«Азаттык»: *– Ошол биригүү өзүн актадыбы анан?*

М. Б.: – Молдо Кылычтын жазганы бар:

«Тарыткан менен жериңди,
Арзан баа кылды эгинди.
Тынчытып койду бул орус,
Чабышып жаткан элиңди».

Адегенде ушундай эле болгон. Кыргыздар 1858-жылы кирип атат. Орустар келип кыргыздарга бизге кошулсаңар баары жайында болот деп, сунуш кылып атпайбы. Бул жөн жерден эмес. Орустардын өз саясаты болгон. Тентип калган крестьяндарды жайгаштыруу керек эле да. Ошон үчүн жанагы География коому аркылуу Чокан Валиханов, Семенов-Тяньшанский, Пржевальский өңдүүлөрү көл жээгин кыдырып келип, анан укмуштай сонун жер деп жазып атышпайбы. Анан орустар келгиле, бизге кошулгула деп кыргызды чакырып атат. Азыркы күпүлдөгөндөр бир нерсени эске албай жатат. Орустар менен кыргыздардын ортосунда келишим болгон. Анда жериңерди коргойбуз, ал орус империясынын карамагында болот, Кокон, Кытай тараптан бирдеме болсо чек араны коргойбуз, балдарыңарды аскерге албайбыз, бирок кол салуу болсо курал беребиз, өз жериңерди өзүңөр коргойсуңар деп айтылат. Анан орустар келет да көл жээкти тегерете ээн жаткан жерлерге аштык айдай башташат. Кыргыздар эмне, малы менен кыштоого келет да, жайкысын жайлоого чыгып кетип калат. Молдо Кылычтын айтканы ошо да. Жер тарыды, бирок нан жеп калды деп. Көрсө, кыргыздар Кытайга жармаңкеге барып, малын сатып, буудай алып келишчү экен да.

«Манастын» керээзи бар. Анда Бакай минтип айтып атпайбы:

«Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Аңдып турган жырткычтар
Кешигиңди жеп кетет».



Мар Байжиевдин чоң чоң атасы Байажы.

Бул бекер сөз эмес. Тарыхка келсек, Кыдыр аке, менин чоң чоң атам Байажы, кадимки Зыяш Бектеновдун атасы Бектен (Байажыдан кийинки бий) баштаган аксакалдарды Караколдун орус губернатору башыбызга иш түшүп атат деп кеңешке чакырат экен. Балдарыңарды эмгек армиясына алабыз, ат багат, тамак жасайт дейт. Аксакалдар: «Жо-ок, бере албайбыз, келишим бар» – дейт. Губернатор: «Ооба, келишим боюнча фронтко барбайт» – дейт. Анан макул болушат. Аңгыча баягы «бул манаптар, тиги манаптар» деген көралбастык балээси бар да, манаптар өз балдарын алып калып, каратамандарды согушка кетиргени калды деген кеп тарайт экен.

Ага орустар жерибизди ээлеп, аштык айдап алды деген ич күйдүлүк да кошулат. Анан башталат.

«Азаттык»: *– Бирок кыргыздарды орустар согушка киргизбей турганына кепилдик жок эле да?*

М. Б.: – Бар болчу. Келишим бар да. Анан мылтык кармаганды билбеген кыргызды согушка алмак беле, аны орус үйрөтүп отургандан көрө ат бактырам дейт да. А тургай Ата Мекендик согуш башталганда Жусуп Турусбеков, Жума Жамгырчиев, менин атам Ташым Байжиев, Зияш Бектенов баштаган жазуучуларды Чаржоуга алып барып, үч ай даярдап, анан согушка жиберген.

«Азаттык»: *– Ушунчалык оор жоготуу, зыян алып келген көтөрүлүштү болтурбай койсо болот беле?*

М. Б.: – Болмок. Эл обдулуп калган кезде Кыдыр аке: «Ай, койгула, кырыласыңар, орус деген зор эл» – дейт экен. Орустарды талкалайбыз, согушка Кыдыр акенин баласы барып атты беле, биздин балдар кеткени калды деп кыргыздар болушпайт. Көрсө, Кыдыр акенин баласы 16 жашта болуп калат, орустар эмгек армиясына 18 жаштан алат. Ошондо Кыдыр аке Маман айылынан бир кишини жылдырбай туруп, Орусияга мурдараак Николайдын коронациясынын (Романовдор падышалыгынын – авт.) 300 жылдыгына барганда алып келген орденин тагынып, орустардын салты менен туз, токочун көтөрүп, келаткан орус аскерлердин алдын тосуп чыгат. Ошентип, орустар аларга тийбей, арык тукумун кыргындан сактап калган деп айтылат. Орустар бери жагын (тескей тарабын – авт.) укмуштай кырган дешет, ал эмес Караколдогу уйгур, дунган, өзбектерди өзүнө кошуп алып, Кытайга алар качкан эмес. Анан аргасыз качкан кыргыздар жанагинтип кырылып отурбайбы.

«Азаттык»: *– Кандай сабак алыш керек эми ошол Уркүндөн?*

М. Б.: – Мен жазып атам, болору болду, боёосу канды. Бөлүнүп-жарылып атып, оруска өзүбүз багынып бердик. Эсибизди жыйбасак, дагы эле ошо болот. Өткөндү чукугандан пайда жок. Кыргыздын «энеңди өлтүргөнгө атаңды алып бер» деген кылым карыткан насааты бар. Андан көрө бийлик талашпай, ар-намыстуу болуп, элжуртту сакташ керек. «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет». Үркүндүн символу – «Ажар». Ошондуктан, Боомдун кире беришине Ажардын укмуштуудай эстелигин орнотуш керек. Ошол жерге барып чокунганы чокунуп, куран окуганы куран окуп турушат. Эгер ушуну азыркы президент жасап койсо өзүнө эстелик болот.

Маектешкен Бурулкан Сарыгулова

18.02.2016

Мээркан ТОКСОБАЕВА

ИВАНГА ЖАККАН ИЛИПОВ

Элеттик журналист, Тоң райондук гезиттин баш редактору Мээркан Токсобаева 1916-жылкы көтөрүлүштө падышалык аскердин жазасынан аман калган кайнатасы Илип уулу Абдрахманды эскерди.

Мээркан Токсобаева: – Санжырада кайнатамдын ысымы баатыр катары айтылат. Кезинде казактарга тартууга кеткен Сагаалынын жээрде жоргосун кайтарып келген экен. Мен билгенден а киши башка карыяларга окшобогон орус мүнөз адам эле. Кыргыздын карыяла-

ры балык жебейт го. Атам балыктын ачакей сөөгүнөн башкасынын баарын жечү. Келиндерин: «Жүгүнбөгүлө, орустар төрөсүнө баш урса эле, кыргыздар ошону туурап алыптыр» – деп тыйчу. Көрсө, анын сыры бар экен.

«Азаттык»: – *Ал кандай сыр?*

М. Т.: – Атам көтөрүлүш маалында 23 жашта болгон. Ал – үркпөй калган тоңдуктардын бири. Бирок падышалык аскерлердин кыргынын өз көзү менен көргөн. Ошол кыргынды көп эстеп, бейажал өлүмгө кеткендерге абдан кейичү, өкүнчү. Баштаганда эле: «Түркөй эл экенбиз. Орустун көп экенин ойлобоптур. Ошончо оруска таяк менен теңдеше албасты ойлобой, ошол жерге келген беш-алты орустун оозун бассак эле болду дешкен го»– деп калчу. Атамдын айтымында, орус-кыргыз кармашы башталганда айылда отурукташкан бир орустун үч жашар кызын айрыга сайып, кашаага илип коюптур. Анан өчөшкөн орустар жапырт өлтүрүп киришиптир. «Бир он чактыбызды тизип, четинен штыгы менен сайып, кундагы менен жаткыра чаап эле келатат. Жерге кулап, коркурап, үзүлө албай жаткандарды көрүп денем өлүп эле калды» – дечү атам. Ошол жазалоодо атам катардын аягына туруп калыптыр. Бою да кичинекей. Ага жазалоо кезеги жеткенде эле буйрук берип аткан балжайган чоң атчан орус бирдеме деп токтотуп коюптур.

«Азаттык»: – *Эмнеге?*

М. Т.: – Кичинекейлиги себеп болгон го. Мандайына ажал жазылган эмес да. Анан колун кыл чылбыр менен байлап, бир учун атчан аскердин ээрине илип, топ аскер менен Кызыл-Сууну көздөй алып жөнөшөт. «Жан айласы кыйын экен, жыгылсам сүйрөндү болуп өлөмбү деп чуркап жүрүп отурдум» – деди эле жарыктык. Кийин болжосок, ушу ат менен жарышып жыйырма чакырымдай чуркаптыр. Ошол таскагынан улам чыйрак экен деп,

тыңдыгы жаккан окшойт, Кош-Кара-Көл деген жерге келгенде атамды атка учкаштырып алышыптыр. Көрсө, баягы орус аскерлерин баштаган бакжайган орус төрө Жети-Өгүздүн Кызыл-Суусунда отурукташкан орус экен. Анан ал атамды ат баккыч кылып алыптыр.

«Азаттык»: – *Ал көтөрүлүш маалында аскер кызматчысы эмес турбайбы анда?*

М. Т.: – Жок. Ал мурдараак келип отурукташкан помещиктерден окшойт. Анан кандайча барып Тоңдо жанагинтип падышалык орустар менен кыргыздардын кыргынына катышып калганын сурап албаптырмын. Бирок атам: «Жакшы адам экен, мага окшогон беш-алтоону атка мингизип алып, ашууга чейин кыдыртып, үркүндө өлгөн-житкендерди таап, эски мүрзөлөрдү ачып көмдүрчү. Бир жолу бир туурдуктун астынан бир үй-бүлөнүн сөөгүн көргөм. Көп өлүктөрдү көмдүк» – дечү атам. Сыягы, Сары-Жаз тарапка барышчу окшойт.

«Азаттык»: – *Ал орус төрө, балким, үркөн кыргыздардын эмес, алардын артынан түшкөн падыша аскерлеринин дайын-дарегин издеп деле чыккандыр...*

М. Т.: – Мүмкүн. Бирок атам аны айтчу эмес. Мен да жаштык кылып, айткандарына учурунда анча маани берген эмес экемин. Бирок ал орус төрө атамдын үй-бүлөсүн Үркүндөн алып калып, ачарчылыкта эгин, картөшкө берип багыптыр. Кийин атам Тоңдогу эл-журтуна көчүп кеткенден кийин деле согуш жылдарында, андан кийин дагы жаз, күз барып туугандарына эгин алып келчү экен андан. Атын Иван деп койчу. Фамилиясын билбейт экен. Иван дегенде ичкен ашын жерге койчу. Үйдө өйдө-ылдый болуп калса деле Иваныма кетем деп коркута баштачу. Кийин атам күйөөмдү: «Ивандын кабарын билип кел» – деп жиберсе, каза болуп, сөөгү Кызыл-Сууга коюлган дешиптир. Балдары деле ошол жерди жердеп, бир баласы тегирменчи экен.

«Азаттык»: – *Бу киши кайсы куракка чейин жашады ошондо?*

М. Т.: – 80 жашында 1973-жылы кайтыш болду.

«Азаттык»: – *Ошол Үркүн маалындагы эл-журттун ахыбалы, тиричилиги, салт-санаасы тууралуу айтчу беле?*

М. Т.: – Жалкообуз дечү. Ошо кезде деле аракет кылгандар турмушун бат эле оңдоп кетишкен. Жашоонун көзүн таба албагандар каржалды, өлгөнү өлүп кетти деп калчу. Өзү Үркүндү көрбөсө да, барып келгендердин айткандарынан улам, ал жакта деле колунда барлар кор болбой жашап, ач-жылаңач калгандар, бир чыны талканга баласын саткандар жарды-жалчылар болгон экен деп боолгоп калчу.

«Азаттык»: – *Атаңыздан үркпөй койсо эл аман калат эле деген өкүнүч укkан жоксузбу?*

М. Т.: – Ошону уга албадым. Бирок Үркүндө эл суугa коё берилген койду баштаган эркечтей эле жамырап кетти деп кейий турган. Тарыхты бурмалай албайбыз да. Эл эркиндикти көксөбөсө чыгат беле? Жанагы падыша аскерлери элди тирүүлөй жарга кулаткан Кош-Кара-Көл тобу менен кырган «Кырк шейит» баяндары бекер чыккан жок да. Мына минтип ооздон оозго көчкөн баяндардын бардыгы жомок эмес. Бул – тарых.

Маектешкен Бурулкан Сарыгулова

22.08.2016

Элери ***БИТИКЧИ***

ҮРКҮНГӨ КОМПЕНСАЦИЯ СУРОО ЧЕКИ ИШ



Быйыл кыргыз коомчулугу 1916-жылкы миңдеген адамдардын өмүрүн алган кайгылуу окуяны эскерди.

Тарыхчылар Улуттук боштондук көтөрүлүшү деп атап жаткан Үркүндүн жүз жылдыгы кандай белгиленди жана ал кайгылуу окуянын тарыхый мааниси эмнеде?

Кыргыз тарыхын жана маданиятын иликтөөчү Элери Битикчи өзгөчө пикирин «Азаттык» менен бөлүштү.

«Азаттык»: – *Быйыл Улуу Үркүнгө жүз жыл болду. Аны эскерүүгө мамлекет маани берди. Эскерүүлөр татыктуу деңгээлде өттүбү?*

Э. Битикчи: – Жүз жылдык татыктуу деңгээлде өттү деп айта албайм. Ата-бабалардын арбактарына таазим кылышыбыз керек эле. Бизде болсо эскерүүлөрдүн бардыгы конференцияларга тыгылып калды. Элдин жүрөгүнө жеткен жок. Кайгылуу учур катары саналган августтун биринчи жумасына өзгөчө маани деле берилбеди. Уюштурулган «Өмүр көчү» сыяктуу бир-эки иш-чарага бир райондун сексен жылдыгына чогулгандай да эл чогулган жок. Бул уят эле.

«Азаттык»: – *1916-жылкы окуяны көтөрүлүш деп да, кыргын деп да атап аткандар бар. Сиз кандай ойдосуз?*

Э. Битикчи: – Биз тарыхый баа берүүдө талтайып эки маселенин ортосунда калдык. Көтөрүлүш деп намыс үчүн, патриоттук үчүн эле айтылып жатат. Тарых боюнча бул атайын жасалган эле кыргын, көтөрүлүш эмес. Муну падышалык маалыматтардан тышкары булактар далилдеп атат.

«Азаттык»: – *Андай болгондо Уркундун келип чыгышына эмне себеп болгон?*

Э. Битикчи: – 1916-жылды эле карабай, жалпы падышалык саясатка көз чаптырсак ачык көрүнүп турат. Кыргыздарды акырындык менен сүрүп чыгарып, ордуна орустарды көчүрүп келип жайгаштыруу саясаты XIX кылымда эле башталган. Мисалы, Жети-Суу Сибирь губернаторлугуна таандык деп Орусиянын 1895-жылкы картасында турат. Демек, колонизация кылуу максаты айкын көрүнөт. Дагы бир факт: 1914-жылкы документтерде кыргыздардан 4 миллион теше алабыз деп жүрөт, ал эми 1916-жылкы документтерде ошончо алынды деп жүрөт. Демек, башынан падышанын казак орустардан, орус көчмөндөрдөн ошол жерге плацдарм куруу боюнча атайын саясаты болгон. Эртеби-кечпи, сүрүлүппү-кырылыппы, кыргыздар жеринен ажырамак. Маселе ушул жерде. Көтөрүлүш болсо жатып өлгүчө, атып өл деп, аргасыздан чыккан.

«Азаттык»: – *Падыша Николайдын аскерлерди тылда кызмат кылууга чакырышы шылтоо болгонбу?*

Э.Битикчи: – Шылтоо. Ошол убакта жашаган меньшевик Григорий Бройдо жазып атат кыргыздардын аң-сезими абдан төмөн эле, көтөрүлүшкө даяр эмес болчу деп.

Бройдонун жазганына караганда кыргыздын жерлерин тазалап, өздөрүн сүрүп салуу, жерлерин ээлеп алуу аракеттери өкмөттүк чагымдын натыйжасында ишке ашкан. Падышанын жардыгы да, анын артынан чыккан

көтөрүлүш да ошол чагымдардын жыйынтыгы болгон. Мен анын ушул айткандарына кошулам. Орус империясынын саясаты ошондой болгон.

Кыргынга бир гана падыша күнөөлүү

«Азаттык»: – *Тарыхты карап көрсөк кыргыздардын Чүй, Кемин, Ысык-Көл аймактарындагылары гана ыркөн. Башкача айтканда, ушул тарабына орустар көп келген. Кызыкчылыгы эмнеде эле?*

Э. Битикчи: – Бул өрөөндөрдү крестьяндык басып алуу (колонизация), орустарды көчүрүп келип отурукташтыруу падышалык атайын пландын негизинде ишке ашкан. Анткени Чүй, Кемин, Ысык-Көл өрөөндөрү – кайрак жерге бай, дыйканчылыкка ыңгайлуу. Орусиянын климатына окшош. Сугаттын кереги жок. Жаан болсо эле болду. Муну көргөн Семенов-Тяньшаньский өңдүү орустун саякатчылары тээтиги он тогузунчу кылымда эле ушул жер ылайыктуу деп жазып турушкан.

«Азаттык»: – *Кайра Үркүнгө келсек. Кыргыздын эл башылары, бий-болуштары эмнеге элди Үркүндүн запкысынан сактап калган эмес, мисалы, Кыдыр аке сыяктуу. Кыдыр акени Үркүнгө арык тукумун жибербей алып калган деген аңыз кеп бар эмеспи.*

Э. Битикчи: – Минтип бөлгөн туура эмес. Бийби, болушпу, ал кыргыздын феодалдык, падышалык кызматчы болгон. Азыр деле саясатчылар, мамлекеттик кызматкерлер Москваны карап атышпайбы. Балким, көтөрүлүш жергиликтүү бийликке да керек болчу. Анткени фронтко жардамдарды жеп коюшкан, анын эсебинен байып кетишкен.

Мындай окуя болгон: 9-августта Ташкенттен Караколго жиберилген 875 миң рублди талап кетишкен. Көтөрүлүш андан кийин чыгып атат. Ошол эле Бройдо:

«Эми кыргыздарды жок кылууга шылтоо бар» – деп жазган. Ошол эле көтөрүлүш жапырт жүрүп жаткан кезде, 9-августта Караколго бир транспорт, 138 мылтык менен жиберилген. Бул чагым да.

«Азаттык»: – *Негизи ошол кезде элди кыргындан сактап калуунун жолун тапса болот беле?*

Э. Битикчи: – Баш ийип бергенде деле кыргыздын көп жаштарынан ажырамакпыз. Мисалы, Кавказ фронтунда чабуулга өтөрдө ич келте башталып, аскерлердин көбү өлүп калган. Андайда, хаос маалында бөтөн жерден кара жумушка ташылып келген кыргыздар андан бетер кырылмак.

Анан дагы бир маселе бар. Үркүндүн айынан 150 миңдей киши өлдү деп атпайбы. Өлгөндөрдүн саны башкача саналып жатат. Себеби биринчи эл каттоо 1913-жылы, экинчиси 1926-жылы болгон. Менимче, большевик режими эки каттоонун ортосундагы айырмачылыкты Үркүнгө шылтап, жарандык согуш, басмачылык убагындагы курмандыктарды жаап-жашырып койду. Анткени революциядан кийинки ачарчылык, басмачылыкка каршы күрөш далай өмүрдү алган.

Кытайлыктар, мисалы, Үркүндү үчкө бөлүшөт экен. 1916-жылды Улуу Үркүн, жарандык согушту Орто Үркүн, коллективдештирүүнү Кичи Үркүн дешкен. Алар үчүн падышалык Орусия менен советтик Орусиянын айырмасы болгон эмес.

«Азаттык»: – *1916-жылы геноцид болгонбу же жокпу, болсо ага кимдир бирөө жооп бериши керекпи деген суроо быйыл Үркүндүн айланасындагы ири талаштардын бири болду. Сиздин оюңуз кандай?*

Э. Битикчи: – Орустарды азыр күнөөлөй албайбыз. Маселе башкада. Бул жерге көчүрүлүп келген орустардын 2,5 миңдейи Үркүн маалында өлгөн. Аларды дагы падышалык саясат үчүн өлдү деп тааныш керек. Мындай

болгонуна мен ишенем. Анткени орустардын каны төгүлгөн жерди алышыбыз керек деген шылтоо керек болчу. Бул чагым. Кыргызга бир гана падыша күнөөлүү. Бул саясий баа. Мындай жагдайда кыргыздарга силер деле канча орусту өлтүргөнсүңөр деген доомат болбойт.

Ар бир арбакка баа бычабызбы?

«Азаттык»: – *Бирок бир катар коомдук ишмерлер геноцид деп таануу, Орусияга компенсация төлөтүү керек дегенди айтып, өз аргументтерин келтирип жүрүшпөйбү.*

Үркүн маалында өз балдарын сатышты, киши жегичтер да пайда болду. Жөөттөрдү деле карасак, Холокост маалында адегенде немистерди күнөөлөп, кийин алар адамгерчиликти издей башташты.

Э. Битикчи: – Менин оюмча, бул туура эмес. Компенсация төлөө дүйнө тарыхында бир гана жолу Германия тарабынан болгон. Анда да Израилде биз жөөт жарандарыбыздын элесин акчага сатып коёбузбу деп каршы чыккандар болгон. Биз эмне, ар бир арбакка бирден баа бычабызбы? Менин акылым жетпейт.

«Азаттык»: – *1916-жылы болгон окуя сабак болушу үчүн кандай аракеттер зарыл?*

Э. Битикчи: – Менимче, бардык кыйын кырдаалдарда адам бойдон калуу. Анткени Үркүн маалында өз балдарын сатышты, киши жегичтер да пайда болду. Жөөттөрдү деле карасак, холокост маалында адегенде немистерди күнөөлөп, кийин алар адамгерчиликти издей башташты. Ошол эле «Шиндлердин тизмеси», «Пианист» деген чыгармаларда немистердин адамгерчилигин көрсөтүп жатпайбы. Биякта деле жамандыктан да адамгерчиликти табуу керек.

Экинчиден, эгемендикти сакташ керек. Үчүнчүдөн, биригүү керек. Ресурс жетпегенде Москвага, Вашингтон-

го же Бээжинге чуркап баруу сыяктуу көрүнүштөрдөн эле жүз жыл мурда кыргын пайда болду деп эсептейм. Ошол кайталанбаш керек.

Маектешкен Бурулкан Сарыгулова

01.12.2016

Кубат ТОКТОГУЛОВ

КЫТАЙДАН КАЧЫП КЕЛГЕН БИР ТУУГАНДАР



Бишкек шаарынын тургуну Кубат Токтогуловдун жакындары 1916-жылдагы Үркүн окуясына күбө болгон. Ал өз тууганларынын Кытайда көргөн азап-тозоктору, Кыргызстанга келгенден кийинки оор турмушу тууралуу айтып бергендерин «Азаттыктын» студиясында эскерип, баяндап берди.

Кубат Токтогулов: – Өткөн кылымдын жашоосун көрдүм, партиянын тарбиясын алдым, идеологиясына сугарылып ошону менен чоңойдум. Эгемендик алгандан кийинки бул жашоону көрдүм. Анан салыштырып келсем: бул Үркүн кыргыздын баш көтөрүп чыккан, эгемендигине атталган биринчи кадам экенине эми түшүнүп атам. Биздин убакта мектепте окуп жүргөн кезде маалымат болчу эмес. Атам чоңойгондо айтам деп биз бала кезде айтчу эмес. «Ал жакта сенин бир тууганың бар» дегенге аябай кызыкчумун. «Эче жашта эле, аты ким эле» – дечүмүн. Ал киши мал бакчу. Мен кийин институтка өткөндө бир күнү түн ичинде отуруп алып бүт баарын айтып берген. Кантип бул Үркүн эмнеден башталганын, анан бу кочкорлуктар орустун кордугун көрбөптүр. Жерибиз жердей болуп эле, кийин-кийин согушка алат деген дүрбөлөң менен үркүшүптүр. Анан барганда менин чоң атам Бугубай, чоң апам, анан кичүү иниси, ошондо ал үч-төрт жаштагы бала экен, баары ошол жолдо бара жатканда эле өлүптүр.

Ал эми чоң атамдын агасы Сарыбай эки эркек баласы, кызы, аялы болуп, бир тууганы Бугубайдын баласы Токтогул менен Кадыркулду ээрчитип, Кытайга барат. Анан кайра бери келерде алты жашар Кадыркулду Сарыбайдан кытай, эми ойлосом, дунган окшойт, сатып алып калыптыр. Көрсө, ал эркек баласы жок аябагандай бай киши экен. «Мага мураскор керек, эркек балам жок, ушул баланды мага бер» – дейт. Анан Сарыбай талкан берем десе айласы жок ошого макул болуп көнүп, анан кетерге Токтогулга айтат: «Ушинтип Кадыркулду сурап атат, таштай турган болдук. Баягы карызыбыздын баарын кечирди, жолго тамак берет. Жолдо келатканда-гы азапты билесиң» – десе, атам болбой коюптур. «Мен апаман, атаман айрылдым. Берки инимен айрылдым. Эми жалгыз ушуну таштап мен кетпейм» – дейт. Сарыбай ошондо: «Бугубайдан тукум калбай калат, Токтогул.

Жок дегенде сен бар» – деп көндүргөнгө аракет кылыптыр. Менин атам Токтогул кетпейм деп макул болбой койгондо, айласы кеткен Сарыбай макул болот да, Кадыркул менен Токтогулду булар кыштаган дунган алып калыптыр.

Алып калган менен баш-аягы он жылдай жашап, анан экөө баары бир качып келген экен. Бирок ал кытайлык дунган милдетин аткарыптыр. Кадыркулду окутуптур, кадимки өз баласындай соодасына аралаштырыптыр. Бирок аны атама көп жолуктурбашка аракет кылыптыр. Атам иниси кыргызчаны унутуп калбасын деп көп аракет кылып, санаа чегиптир. Бирок ошол Кадыркулдун аркасы менен атам Үркүндөн калып калган башка балдар-кыздардай анча запкы жеген жокмун дечү.

Анан адашып калганбы же сатылып алынганбы, көлдүк бир кыз бар экен. Атам аны он бешинде калган деп айтат. Акыл-эси кемирээк кыз болчу дейт. Анан ошо 17 – 18ге чыгып калган го, ошону атама алып беріптир. Бул атамдар Кытайга калгандан беш жылдан кийин болот. Атам андан эркек балалуу болуптур. 30-жылдардын башында атам бул жакка качканда ошол эркек бала төрт жашта болчу дейт.

Атамдарды качырганга бир уйгур жардам берет. Ысык-Көлдөн барган соодагерлерге ал уйгур атамдарды таанышырат. Бирок көлдүк кишилер качаарда аялыңды албайбыз дешет. Анын үстүнө аялы боюнда болуп калган экен.

Булар мата жүктөп келе жаткан экен. Кыязы, аткезчилик кылып, апийим алып барып сатып, анан ошого мата алып келген соодагерлер окшойт.

Анан булар советтик чек арадан өтүп баратканда кармап алышып, атам 8 ай түрмөдө жатыптыр. Кадыркул болсо болжошкон жерге кечигип келип, ал өзүнчө качып, атам түрмөдө жатканын угуп келген экен. Анын били-

ми бар, билимдүү болгон үчүн ал бул жакка Пишпекке жанагы Сарыбайдын Жапар деген баласы экөө түрмөгө чейин кирип жолугуптур. Атамды түрмөдөн куткарган атамдын кытайлык документи болгон экен. Анан жанагы түрмөдө жаткан соодагер үйрөтүптүр: «Мунобу мүлк, матанын баары меники, мен ушул жакта иштегем, ушул жакка келе жаткам деп айт» – деп жатып, атам аны сөзүнөн жаңылбай айтып жатып 8 ай дегенде түрмөдөн акталып чыгыптыр. Анан ошол түрмөдөн чыгарганда, атамын айтымында, матанын акчасы деп бергенби, иши кылып банкка алып барып акча бериптир. Мен ойлойм ушул заём болуш керек го деп. Атам бир мүшөк чоң-чоң кагаздар болчу дейт. Билими жок болсо.

Анан базарга чыгып, мурун Пишпек–Фрунзени көрбөсө, анан издеп жүрүп дунгандарга барыптыр. «Менин акчам бар, түрмөдөн чыгып, Кытайдан келе жатам» – десе, ал токмоктук дунгандар экен, үйүнө алып барып, аракты коюп, дасторкон жаят. Атам бир нерсени сезип, жанталашып баягы акчаны дунгандарга бериптир, үйүңөргө катып койгула, эртең алам деп. Анан булар от жаккан үйгө атамды жалгыз калтырып сыртынан бекитип коюптур. Көрсө, дунгандардын меши дубалдын ичинде болот экен. Аны түшүнгөн киши түшүнөт дейт. Анан дубалды ургулап морду таап, ошол жерди тешип, түн ичинде мор аркылуу качып чыгыптыр.

Баягы акча дунгандын үйүндө калат. Токмоктун үстү жагындагы Шамшы жакка тоого качса керек. Кийимининин баары көө, күндүз жол жүрүп, түн ичинде бекинип жүрөт. Күз болуп калган экен, анан бир жылкычынын үйүнө барыптыр. Анын үйүндө кыштап, малай болуп жылкысын багып, бирок ал жакшы киши экен, бир тай мингизип жаз болгондо Кочкорго жеткирип барыптыр. Ошондон кийин ушунчалык жүрөгү калган экен, биз бала кезде эч айтчу эмес. Эстегиси келчү эмес. Кийин

мен эр жетип калганда тигил жакта эмне иш кылганын, ошол жакта көргөн кордугун, анан айтып отурса...

Эл үркөндө далай кыздар жоголгон, эл үркүп кеткенден кийин уйгурдун абышкасына чейин кыргыздын кыздарын алып алган деп айтчу. Далай бойго жеткен балдарды сатканын сатып алып, уурдаганын уурдап алышкан экен. Элдин билими жок да, качканга мүмкүнчүлүгү жок болчу дейт. Жолдо баратып кырылгандары аз келгенсип, калгандары канча кырылыптыр. Жанагы Кадыркулду багып алган дунган ошол милдетин аткарып, муну билимдүү кылып, мунун аркасы менен мени коргоп, мен үй-бүлөлүү болуп, кадимкидей иштеп калгандан он жылдан кийин келгенге мүмкүнчүлүк түзүлдү дечү.

Менин жалгыз өкүнүчүм, атам 83 жашында 1983-жылы каза болду, билими жок киши эле, бирок өмүр бою мал багып жүрүп кетти.

Анан 1993-жылы Кашкарга Артышка Кызыл-Суу Кыргыз облусуна иш сапары менен бардым. Жолго чыгарда апам: «Чоң апаңын аты Баалы, чоң атаңын аты Бугубай болчу, Үч-Турпан деген шаарга барып куран окуткун» – деди. Анан мечитке барып айтып, ошол жерден куран окуттум. Жергиликтүү кыргыздар менен сүйлөшүп көрдүм. Атамдын ал жакта калган баласын тапканга эч кандай мүмкүнчүлүк болбойт болуш керек дешти. Жок дегенде атаң кимде кызмат кылган, эмне кызмат кылган жана баласынын, аялынын атын билсең, издесек табат белек дешти. Эми баласы тирүү болсо деле көзү өтүп кеттиби, барбы-жокпу ким билет.

Атамдын иниси Кадыркул кийин 6 эркек балалуу болду. Үрөн-бутагы өскөн. А киши да каза болгон. Токтогулдун эки эркек, эки кызы бар. Баары тең билимдүү. Анан ошолордун балдары, ошол айылдык аксакалдар – баарыбыз чогулганда ошол Үркүндү эстейбиз, эскеребиз.

Кадыркулду жеңелери «Кытай уул» деп тергешчү. Келиндер «Кытай аке» дешчү. Акцент менен сүйлөчү ал киши. Куранды дунганча окучу, акчаны кытайча саначу. Анан атам Кочкордун базарына келгенде дунгандар менен дунганча сүйлөшүп, ушунча чери жазылып кетчү. Ушунчалык эс алып калчу. Кадыркул байкеме караганда атам өзү аз сүйлөгөн киши болчу. Көрсө, кийин ойлосом жүрөгүндө аябай так калса керек, эскерчү эмес, айтчу эмес. Ошо мага эки ирет гана айтты, аябай ийне-жибине чейин айтып берди.

«Азаттык»: – *Кубат аке, сиз Кадыркул абабыздын качып кетебиз дегенин дунган атасы билип калып Токтогул атабызды токмоктогонун айттыңыз, ошону айтып берсеңиз.*

Кубат Токтогулов: – Токмоктогону мындай экен, көрсө. Атам ушул беш жылдан кийин дунгандын ишенимине кирип, ал атама көлдүк кызды алып бериптир. Шаардын борборунда ал кишинин кампасы бар экен. Күрүч айдап, ошол жерге жайып, ички базарга алып кетчү экен. Анан ошол жерге алып барып кароолчу кылып коёт экен. Кадимкидей каттоодон өткөрүп, документ берет экен. Анан баргандан кийин мен жаткан жердин жанында жер төлө бар эле дейт. Ошол күмүш сактаган жери экен дейт. Илгери бизде жамбы туяк, тай туяк дейт эмеспи, ошондой акчасы окшойт. Атамын айтымында, ал жерде кагаз акча да бар болчу экен. Бирок булар соодадан кийин ошол жерге акчаны мүшөктөп алып келип төкчү тура. Атамын милдети ошол күмүштөр көгөрүп кетет деп улам которуп желдетип турчу экен. Санын деле билчү эмесмин, тигилер деле саначу эмес деп калчу. Мүшөктөп алып кетип, кайра коёт экен. Атамын негизги милдети ошол күмүштөрдү сактоо экен. Анан ошентип жүргөндө атам бир соодагер уйгур менен таанышып, атам ага арманын айтса, ал: «Ашуу ачылганда көлдүктөр келет, бул жактан мата жүктөп кетет, мен ошолорго кошом» – дейт

экен. Сени элиңе кетирем дептир. Ошол уйгур келген сайын аялына көргөзбөй бирден-экиден коюнуна катып күмүш акчадан берчү тура. Ошол уйгур анан келген кыргызга жолуктуруп, мага бир ат даярдады дейт. Жолуңа мата алып коём деди дейт. Анан кетерге жакын аялыман сурадым дейт. Сурасам ата-энесин деле билбейт, көлдүк экенин гана айтат дейт. Кетер күнүмү деле айткан эмесмин, баягы сөздү дунганга айтып коюптур дейт.

Анан дунган чакырып атат дешти. Барсам чычырканактан жасалган узун бешик турат дейт. Жанында чакада камыш чыбыктар чакадагы сууга малынып турат дейт. Анан сөрүдө төрт-беш абышка отуруптур. «Элиң каякта, жериң каякта?» Биз көнүп буткөнбүз дейт, тиги кишинин баласыбыз дейбиз дейт. Мен заматта эле түшүндүм, шекшидим дейт. «Ким менен байланыштың, ал ким эле, каякка кетмек элең» – дейт, мен карганып атам дейт. Айтпай койдум. Анан тигилер колун шилтеп туруп кетти дейт. Үчөө-төртөө келип туруп, дамбалымды калтырып, көйнөгүмдү чечиндирип туруп баягы чычырканак бешикке жаткырып, жанагы чакадагы камыш чыбыктан алып мени сабай баштады дейт. Чакадагы суу чыбык менен бир чабат дейт, буякка салат дейт. Көрсө, өсүп жаткан чычырканактан бешик жасаптыр дейт, үстүндөгү чөпкө кан диркиреп агып атат дейт. Улам эсими жогото баштадым. Анан кийин эле эсими жоготкондо сүйрөп бир жер төлөгө алып барды дейт, ал жерде кыргыздын жаргылчагындай таш экен дейт. Бирок сүйрү, ичине кишинин башы бата тургандай жаргылчак экен дейт.

«Азаттык»: – *Коолу деп коёбу ошону. «Манаста» болуш керек эле.*

Кубат Токтогулов: – Билбейм аны. Ошону башыма кийгизди дейт, чыканагыма чейин жетип, таш кенен экен дейт, анан эки колуман аркан менен керди дейт. Анан отурайын десең тизеңди бүгүп отура албайсың дейт. Оту-

райын десең тияктан аркан басып турат дейт. Отурбайын десең үстүңдөн таш басып турат дейт. Денемин баарынан кан агып атат дейт. Анан ошол бойдон эсимди жоготуп койдум, көзүмдү ачсам эле баягы Кадыркулдун үнү чыгат дейт. Чурулдаган аялдар. Анан тышка чыкканда суу чачып атат дейт. Бир аккан суунун жээгине келдик дейт. Караңгы экен. Көрсө, бирөөлөр иниме, Кадыркулга жеткирген экен. Кадыркулдун тигинин баласы экенин, меним иним экенин малайлардын баары билчү дейт. Анан ошону аялдар айтып, эки ай төшөктө жатып, жалаң дары чөптөр менен дарыланып жатып айыктым деген. Атам кийин бизге көрсөткөндө аркаларында тактар калган болчу.

Кийин атама барып чөгөлөп кечирим сурап, кайра кыштадым дейт. Кайра жаз болду, анан баягы уйгур ого бетер камына баштады дейт. Эми жаз келгенде дагы келет, даана кетирем деди. Камына баштадым дейт. Мен түшүндүм, бирок мен кетерде аялымын боюнда болуп калды дейт. Эркек балам төрткө чыгып калды. Кетер күнү аялыма айттым. Кытайда мындай салт болчу дейт. Түнкү саат он бир болгондо салют атылат. Көчөгө киши чыкса атып таштачу экен. Кароолчулар, колунда документи барлар, милиция гана көчөгө чыкканга акысы бар болчу дейт. Барган киши барган үйүндө калып калат, салют аткандан кийин көчөгө чыкканга болбойт дейт. Аялыма айттым, эки жың болгончо мен келбейм, мен бир жерге конокко барам, баягыдай атаңа чуркап даттанбагын, эртең түштөн кийин келем деп айтып, сырттан бекитип коюп, болжошкон жерге Кадыркул кечигип калып, анан кетпейм дедим дейт.

Ошондон чыгып атканда түшүндүм дейт. Тигилердин курал-жарагы бар экен, 7 – 8 киши экен. Ар биринин минген аты, экиден жүгү менен жетелеген аты бар экен. Бүт баары мата жүктөлгөн. Мага бир ат дайындап коюшту, ошону жетеледим дейт. Анан арманымды айттым,

ата-энем ушул жерден өлгөн, бир иним өлгөн. Жалгыз инимди таштап кетпейм дедим. Ал жакта мени күткөн эч кимим жок десем, ошондо тапанчаны алып чыгып: «Же мени менен кетесиң, же ушул жерде өлөсүң» – деди дейт. Ал мени полицияга айтып коёт деп коркту го. Ошондо ыйлаган боюнча тигилерди ээрчип кеттим. Анан кетип ошолордун капшабы менен түрмөгө түшүп калып жатпайбы. Атам мага баарын ийне-жибине чейин айтып берген да, ошол жерде жашагандары, ал жерде калып калган кыргыздарды. Анан мен иш сапары менен Кытайга барганда биздин түзгөн контрагыбыз Артыш облусунун обком партиясынын пландоо комитети аркылуу түзүлгөн болчу. Орусиядан металл алып келип, аны Балыкчыдан жүктөп берчүбүз. Анын ордуна алар бизге кант берчү. Анан кийин бажы текшерүүгө барганда ал жердеги тилмеч уйгур жигит экен, ал бир кыргыз менен таанышты рып, ал көрсө обком партияда бажы жагын тейлөөчү кырктарга чыгып калган кыргыз жигит экен. Анан эле ал: «Биз барскоондук болобуз байке, биздин тукумубуз көлдүк» – деп айтты. Үйүнө чакырып, мен туугандарым менен таанышты рам деди. Ошол обком партияда иштеген жигиттин үйүндө конок болдум.

Ошол жерге жип айдап бирөө келди, 60тарга келип калган киши экен. Кемпири экөө келип, ал киши айтты. «Биз 30-жылдын башында баягы кулак катары колхоздоштуруу болуп жатканда качканбыз, Көлдөн болобуз»– деди. «Бир топ үй-бүлө мал айдап качканбыз. Акчалары быз бар болчу. Анан ошо убагында ички Кытайга, Ооганстанга чейин кетип, ошонун балдарынын укум-тукуму билимдүү азыр, биз ошонун тукумдарынан болобуз»,– деп айтты ошол кыргыз. Мен баягы тарыхымды айтсам, ал үркүп келгендерден эч ким калган эмес болуш керек. Алардан тирүү баш көтөргөн киши жок, баары эле малай, кул болуп, а балким, жанагындай багып алган балдары болсо издесең табасың, балдары бардыр. А

жанагы калган баласын тиги киши билбейм деп айтты. Кадыркул калса бир жөн, Токтогул качып кетсе тигил баласын өлтүрүп коюшу деле мүмкүн, тирүү калган жок, калса деле малай болуп.

Анан ошол көлдүк кыргыздар айтты. Кийинки качып барган кыргыздардын тукумдары билимдүү дейт. Баары тең окуду, жашоону көрдү. Мурунку үркүндө келген кыргыздардан эч кими калган жок. Тыңыраактары кайра кетти. Бул жерде калган жетим-жесирлерден эч ким калган жок, – деп мага ошол киши айтты.

«Азаттык»: – *Ырахмат, Кубат ага, жакшы аңгеме куруп бердиңиз. Абдан кызыктуу экен. Үркүн кыргыздын башына түшкөн оор мүшкүл. Аны биз кийинки муун эстеп, ошону жаңы муундун эсине салып турушубуз керек. Сизге чоң ырахмат!*

Кубат Токтогулов: – Ырахмат, мүмкүн болсо сөзүмдү жыйынтыктап коёюн. Силерге ырахмат, ушунча материалды эфир аркылуу айтып атасыңар. Анан айрыкча жанагы совет убагында биздин түшүнүктү тескери буруп. Президент Алмазбек Шаршеновичке ырахмат! Ушул жүз жылдыкты коркпой туруп ачыгын билгизгиле, тарыхты унутпашыбыз керек деп ушундай белгилеп атканына. Ушундай жашоого жеткенибизге биз кубанычтабыз. Биздин урпактарыбыз билсе, биздин ата-энелерибиз көргөн тозокту алар көрбөсө десек, алар оң жолго түшөт. Бул тарыхта кала турган нерсе. Анан ошол биз көргөн сабакты, биз окуган бурмаланган тарыхтын чындыгын берип аткан силерсиңер. Басма каражаттарында иштеген силердин ишиңерге ийгилик каалайм! Элибизде ынтымак, тынччылык болсун! Мындай коогалаң болбосун. Ар бир үй-бүлөдө бакубат жашоо болсун!

Маектешкен Бекташ Шамшиев

3.08.2016

Рыскулбек БАКИРОВ

МОЛДОГАЗЫ БОЛУШ ЭЛ ҮЧҮН ЖАНЫН БЕРГЕН

Мен өзгөчө урматтаган бир адам бар эле. Токсон алты жашында кайтыш болуп кетти. Ал убагында комсомолдук кызматкер, партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы, райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп, Ата Мекенге ак кызмат өтөп, ардактуу эс алууга чыккан.

Ардактуу эс алууга чыкканда да карап жатпай Чүй районундагы «Бурана» мемориалдык музейине директор болуп иштеп, тарыхый эстелик тууралуу эки китеп чыгарган. Булардан тышкары «Кыргыздын кыскача санжырасы» деген үч томдон турган китеп жазган. Кыргыз тарыхында аты унутулуп калган улуу инсандарды изилдеп, алардын жасаган асыл иштерин иликтеген нарктуу адам. Карыя ар бир айткан сөзүн, окуяны так, далилдүү айтууга умтулат. Калп, карөзгөй сүйлөгөндү жек көрөт. Эсенкул Төрөканов Чүй районундагы Калыгул чечен айылында жашаган.

Эсекеңдин жаш курагы 90дон ашса да, али тың, сөзү ширин. Кез-кезде атайын жолугуп калганда өткөн адамдар менен тарыхый окуялар, эл башкарган жакшылар, кылымдарды камтыган санжыралар жөнүндө угуудан тажабайм. Бул ирет кызык сөздөрдүн акырында карыя кыргыз тарыхындагы улуу трагедия – Үркүн тууралуу үрөй учурган кайгылуу окуяны айтып берди.

«Мен Үркүндөн бир жыл мурда, башкача айтканда, 1915-жылы төрөлгөм. Бирок Үркүндү өз көзү менен көргөн адамдар менен аңгемелешкен учурларым бар. Мындан бир кылым мурдагы турмуш, ошол кездеги коомдук түзүлүш тууралуу аны көргөн адамдардын айткандары

кызыгуу туудурбай койбойт. Менден 13 жаш улуу Ниязалы уулу Сейталынын өз көзү менен көргөндөрү, тарткан азаптары өзүнчө эле бир тарых. Сейталынын сөзүн эстесем өзү сүйлөп тургандай кулагымда жаңырат.

Сейталы менден кыйла улуу болгону менен экөөбүз сырдаш элек, көп сүйлөшүп, аңгемелешип калчубуз. Ал күндөрдү эскергенде Сейталы көзүнө жаш албай коё алчу эмес. Атасы, энеси, туугандары, ини-карындаштары бир күндө атылып жатса оңойбу? Кайгылуу окуяны Сейталы өзү минтип эскерген:

«Илгери Николай заманында шайлоо деген болчу эле, ал кезде район, облус деген жок. Чүй боорунун Кең-Булуңунан Чоң-Кеминге чейин бир эле болуш эл экен. Ал мезгил, болжолдоп айтканда, 1907–1910-жылдар болсо керек. Мен анда сегиз-тогуздагы баламын. Ошол бир болуштун эли азыр эки район – Чүй жана Кемин райондору болуп жатат.

Ал кезде бул аймак «Кызыл-Суу болушу» аталып, Сооронбай деген киши болуштук кылган. Сооронбай Атаке бийдин тукумунан. Атаке бийдин небереси болгон. Ал башкарган эл Сатыбалды, Атаке, Сокур деген адамдардын тукуму экен. Анын уулу Верныйдан (азыркы Алматыдан) орусча окуган Дүр деген жигит болгон. Кийин Сооронбай картайып, алдан-күчтөн тайганда болуштун бийлик тизгинин Дүргө берген. Ошентип Дүр болуш болуп калат.

Жылдар өтөт... 1910-жылдары Сатыбалды тукумунун балдары Атакенин тукумуна атаандашып, болуш Атакенин эле тукумунан боло береби, деп эл арасында нааразылык күчөп, элдин атынан сүйлөгөн билермандар Алматы губернаторуна (ал кезде бул жер Алматы губернаторлугуна карачу экен) арызданып барышат. Губернатор булардын талабын туура деп табат. Натыйжада, акыры бөлүнүшүп, башы Кызыл-Суу, аягы Кең-Булуң,

Кегети бир болуш эл болот. Жалпы жонунан «Шамшы» болушу болуп аталат.

Болуштукка шайлоо өткөрүлөт. Шайлоодо Сатыбалды тукумунан чыккан, Алматыдан орусча окуган Мамбеталы деген кадырман жигиттин иниси – Муса агасынын кадыры менен болуш болот. Муса Жоламан тукумунан эле. Ошентип Муса болуштукка үч жолу шайланат. Ошондо Кубат тукумунун балдары улам эле Жоламан тукуму боло береби, калыстык болуш керек го, – деп Алматы губернаторуна арызданып барышат. Алматы губернатору бул талапка макул болот. 1914-жылы болуштукка шайлоо болуп, талапкерлер көрсөтүлөт. Шамшы, Бурана жерин жердеген эл Ниязалынын уулу Молдогазыны болуштукка көрсөтүшөт. Шайлоодо эл таш таштаганда (ал кезде азыркыдай эмес, таш таштачу экен) Муса менен Молдогазынын ташы тең чыгат. Шайлоо үч күндөн кийин кайра жүргүзүлөт. Экинчи жолку шайлоодо Молдогазынын ташы көп болуп, болуштукка шайланат.

Экинчи жолку шайлоодо Төлөбайдын уулу Ыбырайым ажынын аракети абдан чоң болуптур. Ыбырайым Муратаалынын уулу Мусага аталаш тууган. Экөө тең жөөбасар тукумунан. Бирок ошого карабастан Ыбырайым шайлоонун экинчи жүрүшүндө элүүдөн ашык өз туугандарын Молдогазыга таш салдырган. Натыйжада, Молдогазыны жактагандар жеңип чыккан.

Ошо кезде Чыгыш Европада согуш күчөп, анын толкуну менен Орто Азияда, анын ичинде кыргыз элинде да толкундоолор болуп турган. Кыргыздар балдарын аскерге бербейбиз деп көтөрүлүш чыгарган. Мындай толкундоолорду токтотууга Молдогазы болуш катары көп аракеттерди жасаган, ага болбой кыргыздар бакан, союл камдап, орустар менен кармашка чыгышкан.

Ошондо Молдогазы: – Орустар күчтүү, курал-жарактуу эл, бардаңкелери бар. Союл, бакан менен орустарды

жеңе албайсыңар антпегиле, тынчтык менен сүйлөшөлү, жалпы тил табышалы, – десе көпчүлүк эл укпай коёт.

Орустар карапайым элге ыдык көрсөтө баштайт. Ар бир үйдү тинтип курал издейт. Эгер мылтык табылып калса, ошол үйдүн ээсин дароо атып таштаган. Момун, сабатсыз калкты мазактап, уруп-согуп, каршылык көрсөтүп каяша кылгандарын ата беришкен. Элдин үрөйү учуп, кача баштаган. Тоо-ташка бекинип, Чүй жеринин калкы Кочкорго, алды Кытайга чейин жеткен. Ошондон «Үркүн» деген ат калган. Эл сүрүлүп кымгуут, чакчелекейге түшкөн.

Токмокко келишкен орус солдаттары эл аралап, айылдын ар бир үйүнө кирип, кимдин үйүндө беш атар, мылтык болсо, ошол үйдүн башчысын үй-бүлөсүнүн көзүнчө атып жатканын Молдогазынын аталаш иниси Кожобектин уулу Бадачы чогулгандарга айтып келген. Коңшулаш Шамшыдагы Самансур уулу мергенчи Имаштын үйүнөн мылтык табылып, ошол эле жерден орус солдаттар Имашты атып салганын, аны коңшусу Бекеш жолдон жолугуп айтканын билдирет. Карапайым дыйкандар качпаганда кантишет?

Элдин жабылып качканына карабастан, Молдолгазы болуштун ата-энеси, үй-бүлөсү, аталаш тууганы Кожобектин уулу Бадачы, жакшы жолдошу Сарыбайдын уулу Жумагул (базыс уруусунан чыккан ыстарчын) болуп булар качпай Бурананын талаасында отуруп калышат.

Үч күндөн кийин Токмоктон полковниктер Иван Александрович Сомка, Алексей Михайлович Москалар келип, Молдогазы болушту кысмакка алышат: «Элиң кайда? Эмне үчүн качырып жибердиңер? Силер бизге душмандык кылып жатасыңар» деген күнөө коюшат. Алардын баарын көчүрүп, эски Покровканын күн батыш жагындагы дөңгө боз үй тиктирип, болуштун ата-энесин ошол жерде калтырып, Молдогазы, Бадачы,

Жумадил үчөөнү эски Покровкадагы (ал кезде «эски Токмок» деп аталчу) бир орустун эски сарайына камап коюшат.

Үч күндөн кийин баягы орустар кайра келишип: «Элиңерди таап келесиңерби? Же силердин башыңарды алалыбы», – деп Молдогазыны кысмакка алышат.

Ошондо Молдогазы ойлонуп: «Элди таап, алып келем», – деп убада берет.

«Андай болсо, бирөөңөр баргыла да элди алып келгиле», – дешет аскер башчылар.

Молдогазы Бадачыга кайрылат: «Сен баргын, агайын-туугандарды тап да, биздин жагдайыбызды түшүндүр. Эл кайра келсин, орустар менен элдешмек болдук, де».

Бадачы мындай дейт: «Мен сенин жаныңан чыкпайм, сен тирүү болсоң, тирүү болом, өлсөң кошо өлөм».

Андан кийин Молдогазы Жумадилге кайрылат. Ал макул болуп, камактан чыгып, элге кетет. Үч-төрт күн жүрүп, эч кимди таппайт. Тиги аймактын журтуна барат, бул аймактын журтуна барат. Эл жок, бир жан жок. Баары качып кетишкен, кайра келет.

Молдогазынын үй-бүлөсү окуяны талкуулашат. Молдогазынын аялы Тыйын: «Башыңарды алалыбы дегени эмнеси, алар элди атып жатса качпайбы. Эл качса биздин күнөөбүз кайсы?» – дейт.

Орустар Жумадилдин жообун укканда булар кууланып жатат деп шектенишет, Молдогазыны дагы кысымга алышат. Дагы үч-төрт күн мөөнөт беришет. Жумадил кайрадан элди изилдеп кетет. Качкан элдин дайын-дареги жок. Мөөнөт бир жумадан ашат. Орустардын кыргыздарга болгон ишеними ого бетер жоголот. Молдогазы менен Бадачыны боз үйгө алып келип, беркилерге кошушат.

Бул топто Ниязалынын уулу Молдогазы болуштун өзү, Молдогазынын атасы Жайчыбектин уулу Ниязалы, Ниязалынын келини, Молдогазынын аялы Тыйын, Молдогазынын аталаш иниси, Кожобектин уулу Бадачы, Молдогазынын кыздары Алтын жана Күмүш, Ниязалынын 14 жаштагы уулу мен Сейталы бар элем. Бирок бул жапырт кыргында мен бир керемет болуп тирүү калгам.

Өлүмгө ыйгарылган бул адамдарды боз үйдүн жанына жаңдап (орусча бири да билбейт да) солдаттар айдап чаккан, кетенчиктегендерин мылтыктын кундагы менен койгулап, боз үйдүн тегерегине кыркалакей отургузган. Ошондо эле аскер башчыларынын, солдаттардын кылган мамилелеринен атыларын билишкен. Ботодой боздоп, кулундай чыңырган үндөр чыккан. Аскер башчылары көрүнгөндө бардыгы чуу көтөрүштү. Солдат башчылары полковниктер Иван Александрович Сомка, Алексей Михайлович Моска тапанчаларын алып чыкканда бардык Ниязалы тукуму өкүрүп жиберишти. Ошондо Молдогазы болуштун атасы Ниязалы сакалынан жашын агызып, кыргызча: «Жан соога, улугум» – деп Иван Александрович Сомканын бутун кучактады. Солдаттардын башчысы Сомка бутун кучактаган Ниязалыны башка атты. Ниязалы тырп этпей жыгылды. Солдаттар Сомканын тапанчасынын үнүн укканда кыркалекей отурган адамдарды атып кириштиш. Бири-бирин кучакташып өлүп жатышты. Солдаттар мени атканда ок оозумдагы тиштерди талкалап, кулагымдан чыгып кеткен экен. Калганын билбейм... Өлгөндөрдүн арасына жыгылыпмын. Мыкаачы солдаттар бардыгын атып өлтүргөндөн кийин, өлүктөрдү мылтыктын найзасы менен сайып, бир жерге үйүп кетишкен экен. Мени да ийинге, колго сайып өлгөндөрдүн арасына кошот.

Бул окуя шашкеде болгон. Туш оогондо эсиме келдим,– деп эскерчү Сейталы Ниязалы уулу, эсимди жы-

йып, эки жагымды карасам ата-энем, бир туугандарым бүт өлгөн. Мен чогулган өлүктөрдүн үстүндө жаткан экенмин, менин үстүмдө карындашымдын өлүгүн көрдүм. Кайрадан эсимди жоготтум.

Анча-мынча убакыт өткөндөн кийин эсиме келип, үстүмдө жаткан карындашымды эптеп жылдырып түшүрүп, өзүм араң кыймылдап, өлүктөрдүн үстүнөн жерге түштүм. Өзүмдү байкасам бутуман туралбайм, башым айланат, оозум толтура кан. Жерге түкүрдүм. Тиштеримдин ооруганын айтпа! Алым жок, араң кыймылдайм. Жан чиркин кыйын экен, солдаттар келип калабы деп, оор жарадар экениме карабастан сандалып, боз үйдүн ылдый жагындагы 100–150 метрдей калың камыштын арасына кирип, көпкө жаттым. Ошондо мылтыктын найзасы менен сайып, сол колумдун муундарынын тарамышын кыркып кеткенин билдим. Ошондон кийин минтип чолок болуп калбадымбы, – деп сол колун кармап койду.

Ошол теңдешсиз мыкаачылык болгондун эртеси бешимде солдаттар келип, боз үйдүн жанынан жер казып, Ниязалы менен Молдогазынын тукумун көөмп кетишти. Өлүк көмгөн солдаттардын үндөрүн аралда, камыштардын арасында жаткан мага угулуп турду. Орустар өлүктөрдү көмгөндөн кийин кетип калышты. Ал жерде да, айылда да эч ким жок. Мен ошол камыштын арасында эки күн жаттым. Үчүнчү түнү камыштын арасынан жылып чыгып, Ак-Бешимдеги кожолор турган жерге келип, коон-дарбыз айдаган аңызга келип жашындым. Айылдын үйлөрүнө кирип, калган-каткан азыктарды жеп, үч-төрт күн жаттым. Эл деген жок. Жымжырт, баары качып кетишкен.

Бул күзгө жакын убак. Жер-жемиш жайнап бышкан мезгил. Дарбыз-коондун суусун эзип ичип, жүзүм соруп жан сактаган күндөр болду. Бир жумадан кийин Ак-Бешимден түн ичинде чыгып, Осмон арыктын жанындагы

үйлөргө кирип, эки-үч күн эс алдым. Арадан дагы он күн өттү. Элди издеп кеткен Жумадилден дайын жок. Он үчүнчү күн дегенде мен эптеп басып, Осмон арыктан өтүп, тоо тарапка бет алып бара жатсам, түн ичинде жогору жактан беш-алты атчан адамдардын караанын көрдүм. Алар дагы Осмон арыктан жөө адамдын караанын байкашып, ылдамдап бастырышып, Сейдалы экенимди таанышат. Атчандар: Ниязалынын иниси Жайчыбектин уулу Төрөкан, Сугатчынын уулу Дүңкана, Ниязалынын аталаш иниси Дүйшөмбүнүн уулу Курама, Ниязалынын эки ата өткөн инилери Карабайдын уулу Бейшембай, Жумабайдын уулу Төлөмүш жана баягы камактан чыгып, эл издеп кеткен Сарыбайдын уулу Жумадилдер экен. Буларды көрүп, эсим ооп жыгылыптырмын...

Мен эсимди жыйгандан кийин сурашты: «Калгандары кана?» – деп.

«Солдаттар баарын кырып таштады», – деп жооп бердим мен.

Бул сөздү укkандан кийин бардыгы улуп-уңшуп ыйлашып мени тегеректешти. Мен да кандайча тирүү калганымды айтып бердим...

Мени атка араң мингизишип, Туура-Кайыңдын үстүндөгү Сары-Терек жайлоосуна алып барышты. Бул окуяны элге угузганда бүтүндөй Шамшы, Бурана эли кайгырган экен. Ал учурда элде дарыгер да жок. Оор жарадар болгон мени кыргыздын табыптарына көрсөтүп, алардын айткандарын, дары-дармектерин колдонуп айыктырышкан. Ошентип Сейталы сөзүн аяктаган.

Демек, Ниязалынын тукуму эл үчүн, журт үчүн өлүмгө баш тосуп, бир болуш элдин, ал эле эмес бүтүндөй Чүй өрөөнүнүн элин жамандыктан сактап, элдин келечеги үчүн курман болушкан. Молдогазы аксакал бир болуш эл бүтүндөй өлгөнчө, үй-бүлөм мен өлөйүн деп чечкен. Чүй боорундагы эл Кытайга тентиген эмес. Молдогазы

болуш эл үчүн өлгөн патриот. Бул чыныгы эрдик, унутулган баатырдык тарыхтан өз ордун табыш керек!

Бул окуяны тарыхчылар да, журналисттер да эч качан эскерген эмес. Молдогазы болуш ата-энеси, бир туугандары, бүт үй-бүлөсү бул апааттан улам кыргынга учурап, жан беришкен. Муну өз көзү менен көрүп, окуяга катышкан Сейталы кийин аман-эсен айыгып, ал киши менен аралашканда өмүр бою айтып жүрүп өткөнүн билем деген эле Эсенкул карыя.

Бул тарыхый окуяны азыркы күндө көңүл буруп, белгилеген бир да айыл өкмөтү, бир да аким жок. Молдогазы болуш бүт үй-бүлөсү менен өлүмгө баш тосуп бербесе, бүтүндөй Чүй боорунун эли тентип жок болмок. 1916-жылкы, андан кийинки адамдар болмок эмес. Бул тарыхый улуу окуя. Тилекке каршы, мындай мааниси зор окуяны ушул күнгө чейин эч ким баалай элек.

Ошол трагедия, Сейталынын окуясы 1916-жылы болгон. Сейталы узак жашап, үйлүү-жайлуу болуп, эки эркек, эки кыздуу болгон, 1982-жылы 80 жаш курагында өз ажалынан көз жумган. Ал адам менден 13 жаш улуу эле. Анын башынан өткөн окуяларын өмүр бою угуп, кийинки турмушун өз көзүм менен көрүп келдим. Мен азыр 90 жаштан аштым – деп сөзүн аяктады Эсенкул Төрөканов.

Эсенкул аксакал менен сүйлөшкөндөн бери бир нече жылдар өттү. Бүгүнкү күндө боштондук көтөрүлүшүнүн – Үркүндүн 100 жылдыгы жөнүндө сөз болгондо ошол кандуу окуяны республиканын жалпы коомчулугу белгилеп жатат.

Акыйкаттык бар экен. Кийин 1919-жылы эч күнөөсү жок кыргыздарды кырган орустарды жоопко тарткан. Алардын ичинде Молдогазы болуштун, Ниязалы карыянын тукумун кырган солдат башчылары полковниктер

Иван Александрович Сомка, Алексей Михайлович Моска атууга кеткен, – деп сөзүн бүтүрдү Эсенкул карыя.

3.05.2016

Жапаркул Токтоналиев
жазуучу

КАСЫМААЛЫ АЖЫНЫН ЭРДИГИ ЖАНА АРМАНЫ

Касымаалы ажы Мамбет уулу (1860–1916) Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук боштондук кыймылынын жетекчилеринин бири жана чоң манап болгон. Ал тууралуу жазуучу Жапаркул Токтоналиевдин баянын сунуш кылабыз.

Ныязбектин «сегиз беги» аталган уулдарынын ичиндеги Шатендин тукумунан чыккан эл башкарган манап. Ал Нарындагы 4 болуш элге таасирдүү инсан болуп, ошол аймактагы калк арасында агартуу иштерин жүргүзүүгө көп күч-аракет жумшаган. Ажы 5000 сомго мечит-медресе салдырып, окутуучу молдолорго балдарды окуттурган. 1916-жылкы улуттук-боштондук күрөштө нарындык кыргыздардын жетекчилеринин бири болгон. Орус жазалоочу аскерлери Көгарт ашуусу аркылуу келишип Тогуз-Тородогу кыргыздарды басканда, Касымаалы эли менен Кашкарга качкан. Бирок орус өкмөтү көтөрүлүшчү кыргыздарга «кечирим берди» деген алдоого ишенип, ат-башылык манап Казы Чоко уулунун чакыруусу менен өз жерине кайтып келгенде, жергиликтүү орус бийлиги-

нин өкүлдөрү аны көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири катары дарга асып өлтүрүшкөн.

Касымаалы ажынын акыркы күндөрү

Кашкар, Анжиян, Бишкек тараптардан Ички Тянь-Шандын өрөөндөрүн аралай каттоочу тоо жолдорунун тоому дарыя жээгиндеги кууш тилкеге орношкон үркөрдөй чакан калааны жазалоочу казак орустардын баскынына эки айдан ашты. Жазалоодон абыгер чеккен жалпак боз тамдуу чакан калаа түнү бою жаап, таңга жуук кыламыктап басылган кеч күздүн нөшөрүнөн кийин ого бетер жүдөңкү. Топурак морлордун түтүнү шамалга айдала көзгө илээшпей, калаа үстү томсорот. Калааны тең бөлгөн ортоңку көчөдө баткак кече жалгыз аттуу суу ташыгыч араба илкийт.

Таңкы намаздан кийинки субакатта отуруп көчө башындагы мечиттен чыккандар эмнегедир кооптонгондой эки жактарын карана бириндеп тароодо. Мечиттен аркы бир кабат узата имараттардагы Абдымомун аксакалдын, Шүкүрбек байдын дүкөндөрүнө кирип чыккандар көрүнбөйт. Аларга теке маңдай ашкананын сереси жабык. Баткактан чолоолой ылдыйтан басып келаткан үч кишинин алдындагы боз таар чепкенин камтый курчана, калпагын баса кийген чокчо сакал, сыйда мурут кара сур киши камчысын сүйрөй дүкөнгө кайрыларда, артындагы кара трайке чепкенин бүчүлөнө кийген кара саксак тебетейчен көк ала сакал, сары чийкил салабаттуу карыя:

– Жан кулактын учунда турганда буйдалбайлычы! Жолдор тосулуп жатат дешпедиби?! Эртерээк көмүскөлөй шаардан чыгып кетели, – деп дүкөн бурчунан дарыя жакка өткөн тик көчөгө бурулуп, жээктен бери кырданып турган айгыр жал алдындагы боз тамдарга бет алды.

Жалгыз аттуу суу ташыгыч араба баткак кече илкий дарбазалар алдына токтоодо. Андан суу алып кайра келгендерден бөлөк көчөдө жан көрүнбөйт.

Үркөн кыргыздарды тоо-ташка камап тыптыйпыл кыруу жөнүндөгү Жети-Суу аскерлеринин командачысы генерал Фольбаумдун ырайымсыз буйругун аткарган казак-орус жүздүктөрүнүн Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Нарын, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө айылдарды өрттөп, бейкүнөө элди эмчектеги балдарына чейин кылычтаган жырткыч кыргыны калайыкты мүңкүрөтүп турат.

Жети-Суу казак-орустарынын үчүнчү полкунун есаул Булычевдин жүздүгү Он-Арча (Тынымсейит), Ажы, Субан, Шатен, Моңолдор, Шаркыратма, Черик айылдарын түрө, кокту-колоттордо, Кытайга өтүүчү Үзөңгү-Кууш, Бедел ашууларына кетүүчү жолдорду тосо ок жаадырып, эл башына кылыч ойнотуп жүрөт.

Оренбург казак орустарынын полковник Бобров жетектеген алтынчы полку Намангандан Көгарт аша келип, Атайкеде көтөрүлгөн Тогуз-Торо кыргыздарын канга батырган кыргындан кийин, Ой-Кайың, Каргалык, Ак-Бел аша Нарындын түштүк жээгине, Дөдөмөл, Кара-Гөө аркылуу түндүк жээгине оогон.

Есаул Кохановскийдин жүздүгү Молдо ашуусу менен Соң-Көлдү жээктеп, Чаар-Арча, Килемче аркылуу Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө көтөрүлүп, Канат Ыбыке уулун кан көтөргөн айылдарды жазалоого өткөн.

Есаул Скоболевскийдин жүздүгү Ала-Буга, Туткуй, Терек-Чат, Актал-Чат өрөөндөрүн кана караптап, Суук капчыгай өрдөй Орто-Сырт, Чалк-Өйдө, Ат-Башы өрөөндөрүнө өтүп Таш-Рават, Торугарт ашууларына бет алган кыргыздарды кырып жүрөт.

Генерал Фольбаумдун буйругу менен жазалоочулардын жалпы жетекчилиги полковник Бобровго жүктөлгөн. Убактылуу штаб Нарын гарнизонунда турат.

Гарнизон калаанын боз тамдарынан обочороок, дарыя жээгиндеги кашаттан бери карагайдан кыналып, Сибирь ыкмасы менен салынган орус чиркөөсүнө жанаша жайланышкан казарма имараттарында. Падыша акими – участка начальнигинин кеңсеси да аларга тутумдаш. Бул чөлкөм бийик дарбазалуу дубал менен курчалып, калаанын жупуну турпатына коошпой, өгөй жана сүрдүү турат. Казарма алдындагы аянтка орнотулган дарганын кендир сыйыртмактары кимдердин мойнуна илинерин күткөндөй шамалга термеле көргөндөрдүн үшүн алууда.

Күн көтөрүлө бийик дарбаза ачылып, үчтөн сапка турган куралдуу атчан орус солдаттары үч топко бөлүнө: бири Нарын көпүрөсүн карай өйдө, экинчиси калаадан бир аз обочо түштүк-чыгыш тоо этегиндеги карагай тамдуу ооруканадан берки бош аянтты кыйгач кесе, Орусия ажайыпканаларынын ортончусу көпөс Музивийдин (Неживойдун) имараттары менен турак үйүнүн ортосундагы кыска көчөгө сала Шаркыратма жактан келүүчү Ат-Башы жолуна, үчүнчүсү ортоңку көчө менен Ак-Кыя оюн көздөй текирең-таскак менен жөнөштү.

Жазалоочулардын баткактуу даңкан учурган дүбүртү калаанын кооптуу тиричилигин селейте түштү. Бирин-серин көчөгө баш баккандар кыргый көргөн таранчыдай жакын эшиктерге жылт кирип жок болууда.

Оң жактагы чоң дарбаза алдындагы жалгыз аттуу арабадан суу алып турган аял чакасын таштай кире качты. Малакайын баса кийип, шырымал күрмөсүн белинен курчанган суучу чакасын колуна кармаган бойдон солдаттардын артына карай араба үстүндө селейип турат.

Казак-орустардын баткактуу дүбүртү элдин үшүн алуу үчүн бүгүн көрсөтүлүүчү көз көрүнө жан алуунун дүбүртү; кыргындан баш калкалоо үчүн тогуз жүз түтүн эли менен Кытайга качып кармалган айтылуу Касымаалы ажыны болуш уулу Орунаалы жана жигиттери

менен даргага асуунун коопсуз болушу үчүн көрүлгөн кошумча чара болучу. Таң заарынан чыккан казак-орус солдаттары Нарын көпүрөсүнүн кулагында, Шаркыратмада, Теке-Секирикте, Ак-Кыя оюнда бирин-серин шаарга келаткан кыргыздарды аттарынан түшүрүп, камчыларын, кындуу курларын, бычак кестиктерин алып, жол боюна отургузуп кайтарып турушат. Касымаалы ажыны даргага асуу убактысы жеткенде аларды казарма аянтына жөө айдап келип, укмуштуу өлүм жазасын көрсөтүүгө тапшырма берилген эле.

Казак орустардын коркунучтуу дүбүртү басыла көчө ичи бир аз тынчый түштү. Бир тынымдан кийин участка начальниги Хохалевдин кеңсеси жактан эки атчан суурула чыгышты. Баштарында кызыл чок тагылган көрпө тебетей, кемселдеринин сыртынан курчанган курларында кындуу кылыч салаңдайт.

– Уккула, баарыңар уккула! Кадимки Касымаалы ажы, болуш уулу Орунаалы жигиттери менен казарма алдында даргага асылат. Келгиле, келгиле казарма алдына, Кекилүп (Хохалев) таксыр өзү чакырат. Укмуш кызыкты көрөсүңөр. Чиркөө алдына келгиле! Кекилүп таксыр өзү буйруду, келгиле! – деп жарыша кыйкырып келатышат. Желдире бастырып ортоңку көчө менен тоо тараптан келген тик көчөнүн кесилишине жеткенде, бири оңго бурулуп дарыя жакка, экинчиси түз ылдый жөнөштү.

– Уккула, уккула, баарыңар уккула! Кекилүп таксыр өзү буйруду! Кытайга качып кармалган айтылуу Касымаалы ажы даргага асылат. Чиркөө алдына келгиле! Ата-бабаңар көрө элек кызыкты көрөсүңөр. Келгиле, келгиле! – деп үндөрүнүн болушунча кыйкырып, шөлпүлдөтө желдиришет.

Казак-орустарынын дүбүртүнөн кийин бир аз калыптана түшкөн калаанын ыкшоо тиричилигин кызыл

чоктордун кыйкырыгы дүрбөттү. Тирилик жагдайында көчөгө чыккандардын кээ бирөөлөрү үйлөрүнө кире качышса, кээ бирлери жанындагылардан эмне болгонун түкшүмөлдөөдө.

Шүкүрбек, Абдымомун дүкөндөрүнүн кардарсыз эригип отурган сатуучулары кыйкырыктан улам чыгышса керек. Дүкөндүн сырдалган көк каалгасы алдында чаар ала топучан үч-төрт жигитке сакал муруту сыйда серпилген улгайыңкы уйгур колун төмөн жакка жаңсап, бирдемелерди түшүндүргөнсүп турат. Суу ташыган жалгыз аттуу араба баткак кече илкий ылдыйлап баратат. Кыйкырыкты уга артын караган суучу арабакеч элейип оң тарапка ыктай кызыл чокко жол бошото илээлейт.

Көчөнүн орто жери, оң ыптада көпөс Мендуруптун (Бондаревдин) жерпайы бийик чатырчасы тунукеленген карагай үйү. Эшик алдындагы тепкичтүү сересинде кара фрактын үстүнө кундуз жакалуу халатын желбегей жамына, чегерме кундуз тебетейин (гоголь) кырданта кийген, жээрде сакалы кылдат серпилип, муруту чыйралган, сары чийкил эткээл орус канжасын маашырлана соруп, жанындагы орус төбөлдөрү менен күлө бага маектешип турат. Ага катар почта кеңсесинин алдында чүмбөттөлгөн эки аттуу арабага жүк салып жаткан эки орус жигит, аларды тескеп турган бакжагай сакал орус кыйкырып келаткан атчан кыргызды таң кала карап турушат.

– Келгиле, келгиле! Чиркөө алдына келгиле. Айтылуу Касымаалы ажы, уулу жана жигиттери менен даргага асылат. Кекилүп таксыр өзү чакырат. Укмуштуу кызыкты көрөсүңөр, келгиле чиркөө алдына! – деп кыйкыра желдирген кызыл чок көчө аягына чыга жаздап калды. Кызыл чокко оро-пара көчө аягындагы мал базар жактан келаткан үч-төрт киши жакаларын кармана токтой калышты. Араларындагы ак сакалы жайкала, муруту сыпаа серпилген, күрөң нооту чепкен, түлкү тебетейчен карыя жакасын карманган тейде:

– Оо, Жараткан! Кыргызды эмне алаамат каптады!? Өзүң сактай көр! Кайран киши бейажал кетет экен да. Касымаалы ажыны Тоюндан кармап келди деди эле. Кайран киши, кайран киши! – деп тунжурай түштү.

– Такыба да, катаал да, дөөлөттүү да киши деп укчу элек. Ооматы кеткен экен да. Оомал-төкмөл дүнүйө, – деп күрсүндү жапалдаш бойлуу, боз таар чепкенчен, ак калпак жээрде сакал, чекир көз сары киши сакалын сылай.

– Атаң көрү, жинди неме го. Киши өлтүргөндүн эмнеси кызык. Эмнесин көрөт элек!? Жүргүлө айылга кетип калалы, – деп аксакалга суроолуу карады, көрпө малакайчан, кемселчен боз тонун кынай курчанган, олбурлуу сары чийкил жигит. Аксакал кайра бурула жолдошторун баштай дарыя жээгин карай жөнөштү.

Кыйкыра, кыйкыра көчө аягына чыккан кызыл чок солго бурулуп тоо жакка карай жөнөдү. Кыясы, тоо этектеген узата көчөнү кыдыра башына чыгып казармага кайрылчудай түрү бар. Суу жээгинен берки узата көчөдө жар салып жүргөн кызыл чок тик көчө менен өйдө бурула ортоңку көчөгө чыга келди.

– Чиркөө алдына келгиле! Кызыкты көрөсүңөр! Кекилүп төрө өзү чакырат! – деген кыйкырыгы анчалык натыйжа бербегенинен улам басыгын жайлата ар кайсы дарбазаларга токтоп камчысы менен тыкылдатып, бирөөлөрдүн чыгып жөнөөсүн күтүп туруп, анан жолун улоого өттү. Кызыл чоктордун айдаганынан улам көчөлөрдө ыргылжың боло өйдө бараткандар көрүнө баштады.

Түшкө чукул көпүрө кулагынан, Теке-Секирик, Шаркыратма, Ак-Кыя жактардан аттарынан түшүрүлүп тинтилген кыргыздар солдаттардын айдагында топ-тобу менен баткак кече чиркөө короосуна киргизилип, андан ары казарма аянтына өткөрүлүп турду. Келгендер даргадан обочо аркан керилген тосмонун ары жагына жыйна-

лууда. Түш оой дарга жанындагы аянтка жүз элүү, эки жүз чамасында кыргыздар чогулду.

Эки тирөөчке ашталып, беш сыйыртмак илинген дарганын төрт бурчуна жыйырма метрлик аралыкта мамычалар орнотулуп, кендир аркандар керилген. Керменин сыртында, ар бир беш кадамда бирден солдат найзалуу мылтыктарын окчо кармап какайышат. Дарганын эки жагында эки офицер жалаң кылычтарын ийнине жөлөй, аттарын ыргыштата кекейишет. Казарма дубалы сыртынан ар бир жыйырма метрде бирден атчан казак-орустун көзөмөлүндө турат.

Чогулган элдин көңүлү шамалга жай термелген дарганын сыйыртмактарына арбалууда. Сыйыртмакка муунтуп өлтүрүүнүн туңгуюк азабын боолголой ар кимдин жан туюму ичиркене титирейт. Дарганын ар бир сыйыртмагынын алдына жарым кезден таарылган дөңгөчтөр турат. Кеч күздүн сыдырым коштогон нымдуу кара суугу өпкөдөн өтө, баткак кечип аргасыз түйшөлүп турган эл коркунучтуу сыйыртмактар кимдердин мойнуна илинерин зааркана күтүп турат. Мындан үч күн илгери угузулган сотсуз өкүмгө ылайык күнөөсүз кыргыздардын жаны азыр көз көрүнө алынмакчы. Аларды жан алгыч үч күндөн бери күтүп турат...

Үч күн илгери

Аскер гарнизонунун камак жайы. Чакан бөлмөнүн ичи темир торлуу кичине терезеден түшкөн кунарсыз шооладан күңүрттөнүп турат. Бөлмөнүн кереге дубалдарына орнотулган тактай середе алты киши. Төр жагында Ниязбек сегизиндеги мыктылардын бири айтылуу Касымаалы ажы, ага катар үзөңгү жолдошу Чоткара бий, Ажынын болуш уулу Орунаалы, болушка кандидат [1] уулу Акимаалы, «нээти казат» деп орус өлтүргөн бир

тууган жигиттер Момунаалы, Бопунаалылар отурушат. Баарынын көңүлү теспе тарта жай сүйлөп отурган Касымаалы ажыга бурулган. Жазы маңдай, субагай кызылдуу жүзүнө төш жаба куюлган кара сакалы, серпилген сыйда муруту төп келген, бийик кабак алдындагы оттуу курч көзүнөн эл жүгүн аркалаган өмүр өтөлгөсүнө тете кайрат, Кудайга болгон чексиз ишенимге уюган кебелбес сабырдуулук байкалат. Башында тепчий шырылган төбөсү учтуу ак топу, тик жака ак кемселинин жакалары тегиз бүчүлөнгөн. Кемселге өңдөш шымынын багалектери хром маасынын кончуна кийирилген, мандаш уруна отуруп аңгеме улантууда. Кырктын ичинде эле ажыга барып, тобого таянган Касымаалы күч-кубатын, акыл кайратын беш күндүк өмүрдү адал жашап, Кудай алдына ыйман күтүп барууга үрөп турган учуру эле. Азыр элүү төрткө караган кези.

Тайманбаган курч мүнөзү, эргиген өктөм кыялы, акыл калчаган калыстыгына, шарият жолун ыйык тутканын агартуучулугуна айкалышкан Касымаалы ажы арканын аяр манаптарынын ичинен айырмаланып турар эле. Даңазалуу күлүк кара аты Базаркул байдын ашында топ жарып алган байгеси бир пуд күмүш жамбыны соогат деп элге таратып, өзүнө бир гана жамбы алган жоомарттыгы, эмгекчил сарамжалдуулугу, түтүн ээлерине, кембагалдарга жардам берген кайрымдуулугу, чукугандай сөз тапкан чечендиги, күйдүргү курч мыскылдары, кылмыш жасагандарды катаал жана аёосуз жазалаганы эл ичине аңыздалып таралып калган.

Маңдай терин төгүп, тың оокат өткөргөндөрдү таасын колдогону, бей-бечараларга үзүлө түшүп камкордук көргөнү, Нарын өрөөнүндө биринчи болуп чыгыш архитектура үлгүсүндө медересе куруп балдар окуткан агартуучулугу, ууру-кескилерди, ника арамдаган ойношчулдарды эл алдында көрүнө аёосуз жазалап маскаралаганы,

сөз баркын билбей жүйөсүз сүйлөгөн бекер ооздорду ачуу мыскылдап соттогону, элдин бир даарын чочулатса, көпчүлүк анын эл башкаруусунун тарбиялык маанисине таң берип, кадыр-баркы көтөрүлүп турар эле.

Касымаалы Кара-Булуңдагы медересесинде тегине карабай балдарды окутууну колго алган. Казандагы Галия Бану жогорку медресесин бүткөн уулу Айдараалы, Молдо Ажы Агыбай молдо, билимдүү аалым Тайыр Карылар медреседе дарс окушкандыктан өз убагында бул окуу жайынын билим берүү мүмкүнчүлүгү бир кыйла жогору болгон. Кийин биринчи мугалимдерден болуп кадыр-барк күткөн Абдылда молдо Аралбаев, Эшбай молдо Токсобаев, Сарба молдо Осмоналиевдер билимди Касымаалы ажынын медресесинен алышкан.

Кыз-Мазардан ылдый Кара-Жардын алдына тырмалап эгин эгип тың оокат өткөрүп турган дыйкан Андашты колдоп, короосуна байлардан чогултуп кой салып берет. Жардам көргөн Андаш ноо куруп, Отуз-Адырдын үстүнө суу чыгарып, дыйканчылыгын арбытып журтка пайдасын тийгизип турат. Байлык күтүп, ажыга барган элге кайрымдуу, кадырлуу адам.

Падыша өкмөтүнүн кыргыздарды жеринен сүрүп чыгарууну көздөгөн адилетсиз чараларынан улам эл ичи дүүлүгө баштагандан бери Касымаалы ажы Шабдан баатырдын уулдары Мөкүш, Исамүдүндөр менен өз ара кабарлашып коңшу Казакстандагы, Чүй өрөөнүндөгү жагдайларды иликтеп турар эле.

Чөп чабыш башталардан бир аз мурда кудасы Шабдан уулу Исамүдүндүн жигити Бугубай жашыруун келип, Олуя-Ата, Алматы, Жаркен, Капал, Лепси казактары, Чүй, Ысык-Көл кыргыздары орус-герман согушуна ууларын жибербей көтөрүлүүгө даярданып жатышканын кабарлап, Нарын, Ат-Башыдагы жагдайдан маалымат алып кеткен эле. Жалпы элдин ишин колдоого ниеттен-

ген Касымаалы ажы элин ар кандай абалга даяр болууга камындырып, болушунча жарактандырып күтүп турган.

Чүй жактан көтөрүлүштүн оңунан чыкпай, падыша өкмөтү элди аёосуз кырууга өттү деген кабар келгенде, айыл жигиттери Момунаалы, Бопунаалылар өч алабыз деп Нарындан почта менен келе жаткан эки орусту өлтүрүшөт. Бул жоболоңдуу кабар угулгандан кийин элди бөөдө кыргынга учуратпайлы деп Касымаалы ажы тогуз жүз түтүн жамаатын чогуу көчүрүп Кытайга аман өтүп кетет. Эл Тоюнга жайланышып, эл жайын түшүнгөн сөз билги иниси Шераалы ажы Кытай улуктары менен сүйлөшүп баш калкалоо сурап, Кашкарда жүргөн кезде, Нарын участка акими Хохалев ажынын үч ата өткөн тууганы Ниязбек сегизинин Ат-Башыдагы мыктысы Казы болуш аркалуу Черик Мааке ажы баштаган аттуу-баштуу эл кишилерин жиберип: «Касымаалы кайра эли менен келсин. Падышага өткөн кызматы бар. Эч ким мышыгын мыш дебейт» – деп алдап чакыртат.

Ажалдан качып кутулууга болбойт деген терең ишенимдеги ажы эли менен кайра көчүп, Торугартты ашып түшкөндө тосуп турган казак-орустар элди канакарап кылып өзүн, болуш уулу Орунаалыны, болушка кандидит уулу Акимаалыны, кеңешчи жигити Чоткараны жана орус өлтүргөн эки жигитти туткундап келип камаганына бир ай толо жаздап калды.

Ажал жетсе арга жок

«Беш күндүк» жашоонун ыракатын да, машакатын да таразалай билген Касымаалы ажы белгисиз кооптуу тагдыр күтүп турган күнү да сабырлуу, кайратынан жанбайт.

– Биз эмес Азирети Мухамед Алей Салам дагы капырлардан кордук көргөн. Капырлар өлтүрмөкчү бол-

гондо Алла Таала өзү сактап, Мединага көчкөн эмеспи. Ажал жетсе арга жок. Кудай ыймандыбызды жолдош кылсын. Өлүм – эч ким баш тарта албас парс. Ошентсе да тирүүлүктөн үмүт үзбөй Кудай Тааладан жакшылык тилейли, – деп сөзүн аяктай, өлүм менен өмүрдүн чегинде абыгер чегип турган жаш уулдарына аянычтуу көз чаптырды.

– Касыке, биз эч кимге залал келтирбей жан аргасы үчүн үрктүк да. Анын үстүнө сиздин ак падышага өтөп келген адал кызматыңыз, калк ичиндеги кадыр-баркыңыз эске алынса бошоп кетербиз дейм, – деп ажыга үмүт менен карады Чоткара бий.

– Бардыгы Кудаанын колунда. Тагдырга жазылганын көрөбүз, – деп ажы ичинен келме келтирип тепсе тартуусун улантты.

Аңгыча эшик шарт ачылып, эңгезердей узун бойлуу, кең далылуу, погондуу күрмөсүн ийнинен арчындаган жез тоголуу курга маузер илинүү, кызыл жээктүү фуражкасын алчыланта кийген эсаул Булычев татар тилмечтин коштоосунда кирип келди. Аларды коштоп жүргөн прапорщиктин «Тургула» деген кыйкырыгы отургандарды селейте ордунан көтөрдү.

Эсаул папкесинен бир барак алып, үнүн жасай каадалана төмөнкүлөрдү окуду: «Именем Его Императорского Величества, на основании статьи 1308 Военного Судебного Устава, согласно приказа Военного Ведомства 1914 года И 464, Особый отрядный суд, ведомый начальником отряда Его Превосходительства полковником Бобровым за организацию вооруженного мятежа против Его Императорского Величества и убийства двух русских людей приговорил к смертной казни через повешение: Касымаалы Мамбетова, Орунаалы Касымалиева, Чоткара Барманова, Момунаалы Жетигенова, Бопунаалы Жетигенова. Приговор обжалованию не подлежит. Исполняется

на третий день после оглашения. 14 октября 1916 года, город Нарын».

Тилмеч кыскача төмөнкүлөрдү которду:

– Улуу урматтуу Императорго кыянат кылып, көтөрүлүш чыгарганы, орус адамдарын өлтүргөнү үчүн таксыр Бобров жетектеген аскер соту Касымаалы Мамбетовду, Орунаалы Касымалиевди, Чоткара Бармановду, Момунаалы, Бопунаалы Жетигеновдорду даргага асуу менен өлүм жазасына буйруду. Өкүм акыркы. Даттанууга жатпайт. Угузулгандан кийин үчүнчү күнү ишке ашырылат,– деп үнүн салмактуу чыгара которду. Алгач тула бою дүрт эте түшкөн ажы келме келтирип, сабыр кыла төрөгө тике карап: – Сураксыз да өкүм болобу? Өкүм адилетсиз. Ошондой болсо да Кудай менин тилегенимди берген экен. Үч күн мурда өлүмдөн кабар келсе деп тилөөчү элем. Эр ортонун аштым, мунабу жаштарга убал. Ыгы келсе мени өлтүрүп, калгандарды бошоткула, – деди.

Тилмеч кайра которду эле, эсаул башын чайкап:

– Өкүм акыркы. Даттанууга жатпайт, – деп шарт бурулуп чыга жөнөдү. Кандары ичине тарта өндөрү кубарып, бүткөн бойлорун майда калтырак баса, деңдароо болуп турган тагдырлаштарына кайрылып:

– Кайрат кылалы, капырлардан ырайым болобу. Бул жалганда өлбөй турган адам жок. Бизди өлүмгө буйругандардын өздөрү да дайыма өлүмдүн тузагында жүргөнүн билишпейт. Бүгүнкү тирүүлүгүнө маашырлана өлбөчүдөй болушат. Кайрат кылалы. Алла Тааладан ыйман тилейли. Олтургула, - деди ажы сабырлуу ишенимдүү үнү менен.

Өлүмгө буйрулгандардын ичинде аты чыкпай калган кичүү уулу Акимаалы:

– Касыке, бул кандай шумдук! Силер күнөөсүз өлсөңөр менин тирүү калышым кандай, – деп атасына боюн таштап, кучактай солуктады.

– Сабыр кыл, уулум. Сени куткарышат. Көрөр күнүң алдыда. Сени Кудай өзү сактады. Чыгып барып эл-журтка бизден салам айт. Шераалы ажы эл тынчыса Кашкардан келээр. Айдараалы молдо агаңар бар. Ошол агаларыңардын акылына көнүп оокат кылгыла, – деп ажы ордуна отуруп теспе тартууга өттү. Өлүмгө буйрулган эки жигиттин улуусу жазы маңдай, кең таноолуу, ээрди калбагайыраак, көзү жайнаган кара сур жигит Момунаалы:

– Ажым, оруска тийген биздин кол эле. Силердин ажалыңарга калдык го. Бизди кечиргиле, – деп колун боорuна алып ажыга тигилди.

– Кудай өзү кечирсин. Биз да тагдырга жазылганын көрүп жатабыз. Отур, ыйман тилейли, – деп теспе тартуусун улантты.

Өлүм кабары үрөйлөрүн учуруп, жан туюмдары мулжулуп турган бечаралар ажынын напил намаздарды окутуп, пайгамбардын, улуу адамдардын өмүрүнөн баяндаган, өлүм алдында көңүл жубатардык окуялуу ангемелерине көңүл бурган болушат. Өлүм, өмүр Алла Таала түгөй жараткан ар бир пенденин мойнундагы парыз. Аны сабыр күтүп, ыйман келтире тосуп алуу жөнүндөгү жүйөлүү осуят, кайраттарына уюмуш болгонсугандары менен, санаалары сандап, өлүм менен өмүрдүн туюмдары алпурушкан машакаттуу эки күндү өткөрүштү.

Үчүнчү күн

Мына бүгүн акыркы үчүнчү күн. Көз көрүнөө келүүчү жан алгычты күткөн азаптуу мүнөттөр... Жарык дүйнөнү калтырып жан берүүнүн белгисиз коркунучунан жүрөк зилдеп турса да, чиркин үмүт жылт эте көңүлдү ээрчите калат. Үмүт өчөт..., жанат..., өчөт. Эшик шарт этпей турса экен дет жүрөк опколжуйт. Ага болобу. Эшик шарт ачылып, эшик алдында желдеттер көрүндү.

Даргага асылуучуларды бирден чакырып, колдорун артына байлап, катарга тизишти. Касымаалы ажыны алдыда, калган төртөөн экиден артта. Теребелди козгогон түрсүл алдында айдап жөнөштү. Айлананы капыстан дүңгүрөткөн барабан түрсүлү дарга алдында жыйылган элди казарма жакка жалт каратты. Камак жайынын келе жаткан өлүм туткундарды көргөндө эл дуу эте козголду. Колдору артына байланган, жан-жактарында найзалуу мылтыктарын кесе кармаган бештен он солдат. Ортодо бейкүнөө жандары алынуучу беш киши. Алдыда Касымаалы ажы, башында тепчий шырылган төбөсү учтуу ак топу, тик жакалуу ак кемсел шымчан, багалеги хром маасынын кончуна түшүрүлгөн. Жазы маңдай, субагай кызыл жүзүнө төш жапкан кара сакалы жараша, терең кабагы алдындагы сурмалуу курч көзүнөн, элүүнү жаңы аралаган жигерлүү адамдын эргиген жашоо кумары, Алла Таалага жан туюму менен чексиз ишене ыйман күткөн кайратына багынгандай, кебелбеген токтоолук, сабырдуулук туюлат. Башын өйдө көтөрө жарык дүйнө менен кадыресе коштошкон таризде тоо башына көз чаптыра келатат. Ажынын артында окшош ак кемсел шымчан, нооча бойлуу, кырдач мурун, кызыл жүздүү, муруту жаңыдан керилген жыйырма беш жаштагы болуш уулу Орунаалы, ажы менен жашы тең, үзөңгүлөш Чоткара бий. Алардын артында кырылган чачтары өскөн, жылаң баш, боз таар кемсел шымчан, жыйырма үч, жыйырма беш жаштагы олбурлуу жигиттер Момунаалы, Бопунаалы келе жатышат. Элдин күңгүрөгөн уу-дуусун кимдир бирөөлөрдүн эчкире боздогон үндөрү коштоп турду. Касымаалы ажыны жолдоштору менен дарга алдына келтирер замат эки офицер коштогон эсаул Булычев алардын каршы алдына тура, папкасынан кагаз алып, отряд соту Касымаалы ажыны, Орунаалыны, Чоткараны, Момунаалы, Бопунаалыны ак падышага кыянаттык

менен көтөрүлүп чыгып, орустарды өлтүргөндүгү үчүн өлүм жазасына буюрганын, өкүмдүн дарга асуу менен азыр аткарыларын айтты. Тилмеч өкүмдү кыргызчалагандан кийин, эсаул Булычев мурутун сылай тамагын жасап:

– Өлүм алдында кандай каалоолоруңар бар? – деп соттолгондорго кайрылды.

– Күнөөбүз жок. Шейит кетип бара жатабыз. Оо, эл журт! Бейкүнөө кырылып бүлүнгөн эл, кемелиңе келе турган күндү Кудайдан тилегиле! Улуу-кичүү, ага-инилер! Өкүм жүргүзүп араңарда жашадым. Көңүлүңөрдү оорутуп, капа кылган болсом кечиргиле, жакшылык жасаган болсом эстей жүргүлө. Аласаңар болсо айткыла. Иним Шераалы ажы, уулум Айдараалы беришет. Мен силерге ыраазымын. Силер да мага ыраазы болгула, – деп элге кайрыла үн салды күрөө тамырлары чыңала бир аз буулуга түшкөн Касымаалы ажы.

– Ыраазыбыз деген үндөр үзүл-кезил боздогон ыйга аралаша муздак абаны термелтти.

– Улук, – деп офицерге кайрылды ажы. – Өлүм алдында эки рекет намаз окуганга уруксат бер.

Тилмеч которду. Эсаулдун баш ийкеген ишаратынан кийин туткундардын колдору чечилди. Касымаалы ажы дарга алдында кыбылага жүзүн буруп, бет аарчысын жая намазга турду. Артынан Орунаалы, Чоткара, Момунаалы, Бопунаалылар экиден катарга турушту. Ажы такбир айтып кол байлап намаз окууга өтүштү. Намаз окулуп бүтө Касымаалы ажы: «Оомийин, Алла Акбар»,– деп колун жайганда жалпы эл дуу эте: «Оомийин», – деп бата тилешти. Элдин алдында турган Тайыр кары дамбылда ажынын жанына басып келип:

– Хаджи, сиздер шахит болгайлар. Алла Таалам сүйгөн адамсыз. Хаммаларын жаннати болундар, – деп Ка-

сымаалы ажыны кучактап, төшүн тийиштире коштошту да, Чоткара, Орунаалы, Момунаалы, Бопунаалылардын карысын кыса ичинен келме келтирип, четке чыкты. Желдеттер туткундардын колдорун байлоого кам урганда:

– Эй, улук, – деди намаздан кийин үнү чыйралып кадимки кайратына келген Касымаалы ажы кадыресе сабырлуу үн менен:

– Мени мурда өлтүр. Уулумдун өлүмүн көрбөйүн. Дагы уруксат бер, колдорубуз байлана электе бири-бирибиз менен ыраазылашалы.

Тилмеч которду. Эсаул өлүм алдындагы бул адамдын сабырдуулугуна таң кала баш ийкеди. Ажы солдаттардын туткунунда жулкунуп, адилетсиз өкүмгө акаарат айтып турган уулуна кайрыла көкүрөгүнө кысып:

– Уулум, – деди салмактуу үн менен: – Аталык акымдан кечтим. Башыңды көтөр! Ыйманың жолдош болсун!

– Чоткара, үзөңгү жолдош элек. Өйдө-төмөнүбүздү кечиришелик, – деп бий менен кучакташты. Момунаалы, Бопунаалы жигиттердин колун кыса коштошту да, колун байлоо үчүн жибин даярдап турган желдетке билектерин тосту. Кудай Тааланын бардык бирдигине жан туюмун берген ажы, өлүмгө эмес каймана сапарга бара жаткандай сабырдуу да, токтоо да көрүндү. Желдеттер колун байлап, ажыны четке илмектин алдындагы дөңгөчкө чыгарып, мойнуна сыйыртмак салды.

«Илла, иллаха илла Алла», – деп ажынын үн чыгара келтирген келмеси бүтөрдө желдет аяк алдындагы дөңгөчтү тартып кетти. Денеси саланДай дирт эте, ажы кара сакалы төшүн жаба сунала түштү. Эл ичиндеги күрсүнгөн уу-дууну эчкире боздогон ый коштоп турду. Ажыдан кийин калган төрт шейиттин жандарын чогуу тартышты. Даргага беш шейит асылган бойдон калды.

Солдаттардын айдагында тарооого дүрбөгөндөрдүн кайгылуу кобурун коштогон мунду ый чыгыштан соккон сыдырым менен обого тарап турду. Киргил булуттар каалгый көчкөн кеч күздүн бозомук асманы суз, элдин кайгысына орток болгонсуп теребел бүркөө тунжурайт.

Касымаалы жөнүндөгү архивдик маалыматтар:

Касымаалы ажы Мамбет уулу (1860–1916) Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук бошондук кыймылынын жетекчилеринин бири. Ири манап.

Көтөрүлүштө хан көтөрүлгөн Канат Ыбыке уулу, Мөкүш Шабдан уулу менен кеңеши бирге болгон. Көтөрүлүш оңунан чыга бербей, Россия империясынын жазалоочу отряддары элге кыргын сала баштаганда 900 түтүн эли менен Кытайга ооп кеткен.

Касымаалы Мамбет уулун жазалоону көздөгөн Пржевальск уездинин Нарын участка начальниги Хохалев Ат-Башыдан кадырлуу кыргыздарды Кытайга Касымаалыга жиберип: «Кайра келсин, ак падыша алдында мурда өтөгөн кызматтары үчүн кечирим беребиз» – деп алдайт. Ага ишенип кайра көчүп келген Касымалы ажыны 26-сентябрь 1916-жылы Нарын гарнизонуна камаган». Орунаалы Касымаалы уулу, жан жолдошу Чоткара Барман уулу, Момунаалы, Бопунаалы деген эки жигити бешөө чогуу камалган. 14-октябрь 1916-жылы Касымаалы Мамбет уулу, Орунаалы Касымаалы уулу, Чоткара Барман уулу жана эки жигити Нарын гарнизонунда даргага асып өлтүрүлгөн.

Касымалы Мамбет уулу Тянь-Шань өрөөнүндөгү атабабалары бийлик күткөн чоң манап, 1912-жылга чейин

үч комиссия (4 жылдан 12 жыл) болуштукка шайланып иштеген.

Материалы из Кыргызского Государственного Центрального архива:

Телеграмма есаула Булычева уездному начальнику 28 августа: 1916 года. «900 кибиток Шатеновской волости, половина Чериковской волости перекочевали в Китай».

28.08.1916 г. Нарын

Донесение начальника Нарынского участка Хохалева уездному начальнику: «Главари бунта Касымаалы Мамбетов, волостной правитель Орунаалы Касымалиев арестованы мной при Нарынской военной гарнизонной гауптвахте. Хохалев».

26.09.1916 г.

Главари бунта Касымаалы Мамбетов, волостной правитель Орунаалы Касымалиев, Чоткара Барманов, Бопунаалы и Момунаалы приговорены к смертной казни через повешение, (исполнено 14.10.1916 г.), приговора на основании статьи 1308 военного судебного устава, согласно приказа ВВ 1914 года №464. Приговор представляется на основании статьи 1420, утверждается начальником гарнизона, имеет силу и приводится в исполнение.

«ЦГА» Кыргызстана дело №32 «О ликвидации беспорядков в Нарынском участке».

[1] Кандидат –болуштун орун басуучу деген мааниде, ошол убакта эле колдонулган.

04.08.2016

Турдубек ШЕЙШЕКАНОВ,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кафедра башчысы, профессор

БААТЫРКАН БАБАМДЫН БАЯНЫ

Жакында менин колума 1916-жылдагы Ысык-Көлдөгү элдик боштондук көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири болгон, көтөрүлүштүн жүрүшүндө хан деп жарыяланган Баатыркан Райымбек уулунун чөбүрөсү Баатырканов Аманидиндин «Батыркан бабамдын баяны» аттуу эскерүүсү тийди. Анын эскерүүсүн эч өзгөртүүсүз толугу менен жарыялоодон мурда тарыхчы-изилдөөчү катары Баатыркан Райымбек уулуна байланыштуу тарыхый маалымат берүүнү туура таптым.

Кыргыз элинин тарыхында 1916-жыл – элдик боштондук көтөрүлүш анын натыйжасы болгон Үркүн менен белгилүү. Ошол жылы кыргыз эли эч тайманбай эркиндикти, азаттыкты көздөшүп Россия империясынын колониалдык эзүүсүнө каршы күрөшкө аттанган. 1916-жылкы элдик көтөрүлүштү уюштурууда жана ага жетекчилик кылууда кыргыз элинин арасынан чыккан белгилүү манаптардын, болуштардын, бийлердин ролу зор болгондугу бул талашсыз чындык. Элге таанымал, эл арасында кадыр-баркы бар инсандарды – көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү болгон эл массасы ээрчиген. Совет доорунда көтөрүлүшкө жетекчилик кылган андай инсандарды эзүүчүлөр, бай-манаптар, колониалдык бийлик менен кызматташкандар ж.б. деп күнөөлөп, алардын тарыхтагы алган ордуна жана ролуна объективдүү баа берилбей келди. Ал тургай андай инсандардын бала-бакырасын, тукумдарын Совет бийлиги куугунтукка да алгандыгы жакшы белгилүү.

1916-жылкы Ысык-Көлдөгү көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири, Алагөз-Каба элинин саяк уруусунан чыккан белгилүү манап Баатыркан Райымбек уулу болгондугун архивдик материалдар, илимий эмгектер, эскерүүлөр далилдеп турат.

Баатыркан Райымбек уулунун көтөрүлүштү уюштуруу боюнча жыйындарга катышкандыгын, көтөрүлүш башталган мезгилде Барскоондогу өткөн жыйынга Шабдан уулу Мөкүштүн катын алып келип, жыйынга катышкандарга тааныштыргандыгы тарыхый булактарда көрсөтүлгөн. «...1916-жылдын 9-августунда Баатыркан Райымбек уулу Барскоондогу белгилүү манап Кендирбай Солтоноевге келип, Шабдандын уулу Мөкүштүн каты менен тааныштырып ал жерде жыйын өткөргөн. Жыйынга 100гө жакын адам катышкан.

Жыйынга катышкандардын арасында Кендирбай Солтоноев, Үсөн Шамыров, Мамбет Молдосанов, Бакачы болуштугунан Талканбай, Түптөн Батыркан Ногоев ж.б. болушкан. Жыйындагы кабыл алынган чечим боюнча 10-августта көтөрүлүшчүлөр Барскоон кыштагындагы жашаган келгин орустарга кол салышкан». *[1. КР БМА.ф.и-75.оп.1.иш.6.-17-18 бб; Т. Шейшеканов. Көлдөгү көтөрүлүш. Бишкек, 2003. 28-бет.]*

Ал эми көтөрүлүш күч алып, уезддин борбору Караколду басып алууга багытталган чабуулдун башында тургандардын бири Баатыркан Райымбек уулу болгондугу жөнүндө Б. Солтоноев төмөндөгүчө белгилеген:

«1916-ж. 15-августунда Тоңду жердешкен саяк, кыдык, Жети-Өгүздү жердешкен бапа, желдең урууларынан куралган 5000 көтөрүлүшчү Караколго кире бериштеги Ырдык деп аталган жерде Баатыркан Райымбек уулун, ата-бабалардын эзелтен колдонуп келген салтын эске алып, хан көтөргөн. Бирок көтөрүлүшчүлөр Караколду

басып ала алышкан эмес. Баатыркан башында турган көтөрүлүшчүлөр Шалбаны көздөй артка чегинүүгө аргасыз болушкан». *[2. Б.Солтоноев. Кызыл кыргыз тарыхы Бишкек, 2-китеп, 1993. 121-бет; Т.Шейшеканов Көлдөгү көтөрүлүш. Бишкек 2003, 52-б.]*

1916-жылкы «Туркестанские ведомости» аттуу газетанын № 217 санында: Тоң өрөөнүндөгү Улахолго жакын жерде көтөрүлүшчүлөр менен старшина Бычковдун отрядынын ортосунда чоң салгылашуу болду. Кармашта көтөрүлүшчүлөр 1000ге жакын адамын жоготту. 50гө жакын орус туткундары бошотулду деген маалымат жарыялаган. *[3. Туркестанские ведомости, 8 октябрь, 1916. № 217; РУз БМА.ф.и.461.оп.1.иш.1887. 46-б.]*

Ал эми 2-октябрдагы Тоңдун Алабаш өрөөнүндөгү жазалоочу аскерлерге каршы чыккан кармаштарда көтөрүлүшчүлөр оор жоготууларга дуушар болушкан. Полковник Слинконун отряды көтөрүлүшчүлөрдү канга боёгон. Мына ошол жоготуулардан кийин Баатыркан башында турган көтөрүлүшчүлөр ашуу тарапка чегинишип, Кытайга жер которууга аргасыз болушкан. *[4. РУз БМА. ф.и. 461. оп.1.иш.1887. 165-б.]*

Мына ошол Улахолдогу жана Алабаш өрөөнүндөгү болгон катуу салгылашууларда Баатыркан Райымбек уулу көтөрүлүшчүлөрдү жетектеп турган. Себеби Баатыркан Райымбек уулу өз учурунда ушул аймактан болуш болуп шайланган. Бул аймак анын киндик каны тамган кичи мекени болуп эсептелет.

1916-жылкы көтөрүлүш аёосуз басылгандан кийин колониалдык бийлик тарабынан көтөрүлүштүн башында турган жетекчилерге издөө жарыялап тизме түзгөн. Колониалдык бийлик көтөрүлүштүн жетекчилерин колго түшүрүп жазалоону көздөгөн. Андай түзүлгөн тизменин катарында Баатыркан Райымбек уулу да бар.

Пржевальск үйөзүндөгү кыргыздардын көтөрүлүшүнүн башчылары:

1. Сагалы Алматаев, Тоң болуштугу

2. Сагын Ниязбеков, Семиз-Бел болуштугу

3. Максүт Солтобаев, Куртка-Мерген болуштугу

4. Кадыр Байсаронов, Түргөш болуштугу

5. Баатыркан Райымбеков жана Мамыткан Жантаев, Улахол болуштугу

6. Баатыркан Ногоев, Түп болуштугу ж.б. (тизмеде бардыгы 32 адам – Т. Ш.) *[5. РУз. БМА. ф.и.461.оп.1-иш.1888. 63-бет.]*

Пржевальск уездинин начальниги полковник Иванов түзгөн дагы бир тизмеде төмөндөгү инсандар аталат:

Улахол болуштугу боюнча:

1. Чыныбек Абукин

2. Байзак Ишимов.

3. Итибай Кенжетаев

4. Шигай Акмолдин

5. Баатыркан Ниякин

6. Баатыркан Райымбеков.

(Тизмеде 14 болуштуктан 90 адамдын аты-жөнү аталган – Т.Ш.) *[6. КР БМА ф. 34.оп.2.иш.5.165-167-бб.]*

Жарыялана турган бул эскерүүнүн автору Баатырканов Аманидин Ысык-Көлдөн чыккан дагы бир белгилүү манап, ажы Баатыркан Ногой уулу жөнүндө маалымат берип кеткен. Туура, Баатыркан Ногой уулу Түп өрөөнүндөгү бугу элинен чыккан белгилүү инсан. Ал жөнүндө тарыхый булактарда төмөндөгүдөй эскерилет. 1916-жылдын 12-августунда Аралдагы болгон жыйында көтөрүлүшчүлөр тарабынан Батыркан Ногой уулу хан деп жарыяланган.

Ал ошол аймактагы көтөрүлүштү жетектеп, Преображенское кыштагын алууга көп аракет жасаган жана

Пржевальск шаарын камалоо учурунда көтөрүлүшчүлөрдүн башында турган. [*7. К. У. Усенбаев. Восстания 1916 года в Киргизии. Ф.1967. 271-б.Т. Шейшеканов. Көлдөгү көтөрүлүш. Б. 2003. 36-бет; 1916-жылдагы көтөрүлүш. Жыйнак. Б.1996. 346-б.]*.

Баатыркан Ногой уулу 1916-жылкы көтөрүлүшкө чейин эле эл оозуна алынып, ажылыкка барып келген. Эл арасында кадыр-баркы чоң болгон. Ал Шабдандын ашына чакырылган сыйлуу меймандардын катарында болгон. Бул окуя жөнүндө Осмонаалы Сыдык уулу «Тарых кыргыз шадмания» аттуу эмгегинде:

«... Көл башында бугудан,
Келе берди ар журттан.
Жийдебай ажы, Баатыркан,
Пиржувалга караган.
Ысакаалы, Баракан,
Калк бийлеген жаштардан.
Кыдыр ага, Сарыбай,
Аксакалы бугунун
Жаштары келди бир далай», – деп белгилеген. *[8. О. Сыдыков. Мухтасар тарих кыргызыя. Тарых кыргыз шадмания. Б. 2014. 123-б.]*

Демек, 1916-жылкы Ысык-Көлдөгү элдик көтөрүлүштүн башында жетекчилик ролду эки Баатыркан – Баатыркан Райымбек уулу жана Баатыркан Ногой уулу аткарышкан. Экөө тең хан даражасына ээ болгон инсандар болуп эсептелет.

Ошентип, 1916-жылкы Ысык-Көлдөгү элдик-боштондук көтөрүлүштүн жүрүшүндө хан даражасына көтөрүлүп, көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири – бабабыз Баатыркан Райымбек уулу болгондугу бул тарыхый чындык. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жетекчилерин эскерип, алардын мисалында өсүп келе жаткан жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялап өстүрүү биздин милдетибиз болуп эсептелет. Тилекке каршы, бул эскерүүнүн ээси

Аманидин мырза дүйнөдөн мезгилсиз өтүп кеткен. Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун!

Анда эмесе Аманидиндин **«Баатыркан бабамдын баяны»** эскерүүсүнө көңүлүңүздөрдү бурайын.

Совет доорундагы тоталитардык башкаруу мезгилинде тарыхыбыз бирөөнүн кол алдында, бирөөгө көз каранды болуп келди. Ата Журту үчүн, анын келечек тагдырынын таламын талашып келишкен кыргыздын уулдарын «Бөрк ал десе, баш алгандар» басып, аттарын өчүрүүгө чейинки акыбалга алып келишти. Кыргыз элинин тарыхта белгилүү болгон көпчүлүк инсандарын, эр азаматтарын өз элине, журтуна жаман көрсөтүп, кысымга алышып, түрмөлөргө камашып, Украина, Урал жана Магадан жерлерине, башкача айтканда, өзүнүн туулуп өскөн Ата Журтунан алысыраак жерге айдашып, көз көрүнөө түбүнө жетишкен. Көптөгөн эл оозунда айтылып калган инсандарыбыздын касиети өзүнө гана таандык, аны көрүп-билип калган карылардын көзү дээрлик өтүп кеткендиктен, урпактарга чейин жеткирүүчү бир таасирдүү аңыздан таш жалак калганыбыз өкүнүчтүү. Эгемендүүлүккө жеткен жылдын аралыгында көптөн көксөгөн Эркиндик, Теңдикке, көөдөндөгүнү көтөрө чаап айтууга ээ болдук. Касиеттүү бабаларыбыз Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтын эмгектерин окуй баштадык, Шабдан баатыр, Курманжан датка, Байтик баатыр, көлдөн чыккан акыл-дөөлөттүү Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр акелер жана башка эр азаматтар жөнүндөгү ооздон-оозго айтылган көп сөздөрү, жасаган эмгектери элибизге, урпактарга белгилүү боло баштады. Айрымдарынын мааракелери өткөрүлүп, эли, журту тарабынан бабаларынын арбагы дагы бир эскерилди. Жогорудагы өз заманындагы уюткулуу журттун урматталган уулдары өзгө да, жатка да бирдей мамиледе болуп, кара кылды как жарган

калыстыгы, жүйөлүү сүйлөшкөн чечендиктери менен айырмаланышып, калктын кадыр-баркына ээ болушкан. Демек, ата-бабаларыбыздын тарыхына кызыгып, көзү өткөндөрдүн төрт тарабын төп келиштире иликтеп, жакшы жактарынан үлгү алууга аракет кылып, тарыхыбыздын арбышына кол кабыш кылсак жаман болбос.

Үч доорду көргөн бабам

Менин айтайын дегеним – өзүмдүн Баатыркан бабам тууралуу. Баатыркан бабабыз жөнүндөгү айтылып келген, көрүнүктүү Эрнис Турсуновдун «Ата Журт» тарыхый романындагы баш каарман Баатыркан ойдон чыгарылган көркөм образдагы каарман эмес, көлдүн тескейиндеги Алагөз, Каба элинин эр азаматы болгон.

Баатыркан бабамдын өмүрү үч заманга туш келген көп окуяларды өзүнө камтыган. Алар: Кокон хандыгынын учуру, орус падышачылыгынын оторчулук учуру, Сталиндик репрессиянын учуру.

Бул кишинин айылы Кокон хандыгынын убагында Нарын тарапта жайгашкан экен, айыл башчысы Кетиркей деген киши болгон. Кокон бийлиги элге оор салык салып, жер-жерлерге чеп орнотуп, акча, мал, айыл башынан ордого бирден кыз алып турган. Кетиркей Кокон бийлигине салык төлөбөй, салык жыйноочуларды сабап, кубалап жиберген. Кийинчерээк кокондуктар келип, айылды чабат. Айыл башында Баатыркандын чоң аталары Ажыбек, аягында Алыбек баатыр турган. Кокондук аскер башчысынын бири Ажыбектин айылын чапканда: «Туу кандаганга бир бала алып келгиле» – деп аскерине буюрганда аскер бир баланы сүйрөп келиптир, ошондо: «Ой, бул баланын көзүнөн от жанып турат бир балээге кабылбайлы» – деп башчы баланы бошотуп жибериптир. Ошол бала Баатыркан экен. Ушундай катаал, жоокерчи-

лиги катуу, көчмөн турмушта жашагандыктан бала абдан чыйрак өсөт.

Баатыркан Райымбек уулу болжол менен 1850–55-жылдары азыркы Көлдүн Тоң районуна карашту Ак-Терек айыл өкмөтүнүн аймагында жарык дүйнөгө келген. Уруусу Алагөз-Каба саягынын ичинен Ботугур. Баатыркан бала кезинен эле тирикарак өсүп, 10–12 жашында ата-энеси өлүп жетим калат. Атасы Райымбек малы жок адам экен, жетим калган бала ошондон баштап уурулукка өтүп «Көк ууру» атка конот. Бир жактан уурдап келген малын башка жакка жөнөтүп «өнөрү» күндөн-күнгө күчөйт. Аталаш агасы Байбек Баатыркандын жоругун көрүп-билип турса да баланы жайына коёт. Жашы отуздар чамасына келип калган Баатыркан бир жолу Кашкардан келе жаткан соодагерлердин кербенине Боом капчыгайынын ичинен кол салып, кокусунан колго түшүп калат. Колго түшкөн ууруну сарттар байлапматап, бир чоң сандыкка салып төөгө артып келе жатышса жолдон Шабдан баатыр соодагерлерге жолугуп, ал-жайды сурашып учурашкандан кийин:

– Силер көп жер басып соода кылып келе жатыпсыңар, ошо жердеги эл аман-эсен бекен, – деп сурайт кербен башыдан.

– Эл-журт аман эле, бирок элге тынчтык бербеген бир ууру кыргызды кармап келе жатабыз, баатыр, – дешет.

– Ууруну көрсөк болобу, – деп Шабдан баатыр соодагерлерден сыпайы өтүнөт.

Кербенчилер төөнү чөгөрүп, Баатырканды бошотуп Шабдан баатырга көргөзүшөт. Шабдан Баатырканды айланта карап: «Келечекте элге-журтка тутка болчудай көзү тирүү неме экен» – деп ичинен ойлоп, кербен башыдан сурап, Баатырканды бошотуп алат.

Эл ичинде Баатыркан бабабыздын атын угушканы менен анын элге кылган эмгеги жөнүндө билгендер сейрек кездешет. Айрым учурда ал кишини Ысык-Көлдүн

чыгышындагы бугу элинин тумак уулунан чыккан Батыркан ажы менен да чаташтырып жүргөндөр кездешет. Мен Батыркан ажынын арбагына шек келтиргим келбейт, анткени ал киши да өз доорунун мезгилинде элижуртуна эмгеги сиңген инсандардын бири. Ал эми биз сөз козгоп жаткан Баатыркан бабабыз эл оозунда Саяк Баатыркан деп аталып келген. Бирок эл басып өткөн жол ошол элдин тарыхы болгондон кийин Баатыркан бабабыздын тарыхтагы орду биздин тарыхчыларыбыз тарабынан такталып берилсе. Ал киши турмуштун татаал кыйынчылыктарынын мезгилинде эл башкарып, элин баккан адамдардан болгон.

Үркүндө Кытай жерине барып, ал жактан көптөгөн оорчулукту, жаманчылыкты баштан кечирип, тыңдыгынан, элге-журтка кадырынын барынан, ары сөз билги жана иш билги акылынын аркасы менен элин аман-эсен алып келген деп карыялар кеп кылышар эле. Баатыркан бабабыз жөнүндө, анын кара кылды как жарган калыстыгы, кара букаралардын таламын коргой билгендиги, улуу жана кичүүнүн акыл-оюн уга билгендиги өтө эле көп айтылат.

Болуштуктагы иштери

Баатыркан бабабыз карапайым букарадан чыккан, дыйканчылыкты эриш-аркак ала жүргөн болуштардан болгон экен. Ал кишиге учурунда Шабдан баатырдын батасы тийип, дөөлөтү артып, тескейлик саяктардын ээси болуп калганын карыялар эскеришер эле. Ал болуш кезинде да букаралык жосун менен жүргөн, ыймандын ыйык туткан инсан болгон. Болуштук бийликти колго алгандан эле чыр-чатакты, доо-чырды өз төрүндө олтуруп алып чечпептир. Андай кырдаалда калың элди чогултуп, ар кимдин оюндагысын угуп, андан кийин гана бүтүм чыгарган. Ошондо да: «Ушундай жасасак ылайык болор бекен?» – деп көпчүлүк менен кеңешкен. Мындайда кимде ич күптү калат?

Баатыркан бабабыз эл-журтка алынып, болуп-толуп турган мезгилде да болуштун бийлиги менен дыйканчылыкты тизгиндеш алып жүргөн. Өз элинин башка элдерден жалдырап эгин сурап туруусун каалабаптыр. Жер жылыры менен элди чогултуп, арык чаап, суу жайып, буурсун менен жер айдап, ар бир түтүн ээсин эгин экчү жерге ээлик кылыптыр. Ал киши Ак-Терек айылынын тушунан тоо этектей батышты карай 25 чакырымдай аралыкка чейин арык (канал) чаптырып, ошол арыктан эгин талааларына элди пайдаланып, дан менен камсыз болушуна шарт түзгөн. Бул арык менен колхоз, совхоздор пайдаланышкан. Ал арыктан азыр да суу агып, 2000 гектар жерге суу жүгүртүп, эки чарба сугат өнөктүгүнө пайдаланып келишүүдө. Ошол кездеги ата-бабалардын таман акы, маңдай теринен жаралган мурастарынан ошол арык баа жеткис байлык болгон. Ал мезгилде арык чабууда пайдаланылган эмгек куралдары өтө эле жөнөкөй: кетмен, чоттор менен казып, жыгач күрөктөр менен тазалоого туура келген. Мына ошого карабастан, арыкты салууда эч бир билими жок туруп тоонун этектери менен чаптырып кеткен арыкты көргөнүндө өзүндөн өзүң бабалардын эмгегине баа берип, ичиңден ыраазы болосуң. Арыкты чаптыруу мезгилинде Сарыбаш аксакалды атка мингизип, ошол кишинин төбөсү көрүнбөй калгычакты тереңдикте чаптырышкан. Баатыркан бабабыз арык чапкандардын башында такай болуп, аларды тамак-аш, суусундук менен камсыз кылып турган экен. Ошол чаптырган арык бүгүнкү күндө «Баатыркан арык» деп аталат. Ал эми эгиндерди Ак-Теректин чатында, Бар-Булак, Шор-Булактын жогору жагындагы Ажыбектин сайынын жанында, Четиндинин ойдуңуна айдаткан. Мына ушул жерди бүгүнкү күндө да дыйканчылык үчүн пайдаланып келе жатышат. Жыл сайын жаз чыгары менен айыл эли түп көтөрө чыгышып, «Баатыркан арыгын» тазалап турушат.

Эл кураган адам болгон

Баатыркан бабабыздын дагы бир касиети – эл кураганында. Кыргыз санжыраларында уруулардын оң же солго жана ичкилик болуп бөлүнүшү айтылат эмеспи. Азыркы күндө да солдон тараган айрым уруулар Көл кылаасында жашашат. Ошондой уруулардын бири – мундуз уруусу. Көл кылаасында жашагандардын көпчүлүгү Жети-Өгүз районундагы Шалбаа жана Мундуз айылдарында турушат. Ал эми биз сөз козгоп жаткан Кара-Коо, Кызыл-Туу айылдарында болсо бир нече ондогон түтүн мундуздар жашашат. Булар учурда кандай себептер менен келип, жогоруда айтылган жерде жашап калганы белгисиз. Бирок ошол айылда жашап тургандардын ата-бабалары Баатыркан бабабыздын болуштук кылып турган учурунда келишип, жер алышып, өзүнчө түтүн булатышып, тескейлик саяктардан болгон Алагөз-Каба эли менен эриш-аркак, бир туугандай жашап келишкендиги жөнүндө карыялар айтышат. Маселен, Ак-Теректин чатында Баатыркан бабабыз мундуз Боронбайга өзүнчө жер бөлүп берип, ошол жерге мечит салышына жардам берген, ал мечит Боронбайдын мечити деп аталып турган. Мундуз Жаркынбай ажыга Бар-Булак менен Кара-Коонун чатынан көлдүн жээгинен 20 гектар жер берип жайгаштырган экен. Азыркы күндө ажынын турган жеринде «Ажынын тумшугу» деп аталган жер бар. Мындан тышкары айылдын ичинде Катаган уруусунан ушул тапта 150гө жакын түтүн жашайт. Баатыркан бабабыздын тушунда жергиликтүү Ботугур уруусунан чыккан «тентектердин» айынан Катаган уруусунун башында турган Боронбай, туугандарын башка жакка (Жумгал тарапка) көчүрүп кетип бараткан жеринен Баатыркан бабабыз көчтү кайрытып келип, Бар-Булактын үстү жагындагы Келин-Коргон деген жерден 10 гектардай жер берип, элинде алып калып, бооруна тарткан экен.

Баатыркан бабабыз Көл боорунда калыс болуштардын бири болгондугун укkан Шабдан баатыр өзүнүн бир кездеги өтүнүчү менен берген батасынын аткарылгандыгына кубанган экен. Бир жылы Кемин тарапта тамчы тамбай, жер куйкалаган аптаптан улам эгин алынбай калат. Ошол күздө Шабдан баатырдын эсине өзү ак батасын берген Баатыркан бабабыз түшөт. Шабдан баатырга эгин жокпу, кайсы болуштукка жибербесин, эч кимиси кур кетирбей эгин бермек. Бирок Шабдан баатыр Баатыркандыны унута албайт. Анын ал-жайын сынактан өткөргүсү келет. Эки жигитине төрт төө айдатып, Көл боорундагы Баатыркан бабабызга эгинге жөнөтөт. Бабабыз эки жигитин кучак жайып урмат менен тосуп алып, атайын өргөө көтөрөт да, эли-журтун чогултуп акылдашат. Ошол жылы эгиндин түшүмүн арбын алгандыктан, Шабдан баатырдан аянбайлы деген бүтүмгө келишет да, ондогон өрмөктөрдү согуп, алтымыш төөгө тең болчу каптарды даярдатат. Анын бардыгына чымчып буума эгин салдырып, төөлөргө жүктөтүп, төрт-беш ылоолорду айдашып жеткирүүгө кошуп берет. Канча эгин келгенин төрүндө олтуруп укkан Шабдан күлүмсүрөй сакалын сылап: «Анын ушундай адам болорун сездим эле» деген экен.

Кыргыз журтчулугунда эзелтеден бери эле, каны бир туушкандыкты ыйык сактоого аракеттер болуп, көбүрөөк маани берип келген. Өзгөчө жети атаны билүү. Эгерде кимде-ким жети атасынын кайдан келип чыгарын билбесе аны «кулдун тукуму» деп аташкан. Ошондон улам жети атаны билүү салты бекем сакталган. Баатыркан бабабыз да ушул жети атаны билүү жана эң башкысы укум-тукумдун, келечектеги урпактардын тазалыгына анын акыл-эстүү болуп өсүшүнө көбүрөөк маани берип, өз элинде жети атадан таралгандардын арасынан үйлөнбөөгө катуу тыюу салган экен. Демек, Баатыркан бабабыздын илимий түшүнүгү болбогону менен өзүнүн тубаса баамчылдыгы аркылуу өз урпактарынын таза жана

акыл-эстүү өмүр сүрүшүнө кам көрүп келгендиги, жети атанын тукумдарынын ичинде кыз алып, кыз беришпегендикти бекем сактатууга далалаты эл-журтунун алдында ата салтын буздурбай ыйык парзын аткаруу эмей эмне. Бүгүнкү күндө деле тоталитардык бийликтин таасиринин астында тарбияланган көптөгөн адамдарыбыздын арасында жети атасы эмес, чоң атасын билбеген жаштар да, жашап калган адамдар да кездешпей койбойт. Ошондуктан жети атаны билүү, алардын кандык тазалыгын сактоо салтын Баатыркан бабабыздын ыйык тутуп келгендиги, бүгүнкү күндөгү турмуштук мааниси зор болгон генетика илимине ылайыктуу. Урпактарынын келечегине кам көрүүнүн мындай аракетин баары эле жасай бербейт.

Үркүн

Байыртадан кайсы гана эл болбосун өз жерин көз карегиндей сактап, «туулган жердин топурагы – алтын» деп, Ата Журт конушун түптөп келишкен. Айрымдары ээлигин башка элдердин эсебинен көбөйтүү үчүн улам бир жерде согуш отун тутантып турушкан. 19-кылымдын акыры 20-кылымдын башында биринчи дүйнөлүк согушка катышкан орус падышачылыгы кыргыз элине жарытылуу жылыш алып бере албады. Орус падышачылыгынын алысты көздөгөн саясаты менен көчүрүлүп келген жана кийин өз бет алдынча эле жер которуп отрукташа баштаган келгиндер менен кыргыздардын ортосундагы мамилелер улам оорлошо берген. Жеринен айрылган, чыдамы кеткен элге бөтөндүн баары душман көрүнүп турган учурда 1916-жылдын 25-июнунда «бөтөн» калктын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерин аскер-оорук жумуштарына алуу тууралуу жарлыгы түздөн-түз элдин көтөрүлүшкө чыгышына себеп болду. Чындыгында, аскерге эмес, майдандын кара жумушуна алына тургандарга тү-

зүлүүчү шарт, коюлуучу талап, алуучу маянасы жөнүндө жөндүү маалымат укпаган карапайым эл «карайлаган там сүзөт» дегендей деңгээлге жетип, өзүнүкүн да, өзгөнүкүн да талкалоого кайыл болуп турган. 1916-жылы июль айында бүтүн Жети-Суу облусу көтөрүлүштүн кучагында калган. Көл аймагында көтөрүлүш август айында башталган. 9-августта Боом капчыгайынын күн чыгышында Балыкчыдан анча алыс эмес жерде Ибраим Телеев баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү 178 мылтык жана 30 миңден ашуун патрон жүктөлгөн алты арабаны Караколго алып бараткан жерден колго түшүрүшөт. Мына ошол колго түшүрүлгөн мылтыктан Баатыркан бабабыз Шабдан баатырдын уулу Мөкүшкө киши жиберип суратып алган, кийин Кытай жерине качканда ошол мылтыктардын жардамы менен кубалаган падыша аскерлеринен эли-журтун коргоп жүрүп олтурган деп Баатыркан бабабыздын кичүү байбичеси Зуура энебиз кеп кылар эле. Баатыркан бабабыз тескейлик элдин башында туруп көтөрүлүшкө жетекчилик кылган. Кийин көтөрүлүш күч ала баштаган мезгилде жалпы журт Баатыркан бабабызды хан шайлап, улуттук-көтөрүлүштүн жетекчиси катары тааныган. Ушул жерден айта кетүүчү нерсе, Баатыркан бабабызга тоталитардык бийликтин мезгилинде туура баа берилбей келгендигинде. Баатыркан бабабыз өз учурунда карапайым эле букарадан чыккан, акылынын зиректигинен эчен жыл болуш болуп, элинин тагдырын чечип, карапайым букаралардын кызыкчылыгын сактап, ошолордун келечеги үчүн күрөшкөн. Кытай жерине үркköн мезгилде эли-журтун аман-эсен алып барып, кайрадан киндик каны тамган журтуна алып келген. Ушулардын бардыгын кары адамдарыбыздан угуп, билип Баатыркан бабабыз «Журт атасы» делип аталганы бекеринен болбосо керек деп ойлойм.

Кытайдан келгенден кийин

Кытайдан өз Ата Журтуна кайтып келгенден кийин өлкөдө орногон Совет өкмөтү деле мурунку журт башчыларын жайына тынч койгон эмес. Тескерисинче, ошол журт ээлерин куугунтукка алышып, түрмөлөргө камап, Украинага, Магаданга айдап, айрымдарын атып салышкан. Көтөрүлүштүн жеңилип калышын атабыз, элдин билимсиздигинен жана курал-жарактын начардыгынан көргөн. Баатыркан ата өзүнүн аталаш иниси Акмат менен кеңешип, кыйынчылыкка карабастан бир билимдүү адамды таап келүүнү сунуш кылат. Акмат бир кишини жанына алып, Казанга барып, Аре Молдо деген кишини көчүрүп келет. Анын өз аты Фатхулин экен. Фатхулин балдарга төрт амалды, жазганды, окуганды үйрөтөт. 1940-жылдан баштап география, дүйнөлүк тарыхтан сабак окуткан. Ал кишиден Алагөз, Кабанын жүздөгөн жаштары билим, таалим-тарбия алган. Баатыркан ата окуп билим албаса да, тубаса акылдуу киши болуптур. Себеби бир уруудан тараган Кетиркей балдарын «кыз алышпагыла, тукумуңар бузулат» дечү экен.

Кийин Советтик доордон Баатыркан ата бейкуттукту, көп жакшылыкты күткөн. Бирок андай болбой «эл душманы» аталып мал, жерин тартып алып, өзүн кайра-кайра суракка алып айласын кетирген. Баатыркан бабабыз 1927-жылы каза болгон. Ал кишинин көзү өткөндөн кийин үй-бүлөсү Украинага айдалган. Украина жеринде Баатыркан бабабыздын улуу баласы Абдилазиз байбичелери менен кошо каза болуп, сөөктөрү ошол жерге коюлган. Кичүү уулу Канат, небересі Отор, Алымкул Улуу Ата Мекендик согушта Украина жерин коргоодо курман болушкан. Согуш аяктагандан кийин кичүү байбичеси Зуура, небереси Керим Кыргызстанга кайтып келишкен. Баатыркан бабабыздын элине жана журтуна жасаган эмгеги элинде алигиче чейин унутулбай айтылып, эскери-

лип келе жатат. 1991-жылы Тоң районундагы Кара-Коо айылынын башкы көчөсү Баатыркан бабабыздын ысымы менен аталып, Бар-Булак менен Кара-Коо айылдарынын ортосунда бабабыздын чоң эстелиги коюлган. 1994-жылы Баатыркан бабабыздын 150 жылдык мааракесин Тоң эли түп көтөрүлө салтанат менен өткөрүштү. Демек, Баатыркан бабабыздын элине жасаган эмгеги изилденүүгө тийиш. Анткени бабабыздын Улуу үркүндөгү көтөрүлүшкө жетекчилик кылып, өз элинин бошондугу үчүн күрөшкөнү жана башка эл үчүн жасаган эмгеги урпактардын эсинде сакталып, тарых баракчаларынан орун алышы керек.

17.04.2016

Амирбек Азам уулу УСМАНОВ,
журналист



ҮРКҮНДҮ ТАРТКАН ҮРКӨРДӨЙ СҮРӨТЧҮЛӨР

1916-жылкы Үркүндү совет бийлиги кезде бардыгы болуп төрт-беш гана художник тарткан. Алар кимдер? Эмне үчүн кыргыз сүрөткерлер Үркүн темасына кайрылган эмес?

Кыргызстандык сүрөткерлер Үркүн темасына совет мезгилинде акын-жазуучулардай көп кайрылган эмес. Анын бир себеби художниктер арасында 1916-жылы эл менен кошо Кашкарга үрккөндөр болгон эмес, экинчиден совет бийлигинин уруксаты жок он миңдеген элдин башын жуткан окуяга кайрылуу кооптуу болгон. Ал эми жазуучулар Үркүндө көргөндөрүн большевиктер кыргынды ачык айтып, падышалык бийликти сындап жаткан учурда жазышкан.

Көч башында Образцов, Чуйков, Уитц...

1940-жылга чейин Үркүн тууралуу сүрөттөрдү үч художник – Владимир Образцов, Семён Чуйков жана Бела Уитц (Bela Uitz) тарткан. Сүрөткердин калем менен тартылган эскиздери мазмуну жактан 1916-жылкы окуяларды курч чагылдырганы менен баалуу экенин айтат искусство таануучу **Айгүл Кутуева:**

«Башка композициялардан айырмаланып, Белла Уитц Үркүндү курч көрсөтөт. Ал эркиндик темасын көрсөтүү үчүн көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар менен орус аскерлери арасындагы кагылышты ачык чагылдырат. Ал кездеги катаал абалды реалдуу көрсөтүү үчүн экспрессивдүү ыкма менен эмоционалдуу композицияны жараткан.

Ал кыргыздардын турмушун, сырткы келбетин жакшы изилдеп чыккан. Уруш монументалдуу мүнөздө көрсөтүлөт. Фреска түрүндө иштелчү бул композиция картондо жасалган эскиз боюнча сакталган. Бирок тема саясатка байланыштуу болгондуктан азырга чейин сакталбай калган».

Жогоруда аты аталган үч художниктин Үркүн жөнүндөгү эмгектеринин мазмуну жөнүндө Кыргыз Эл сүрөтчүсү **Юристанбек Шыгаев** мындай деди:

«Белла Уитцтин иштери мага да жагат. Себеби ал кыргыздарды колдоруна мылтык же таш карматып, үстүлөрүнө чепкен, баштарына тебетей кийгизип, карандаш менен графикалык жактан натурага аябай жакын кылып тарткан. Муну «постановочный рисунок» деп коёт. Ошон үчүн анын эмгектери чындыкка жакындай жана жакшы көрүнөт. Чуйков менен Образцов көтөрүлүш тууралуу кыргыздардан укканларынын негизинде көп фигурадан турган композицияны тартышкан».

Романтикага азгырылган Уитц

Бела Уитцтин түбү Венгриядан. Ал мурдагы СССРге 1926-жылы келип, жарандык алып калып калган. Художникти коммунисттик идея кызыктыргандыктан «пролетардык искусствону» түзүүнү көздөгөн совет бийлиги билимдүү жана таланттуу Уитцти тап күрөшүндө «кыйрап бараткан буржуазиялык искусствого» каршы афиша иретинде пайдаланган. Ошондуктан Уитцке Москвадагы Көркөм сүрөт академиясынын профессору илимий даражасы берилет жана ал өлкөдөгү бир катар монументалдык эстеликтерди жасоого катышып, жаңычыл мазмундагы эмгектери менен тез эле көзгө көрүнөт. Ал Москвадагы маданият жана эс алуу паркын кооздоп жасалгалоону башкы художник катары да жетектейт. Андыктан 1936-жылы Кыргыз АССРи союздук республика болууга камданып жатканда Бела Уитцтин Бишкекке келүүсү мыйзамдуу эле.

Владимир Образцов тарыхый темага эки кесиптешинен мурда кайрылган. Анын 1931–34-жылдарга таандык «Кутум», «Кытайга жол», «Көтөрүлүштөн кийин», «Партизандар», «Көтөрүлүшчү» деп аталган эмгектеринин жаралышына Баялы Исакеевдин «Кыргыздардын 1916-жылкы көтөрүлүшү» деген китеби таасир эткен.

Себеби Образцов айтылган китепти графикалык жактан көркөмдөгөн. Бирок В. Образцовдун өмүрү кыска экен. Ал 1934-жылы көз жумат. Эгер тирүү болсо, 1936-жылы Кыргыз өкмөтү улуттук-боштондук кыймылдын 20 жылдык мааракесине арналган картинаны тартууну Владимир Образцовго тапшыруусу мүмкүн эле. Бирок бул ыкыбал болочоктогу атактуу художник Семен Афанасьевич Чуйковго буйруптур. Ал Кыргыз өкмөтүнүн заказы боюнча тарткан «Кыргыздардын 1916-жылкы көтөрүлүшү» картинасына бийликтин мамилеси СССРдеги идеологиянын өйдө-ылдыйына жараша өзгөрүп турган дейт Бишкектеги Гапар Айтиев атындагы көркөм өнөр музейинин директору **Юристанбек Шыгаев:**

«Үркүн боюнча эң жакшы сүрөт Семен Афанасьевич Чуйковдуку. Ал көтөрүлүш тартылган полотнону 1936-жылы Үркүндүн 20 жылдыгына байланыштуу көрсөткөн. Анан саясий кырдаал өзгөргөндө Алтын фонддон алынып, ороп катып коюшкан. Картина 1966-жылы Үркүндүн 50 жылдыгына кайра экспозицияга коюлуп, кийин Алтын фонддон алынып, караңгы жерге катылган.

Юристанбек Шыгаев 1916-жылкы кыргыздардын улуттук-боштондук козголушуна бишкектик художник Давид Флекман 1956-жылы Үркүндүн 40 жылдыгына байланыштуу, ошондой эле москвалык окумуштуу-этнограф М.В. Рындин да кайрылышканын белгилей кетти. Сөз башында айтылгандай, Бела Уитцтин 1916-жылкы элдик көтөрүлүш тууралуу эскиздери сакталган эмес.

«Бела Уитцтин сүрөттөрү Санкт-Петербург менен Москванын тарых музейлеринин архивдеринде, Москвадагы Орусия мамлекеттик китепканасында сакталган. Бизде бир да сүрөтү жок. Образцов менен Чуйковдун эмгектери көп. Биз 16 ишти Алтын фонддон алып реставрацияга бердик, ал үчүн 1 миллион сомго жакын акча бөлүнгөн. Таалай Усубалиев реставрация кылууда. Алардын баары 11-майда биздин музейде көргөзмөгө коюлат».

Өкмөт үйүндө көсөмдөргө калган эстелик

Бела Уитц ойлогон сүрөттөр жана декоративдик орнаменттер кагаз бетинде жана макет бойдон калган. Сыягы, 1937-жылы Сталин репрессияны кайра күчөткөндө Үркүнгө байланыштуу монументалдык иштер республика жетекчилигинин жадынан чыгып кеткендей. Ошол жасалбай калган «Кыргыздардын 1916-жылкы көтөрүлүшү» деген фреска жөнүндө искусство таануучу **Айгүл Кутуеванын** кеби:

«Кыргыз ССРинин Өкмөт үйүн жасалгалоо боюнча долбоорду Бела Уитц бүтпөй калган. Бирок К. Маркс, Ф. Энгельс, В. Ленин жана И. Сталиндин сүрөттөрүн фрескада жасап чыккан. Ал порталдык фрескаларды кыргыздын оймо-чиймелери менен кооздоону мерчемдеген. Дубалдын ылдыйкы бөлүгүн жыгачтан оюп, улуттук орнаменттерди түшүрүүнү көздөгөн. Бул долбоор эскиз бойдон калган. Ал экинчи жана 3-республикалык көргөзмөлөргө да өз композицияларын койгон. График, живопись, монументалдык декорация жаатында жигердүү иштеген. Ал Кыргызстандагы монументалдык живописти негиздөөчүлөрүнүн бири деп эсептелет. Бела Уитцтин чыгармалары эркиндикке умтулган адамдардын образы, революция темасы».

Бул фресканы даярдоого Бела Уитцке катар дагы бир венгр айкелчиси Ласло Месарош жана Оксана Павленко катышкан. Ласло Месарош кыргыз скульптурасынын негиздөөчүсү саналат. Бела Уитц менен Ласло Месарештун идеялары Кыргыз ССРинин гербинин автору Оксана Павленко тарабынан пайдаланылган.

Эмне үчүн кыргыз сүрөткерлери Үркүн темасына Советтер Союзу бүлүнгөнгө чейин кайрылышкан эмес?

– Ал кезде бизде профессионал художниктер жок болчу да, – деп түшүндүрдү Юристанбек Шыгаев. – Са-

бырбек Акылбеков, Гапар Айтиев 1930-жылдардын аяк ченинде Москвадан окууну эми бүтүп келген. Элдик көтөрүлүш жөнүндө тартуу кооптуу да болчу. Ошого кыргыз сүрөткерлер Үркүн темасына кайрылган эмес. Анын үстүнө бийлик тараптан тоскоолдук болгон.

Юристанбек Шыгаев 1916-жылкы алаамат окуяларга арналган эмгектерин жакында көрөрмандарга сунуш этмекчи.

Баса, венгриялык художник Белла Уитцтин бир эмгегин Бишкекте болгон ар бир адам билет деп ойлойм. Эски Ала-Тоо аянтынын алдындагы Карл Маркс менен Фридрих Энгельс маектешип отурган гүлдүү сквердин планы Белла Уитцке таандык. Ал Кыргызстанда болгону эки жыл эмгектенген.

P.S. 2015-жылы Мажарстандын борбору Будапештте Бела Уитцтин «Siratas (Lament)» (18,4X23,5 см) деген графикалык эмгеги 12 500 долларга сатылды. Кыргызча «Кошок» деп аталган бул сүрөт 1916-жылы тартылып, анда жанындагы эркекке жөлөнүп боздоп отурган аялдын ыйы өтө реалдуу чагылдырылган. Мен бул сүрөттү адеп көргөндө, Үркүндө уулун жоготкон ак жоолук кыргыз аял тартылган экен деп ойлогом.

Мурдагы Кыргыз ССРинин Өкмөтү жайгашкан тарыхый имаратта азыр Жогорку Сот жайгашкан. Анын адеми залында К. Маркс, Ф. Энгельс, В. Лениндин гана фрескалары сакталуу. Ал эми И. Сталиндин фрескасы КПССтин 1956-жылкы XX съездинен кийин алынып салынган.

19.04.2016

ОКУМУШТУУЛАР ҮРКҮНДҮН ИЗИ МЕНЕН



«Ата-Бейит» комплексиндеги
Үркүн курмандыктарына арналып
тургузулган эстелик

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН,
тарых илимдеринин доктору, профессор

АЛКЫШТЫН ДА, АРМАНДЫН ДА ЖЫЛЫ



Былтыр (2016-жылы) Кыргызстанда падышалык Орусиянын оторчул үстөмдүгүнө каршы Улуттук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн 100 жылдыгы белгиленди.

О, ошол жыл! Ошол 1916-жыл! Кылымдар тогошпосо да, дооорлор тогошкон ошол мезгил!

Дастандарда, арман ырларда, кошоктордо, романдарда, эскерүүлөрдө, архивдик саргайган кагаздарда, сүрөттөрдө калган жыл...

Каармандык дастаныбыз «Манастагы» эгемендик ураанын кайрадан чакырып, элибиз Орусиядан эгемен болгон хандык жарыялоого эрки жеткен изги жыл!..

Эчендердин эрдиктери элди сактап, падышалык оторчулардын жазалоочу аскерлеринин ажал отунан канча өмүрдү арачалаган кайран жыл!..

Оор куралданган оторчулардын аёосуз жазалаган аскеринин кыргынына туруштук бере албай, Ата Журту-

нан бөтөн жерге качууга мажбур болгон жүз миңдеген кишилердин азабы менен кайгысын камтыган улуу арман жыл!..

Көп этностуу Орусия калкы тарабынан залим падышалык режимдин кулатылышына чейин – айтылуу 1917-жылкы Февраль ыңкылабына чейин саналуу гана апталарды калтырган босого жыл!

Ар башка өңүт, ар башка баян

1916-жылкы олуттуу окуялар дүйнө жүзүндө да, Кыргызстанда да ар кыл багыттарда жана өңүттөрдө чагылдырылып келди.

Орусиянын өзүндө эле аны бир нече топ ич ара атаандаша таразалайт: бирлери, тээ 1916-жылдагы орус либерал-демократы Александр Керенский сыяктуу эле падышалык оторчул бийликтерди жергиликтүү тургандарга карата мыйзамсыз кысымдары жана ырайымсыз жазалоолорунун фактылары үчүн түздөн-түз айыпташат; экинчилери, бул айыптоолорго кошулуп, бирок удулун таап 1917-жылы 7–8-ноябрда орногон болшевиктик режимди даңазалоого далалат кылышат; үчүнчүлөрү, борбордук азиялык көтөрүлүшчүлөрдү «Биринчи дүйнөлүк согуштун оор капшабында калган Орусияга көмөк көрсөткүсү келбеген түркөй жана мекенчил сезими жок пенделер» деп күнөөлөшөт; төртүнчүлөрү, падышалык бийликти алсыратуу үчүн Германия, Улуу Британия, Осмон дөөлөтү жана Кытай арамзалык аракеттерин жүзөгө ашырып, тыңчылары аркылуу тынч калкты падышалык бийликке каршы козутту, болбосо аймакта мындай көтөрүлүш чыкмак эмес деген жоромолдорун жазып келишет.

Кыргызстанда болсо Кеңеш бийлиги доорунда бул маселени чагылдыруу бир нече баскычта жүрдү: оболу, 1918–35-жылдары улуттук боштондук көтөрүлүш жана Улуу Үркүн окуялары эркин чагылдырылды; архивдик маалыматтар кыйла кеңири топтолуп, бирок болшевиктик идеологиялык калыпка ылайык таразаланып жарыяланды. Улуттук боштондук кыймылдын жумушчу табынын жалпы дүйнөлүк ыңкылапчыл күрөшүнүн бир өңүрү катары идеологиялык жактан чечмелениши бул иштерге кыйла огожо болду. Бир гана өксүгү – Орусиянын болшевик эмес демократтарына жылуу сөз дээрлик айтылбады. 1935–39-жылдары (албетте, даталар шарттуу көрсөтүлүүдө) кыргыздардын жана башка улуттардын бир катар чыгаан ишмерлери жана айдыңдары сталиндик жазалоочу машинанын курмандыгына айланган. Жусуп Абдрахманов, Абдыкерим Сыдыков, Касым Тыныстанов ж.б. чыгаандар атылып кетти. Ал түгүл акын Аалы Токомбаев сыяктуу айдыңдар да абакта жаткан учурлар болду.

1946–52-жылдары акырындап «падышалык Орусия – британдык ж.б. империализмге караганда прогрессивдүүрөөк оторчул бийлик болчу» деген жобо үстөмдүк кыла баштады. 1960–80-жж. кыргызстандык тарыхчылар (Анварбек Хасанов, Кушбек Үсөнбаев ж.б.) 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштү мүнөзү боюнча элдик, антиимпериалисттик, демек, прогрессивдүү кыймылдарга кирчү көтөрүлүш деп далилдөө үчүн күрөш жүргүзүштү. 1990–92-жылдары Кыргызстанда тарыхчылардын басымдуу бөлүгү бул көтөрүлүштү прогрессивдүү кыймыл болчу деп белгилегени менен, Ж. Жунушалиев сыяктуу айрым кыргыз коммунист тарыхчылар мындай көтөрүлүп чыгуунун эч кереги жок болчу, бул – жаңылыштык болгон, анын анти-орусиялык мүнөзү туура эмес болгон, – деп да билдиришкен.

Адилеттик үчүн айта кетүү керек – эгемен Кыргызстандын окуу китептеринде 1916-жылкы көтөрүлүштү элдик мүнөздө болгон, максаты жагынан – улуттук бөштондукту туу туткан күрөш эле деп ырааттуу чагылдырылып келет. Бирок бүгүн да тарыхчылардын арасында падышалык Орусиянын залимдигине көз жумду кылган, бул падышалыктын жазалоочу аскерлеринин ырайымсыз жортуулдары маалында кыргынга учурагандардын санын атайылап азайтууга далалат кылган жергиликтүү изилдөөчүлөр жок эмес. Маалыматты үстүрт чагылдырып алып, бул көтөрүлүш – сырткаркы фактордун гана жемиши болду дегендер да бар.

Бирок архивдик жана башка даректүү маалыматтарды ар тараптуу иликтеп, кыргыздын фолклордук мурасына жана башка ошол доордун элеси чагылдырылган эскерүүлөргө, геосаясий кырдаалга кайрылган заманбап тарыхчылар 1916-жылдагы Борбордук Азиядагы жана анын ичинде Кыргызстандагы улуттук бөштондук көтөрүлүштү Финляндиянын, Украинанын, Кавказ аймагындагы өлкөлөрдүн ж.б. эгемендик үчүн күрөшү сыяктуу эле улуттук эркиндик үчүн кыймылдын бир көрүнүшү катары баалап келишет.

Жүз жылдык мааракe Кыргызстанда мамлекеттик деңгээлде белгиленди.

1916-жылкы улуттук бөштондук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн 100 жылдыгы Кыргызстанда 2016-жылы кеңири айкындалды.

Кыргызстандын Президенти А.Атамбаевдин 2015–2016-жж. бир нече жарлыгы, Кыргыз Өкмөтүнүн жана министрликтери менен мекемелеринин бир катар буйруктарына жана Кыргызстандын Президентине караштуу Тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссиянын чечимдерине ылайык Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз

улуттук университетинде, Баткен мамлекеттик университетинде, Ош мамлекеттик университетинде, Кыргыз-Орусия Славян университетинде жана башка окуу жайларда жана илимий-маданий мекемелерде эл аралык жана жумурияттык илимий жыйындардын байма-бай өткөрүлүшү, 2016-жылдын августунда «Өмүр көчү – 100» автоунаа жүрүшүнүн ийгиликтүү уюштурулушу, «Ата-Бейит» эскерүү жайында, Кыргызстандын айрым башка аймактарында (маселен, Ысык-Көл облусуна караштуу Тоң жана Жети-Өгүз райондорунда, Чүй облусунун Сокулук районунда) 1916-жылкы көтөрүлүштө жана Улуу Үркүн маалында набыт болгондорго багышталып эстеликтер тургузулгандыгы, музейлер менен китепканаларда атайын көргөзмөлөр менен бурчтардын уюштурулушу, жергиликтүү жана чет элдик архивдердеги маалыматтарды китептерде жана маалымат каражаттары аркылуу байма-бай жарыялоо, «Улуу Үркүнгө» арналган даректүү тасмалардын жана бир көркөм тасманын жаралышы, ошондой эле оппозициячыл маанайдагы кыймылдардын бул окуяны ачык айкын талдоосу жана бийликтерге карата сын-пикирлерди ачык билдиргендиги – пост-советтик Кыргызстанда 1916-жылкы көтөрүлүштү жана Улуу Үркүндү изилдөө, анын бир кылымдык мааракесин белгилөө мурда болуп көрбөгөндөй ачык жүргөндүгүн айгинелейт.

Чөлкөмдөгү дагы эле Кремлге кылчактаган башка өлкөлөргө караганда, кыргыз бийлиги жана өлкө коомчулугу саясий эрк көрсөтүп, антиорусиялык кыймылдын 100 жылдыгын салтанаттуу белгилегендигин бир нече өңүттөн карап түшүндүрүүгө болот.

Биринчиден, дал ушул аймакта – Кыргызстанда – улуттук көтөрүлүш өз туу чокусуна жеткен: айрым көтөрүлүш очокторунда, ал түгүл Орусиядан эркин өзүнчө мамлекет түзөбүз деп, өздөрүнүн эгемен хандарын

(Мөкүш Шабдан уулу, Канаат Ыбыке уулу, Баатыркан Ногой уулу ж.б.) жарыялашкан. Бул мамлекеттик эгемендик идеясы кийинчерээк Алаш Ордо, Кокон автономиясы, эгемендик үчүн басмачылык кыймылы, советтик автономиялык жана тең ата союздук жумурият макамы үчүн күрөшкөндөрдүн бардыгына идеялык башат болуп берген. 1991-жылы 31-августта Кыргызстанды эгемен мамлекет жарыялаган жумурияттын Жогорку Кеңеши да 1916-жылдагы бабалардын идеясынан азыктанган. Бул эгемендик идеясын азыркы кыргыз бийлиги да туу тутуп келет.

Экинчиден, дал ушул очоктордо көтөрүлүшкө катышкан жана аларга ылым санаган калайык падышалык жазалоочу аскерлер тарабынан ырайымсыз түрдө жазаланган. Бери дегенде 150 миң, болбосо 250 миңге жакын киши набыт болгондугу жоромолдонот. Мындан тышкары, жазалоочулар тарабынан Жети-Сууда набыт болгон казак, уйгур, дунган ж.б. этностордун өкүлдөрүн да кошуу абзел. («Акпаашанын» азыркы айрым апологеттери – жасакер жактоочулары кыргыздардан болгону 5 миңдей же 40 миңдей киши гана набыт болгон деп бул санды жасалма азайткысы келет. Чын-чынында, бул аймакты 1855–76-жж. күч менен каратып алган жана аскердик губернаторлук аркылуу күч менен гана кармап турган падышалык оторчул режим миңдеген кишилер түгүл жазыксыз бир дагы кишинин жанын кыюуга акысыз болгондугу талашсыз).

Үчүнчүдөн, бул очоктордогу калайык жана аларга жакын турган башка аймактардын тургундары да ырайымсыз жазалоодон качып, Теңир-Тоонун чыгышына (Батыш Кытай тарапка) жүз миңдеп үркөн. Тарыхта «Улуу Үркүн» деген ат менен калган бул баскыч – көтөрүлүштүн кандуу басылышынан кийин айрым аймактарда орун алган. Эгерде мамлекеттик бийликтер Кеңеш

доорунун соңку мезгилиндегидей кылып бул кайгылуу баракгарга кош көңүлдүк менен мамиле кылса, анда азыркы коммунисттик цензура жоюлган тапта жазыксыз набыт болгондорду эскерүү иш-чараларын Кыргызстандын калайыгы өзү эле ыктыярдуу жүргүзмөк, бирок 2010-жылдын 7-апрелиндеги элдик ыңкылаптан соң бийликке келип, парламенттин ыйгарым укуктарын кеңейтүү жолуна түшкөн азыркы Кыргызстандын мамлекеттик бийлиги ачуу сынга кабылмак.

Төртүнчүдөн, бул окуяларды расмий белгилөө маалында коомчулуктун кайсы бир бөлүгү тарабынан Орусия Кыргызстанга 1916-жылдагы кыргындар үчүн каржылык жаза – контрибуция төлөөгө тийиш деген сыяктуу талаптар козголсо, анда мындай талаптар Кыргызстандын азыркы бийлиги менен бүгүнкү расмий Кремлди чатакташтырат деген жоромолдорго эки тарап тең татыктуу жообун бере алды.

Кыргызстандын азыркы бийлиги жана кыргыз айдындары падышалык Орусиянын оторчул бийлигинин ырайымсыз аракеттерин ашкерелөөгө чакырып, бул жаатта азыркы Орусия Федерациясы менен да кызматташ болорун билдирип келди. Анткени алардын оюнча, 1917-жылы Февраль ыңкылабында кулатылган мурдагы падышалык Орусия – бүгүнкү Орусия Федерациясы аттуу федерациялык жумурият менен кайнаса каны кошулбаган башка типтеги мамлекет. Советтер Биримдигин түзгөндөр (В.И.Ленин ж.б.) падышалык Орусиянын мураскору эмес экендиктерин, дүйнөлүк пролетардык ыңкылаптын жактоочулары катары Убактылуу өкмөттөн бийликти тартып алып, таптакыр башка бийликти – элдик жумурияттy негиздегенин жар салышкан. 1991-жылы Советтер Биримдигинен чыккан Орусия Федерациясы болсо укуктук жактан өзүн СССРдин Маскөөдөгү бийлигинин мураскору катары санайт, бирок падыша-

лык (монархиялык) Орусиянын мураскору катары өзүн көрсөтпөйт.

Орусиянын Кыргызстандагы элчиси да 2015-жылдын декабрында маалымат каражаттарына Кыргызстандын азыркы бийлиги менен расмий Кремль 1916-жылкы окуяларга баа берүү жана аны иликтөө үчүн кызматташтык жаатында бирдей пикирди тутат деп тастыктады.

Кыргызстандын айдыңдары Борбордук Азиядагы 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштүн тарыхына арналган изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жана илимий жыйындарды өткөрүүдө эл аралык коомчулуктун олуттуу көмөгү болгондугун да ыраазылык менен белгилешет. Маселен, Орусиянын архивдик мекемелери Кыргызстандын мамлекеттик архив агенттиги менен тыгыз кызматташып, бир катары жаңы архивдик маалыматтарды Бишкекке өткөрүп беришти. Германиянын мурдагы кайзердик архивинин жүздөгөн баалуу документтеринин көчүрмөлөрү да Кыргызстандын мамлекеттик архив агенттигине өткөрүлдү.

Казакстандын Алматы шаарында жайгашкан архивиндеги мурдагы падышалык архивдик фонддордун материалдары эч үзгүлтүксүз жарыяланып жана кыргызстандык окумуштуулар үчүн тоскоолсуз тапшырылып жатты.

Жаңы илимий табылгалар жана илимий тыянактар Бишкек шаарында 2016-жылы 21-октябрда уюштурулган эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйында окумуштуулар чөйрөсүнө таанышты рылды.

КМШнын мүчө-өлкөлөрүнүн Астана, Алматы, Москва, Санкт-Петербург жана башка шаарларында 2016-жылы эл аралык илимий жыйындар, симпозиумдар, кереге кеңеш жыйындары кыргызстандык окумуштуулардын катышуусунда уюштурулуп келди.

Маселен, Орусиянын Барнаул шаарындагы Алтай мамлекеттик университетинде 2016-жылы 18-ноябрда падышалык Орусиянын Талаа чөлкөмүндө жана Түркстанда 1916-жылы болгон улуттук боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдыгына арналган «Орусия Федерациясы менен Борбордук Азия мамлекеттеринин илимий жана билим берүү тармактарындагы кызматташтыгынын ургаалдуу багыттары жана перспективалары» аттуу эл аралык илимий жыйын өткөрүлдү. Анын баяндамалары атайын журналда жарык көрдү.

Мындан 100 жыл мурдагы тарыхый бурулуш окуянын мааракесин белгилөөгө «Азаттык» үналгысы, АКИ-Пресс, Би-Би-Си Кыргыз кызматы, ЭлТР, КТРК жана башка маалымат каражаттары ырааттуу салым кошуп келишти.

2016-жылкы бул эскерүү жыйындарынын, илимий шеринелердин, автоунаа жүрүшүнүн жана башка коомдук чаралардын аркасында Кыргызстандагы жана жалпы Евразиядагы замандаштар эмне үчүн 1916-жыл азаптуу окуялардын жылы деп караларын тереңирээк аңдашып, ал кездеги жүз миңдеген кишилердин набыт болгонун үйрөнүп, армандуу набыт болгон бабаларды эскеришти. Ошондой эле жеңиштүү аяктабагандыгына карабастан, ошол жылы борбордук азиялык калктар өздөрүнүн мамлекеттик көз каранды эместиги үчүн улуу көтөрүлүшкө бел байлашкан. Бул – даңазалуу күрөш эле, бул күрөш үчүн бабаларыбыз алкыш угууга арзыйт.

Армандын да, алкыштын да жылы болгон ошол 1916-жылкы окуялар жылы, биздин оюбузча, Ата Журтубузда татыктуу эскерилди. Бөксөсү калган учурларды жана жагдайларды азыркы жана болочокку муундар эч кандай мааракелик иш-чараларсыз деле ырааттуу иликтеп чагылдыруусу үчүн пайдубал бар деп бүтүм жасай алабыз.

14.02.2016

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН

1916: КАЙЧЫ ПИКИРЛЕРДИН ЭРКИН АЙТЫЛЫШЫ – ЭҢ ЧОҢ УТУШ



«Кырк Шейит» жергесинде талаада драмалык оюн коюу учуру. Тоң району. 05.8.16.

Быйыл Кыргызстанда «Тарых жана маданият жылынын» алкагында 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн 100 жылдык маараке-си кеңири коомчулук тарабынан ээн-эркин белгиленди. Бул окуяга карата түркүн көз караштар да эркин айтылып жатты.

Кыргызстан – Борбордук Азияда өрнөктүү иш-аракет жасады.

Азыркы тапта айрым коомчулук өкүлдөрү Кыргызстандын бийлигин: «1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн 100 жылдык маракесин жетишерлик белгилей алган жок» – деп сындай калып жүрүшөт. Бирок мындай сын акыйкатсыз экенин алар коңшу өлкөлөргө салыштыруу менен эле баамдай алар эле.



Ушул «Өтөбайдын үйү» деген үйдө Амангелди Иман уулу падышалык жазалоочуларга каршы атышып, салгылашкан.

Маселен, Казакстанда да кубаттуу көтөрүлүш чыкканы маалым.

1916-жылдын күз айларында Торгой облусунун аймагында (бул аймакка ал кезде Оренбургдун бир ыптасы да кирген) казак баатыры Амангелди Иман уулу жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн аскеринин саны 50 миң кишиге чейин жеткен. Көтөрүлүштүн бул очогу падышалык режим кулаганга чейин өчүрүлгөн эмес.

Жети-Суудагы казактардын көпчүлүгү да Батыш Кытайга үркөн. Аларда да Улуу Үркүн болгон. Бирок Казакстанда бул окуялардын 100 жылдыгы буга чейин дээрлик расмий белгиленген жок. Айрым гана эл аралык жана жергиликтүү илимий жыйындар, көргөзмөлөр уюштурулду.

«Ата-Бейит» эскерүү жайындагы эл аралык деңгээлдеги эскерүүлөр

Кыргызстанда быйыл абдан көп жайларда 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштүн баатырларына жана Улуу Үркүндөгү курмандыктарга арналган эстелик жайлар негизделди, аларга айкелдер, эстелик таштар орнотулду. Алардын көпчүлүгү коомчулуктун жана жергиликтүү бийликтердин демилгеси менен тургузулду.

Мындай курулуштардын быйылкы туу чокусу – аяк оона (сентябр) айынын 2синде «Ата-Бейитте» расмий ачылган эстелик болду. Көккө бой сермеген боз үй түндүгүн элестеткен бул монументке аяк оонанын 17синде Кыргызстандын Президенти А.Атамбаевдин чакыруусу менен Орусия Федерациясынын Президенти Владимир Путин, Армениянын Президенти Серж Саркисян, Молдованын Премьер-министри Павел Филип мырзалар келип гүл коюп, таазим кылгандыгы Кыргызстан үчүн узак мөөнөттүк дипломатиялык утуш алып келди.

Албетте, мындан берки мамлекеттердин лидерлери да өздөрү үчүн утуш алышты. КМШ саммитине келген башка лидерлердин ичинен, башкасын айтпаганда да, Казакстандын лидери эч шартсыз бул жөрөлгөгө катышат ко деп коомчулук боолгоп турган эле. Негедир, Нурake бул кадамга барбай койду.

Доомат койбой эскерүү өрнөгү

Дүйнөдө кайсы бир тарыхый окуяларды эскергенде, башка бир мамлекеттерге доомат коюу менен коштолгон учурлар да бар, тарыхый окуяларга бейпил сабак алуу үчүн кайрылып, эч кандай доомат кылбастан эскерүү уюштургандар да бар.

Кыргызстандын бийлиги экинчи жолду тандап алгандыгы менен да өрнөк болду. Кыргызстандын 1916-жыл-

дагы окуяларды эскерүү жаатындагы турумун Орусия Федерациясы толук колдой тургандыгын 2015-жылы бештин айында Орусиянын Кыргызстандагы элчиси Андрей Крутько ачыктаган эле. Президент Владимир Путиндин «Ата-Бейиттеги» 1916-жылы набыт болгондордун эстелигине гүл коюшу бул турумду тастыктады.

Кыргызстан калкы 1916-жылы болуп өткөн окуялар падышалык режимди солкулдатканын жана 1917-жылы орусиялыктар жүзөгө ашырган Бирдин айындагы (Феврал) ыңкылап мурдагы падышалык режимди биротоло тарых чаңында калтырганын дурус аңдайт. Советтик Орусия, Советтер Биримдиги жана андан кийинки демократиялык Орусия Федерациясы – таптакыр башка деңгээлдеги мамлекет түрү. Ошондуктан бүгүнкү Орусияга доомат кылуу – Наполеондун 1812-жылы Маскөөнү өрттөгөндүгү үчүн бүгүнкү Францияга доомат кылууга жана Чынгыс хандын аскерлеринин Испаган шаарындагы китепканаңы өрттөгөндүгү үчүн бүгүнкү демократиялуу Монголияга кине коюуга тете акылга сыйгыс иш. Ал эми тарыхый чындыкты калыбына келтирүү үчүн кыргыз тарыхчыларынын архив таануудагы аракеттерин Орусия толук колдоого алып келет.

Бул – Евразиянын эл аралык мамилелер тарыхында болочокто да өрнөктүү окуя болуп калчу турум.

Жүрүштөр. Зыяраттар

Быйыл улуттук боштондук көтөрүлүш маалында кырчылдашкан салгылашуулар жүргөн жайлар, кыргын окуялары болгон жерлер, Улуу Үркүн маалында качкындар көбүрөөк набыт болгон бийик тоолуу өрөөндөр калайыктын зыярат кылуу жайларына айланды.

Бир катар иш-чараларды бийликтер коомчулукка кол кабыш кылып уюштурушту. Маселен, теке (июл) айынын 21инде Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз

районунун Тамга айылында 1916-жылкы көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн 100 жылдыгын эскерүүгө арналган «Бабалардын баскан изи» аттуу жаштардын жумурияттык илимий жыйыны жана андан соң эки күндүк жүрүш уюштурулду. Ага өлкөнүн түрдүү аймактарынан чогулган жаштар менен катар Ысык-Көл облустук бийлигинин, жаштарынын жана жамааттык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү да катышты. Үч күндүк иш-чара алкагында катышуучулар Сөөк ашуусуна Ысык-Көлдүн Сыртына зыярат кылышып, Үркүндө набыт болгон бабаларга арнап куран окутушту.



1916: «Өмүр көчү – 100» автожүрүшүнөн сүрөт-баян.

Баш оона (август) айынын 5–6ларында болсо – Сокулуктун Асылбаш айылынан жана Беловодск шаарынан тартып, Кемин, Боом, Кырк-Шейит (Тоң), Барскоон капчыгайы, Каракол шаары, Түп районундагы кыргын орду сыяктуу жайларды камтыган «Өмүр көчү–100» авто-жүрүшү уюштурулду. Аны «Ашар» козголушу, «Үй куруучулар» уюму, «Асаба» партиясы сыяктуу уюмдарга эриш-аркак болуп, Кыргызстандын Президентинин

аппараты, жергиликтүү облустук жана райондук бийликтер чогуу-чаран уюштурушту.

Демилгелүү айдыңдар жана жаштар тогуздун айынын (октябрдын) 29унда ызгаардуу кыш өкүмү орногон Сөөк ашуусуна чейин барып кайтышты. «Үркүндүн изи менен» деп аталган автожүрүштүн катышуучулары Ысык-Көл облусундагы деңиз деңгээлинен 4 миң метр бийиктеги Сөөк ашуусуна машине жол түгөнгөн жерге чейин чыгышып, 1916-жылдагы кандуу окуяларда курман болгондорду эскерип, куран окушту. (Бул тууралуу «Фейсбук» коомдук тармагында арбын маалымат жарыяланды.)

Башка да коомчулук демилгеси менен уюштурулган зыяраттар көп болду.

Көркөм өнөр, адабият жана маалымат таркатуу дүйнөсүндө

Кыргызстандагы драматургдар, театр өнөрүнүн өкүлдөрү, сүрөтчүлөр, айкелчилер, киночулар, акындар, жазуучулар да өз тармактарында 1916-жылдагы окуяларды чагылдырган жаңы эмгектерди жаратышты. Бул окуяны мыкты чагылдырган симфония, хор, соната үчүн сынак да өткөрүлдү.

Драматургдардын сынагынын өткөрүлүшү жана сынаксыз эле далай пьесалардын сахнага коюлушу бул темага арналган жаңы эмгектердин (арасында Бексултан Жакиев, Бактыбек Максүтов ж.б. бар) тушоо кесүүсү болуп калды. Соңку жылдары Арслан Капай уулу, Темирбек Жолдубаев, Олжобай Шакир сыяктуу жаңы толкундун калемгерлери 1916-жылдагы окуяларга арналган прозалык чыгармаларын жарыялашты.

Коомдук демилге менен «Үркүн» аттуу көркөм тасма да жаратылды жана тогуздун айынын 12синен тартып ка-

лайыкка көрсөтүлө баштады (режиссеру Медин Учкеев, продюсери Мухтар Атаналиев; демөөрчүлөрү – «Саякбай манасчы» жана «Куткелди» коомдук фонддору).

Бир нече даректүү тасма калайыкка тартууланды. Сыналгы жана үналгы каналдарда, интернет баракта-рда 1916-жылдагы окуялар ырааттуу рубрикалар аркылуу эскерилип жатты.

Китепканаларда, музейлерде мындан жүз жыл илгерки окуяларга арналган көргөзмөлөр байма-бай уюштурулуп келди.

Илимий жана башка коомдук жыйындар. Китептер. Интернет баракта-ры

Кыргызстандагы жана чет жактагы быйылкы ондогон эл аралык, чөлкөмдүк жана жергиликтүү деңгээлдеги илимий жыйындардын көпчүлүгүнүн материалдары жарыяланып жатты. Алар тууралуу илимий коомчулук чакыруулар аркылуу да билип турушту.

Ал эми коомчулук өзү уюштурган жыйындардын бардыгын санап тактоого дээрлик мүмкүн эмес болду. Себеби элдик ыңкылаптан кийинки кыргыз коомчулугунун демилгелерине эч бөгөт коюлбагандыктан, айрымдары айылдын жана көчөнүн деңгээлинде деле, айрымдары баатыр чоң аталарын, таяталарын же айкөл чоң апаларын, таэнелерин эскерип, куран окутуп, жыйын куруп келишти. Коомчулуктун демилгеси менен канчалаган айкелдер тургузулгандыгын жогоруда эскердик. Бул айкелдерди ачуу салтанаттары да ири жыйындар менен коштолуп жатты.

Расмий жана расмий эмес каржы булактарына таянган авторлор жүздөгөн китептерди жарыялашты. Маселен, америкалык тарыхчы Эдвард Соколдун (Edward

Dennis Sokol) 1954-жылы жарык көргөн эмгегинин орус тилиндеги котормосунун Фредерик Старр мырзанын баш сөзү менен бирге жарыяланышы да алгылыктуу иш болду (Сокол, Эдвард Деннис. Восстание 1916 в Русской Центральной Азии / Пер. с англ. Г.Борубаевой. – Б.: Res Publica, 2016. – 188 с.).

Архивдик даректүү маалыматтар Кыргызстанда, Казакстанда, Орусияда жана башка өлкөлөрдө китептерде жана интернет порталдарда байма-бай жарыяланды. (Маселен, караңыз: 1916: Долбоор Борбор Азия элдеринин колониализмге каршы күрөшүнө арналат. – URL: http://www.1916.kg/ky

Нарышкин С.Е. Приветственное слово Председателя Государственной Думы Федерального Собрания Российской Федерации, Председателя Российского исторического общества С.Е. Нарышкина к посетителям интернет-проекта Росархива «События в Семиречье 1916 года по документам российских архивов» // Интернет-проект Росархива «События в Семиречье 1916 года по документам российских архивов» / Федеральное архивное агентство РФ. 2016. – URL: http://semirechye.rusarchives.ru/)

Талкуулардагы кайчы пикирлер

Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү коомдук жана илимий жыйындарда жана башка ар кыл талкууларда, анын ичинде интернеттеги ачык шеринелерде 1916-жылдагы Борбордук Азиядагы улуттук боштондук кыймыл жана кайгылуу Улуу Үркүн тууралуу жүз миңдеген ар кыл ойлор, пикирлер калайыкка жарыя болуп жатты.

Айрым замандаштар: «Бирдей ой жүгүртүүгө жетишелик» – деп Кыргыз Өкмөтүнө чейин кайрылган учурлар болду. Бирок быйылкы талкуулардагы пикирлердин ар түркүн болгондугу жана мындай пикирлерди айтууда-

гы атуулдук эркиндик – өлкө үчүн эң чоң ийгилик болду десек жаңылышпаспыз.

Мындан жүз жыл илгери эмне окуялар болду? Кыргын үчүн кимдер күнөөлүү? Улутту тукум курут кылуу саясаты жүрдү беле? Көтөрүлүштүн жана Улуу Үркүндүн кандай сабактары бар?

Бул жана башка суроолор жаатындагы көптөгөн көп пикирлер айтылды, эскерүү чараларын өткөрүү үчүн ар кыл демилгелер жүзөгө ашырылды. Бийлиги да, оппозициясы да, эч жакка кошулбай өз алдынча аракет кылгандары да китептер, макалалар, интернеттеги пикирлер аркылуу өз ойлору менен эркин бөлүштү.

Бул ойлорду жыйынтыктоо аракети да болду. (Караңыз: Улуттук боштондук көтөрүлүшкө жана Улуу Үркүнгө 100 жыл: Кыргызстандагы 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдык мааракесине арналган илимий-методологиялык жалпылама. Жооптуу редакторлор Т.Чоротегин, К.Молдокасымов, М.Иманкулов. – Бишкек: MaxPrint басмасы, 2016. – 140 бет, сүрөт, карта. – КР Билим берүү жана илим министрлиги. – КР Билим берүү академиясы. – «Мурас» фонду. – «Тарых жана мурас» түрмөгү. – ISBN 978-9967-04-748-5.)

Быйылкы жылдын чоң жетишкендиги – «жүз жыл илгерки бул окуяларга эч кайрылбагыла, бөөдө кан төгүлбөсүн» деп чочулагандардын натуура экендигинде, ала-тоолук калайык карт тарых окуясына калыс баа берип, бабалардын арбагын тынч жолдор аркылуу эскерүүгө болорун далилдегенинде болду. Албетте, бул көп кырлуу, даңазалай турган баракtары да бар, кайгы, азап-тозок үстөмдүк кылган баракtары да бар окуяга карата мындан жүз жылдан кийин деле ар кыл мамиле, ар башка баа берилиши ыктымал. Бирок болочокку эскерүүлөр деле бейпилдик шартында өтөрү үчүн эми кепилдик жана өрнөк бар.

Эскерүү чараларынын эртеңи бар

1916-жылдагы окуяларды эскерүү, изилдөө жана чагылдыруу жаатындагы быйылкыдай көп тарамдуу иш-чаралар Кыргызстанда алдыдагы күндөрдө, апталарда, болочокку жылдарда да улантыла бермекчи.

Маселен, коомдук ишмер Азимбек Бекназаровдун 1916-жылдагы окуяларга арналган китебинин бет ачары Бишкекте жетинин айынын (ноябрдын) 10унда өткөрүлөт. Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясы 1916-жылкы окуяларга арналган даректүү маалыматтардын үч томдугун жарыялоодо (анын алгачкы тому колго тийди). Орусияда жана башка мамлекеттерде да кыргызстандык тарыхчылардын катышуусунда эл аралык илимий жыйындар өткөрүлгөн жатат. Архив таануу иштери болочокто да ырааттуу улантылмакчы. Демек, быйылкы тогуздун айынын (октябрдын) 21индеги кыргыз окумуштууларынын жана борбордук азиялыктардын Бишкектеги эл аралык илимий жыйыны – бул темага карата эч кандай соңку чекит эмес.

Жыйынтыктасак, атуулдардын мындай ар кыл өңүттөгү жандуу мамилелери, кыймыл-аракеттери коомдогу кайдыгерликтин кара туманын жоюуга өз алдынча салым кошот эмеспи.

Ала-Тоодо 1916-жылы эгемендик үчүн күрөшүп, эрдик көрсөткөн жана шейит кеткен бабаларыбыз ыраазы болгондой эскерүү иш-чараларынын байма-бай өтүп жаткандыгы – кайдыгер калбаган ар бир карапайым атуулдун салымынын аркасында болду.

АКТАН ТЫНЫБЕК УУЛУ ЖАНА 1916-ЖЫЛКЫ ИЧКИ ТЕҢИР-ТООДОГУ ЭЛДИК КӨТӨРҮЛҮШ

1916-жылдын тарыхы үчүн баалуу фольклордук булак Кожентте (Фергана өрөөнүндө) 1916-жылы текенин (июлдун) 4үндө башталган улуттук боштондук кыймыл көп узабай Борбордук Азиянын башка аймактарына жайылды. Ошол жылы баш оона (август) айында Чүйдө башталган элдик көтөрүлүштүн оту Кочкор, Ысык-Көлдөн тышкары Нарын жергесинде да алоолонуп жанды.

Тарыхка жаңы нук салган ошол доордун илебин жалаң гана падышалык архивдик маалыматтарга таянып жазуу – бир беткейлик. Көтөрүлүшчүлөрдүн саясий түшүнүгүн, маанайын, айрым лидерлерин, баатырларын, чыккынчыларын, окуяга байланыштуу жер-суу аттарын тактоо үчүн алардын арасында болгон инсандардын эскерүүлөрүн жана башка чыгармаларын астейдил үйрөнүү зарыл.

Ошондой баалуу булак болчу чыгармалардын биринин ээси – айтылуу Актан Тыныбек уулу. Анын «Үркүн» деген чыгармасы 1927-жылы жазылып калган (Караңыз: Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фонду. Инв. 100 (303). – URL: www.bizdin.kg).

Актан өзү кыргыздын залкар манасчысы Тыныбек Жапый уулунун баласы. Тыныбек жомокчу «Манас» дастанынын «Чоң казат» бөлүгүнүн эң мыкты варианттарынын биринин жаратуучусу болгон. Тыныбектин үнү ушунчалык мукам, кубаттуу жана тунук болгон дешет. Уламышка караганда, ал Туюк деген төрдөн туруп «Манас» айтканда, доошу Оттук айылынын оозуна чейин угулчу дешет. Манас таануучулар «Тыныбектин мекте-

би» деп аталган өзгөчө кубаттуу жана салттык манасчылык мектебин айырмалап белгилеп жүрүшөт. Улуу манасчы Тыныбек 1902-жылы Нарындагы Байдулу жайлоосунун Туюк төрүндө каза болгон.

Анын урпагы, ата өнөрүн уланткан манасчы, дастанчы, акын жана комузчу Актан Тыныбек уулу 1888-жылы Миң-Булак жергесинде (азыркы Нарын районуна караштуу Миң-Булак айылында) туулган. Ал дастан айтып чектелбестен, көптөгөн күүлөрдү, анын ичинде «Манас» эпосунун салттык обонунун негизинде «Чоң кошуун», «Семетей күү» деген күүлөрдү да жараткан.

Актан ата «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашынан» үзүндү, «Семетей» бөлүгүнөн «Семетейдин жетим калып Букарга барышы» жана «Семетей Букардан Таласка келип, Манастан калган мүлктөрдү алып жаткан жери» деген эпизоддорду жаздырып, азыркы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондуна өткөргөн.

1936–1947-жылдары Кыргыз мамлекеттик филармониясында өнөрпоз болуп иштеген. Анын кызы Батыйна эже коңшу Эчки-Башы айылына келин болду жана бизге орто мектепте орус тилинен сабак берчү. Эже 1939-жылы Кыргыз маданиятынын Маскөөдөгү он күндүгүнө Актан атанын катышып келгендиги жөнүндө саймедирлеп айтып берээр эле.

Актан атанын «Эр Табылды» дастаны Эр Табылды баатырга арналган колдогу варианттардын ичинен толугу жана идеялык мазмуну, көркөмдүгү жагынан көрүнүктүүсү саналат. Актан Тыныбек уулу «Үркүн» поэмасынан тышкары «Асан-Жамал» деген да көркөмдүк жактан өтө бийик поэманы жараткан. Актан Тыныбек уулу 1951-жылы Миң-Булак айылына кирген Тегерек-Булак жергесинде дүйнөдөн кайткан.

«Аккан арыктан суу агат» демекчи, Тыныбектин небереси Табылды Актан уулу да «Манас» дастанын жана кыргыз тарыхын даңазалаган заманабыздын залкар өнөрпозу, драматургу, театр режиссеру, төкмө акыны.

Ички Теңир-Тоодогу көтөрүлүш жөнүндө

Айрым калемгерлер көтөрүлүш Нарын облусунун ичинен Кочкордо гана болгон деп натуура жоромол айтып жүрүшөт. Нарындын Долон ашуусунан түштүктөгү аймагы да 1916-жылдын баш оона айында көтөрүлүштүн олуттуу чордонуна айланган. Мындагы көтөрүлүшчүлөр Чүй, Кемин, Кочкор, Ысык-Көлдөгү окуялардан кабардар болуп турушкан.

Бул аймактагы көтөрүлүштүн айрым очоктору тууралуу Актан Тыныбек уулу таасын жазат.

Анын чакан дастанынан Кулмат деген баатырдын оторчул бийликтин өкүлүнө каршы айбаты, элди көтөргөн уюштургучтугу, аны колдоого алган Алай Калчаке уулу деген бай киши сыяктуу эл уккан тың чыкмалар жөнүндө кабардар болобуз.

Актан Тыныбек уулу жазгандай, оболу нарындыктар башка өрөөндөрдөгү кырдаал жөнүндө так кабар чогултуу ишин жүзөгө ашырган.

Элдин баарын кабарлап,
Жыйнайлык деп кошунду,
Уккан элдин баарысы,
Уктабай карап отурду.
Бул кабарды таратып,
Туш-тушка кабар салалы.
Кат жазып киши чаптырып,
Калктан кабар алалы.
Кара жол тосуп сөз угуп,

Алыстан кепке каналы.
Каракол, Токмок, Пишпектен,
Кандай экен кабары.
Кыргыздын калың жеринен,
Анык сөзгө каналы.
Баркка тийбей калбады,
Падышанын залалы –
Деп сүйлөшүп биздин эл,
Алайга сөздү тапшырды.
Төрт тарапка төрт киши,
Ат берип Алай чаптырды.
Бардарлык кылды бали деп,
Алайды ар ким жактырды.
Токмокко чейин бар дешти,
Кадимки Кулмат баатырды,
Калчакенин Алайы,
Кара койлуу бай эле,
Карактап кыскан конокко
Камылгасы шай эле.
Мактангандай болбосун,
Сүт менен күлчөтай эле.
Боз жорго менен чү коюп,
Борукчу элин кабарлап,
Алакөз менен кабаадан
Адамды үзбөй чабарлап,
Арык менен Надырбек
Аралап барып кабарлап,
Ажы менен Субанга
Алда канча сапарлап,
Алай барып келди деп,
Угуп турдук атайлап.

Чөлкөмдөн бир кыйла маалымат топтогон нарындыктарга оболу Чүй менен Кочкордогу көтөрүлүштүн алгачкы учурундагы ийгиликтер тууралуу шыктандырчу кабар келген:

Кабар уктук жер-жерден:
Чүй, Ысык-Көл, Кочкордон
Качты орус деп тил келген.
Надирбек менен Борукчу
Кочкордон кууду орусту.
Кара-Коону алды дейт
Талкалап кирип корукту.
Токмокту тынай алды дейт,
Орусту мыктап салды дейт.

Ошол кездеги элдик баатырлардын бири Ыбырай Төлө уулу Боом капчыгайында Орусиянын жазалоочу аскерлеринин курал-жарактарын тартып алгандыгы да нарындыктарга дайын болгонун Актан атанын чыгармасынан билебиз:

Төлөнүн уулу Ыбырай
Байдам-Талга барды дейт,
Төрт жүздөн ашуун бешатар
Түгөл алып келди дейт.
Ашырбайм бери салдат деп
Алматы жолун чалды дейт.
Эрдик кылып Ыбырай
Эл үчүн тикти жанды дейт.
Элди зыян кылдырбай
Эсен алып калды дейт.

Нарындыктар Канаат Ыбыке уулу Кочкордо хан жарыяланганын угуп шаттанышкан. Жалпы журт эгемендик үчүн козголгондо коомдогу ар кыл социалдык катмарлар жана иерархиялык тепкич унутта калган.

Орус, кыргыз беттешип,
Ок атышар күн келди.
Кочкор менен Жумгалдан,
Көкүмбай, Канаат, Курмандан
Угулду кабар ушундай
Урушка кыйын чыңдалган.

Канаатты шайлап кан (хан) кылып,
Кай-кайсы жерге дың кылып,
Казаттан өлгөн шейитти
Калкка угузуп шың кылып.
Аскер жыйнап түптөлүп,
Ар кимдин дарты козголуп,
Жарды, жалчы, малайлар
Жалданбай башы бош болуп.
Кол чакыртып туш-туштан
Кош аттап киши чаптырып,
Чүй, Ысык-Көл, Нарындан
Кошулган элди бактырып,
Ашуунун баарын чалдырып,
Ар кайдан кабар алдырып,
Анжиян, Пишпек, Ташкенден
Салдат келсе кырууга
Аянбай мыкты кам кылып...

Ички Теңир-Тоонун калайыгы Ысык-Көлдө кыргыздар бир нече кыштакка чабуул коюп, өз байрагын тигип, эркиндик идеясын жар салганын да билишкен.

Ысык-Көл жагы жаман дейт,
Эл калбаптыр аман дейт.
Басалкени бүт алып,
Майданды кыйын салган дейт.
<...>
Күңгөй менен Тескейди
Күкүмдөтүп жатат дейт,
Күндүз-түнү тынымсыз
Дүпүлдөтүп жатат дейт.
Кырылганга карабай
Кыргыздар уруш салды дейт.
Кырк желдети бүт барып,
Кызыл-Сууну алды дейт.
Жети-Өгүз менен Шалбаада
Желектин баарын сайды дейт.

Бөрүбашты түптөгөн
Үч жүз салдат барды дейт.
Күнү-түнү атышып,
Билимет менен тозду дейт.
Тескейдеги беш болуш
Биригип башын кошту дейт.
Бешатарга чыдашып,
Беш күнгө уруш созду дейт.
Ысагаалы, Берикбай
Кол баштачу болду дейт.
Кайрат кылып кыргыздар
Каптап чабуул койду дейт.

Албетте, көтөрүлүшкө чыгуу үгүтү кыймылсыз жаткан нарындыктарды уяткаруу менен кошул-ташыл жүргөн:

Эр Шабдандын балдары
Эңкейтиптир канды дейт.
Эмгиче Нарынды алалбай
Нарындык силер жанбы дейт.

Поэмада нарындыктар салгылашууга чыккан айрым учурлар жер-суу аталыштары менен бирге эскертилет.

Он-Арчанын боюндагы оболку кагылышуу куралы начар көтөрүлүшчүлөр үчүн ийгиликсиз болот:

Туралбай биз да жөнөдүк
Айылды көздөй чапкылап.
Он-Арчанын боюнан
Учур чыгып калыппыз,
Бизди отуздай салдат аткылап,
Бешатар огу чуулдап,
Беттетпей койду зуулдап.
Сары-Булак өрдөй качканбыз,
Карагайды туурдап.

Андан соң Нарындын туш-тарабынан улам жаңы көтөрүлүшчүлөр келип жыйылып, Теңир-Тоо калкы оторчуларга каршы чабуулду жандантууга бел байлайт:

Сары-Күңгөй, Чычардан
Сандаган күчкө жолугуп,
Салдаттан сөздү салдык биз.
Калың күчтү жөнөтүп,
Кароол карап калдык биз.
Капчыгайдын жолдорун
Караңгыда чалдык биз.
Кара-Каман, Балгарттан
Кабарлап тилге кандык биз.
<...>
Бул кабарлар угулуп
Биздин эл улам чыйралды.
Ажы, Субан, Надырбек
Алар да келип жыйналды.
Ак-Мойнокко чогулуп,
Аскерди бөлүп шыйгарды.
Ар болуштан эки жүз
Алты жүз киши ыйгарды.
Нарындан каптап кирүүгө
Атышып жоону сүрүүгө,
Ат-Башы, Нарын кошулуп
Камайлык деп күнүгө,
Карылыктап найза алып,
«Казат!» – деп жалпы аттанып,
Көпүрөгө өрт койдук
Караңгыда биз барып.

Бирок Чүй менен Кочкордогу көтөрүлүш очокторун басып, аёосуз жазалап, орус аскерлери Ички Теңир-Тоого илгерилеп келди.

Ошол тапта Сузак жана Тогуз-Торо аркылуу Нарындын жогорку башатына карай өрдөгөн жазалоочу аскерлерге каршы тогуз-торолук жана ак-талаалык кыргыздардын жоокерлери салгылашкан.

Нарындын түмөн күчтүгү
Чоро менен саяктан,

Көк-Артты ашкан салдаттын,
Жолун тосуп аяктан
Султангазы, Калпа ажы
Үй көчүрүп ат байлап,
Жолун тосуп салдаттын
Союшуна мал айдап,
Нарынга баштап келиптир.
Баарысын кырып салыптыр,
Карагайга жашынып
Деркенбай жалгыз калыптыр,
Күлүгү кызыл ат менен
Качып жүрүп Деркенбай
Калганын даана тааныптыр.

Бардык тараптан кызыл кыргын улантылып, падышалык жазалоочу аскерлер Нарын шаарын көздөй жиреп келе берди. Нарындыктар атышып жатып, Кытай тарапка чегинүүгө аргасыз болушту. Бул чегинүү айрым учурларда башаламан качуу менен да коштолду.

Малай Кыдык уулунун акыркы салгылашуусу

Улуу муундагылар урпактарына өткөргөн маалыматтардын бири – бабалардын эгемендик үчүн күрөштөгү эрдиги жөнүндө баян эмеспи.

Мен ыраматылык Сүйүмкан чоң энемден, анын сиңдиси болгон Сейдана таэнемден, ошондой эле алардын сиңдиси Жамийла таэжемден да чоң таятам Малай Кыдык уулу тууралуу көп укчумун. Таякелерибиз менен бөлөлөрүбүз да укмуш окуялардын учугун чыгарып айтышар эле.

Совет доорунда Малай Кыдык уулунун өтө бай киши болгону тууралуу маалымат «пролетариат диктатурасы» орногон мамлекеттеги пионер баланын кулагына комму-

нисттик бийликке жакпаган жашыруун сыр айтылгандай эле угулган.

Малай Кыдык уулунун кыздарынын бардыгы өз учурунда жакшы таалим алышкан экен. Таэнем Сейдана кичинекей кезимде, 1960-жылдардын соңунда, мага арап алфавитин үйрөтүүгө далалат кылып, «Аптиектен» шыр окуп, тим эле мурду тердегиче сабак бергени эсимде. Оюнкараак учурум эле, чынын айтайын, бул алфавитти анда үйрөнө албадым, кийинчерээк гана 1983-жылдан тартып Ташкенде жүрүп үйрөндүм. Айтайын дегеним, бул Малай чоң таятам Өктөбүр ыңкылабына чейин эле курман болгон (анын окуясы төмөндө айтылат), бирок ошол эски заманда эле кыздарын мектепке берип, сабаттуу кылган алдыңкы көз караштагы киши болгон көрүнөт.

Малай чоң таятам Нарын жергесиндеги улуттук бөштондук көтөрүлүшкө катышкандыгы, Эки-Нарын аркылуу Сырт жакка, андан Кытайга карай багыт алган качкындар тобунун коопсуздугун сактап салгылашып жүрүп шейит кеткендиги жөнүндө үй-бүлөлүк маалыматты эми гана башка көз каранды эмес булактан тастыктап отурам.

Актан Тыныбек уулу өзүнүн «Үркүн» деп аталган даректүү мүнөзгө ээ поэзиялык чыгармасында чоң таятабыз (таэнебиздин атасы) тууралуу мындайча кыска баяндайт:

…Бала кыйра качыптыр,
Дөбөлү менен Нарындан,
Тарагайды бет алып,
Далай эл көчүп камынган.
Качкынды кууган салдаттар
Капчыгайда кабылган.
Көч артынан тааптыр
Кыдыктын уулу Малайды
Салдатты баштап эл кууган,
Кылган иши жарайбы.

Кыядан жалгыз атышып,
Малай да сойгон далайды.
Ок дарысы түгөнүп,
Отурган Малай үшкүрүп,
Алдыңкы эл узап кетсин деп,
Айла менен иш кылып.
Сары-Кыянын ташына
Салдаттар чыгып барыптыр.
Токтотуп жаткан Малайды
Топ салдат кармап алыптыр.

Малай Кыдык уулунун өмүрүнүн соңку учурларын анын улуураак кыздарынын бири Сейдана Малай кызы (биздин таэнебиз) өзү көргөн экен. Окуянын андан аркысын тайыларыбыз оозеки калтырган үй-бүлөлүк баян толуктайт.

Курал-жарагы бар бир канча жигити менен Малай Кыдык уулу жазалоочу аскердин жолун тороп атышып турат. Актан атанын ыр саптарына караганда, акыры ал өзү жалгыз атышып калат өңдүү. («*Кыядан жалгыз атышып, // Малай да сойгон далайды...*»)

Анан куралсыз бала-бакыра, карапайым калайык кан майдандан алысыраак узап кетүүсү үчүн убакыт утуу максатын көздөп, ал орус аскерлери менен сүйлөшүүгө барат. Анын бала-бакырасы, уруулаштары жана жердештери өтө алыс качып барып, бийик тоодон калган окуяны байкап турушкан экен.

Орус жоокерлеринин башчысы тынчтык сүйлөшүүгө көнбөй койгон соң, Малай Кыдык уулу жайнамазын жайып, намаз окуй баштайт. Ал намазын бүтө электе эле жазалоочу аскерлердин бири аны кежигеге атып өлтүрөт.

Мунун бардыгын көрүп, ыйлап-сыктаган анын бала-бакырасы башка эл менен чогуу Ысык-Көлдүн Сыртына качат, андан ары Кытайга жөнөшөт. Кытайга өтүү үчүн

өзгөчө ыңгайлуу болгон Торугарт (Торук-Арт) ашуусу падышалык Орусиянын мурдатан бекем кайтарылган чек ара бекети болгондуктан, качкындарга ал жак аркылуу кытайлык чек арадан өтүүгө эч мүмкүн эмес болчу. Нарындык качкындардын соңку толкундагылар дал ошол себептүү түштүк жакка (Торугартка) кетпестен, далай тар жолдон, көпүрөсү жок тайгак кечүүдөн өтүп, күн чыгышты – Ак-Шыйрак, Бедел, Муз-Артты карай бет алышат.

Үркүн – аргасыз тактика катары карт тарыхка ээ

Көтөрүлүш жеңилген соң, качууга аргасыз болгон кыргыздар да жоокер элинин салтына ылайык коопсузураак аймактарга чегинишкен. Мындай Үркүн окуялары XI кылымда да болгонун Махмуд Кашгари Барскани бабабыз өзүнүн 1072–1077-жылдары арапча жазылган «Дивану дугати ат-түрк» чыгармасында тастыктайт. «Бодун үрктү» сүйлөмү «эл үрктү» дегенди туюнтат деп ал арап окурмандарына бул сөздү которуп түшүндүргөн.

Эмир Темир жана анын урпактары XIV кылымдын акыры – XV кылымдын башында Теңир-Тоого кыйсыпыр түшүрүп басып кирген учурларда да жергиликтүү тоолук бабаларыбыздын бир тобу Тарбагатай, Алтай тарапка чейин чегинип «үркүп», кайра Теңир-Тоого кайтып турган. Үркүн – тоолук эл үчүн жоого жеңилбөөнүн, эч кандай кулчулукка моюн сунбоонун кылымдар карыткан аргасы эле.

Бул ирет да, 1916-жылдын баш оона жана аяк оона айларында, теңир-тоолук бабаларыбыз Батыш Кытайды көздөй самсып качууга аргасыз болушкан. Уюшкандыкта жапатырмак чегинүү жана качуунун ушул ыкмасы Актан Тыныбек уулунун чыгармасында деле «Үркүн» деп аталган. Ошол азаптуу доордон кийин нечендеген

кыргыз балдарын Үркүнбай, Үркүнчү, Беделбай, Ашуубай, Турпан, Кашкарбай ж.б. ысымдар менен аташкан. Уйгурлардын жана кашкарлык кыргыздардын таасири астында «ахун» сөзү да ысымдарга көбүрөөк жалгаштырылган. «Какшаал» сөзү каргыштын бир түрү катары кеңири таркалган.

Азыркы тапта айрым кыргыздар «Үркүн» сөзүнөн уялымыш болуп жатышат деп айтсак, ошондогу бабаларыбыз тирилип келсе, балким, баш чайкап: «Тарыхый доор калтырган ата-баба сөзүнөн уялбагылачы» – деп айтып кейишмек чыгаар?

Көтөрүлүш жеңилген соң башталган ошол тагдырдын тайгак кечүүсү болгон Улуу Үркүн кезеңин акын жана дастанчы Актан Тыныбек уулу мындайча сүрөттөйт:

Ала-Тоо сени таянып,
Атышып бир аз жаттык биз.
Аёосуз кыргын салган соң,
Айлабыз кетип шаштык биз.
Жарак курал жогунан
Жан калкалап качтык биз.

Бирок жогоруда айтканыбыздай, көтөрүлүшчүлөр качып баратып да уюмдашып, оболу бала-бакыраны алдыга жиберип, өздөрү кас душмандын жолун бууп аткылашат. Ал түгүл калп эле көп сандаган жоокер тургансып, жазалоочу аскерлерге сүр кылуу үчүн, аскердик ар кыл айла-амал жасашкан.

Ички Теңир-Тоодогу далай баатырлар жазалоочулардын жолун бууп, салгылашып жатып курман болушкан.

Актан Тыныбек уулунун бул ырынан ал өзү да ошондой эл четинде, жоо бетинде жүргөн жигиттерден болгонун баамдайбыз:

Кара-Саздан көчкөнбүз,
Кара Каман, Балкартты

Катары менен кечкенбиз.
Атка токтор жан калбай,
Атышалы дегенбиз.
Аял менен бала-чаканы,
Аман сактап калсак деп
Аманат жандан безгенбиз.
Жаман-Эчки ашканбыз,
Жасооту болуп шашканбыз.
Кароол-Төбө, Туруктан
Кароолго барып жатканбыз.
Караңгыда жол чардап,
Каршы-терши чапканбыз.
Каңырт салып туш-туштан,
Калп эле мылтык атканбыз.

Акындын мындагы «каңырт салып туш-туштан» дегени – көтөрүлүшчүлөрдүн атайылап чуру-чуу салып, арттан жиреп келе жаткан оор куралданган жазалоочуларга сес көрсөтүү аракетин чагылдырат. Анда-санда мылтык да атылып турган.

Актан Тыныбек уулу өз дастанында Улуу Үркүн маалындагы азап-тозокторду Ала-Тоону сагынуу сезимине жуурулуштуруп чагылдырат:

«Айланайын Ала-Тоо
Айрылдык сенден ажырап,
Ат-кунан чаап жатчу элек,
Аш менен тойдо шатырап.
Айланып кайра үй тигип,
Сени көрөбүзбү батыраак.
Булагың тунук сымаптай,
Муңкантат жанды чыдатпай.
Бооруңа тарткын Ала-Тоо,
Боздотуп бизди ыйлатпай.
<...>

Көчкөнбүз сенден Ала-Тоо
Көз жаш агып талаалай.
Кадырың өтөр Ала-Тоо,
Кантелик сени санабай.
Жердетпей сени кууду го,
Желмогуз залим арам ай.

Үркүн маалында жалпы элдик трагедия менен кошул-ташыл пенделик кубанычтар да болгонун, өлүм күчөгөндө деле өмүр үчүн күрөш жүргөнүн акын мындайча жазат:

Кээ бир киши кез келип,
Бала таап алышкан.
Үркүндө кудай берди деп,
Үмүт менен багышкан.
Тааныса алып коёт деп,
Далдалап жүзүн жабышкан...

Чыгыш Теңир-Тоо менен Тарим ойдуңун каптаган качкын кыргыздардын топторун ал мындайча сыпаттайт:

Атын угуп көрбөгөн,
Алты шаарды пааналап.
Ак-Суу, Турпан, Кашкарды,
Биздин эл кирди аралап.
Жалгыз жарым калгандар,
Жамааттуу элге каралап.
Колунда жок начарлар,
Малдууларды сагалап.
Бай-манап жүрөт кедейди
Мына урушкун деп табалап.
Ар ким жүрөт өзүнүн
Ал-кубатын чамалап,
Күчөргө кетти далай эл,
Күндөп-түндөп сабалап,
Ата конуш жери жок
Ар кимдин башы маң болуп.

Ак-Суу, Турпан, Какшаалдын,
Арасы туман чаң болуп
Туруктуу конуш жери жок,
Турпанга бардык сенделип.
Туура чөп калбай жеринде,
Туш-тушунан эл келип.
<...>
Улуу жолду чаңдатып
Убараны көп тартып
Уругун издеп туш-тушка
Чубап жүрдү жөө басып.
Кулжа, Текес жагында
Калмактан көрдүк кордукту,
Кайда болсо качкынга
Канкорлор кылган зордукту.
<...>
Үрүмчү менен Күчөргө
Үркүгөн эл барды бул жерге.
Ушу күндө качкын бар
Котен менен Жеркенде.
Кыдырып далай жүрдүк биз,
Кыйноону кыйла көрдүк биз.

Кийинки дооорлордогу аткан таңдарыбыз 1916-жылдан башат алган.

Акын Актан Тыныбек уулу Кеңеш өкмөтү орногондон кийин качкындардын Батыш Кытайдан Атажуртка кайтуу учурлары, болшевиктик теңчилик реформалары тууралуу да поэмасында баяндайт.

«Бадыша тактан кулаптыр,
Байлары кошо сулаптыр.
Балшабек деген көп элди
Башкарып закон чыгарып,
Кедейдин башын кураптыр», –
Деп кабарды укканда,

Качкындын баары күлүңдөп,
Калбастан жалпы кетүүгө
Качкындын баары камданып...

Чыгарма 1927-жылы жазылып алынгандыгын эстесек, албетте, падышалык оторчул режимге караганда 1917–1927-жылдардагы Кеңеш бийлиги асман менен жердей прогрессивдүү бийлик болгондугу талашсыз. Акын, албетте, ошол замананын агымы менен Ленин менен Сталинди да мактайт.

Мурдагы качкындардын жаңы майрамдык маанайын ал минтип чагылдырат:

Качкан элдин баарына,
Камдаптыр Совет жемишти.
Бунктка жыйнап толгон мал,
Бүлөгө карай беришти.
Бадышаны кулатып,
Балшабек алган жеңишти.
Ала-Тоого дыйкандар,
Ар түрлүү эгин эгишти.
Таалайыбыз ачылып,
Талааны совет кеңитти.
Жер-жерине жай алып,
Желбиреп кызыл туу алып,
Жеңиштин гүлүн теришти.

Дал ошол Кеңеш бийлиги маалында 1922-жылы Тоолуу облус, 1924-жылы Кара Кыргыз автоном облусу, 1926-жылы Кыргыз АССРи, ал эми 1936-жылы – Кыргыз ССРи негизделген. Бул советтик тең укуктуу жумурият – Кыргызстан – 1991-жылы өзүнүн Конституциялык укугуна таянып, өзүн көз каранды эмес мамлекет деп жарыялаган.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы ушул саналып өткөн баскычтарга жана эгемендикти калыбына келтирген соңку өзгөрүүлөргө жол ачкан улуу күрөштүн (1916-жылкы бабалардын боштондук көтөрүлүшүнүн) та-

рыхы – Актан Тыныбек уулу сыяктуу ошол доордун күбөсү жана жалындуу катышуучусу болгон залкар дастанчылардын чыгармалары аркылуу ажарына чыгып турат.

Кыскача түшүндүрмө сөздүк

Балкарт (Балгарт, Балык-Арт) – Ысык-Көл жана Нарын жергесиндеги бийик тоодогу өрөөндөрдүн бири. Балгарт өрөөнү Ички Теңир-Тоодо жайгашып, Жетим-Бел, Жетим, Үч-Эмчек тоолору менен курчалган. Кара-Саз, Буркан жана Арчалы сууларынын төмөнкү агымында жайгашкан. Өрөөндүн узундугу – 82 км, эң жазы жеринин эни – 7 км. Балгарт суусу Кичи Нарынга куят.

Балшабек – болшевик (орусча большевик).

Боз-Бешик – азыркы Нарын облусунун Нарын районуна караштуу Он-Арча айыл аймагынын Эчки-Башы кыштагынын түштүк-батышындагы дөңсөө. Бул дөңсөөдөн тегеректеги ири аймак алаканга салынгандай көрүнүп турат.

Бункт – орусча «пункт» («түйүн», «чекит», «чогулуу жайы») сөзүнөн.

Дөбөлү – азыркы Нарын облусунун Нарын районуна караштуу Дөбөлү (Дөбөлүү) айылынын аймагы. Нарын дарыясынын түштүк өйүзү. Ал деңиз деңгээлинен 2180 м бийикте, Нарын районунун борбору Нарын шаарынан 19 км чыгыш тарапта жайгашкан.

Жаман-Эчки – Ички Теңир-Тоодогу мөңгүнүн жана тоолуу өзөндүн аталышы. Жетим кырка тоосунун түндүк ыптасындагы Жаман-Эчки мөңгүсүнөн башат алган Жаман-Эчки суусу – Тарагай суусунун оң куймасы.

Кара-Саз – Нарын жергесиндеги тоо койнундагы өрөөндөрдүн бири. Кара-Саз өзөнү – Кыргызстандын Нарын облусуна караштуу Кичи Нарын суусунун оң куймасы. Капка-Таш тоосунун түндүк капталынан башталып,

Кара-Каман жана Капка-Таш тоолорунун аралыгындагы түзөң, саздуу өрөөн аркылуу агат. Башатында Бел-Тепши, ортоңку агымында Чардак-Суу жана Таш-Кечүү аталат.

Он-Арча – Нарын дарыясынын түндүк жактагы куймаларынын бири. Анын башаты Солтон-Сары жана Терс-Суу дарыяларынан куралат. Он-Арчага Оттук суусу куйган жерде 1916-жылы куралдуу кагылышуу болгон.

Сары-Кыя – Нарын дарыясынын башаттык жагындагы кыя. Нарындык качкындар аны өрдөп, андан ары Ысык-Көлдүн Сыртын карай, андан ары Кытайды көздөй сапарын уланткан.

Тарагай – азыркы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу тоолуу өрөөн (капчыгай). Ички Теңир-Тоодо. Нарын районунун аймагынын чыгышындагы бул өрөөн Сөөк (Жетим-Бел), Тескей Ала-Тоо жана Ак-Шыйрак кырка тоолорунун аралыгында түндүк-чыгыштан түштүк-батышка карай Тарагай суусунун агымы боюнча 80 чакырымга созулуп жатат. Өрөөндө Тарагай суусу (Чоң Нарын дарыясынын башталышы) жана анын куймалары – Жаман-Эчки, Өкүргөн, Сөөк, Жетим-Бел, Май-Төр, Ара-Бел, Котур-Төр, Ит-Тиш (оң) жана Чолок-Төр, Борду, Сары-Төр, Кум-Төр (сол) суулары агат. Таманында ондогон майда көлдөр бар.

31.07.2016

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН

1916: ЖИЗАКТАГЫ ЭЛДИК ТОЛКУНДООЛОР

Борбордук Азиядагы 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштүн олуттуу баракчарынын бири – Фергана өрөөнүнүн батышындагы Жизак өрөөнүндөгү жана

ага караштуу тоо коюнундагы 13–25-июлдагы ири көтөрүлүш окуялары менен байланыштуу.

1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн виртуалдык картасы түзүлсө, албетте, ага ошол жылдын теке (июл) айынын 13–21леринде орун алган Жизак окуяларынын ар кыл жайларын киргизүү абзел.

Бул окуялар тууралуу азыркы Өзбекстанда эч кандай расмий эскерүү жыйындары уюшулган жок. Бирок өзбекстандык тарыхчылар бул көтөрүлүш окуялар тууралуу мурдатан эле ырааттуу жазып келишкен. Чөлкөмдөгү башка аймактардай эле, Жизакта да элдик көтөрүлүшкө Орус армиясынын ооруктагы жумуштарына жергиликтүү калайыкты аскерге алуу долбоору шылтоо болгон. Самарканд облусуна караштуу Жизак үйөзүнөн кеминде 10 600дөй жергиликтүү тургун аскерге алынмак болчу. Бул тууралуу алгачкы маалымат калайыкка 1916-жылы 2-июлда айтылып, 10 күндөн соң 12-июлда тизме такталмакчы болгон.

Бул учур – мусулмандардын ыйык рамазан айы жана орозо күндөрү эле. 12-июлда калайыктын жообун алууга жетишпестен, жергиликтүү оторчул бийлик маселени 13-июлга калтырган.

Ал эми жизактыктар жөн күтүп жатып алышкан эмес. Алардын бир өкүлү 41 жаштагы өзбек (падышалык архивде теги «сарт» деп берилген) Назыр кожо Абдысалам уулу (орус адабиятында: Назыр Ходжа Абдусалямов) 9-июлда Түркстан генерал-губернаторунун баш кеңсеси жайгашкан Ташкен шаарына жөнөтүлгөн. Ал 12-июлда түштөн кийин гана Жизакка кайтып келген.

Ошол түнү, тагыраак айтканда, орозо учурунда кечке маал мусулмандардын оозу ачылгандан соң, Жизакта ар кыл жерлерде шашылыш жыйындар өткөн. Бул тымызын жыйындарда башка аймактарда, асыресе, Таш-

кенде эл толкундап жатат деген каңшаар таркатылган. Чынында да, 11-июлда Ташкенде жергиликтүү калк жашаган бөлүктөгү полиция башкармалыгынын жанында карапайым ташкендиктер менен тирешүү болуп, айрым демонстранттар окко кабылып, мерт болгон.

Коңшу Ферганадагы толкундоолор ошол маалда күч алган.

Албетте, 4-июлда алгачкы толкундоолор Фергананын түштүк ыптасында, Кожент шаарында (азыркы Түндүк Тажикстанда) жана Лейлек аймагында башталганы маалым. Изилдөөчүлөрдүн байкоосуна караганда, Фергана өрөөнүндө көтөрүлүш Самарканд жана Сыр дарыя облустарына караганда кыйла көбүрөөк калайыкты камтып, айыгышкан мүнөздө жүргөн.

Элдин кысымы астында Фергана облусунун аскер губернатору, генерал Александр Иванович Гиппиус (1855-жылы туулган – өлгөн жылы 1917-ж. кийин, бирок так датасы белгисиз) тарабынан иш жүзүндө ак падышанын мажбурлап аскерге алуу жарлыгы жокко чыгарылган жана жумушчуларды ыктыярдуу топтоо усулу менен алмаштырылган. Дал ушул чечим Фергана облусунун аймагында көтөрүлүштүн тез басаңдашына алып келген, бирок ак падышанын жарлыгын өзүм билемдик менен бурмалап аткаргандыгы үчүн Гиппиус ошол айда кызматынан алынган. Фергана облусунун Кокон үйөзүнүн Кайнар болуштугунун Катта-Авган деген жеринде 8-июлда көтөрүлүштүн оту алоолонгон. Анда элүү башыны жана анын катчысын кубалап, алардын төртөө бычактан жаракат алышкан.

Кийинки күнү, 9-июлда, көтөрүлүш Кокон үйөзүнүн Араван, Жаңы-Коргон болуштуктарына жайылган.

11-июлда Ош үйөзүнүн Кожо-Абад жана Булак-Башы болуштуктарынын калайыгы козголгон. 12-июлда Анжиян үйөзүнүн Базар-Коргон болуштугунда көтөрүлүш чыгат, ал эми Майгыр болуштугунун Чаума айылында

ыстарчын өлтүрүлөт. Айтор, Жизактагы окуялар баштала электе эле, андан чыгышырааkта жана түштүк-чыгышта – Фергананын кеңирсиген аймагында саясий кырдаал курчуй баштаган.

Жизактагы көтөрүлүш аракеттери

13-июлда эртең менен Жизак шаарынын жергиликтүү калайык жашаган бөлүгүндө котолоп чогулган калайык ыстарчын Мырзаяр Кудаяровдон (Мирза Яр Худояров) оорукка алынчулардын тизмесин жокко чыгарууну талап кылышкан. Ал моюн сунбай койгондо, аны өлтүрүшүп, ыйык казат ураанын чакырышкан. Эшен Назыр кожо бул топту жетектеген. Көтөрүлүшчүлөр Жизак үйөзүнүн башчысы, полковник Рукинди, пристав Зотогловду, котормочу Мырза Хамдам Закиржановду жана Камил Жумабаев деген жигитти өлтүрүшөт. Ломакино темир жол бекети толук өрттөлөт, телеграф зымдары кестирилет. Айрым карапайым орустар өлтүрүлүп, алардын аялдары жыныстык зомбулукка кабылат.

14-июлда Жизактын Санзар деген бөлүмүндө көтөрүлүшчүлөр Төрөкул Туратбек уулун (Туракул Турадбеков) «Санзар беги» деп жарыялашкан.

Жизак үйөзүнүн Богдан аймагынын көтөрүлүшчүлөрү Абдыракман Абдыжапар уулун (Абдурахман Абдужаббаров) – мурдагы чардарылык бектин уулу, теги боюнча мангыт уруусунан, кезегинде Бухара эмирлигинин жавачы («поручик») аскер кызматында туруп, падышалык орус аскерлерине каршы Көк-Төбөдөгү салгылашка катышкан кишини – өздөрүнүн беги кылып жарыялашат. Анын атасы Абдыжапар бухаралык бек гана болбостон, бухаралык аскерде «токсаба» даражасында кызмат өтөгөн. Падышалык баскынчыларга каршы Көк-Төбө салгылашуусу маалында ал набыт болгон.

68 жаштагы карыя Абдыракман Абдыжапар уулу 1916-жылы июлда Жизактын Богдан деген аймагында Жаңы (Яны) кыштагында байырлачу жана жергиликтүү калайык арасында бедели чоң болгон.

15-июлда богдандык көтөрүлүшчүлөр бул жердеги приставдын кеңсаларын басып алышат. Ал эми пристав Прокопий Михайлович Борило болсо 14-июлда кечкурун кыргыз айылдарына (булакта «киргиз» деп жазылган, балким, жизактык кыргыздардын бир бөлүгү болушу мүмкүн, казак айылдары болушу да ыктымал) башпаана издеп качып чыгып кеткен.

Жизактагы (Зааминдеги) кыргыздардын айрым өкүлдөрү бул көтөрүлүшкө катышкандыгы да маалым, айрымдары качып жүргөн кээ бир орустарды калкалап сактап калышкан.

18-июлда Түркстанда аскердик чукул кырдаал жарыяланган.

20-июлда Рабат болуштугунун борбору Рабат кыштагында көтөрүлүшчүлөр жазалоочу аскерлердин чалгын тобу менен аткылашкан жана 21-июлда эртең менен подполковник Дмитрий Николаевич Водопьяновдун кошууну менен куралдуу тирешүүгө барган.

Көтөрүлүшчүлөр 21-июлда ар кыл болуштуктардан чогулуп, Жизактын жанында күч топтоп, өз алдынча бектик (же хандык) жарыялоону, Жизакты падышалык Орусиядан бошотууну чечишет. Ошол күнү алар ак желекке «Алладан башка кудай жок, Мукамбет анын пайгамбары» деген сөздү жазып алып, Жизак шаарынын сыртында подполковник Афанасьев жетектеген орусиялык чакан кошуун менен кагылышат.

Кошумча келген жазалоочу кошуундун көмөгү менен 25-июлда Жизактагы көтөрүлүш басылган. Жазалоочу кошуундарды жетектеген полковник Ивановго чечкиндүү жана катаал болуу тапшырмасы берилген.

Өз ыктыяры менен колго түшкөн Абдыракман Абдыжапар уулу «Жавачы» орус аскерлерине: «Өзүм коргоп калдым» – деп эки орус айымын тапшырган (архивдик маалыматка караганда, акушерка Янковская менен Клюева деген анын кызматчысы «Жавачынын» үйүндө кармалып турганда бул эки айым анын жакындары тарабынан зордукталган экен).

Падышалык жазалоочу аскерлер көтөрүлүш чыккан аймактардагы бир катар жайларды кыйратып өрттөгөн. Маселен, Заамин аймагында Заамин кыштагы толугу менен өрттөлгөн. Мындагы Кайырма (Каир-Яма), Кара-Саргалы, Куркук, Кур-Казан, Чең-Кайма, Боюн-Турук, Кара-Курсак, Ак-Байра, Карабаш, Тешик-Кулак, Кишлак Чал, Керейити, Кабыл-Мазар, Чет-Арык деген кыштактарда да көптөгөн короолор өрттөлгөн.

Жалпысынан, Жизак үйөзүнө жиберилген кошумча жазалоочу аскер күчтөрү 13 рота, 3 казак орус жүздүгүнөн, 1 сапер ротасынан турган жана жолдо брондуу поезд да келе жаткан. Мындай мыкты куралданган жазалоочуларга каршы жизактык көтөрүлүшчүлөр туруштук бере алмак эмес.

Жазалоочу сот жана оторчул мамлекеттик машина

Самарканддагы аймактык соттун тергөөчүсү эшен Назыр кожо Абдысалам уулун, «Жавачы» Абдыракман Абдыжапар уулун, Жайнак Абдырасул уулун, имам Молдо Мухаммед Райим Молдо Абдыраимовду 1916-жылы 13–25-июлда өз алдынча мусулман мамлекетин куруу мүдөөсү менен Жизак аймагын падышалык Орусиянын курамынан чыгарууга далалат кылышкан, «Жавачы» Абдыракманды «Жизак беги» деп жарыялашкан жана падышалык кошуун менен 21-июлда атышууга чейин барышкан деп айыптап чыкты. Айыпталгандар болсо тер-

гөө маалында бири-бирине күнөө жаап, өздөрүн актаганга далалат жасап жатышты.

Богдан бөлүгүнүн приставы, 45 жаштагы Прокопий Михайлович Борило 8-августта Самарканд аймактык сотунда күбө катары маалымат берип жатып, 14-июлдун кечинен 18-июлга чейин ал жизактык кыргыздардын арасында жашырынып жүргөнүн жана бул көтөрүлүшкө чет өлкөдөн эч кандай таасир болбогонун билдирген.

20-августта Жизакка Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернатору Алексей Николаевич Куропаткин (1848–1925) келип, шаардагы жергиликтүү калктын ак сөөктөрүн, кадырман делген кишилерин чогулткан жана мындай деп айткан: «Полковник Рукин өлтүрүлгөн жердин радиусу 5 верст (болжол менен 5335 метр) болгон айланасы коргон менен курчалышы керек. Бул тилке мамлекетке таандык болот. Бул айланадагы калайыкты дароо сыртка көчүрүү керек!»

Оторчул бийликтин сотунун өкүмүнө ылайык дарга астырылгандардын арасында, албетте, «Жавачы» Абдыракман, эшен Назыр кожо болду. 3 миңдей киши абакка кармалып, алардын көпчүлүгү ар кыл мөөнөткө абакка кесилген. Көтөрүлүшчүлөрдүн жакындары да куугунтукталган жана алардын чарбалары, үй-жайлары таптакыр өрттөлгөн. Оторчул бийлик менен кызматташпай койгон кишилер да үйлөрүнөн ай талаага куулуп чыгарылып салынган.

Көтөрүлүштүн тарыхый орду жана сабагы

1916-жылдын июлундагы Жизак көтөрүлүшү чөлкөмдөгү айрым аймактардагыга караганда чаканыраак, башка кээ бир аймактардагыдан кубаттуураак сезилген менен жалпы эле Борбордук Азиядагы улуттук боштондук кыймылдын орток өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Азыркы тапта Жизактагы көтөрүлүштүн оош-кыйыш окуяларын, чаржайыт өнүккөнүн, анын жетекчилеринин катачылыктарын, кармалгандан кийинки пендечилигин, көтөрүлүшчүлөр бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгара албай калган кырдаалды, ошондой эле элдик кыймылдарды кандуу жазалоонун эч бир жагдайын жашырып-жаппастан кылдат изилдөө абзел.

Ошону менен бирге «Жавачы» Абдыракмандын (мангыт уруусунан чыккан жергиликтүү бектин тукумунун) «көз каранды эмес Жизак бектигинин беги» жарыяланышы – Жизактагы көп этностуу калайык да падышалык Орусиядан эгемен мамлекетти калыбына келтирүүнү тилек кылганын тастыктайт. Салыштырсак, казактар жердеген Торгой облусунда Абылгапар (же Абу-л-Гафар) хан жарыяланса, түндүк кыргызстандыктардан Мөкүш Шабдан уулу, Канаат Ыбыке уулу, Баатыркан Ногой уулу ж.б. хан жарыяланышкан.

Азыркы Борбордук Азия мамлекеттеринин эгемендиги үчүн күрөштүн башатындагы орчун тарыхый окуяларга шексиз түрдө бабалардын күрөштөрү – 1855–68-жж. Түндүк Кыргызстандагы Үмөтаалы Ормон хан уулу, Осмон датка Тайлак Баатыр жетектеген кыймылдар, 1873–76-жж. Полот хан жетектеген улуттук бөштондук көтөрүлүш, 1898-жылкы Анжыян көтөрүлүшү жана 1916-жылкы ири борбордук азиялык көтөрүлүштөр (анын ичинде Жизак көтөрүлүшү) кирээри бышык.

Быйыл эгемендиктин 25 жылдыгын салтанаттуу белгилеп жатып, мындан жүз жана андан ашуун жылдар мурдагы татаал доордо ири чөлкөмдө эгемендик туусун желбиретип, улуттук бөштондук көтөрүлүшкө аттанган бабаларга таазим кылуубуз керек.

19.07.2017

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН

1916: БИШКЕК ДА, МАСКӨӨ ДА УТКАН ИШ-ЧАРА



Кыргыз президенти А.Атамбаев, Орусия президенти В.Путин, Армения президенти С.Саргсян жана Молдова өкмөт башчысы П.Филип «Ата-Бейиттеги» жаңы эстеликке гүл коюуда. 17.9.2016.Борбордук Азиядагы 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн жүз жылдык мааракеси Кыргызстанда гана расмий белгиленүүдө. Орусиянын президенти В.Путиндин «Ата-Бейиттеги» эстеликке гүл коюп, таазим кылышы бул эскерүү жөрөлгөлөрү үчүн өзгөчө мааниге ээ.

1916-жылдагы Борбордук Азиядагы улуттук боштондук көтөрүлүш менен Түндүк Кыргызстандагы Улуу Үркүндүн жүз жылдык мааракесин расмий белгилөө аркылуу Кыргызстандын мамлекеттик бийлиги өзүнүн саясий эркин көрсөттү.

Ал эми КМШ мамлекеттеринин башчыларынын мааракелик саммитине катышуу үчүн Бишкекке келген Орусия Федерациясынын президенти Владимир Путин

Кыргызстандын президенти Алмазбек Атамбаевдин чакыруусун кабыл алып, аяк оонанын (сентябрдын) 17синде Бишкек шаарынан түштүк-чыгыштагы «Ата-Бейит» эстутум жайына келди жана бул көрүстөндө ушул эле айдын башында расмий ачылган эстеликке гүл койду.

«Ата-Бейиттеги» 1916-жылкы көтөрүлүш басылганда набыт болгондорго арналган жаңы эстеликке гүл коюу аземинде Кыргыз президенти А.Атамбаев менен Орусия президенти В.Путинге бул эскерүү жөрөлгөсүнө шерик болуп Армения президенти С.Саргсян жана Молдова өкмөт башчысы П.Филип кошулду.

Гүл коюу аземи маалында Путин мырза башын ылдый түшүрүп, эскерүү ишарасын жасагандыгы көпчүлүк кыргызстандыктардын купулуна толду.

Кыргызстанда 1916-жылдагы Борбордук Азиядагы улуттук бөштондук көтөрүлүштүн жүз жылдыгы жана бул көтөрүлүш кандуу басылганда мерт тапкан 100 миңден ашуун кыргыздын, бир нече он миңдеген жети-суулук казактардын, көптөгөн дунгандардын, уйгурлардын ж.б. жергиликтүү тургундардын элесин эскерүүгө багытталган бул сыяктуу иш-чаралар тууралуу расмий Бишкек президенттик жардыкты жарыялаганда, айрым серепчилер: «Эми Кыргызстан менен Орусиянын өз ара мамилелери салкындайт ко» – деп боолголошкон.

Арийне, Кыргызстандын бул кадамдарын Орусиянын азыркы бийлиги түшүнүү менен кабыл алды. Кыргызстандын мамлекеттик архив агенттигине Орусиянын архив бийлиги ачык колдоо көрсөтүп, падышалык архивдик даректердин көчүрмөлөрүн 2016-жылдын башынан тартып тоскоолсуз өткөрүп берип жатты.

Орусиянын өзүндө болсо атайын интернет барагында падышалык архивдик документтер ачык жарыялана баштады. Андан тышкары, илимий жыйындар да өткөрүлдү.

Мунун себеби эмнеде? Башкы себеби – пост-советтик Орусия Федерациясынын мурдагы падышалык Орусиянын түздөн-түз мураскору болбогондугу. Демек, өтмүштөгү саясий режимдин жоопкерчилиги азыркы расмий Кремлге жүктөлбөшү керек.

Муну бүгүнкү Кремль да түшүнөт. Путиндин «Ата-Бейитке» келип гүл коюшу – расмий Бишкектин гана эмес, расмий Кремлдин да дипломатиялык утушу.

Ансыз да Борбордук Азиянын өлкөлөрүн өзүнө жакын тутууга алпурушкан Маскөө үчүн Бишкектин мындан жүз жыл илгерки окуяларды тынч маанайда эскериши жана азыркы Орусияга каршы эч кандай талаптарды койбогондугу эки өлкөнүн бийликтеринин ортосундагы тымызын дипломатиялык кеңешүүнүн мөмөсү болду.

Коңшу Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан 1916-жылдагы Борбордук Азиядагы улуттук боштондук күрөштүн мааракесин расмий белгилөөдөн оолак болгону менен, алардын тарыхчылары жүз жыл илгерки окуялар тууралуу Кыргызстанда жана Орусияда интернетте кеңири жана ачык жарыяланган даректүү материалдарды кылдат изилдешүүдө.

Эгерде расмий Бишкек бул эскерүү чараларын уюштурбаганда эмне болмок? Анда атуулдук коому кыйла чыңдалган Кыргызстанда калайык өзү байма-бай демилге көтөрүп, 1991-жылы жана 2006-жылы уюштурган сыяктуу коомдук эскерүү чараларын бийликке кылчактап карабастан өткөрө беришмек.

Кыргызстанда: «Азыркы Орусия падышалык Орусиянын жүз жыл илгерки кыргын үчүн кыргыздардан кечирим сурашы жана контрибуция төлөшү керек» – деп талап кылган топтор да жок эмес.

Демек, 1916-жылкы окуяларды расмий эскерүү аркылуу Кыргызстандын бийлиги өлкөдөгү атуулдук ын-

тымакты кыйла чыңдоого жетишти. Орус президенти В.Путиндин «Ата-Бейиттеги» бул эскерүү жөрөлгөсүнө катышуусу болсо Бажы биримдигине киргенден кийин улам жаңы көйгөйгө кептелген кыргызстандыктардын айрым топторунун анти-орусиячыл терс маанайын өзгөртүүгө огожо болгонсуду.

19.09.2016

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН

1916-ЖЫЛКЫ УЛУУ КӨТӨРҮЛҮШ: ТАКТЫККА КАРАЙ УМТУЛСАК

(Мурдагы элчи М.Абыловдун билдирүүсүнөн улам)



«1916-жылкы көтөрүлүш: Мааниси жана сабактары» аттуу илимий жыйындын көрнөгү. Бишкектеги «Достук» конок үйүнүн жыйын залы. 11.11.2015.

2015-жылы жетинин айынын 11инде 1916-жылкы көтөрүлүштүн тарыхына арналган илимий жыйын болду. Бирок айрым коомдук ишмерлер өздөрүнүн жекече пикирлерин жыйындын катышуучуларынын жалпы пикири катары жарыялап жиберген учур катталды. Маселенин чоо-жайы эмнеде? Тарыхчы Т.Чоротегин айрым талуулуу жагдайларга кайрылат.

1. Коомдук талкуу менен илимий жыйындын айырмасы бар.

Идеалдуу илимий жыйындарда тарыхчы окумуштуулар соңку табылгаларын ортого салышат, жаңы теориялык же башка бүтүмдөрү менен бөлүшөт, айрым жаңы архивдик, археологиялык же башка булактардын жаңы маалыматына назар салышат, кээде мурда так жазылбай же ачылбай калган бүдөмүк жагдайларды жаңы усулга негизденип ачыкташат. Булардын бардыгын алар саясаттын күнүмдүк кызыкчылыгына өз турумун чидерлентпестен изилдешет жана жаңы тыянактарын жарыялашат.

Адатта, мындай жыйындарга сырттан капысынан келе калып, дилетанттык оюн таңуулап, окумуштуулардын атынан саясий чакырык жасата калууга ынтызар кишилер дээрлик чакырылбайт.

Кыргызстанда болсо коомдук жыйындарды «илимий-практикалык конференция» деп жөн келди атай салуу модага айланып кетти. Кээде ага катыштырылган окумуштуулар – тек гана илимдеги бюрократтар, бирок тиешелүү темага байланыштуу эмгеги жок кишилер болуп чыгат, бирок алардын академик, доктор, профессор наамы болушу мүмкүн, бери дегенде алар Борбордук Азия менен Түндүк Европанын Дилеттанттар академиясынын аныктамасын күбөлүктү көтөрүп жүрүшү ыктымал. Дал ушундай «илимий жыйындар» көптөгөн саясий оюн-

чулар үчүн жалкоо аарыны өзүнө азгырган бал челектей эле шилекей чууртчу бутага айланат.

Адатта, сырттан келгендер мындай жыйында сөз сурашат: «Керек болсо, сөз бербесең деле ордумдан кыйкырып сүйлөй берем» – деп опурулушат. Илимий китепти же макаланы окубасам деле оюмду 5–6 мүнөткө жеткирип айта кетейин деп айкөлдүк кылышат. Алардын айрымдарынын, албетте, илимий делген жыйындын беделин түшүргөн сөздөрүндө көп учурда жүйө деле болбойт. Жалаң гана эмоцияга алдырган жана өзүн башкаларга баатыр көрсөтүүгө мүмкүндүк берчүдөй сыяктанган курулай билдирүүгө жык толгон дилетанттык сөздөрдү жаадырышат.

Мындай учурда, окумуштууларды кыйнабастан, коомчулук өкүлдөрүнүн дилетанттык талкуусу гана болду деп атоо керек болчу. Ал эми дилетанттык талкууга катышууга буту баскандын бардыгынын акысы бар. Керек болсо, филолог болуп туруп Эйнштейндин теориясын ордунан тургус кылып «талкалай» алабыз, же кытайча бир сөздү билбей туруп, иероглифти кытайлыктарга биз үйрөткөнбүз деп «далилдей» алабыз.

Бул коомдук дилетанттык жыйындарда Чынгыс хандын да «кыпкыргыз» деп жарыялоого болот, Чынгыс хандын чоң чоң энеси Алангоаны санжырадагы Наалы эже дешке болот, ал түгүл Наполеонду деле: «Байыркы кыргыз Аттиланын байкалбай жүргөн урпагы болчу» – деп шек кылууга болот (алгачкы макаланы шектенип жазасыз, анан бара-бара өз оюңузга ишенип кетип, далилденген бүтүм сыңары кеңири таңуулай баштайсыз). Саат басып, Наполеонду кыргыз кылып далилдей албай калсаңыз да, Аттиланы далилдеп салдым го деп үмүттөнөсүз. Тарых барагын анчейин көп ачпай турган айрым кошуналар да «эр экенсиң» деп мактап койсо, ого бетер корстон болосуз; эмкиде Юлий Цезарды да өзүбүздүн эле Жүлүй деген бабабыз болчу деп чыгайын деп камына

баштайсыз, Александр Македондукту кыргыздын жаңгагынын уругун Грекияга өзү алып барып, мичуриндик ыкма менен Балкан тоолоруна жана өрөөндөрүнө сээп чыккан деп айтууга чамына баштайсыз. Аляскаңы «Ала аска» деп айтуу – далилдеп салгандан да кызыктуу жорук да! Сизге сыя да түтөт, интернет да түтөт.

Дал ушундай жыйындарды тек гана коомчулук жыйыны деп койсок, тузу кем болот, ошондуктан аны сөзсүз түрдө «илимий-практикалык» деп даңазалоо абзел. Кошунаңызга да, дилетант кабарчыларга да айтасыз: «Мен бүгүн баланча деген илимий жыйында чоң ачылышты ортого салдым, бардыгынын оозу ачылды, окумуштуулар болсо ичи күйүп, ордунан эле түтөп-түтөп кетишти. Эми ал «бечаралардыкы» түшүнүктүү да, Бишкектеги Ак Үйдү (вариант: Путинди, Обаманы, Кытайды, Батышты, ж.б.) корккончунан кылчактап карап жатышпайбы!..»

Бул маалыматтын артында окумуштуулардын суу жүрөктүгү жөнүндө гана эмес, сүйлөп жаткан кишинин БААТЫРДЫГЫ жөнүндө да тымызын ишара катылып жатканын укkан кишилер анчейин таназар албайт.

Менимче, 2015-жылы жетинин айынын (ноябрдын) 11инде Бишкектеги «Достук» конок үйүнүн жыйын залында өткөрүлгөн илимий жыйындын этегинде фактыга, жүйөгө негизденип сүйлөгөн илимпоздордон тышкары бардык эле жыйындарда өзүн көрсөткүсү келген айрым дилетанттар да сөз эркиндигин пайдаланып, ой-да чечилип сүйлөштү.

«Мындан эмнеге чочулайсыз, өлкөбүздө сөз эркиндиги бар да? – дешиңиз мүмкүн. – Эгерде коомчулуктун жөн гана талкуусу болсо, ага деле окумуштуулар катышып жатышпайбы, алар эмне асмандан түшкөн кишилер бекен?»

Эгерде тиш дарыгерлердин илимий жыйынына барып алып, мен деле: «Туугандар, кариести деле аяп кой-

соңор, аны да бизге Жараткан өзү жиберген да» деген сыяктуу билдирүү жасоо үчүн микрофон талашсам, анда ошол жыйындын ишпалдасын чыгарат элем да...

2. Эми айрым билдирүүлөрдү эскере кетелик

«1916-жылкы кыргынды «геноцид» деп гана атайлык. Кыргыздын жарымынан көбү кырылып калган да».

«Саякатчы Пржевальский да кыргызды өлтүрүп салган, аны айтпай жашырып келебиз».

«Үркүн» деген сөз – качууга аргасыз болгондорду малга теңегендик. Бул сөздү да кыргыздын душмандары чыгарышкан».

Эч бир фактыга негизденбеген бул дилетанттык сөздөр кошумча (коомдук) талкуу учурунда гана сөз сураган айрым коноктор тарабынан айтылды. Илимий делген жыйындын резолюция долбоорунда болсо, албетте, мындай чийки сөздөргө эч орун берилген жок.

3. Мурдагы элчи М. Абыловдун жыйындан кийинки билдирүүсүнө келсек.

Жетинин айынын 11инде саат 13:30дун тегерегинде алиги илимий жыйынга улай орун алган коомдук эркин талкуу бүткөн соң, Кыргызстандын мурдагы элчиси, БШКнын мурдагы төрагасы, мурдагы министр Мамбетжунус Абыловго шилтеме жасалып, талаш-тартыштуу кабар бир нече маалымат каражаттары тарабынан таркалып кетти.

Бир маалыматты мисалга алсак: «Иш-чараны уюштурган бул комиссиянын мүчөсү Мамбетжунус Абыловдун «Азаттыкка» айтымында, конференцияга президенттин жарлыгы менен түзүлгөн атайын топтогу тарыхчылар да катышты.



Жыйындын катышуучуларынын тобу. 11.11.2015

Абыловдун айтымында, 1916-жылдагы окуяны үркүн деп атоо туура эмес, себеби бул сөз малга карата колдонулат. «Адам үркпөйт, кырылат, кемсинтилет, жок кылынат, андыктан болгонун болгондой айтыш керек» – дейт ал:

Чындыгында, тарыхчыларга көп ишенбей турабыз. Орустардын ачуусуна тийбеш үчүн эптеп жымсалдап 100 жылдык деп өткөрүп коюшабы деп... Коркуп жүрө беребизби? Тарыхта бул окуя болгонун айтып, мектептеги балдарга кыргыздын башынан ушундай окуя өткөн, кырылган, тукум курутка учураган деген сөздөрдү айтышыбыз керек. Ушул багытта иштеп жатабыз.

Азыр да Мамбетжунус Абылов мырзаны мактаган пикирлер интернетте арбын айтылып жатат. Көрсө, ал киши чыныгы патриот экен да! Бишкектеги Ак Үйдөн жалтайлаган тарыхчыларга таамай сөзүн айтып, аныктаармандык кылды го!

Мен эки жыл мурдагы окуяны эстеп, өзүмчө улутунуп койдум. Биз 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүш тууралуу эгемендик доорундагы окуу китептерде ачык эле жазып, Ата Мекен тарыхы боюнча мамлекеттик сынактарда негизги суроолор катары ачык эле сунуштап келебиз.

2013-жылы болсо айрым жергиликтүү замандаштарыбыз тарыхчы-педагог Мурат Иманкуловдун 9-класс үчүн окуу китебине асылышып, 1916-жылкы окуялар алынып салынсын деп чыкканда, биз Мурат Иманкуловду жана бул теманы коргоого алдык. Өзүбүздүн окуу китептерибизде деле падышалык Орусияга каршы көтөрүлүш жана андан кийинки Улуу Үркүн менен байланыштуу бул окуяны сөзсүз түрдө чагылдырып келебиз.

Баарынан кызыгы, Мурат Иманкуловго дайыны жок асылгандар уюштурган ошол жыйында М.Абылов мырза М.Иманкуловду жекирген тараптын өкүлү катары чыгып сүйлөп, оозумду ачырган эле.

Муну ал мырза азыр «ойдон чыгарылган жалаа» деши ыктымалдан алыс эмес. Бирок ошол кездеги анын көз карашын башка булактар да чагылдырып калган экен. Маселен, 2013-жылы баш оона (август) айынын 20сында «Новый день» деген интернет басылмага М.Абылов байкебиз мындайча «агынан жарылган» экен:

«...геноцид деп табуу үчүн укуктук негиз жок. Андан тышкары, азыркы Орусия падышалык Орусиянын мураскору саналбайт. Геноцид темасын улам көтөрүп айта берүү ички саясатка карата гана эсеп кылынган, башкача айтканда, шайлоодо улутчул маанайдагы шайлоочулардын добушун алууну гана көздөгөн айла. «Улутчулдук – акмактардын акыркы амалы» деген сөз бекеринен айтылбаса керек да... Орустарга каршы бакырыкты күчөтүү менен кыргыздар Орусия менен дурус алакаларга кедерги тийгизип алуудан башка эч нерсеге жетише алышпайт».

(Орусчасы: «…юридическое основание для признания геноцида отсутствует. Кроме того, современная Россия не является правопреемником царской России. Муссирование темы геноцида рассчитано только на внутреннюю политику, то есть для получения на выборах голосов националистически настроенных избирателей. Не зря существует поговорка «Национализм – последнее прибежище негодяев»… Нагнетая истерию против русских, кыргызы не добьются ничего, кроме потери теплых отношений с Россией»). Булак: http://newdaynews.ru /asia/455373.html.

Демек, андан бери эки жылдын ичинде Мамбетжунус Абылов мырза 180 даражага бурулгандай чоң окуяларды баштан кечирсе керек.

Тарыхчы окумуштуулар болсо, саясий бурулуштарга эч чидерленбестен, бул доорду калыс изилдөө үчүн алпурушуп, жалган айтуудан алыс болгусу келет.

«Геноцид» терминин колдонуу жаатында да М. Абылов жакында так эмес маалымат берген экен: «Жүз жылдан бери кыргыздын башына түшкөн кайгылуу окуяга саясий баа бере албай келатабыз. Орустар эмне дейт деп эле жалтанабыз. Армяндар болсо Түркияга каршы геноцид деген баа берүүгө жетишти. Биз болсо үркүн деп жалтактап жүрөбүз деген маселени көтөрдүк». Булак: http://www.azattyk.org/ content/kyrgyzstan_history_ politics/ 27359426.html?page=1#relatedInfoContainer

Биздин оюбузча, Түркияда элчи болуп жүрүп да бул мырза маселенин олуттуулугун баалай албай калган экен. Армения «геноцид» деп атаган менен, Түркия бул доону азыр да четке кагып, дүйнөлүк уруш маалында эки жактан тең кырылгандар болгон, – деп келет. Демек, «геноцид» деп баа бердиртүүгө жетишти» деген сөз – апыртма. Айрым мамлекеттер Арменияны бул доо жаатында колдогону менен, башкалары четке кагып келишет. Аны мурдагы элчи дурус билүүгө тийиш эле.

Албетте, геноцид аракетин далилдөө үчүн опол тоодой иш аткаруу керек, анын чекеси да оюла элек. Демек, эгерде далилдене элек нерсени тарыхчы таңуулагысы келсе, анда ал үчүн бул жорук – арзан жол менен «баатыр» катары даңазалангысы келгендерди ээрчип, дилетанттын катарын толуктоого жатмак.

Адатта, мындай баатырлар бурмалоо жолу менен гана өз оюндагысын жалпы жыйындын бүтүмү катары таңуулагысы келет. Мага ишенбегендер ошол жыйында алып баруучу болгон тарых илимдеринин доктору, профессор Ташманбет Кененсариевден, тарыхчы Кыяс Молдокасымовдон, жыйынга катышкан тарыхчы жана укукчу, профессор Бекбосун Бөрүбашевден, бул илимий жыйынды уюштуруудагы демилгечи, мурдагы депутат, саясатчы Азимбек Бекназаровдон, анын шериги Анарбек Кайназаровдон жана башкалардан тактап сурай алат.

Жыйындын соңунда Баяс Турал окуп берген резолюцияда 1916-жылы Кыргызстанда кыргыз элине каршы кыргын болгонбу, же падышалык режим тарабынан бул элди жок кылуу үчүн атайын тукум курут саясаты жүргөнбү, буларды аныктоо үчүн ар тараптуу жана терең иликтөө жүргүзүлүшү керектиги айтылган. Демек, резолюцияда 100 жылдык мааракелик иш-чаралардын акыркы баскычына чейин «бул окуя тарыхчы илимпоздор жана коомчулук тарабынан «кыргын» («истребление») же «тукум курут» («геноцид») деген баанын кайсынысына жооп берерлиги далилденсин» деген сунуш гана камтылган. Кабыл алынган резолюцияда 1916-жылкы падышалык оторчул режимдин көтөрүлүшчү жана эгеменчил кыргыздарга каршы жазалоо аракеттеринин деңгээлине биротоло баа берип салуу аракетинин жыты да жок.

Мурдагы элчи жана Орусиянын досу, биз терең урматтаган М.Абылов болсо: «1916-жылкы окуяны кыргын же геноцид деп атоо сунушталды», – деп жалган нерсени калайыкка жайып жатканы таң калтырбай койбойт.

Кыргызстандын азыркы расмий бийлиги 1916-жылкы окуяларды кылдат таразалоо үчүн жана ал жылы набыт болгондорду эскерүү үчүн мурда болуп көрбөгөндөй кадамдарга барууда (быйылкы президенттик жардыктар буга далил). Эстеликтер тургузулмакчы. «Ата Бейит» комплекси бабалардын эрдигин да, азаттык үчүн шейит кеткен кезеңдерин да чагылдырган атайын эскерүү жайына айлануууда. Архивдик илимий сапарлар үчүн да атайын акча каражаты бөлүндү.

Бирок курулай патриоттор өздөрү байкабастан эле бүгүнкү Кыргызстандагы жүз жыл мурдагы эрдикти жана алааматты эскерүү аракеттерине бөгөт кылуу үчүн көбүрөөк салым кошуусу ыктымалдан алыс эмес. Алардын айрымдары атайын провокация жасап жатышабы? деген ойго да аргасыздан жетеленесиз.

4. Кыскача, ток этер ойлорум

1916-жылкы Борбордук Азиядагы улуттук-боштондук көтөрүлүштө кыргыздар жалгыз болгон эмес. Ыраматылык профессор Кушбек Үсөнбаевдин ишин улантуучулардын бири, профессор Токторбек Өмүрбеков өз диссертациясында далилдегендей, бир катар чакан этностордун өкүлдөрү да, анын ичинде либерал-демократ орустар да кыргыздардын көтөрүлүшүнө жан тартышкан. Фактылар бар. Казактарда Амангелди Иман уулу деген да көтөрүлүшчү баатыр чыккан. Негизи, көтөрүлүштүн алгачкы толкуну Түндүк Тажикстандагы Кожент шаарында 1916-жылы теке (июл) айынын 4үндө башталганы маалым.

Кыргызстандагы ири улуттук-боштондук көтөрүлүштүн деңгээлин түшүрүү, тарыхый баасын төмөндөтүү үчүн айрымдар «ал кезде кыргыздар улут боло элек болчу» деген эски советтик этнографтардын бурмалоочу

«жомогун» кайталап жүрүшөт. Эгерде көтөрүлүш улуттук мамлекеттик көз каранды эместикке жетишүү мүдөөсүн көтөрсө (ал эми Түндүк Кыргызстанда бир нече жерде көтөрүлүш лидерлери хан көтөрүлгөн), анда аны тартынбастан улуттук-боштондук көтөрүлүш деп атай алабыз.



Азимбек Бекназаров, 1916-жылкы кайгылуу окуяны (Үркүндү) иликтөө боюнча көз карандысыз саясий-коомдук комиссиянын төрагасы.

Бул көтөрүлүш орус элине каршы эмес, падышалык режимге каршы болгон. Орусия элинин өзү бул режимди 1917-жылы февралда (жаңы жылнаама боюнча марттын башында) кулатып, Александр Керенский башында турган Убактылуу өкмөттү түзгөн. А.Керенский болсо 1916-жылы падышалык режимди кыргыз элине каршы кыргын үчүн Мамлекеттик думанын трибунасынан чечкиндүү айыптап чыккан таанымал орус саясатчысы, либерал демократы.

Азыркы Орусия Федерациясы (атынан айгинеленгендей) – мурдагы падышалык режим эмес, бир катар этносторго автономиялык макам берген федерациялык жумурият, демек, мурдагы жеке бийликтен таптакыр башка типтеги мамлекет. Азыр да бул мамлекеттеги замандаштарыбыз 1916-жылкы көтөрүлүш тууралуу калыс изилдөөгө кол кабыш кылууга даяр экендигин билдиришүүдө. Расмий Кремл да расмий Бишкекке бул жаатта көмөк көрсөтүп, орусиялык архивдерди калыс иликтөөгө мүмкүнчүлүк түзүүнү улантарында эч шек жок.

«Үркүн» сөзү – бабаларыбыздын өздөрү Теңир-Тоодо тээ он биринчи кылымдан бери колдонуп келе жаткан термин. Бул сөз 1072–1077-жылдары энциклопедиялык маалымат камтылган арабча эмгек жазган Махмуд Кашгари Барскани тарабынан да эскерилген. Бул – аргасыз ыкма. Анын уюштурулушу, бирок чукул тактикалык зарылчылык менен байланыштуу. Оболу кары-картаңдарды, бала-чаканы алдыга качырып, колундагы начар куралы менен мыкты куралданган жазалоочу падышалык аскерлерге каршы айбат кылып, алардын жолуна бөгөт түзгөн миңдеген аталардын эрдигинин натыйжасында уюштурулган аргасыз чара.

«Эскирген» термин жаатына келелик. Украинада эми «Голодомор» сөзү модадан чыкты, аны колдонбогула деп украиндерге айта алабызбы? «Кайра куруу» («Перестройка») деген сөздү жактырбай калдык, аны тарыхтан алып салалык дегендер чыкса, алардыкы туура деп ээрчүү керекпи? Же болбосо, илгерки каганды «президент» деп атап, заманбап кыла алабызбы? Ар бир терминдин өз доорундагы жүгү бар. Тарыхый термин биздин уялымыш эткенибизге карабастан сакталууга тийиш.

Эң башкысы, Улуу Үркүн – бул улуу боштондук көтөрүлүш кандуу басылгандан кийинки алааматтуу баскыч. Баатырдык күрөш, улуу көтөрүлүш баскычынын

тарыхый зор маанисин жана ордун бул кийинки кайгылуу баскыч тарыхыбыздан эч качан өчүрө албайт.

Үркүнгө чейинки улуу көтөрүлүш элибиздин азаттык жана мамлекеттик эгемендик үчүн күрөшкө бел байлаган рухун чыңдаган. «Манас» дастаны сыяктуу залкар мурасында жана улуттук аң-сезиминде бекем орногон бул азатчыл рухка таянган улутубуз 1991-жылы кайрадан мамлекеттик көз каранды эместикти калыбына келтире алды. Бул эки окуянын ортосунда 75 гана жыл турат, ал эми улутубуздун эстутумунда тээ байыркы жана орто кылымдардагы бабаларыбыз эгемен кыргыз мамлекетин түптөгөн жана өркүндөткөн жаркын учурларды камтыган 2215 жылдык тарыхтын күүсү да сакталып келет эмеспи.

1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн жана андан кийинки Улуу Үркүндүн жүз жылдыгы жалаң гана Кыргызстанда эмес, бардык боордош өлкөлөрдө, анын ичинде түрк мамлекеттеринде, жакын шериктер болгон Орусияда, Кытайда, жалпы эле Батышта, Чыгышта ар кыл илимий жыйындарда белгиленет ко деген үмүтүм бар. Бирок бул илимий жыйындар фактыларды айланып өткөн курулай дооматтарга жык дилетанттык сөздөрдөн алыс болгон чакта, керек болсо тарыхый акыйкаттыкты тастыктоодогу эң чоң салымдарды орусиялык калыс окумуштуулардын өздөрүнөн да күтүүгө болот.

Ошол доорду иликтөөдө бир гана падышалык Орусиянын архивдик маалыматтарына таянуу жарабайт. Башка мамлекеттердеги, анын ичинде Кытайдагы жана Батыш Европадагы ошол доордон калган даректерди иликтөө керек, кыргыз улутунун ички фольклордук жана башка маалыматтарын кайра карап чыгуу, Чыгыш Теңир-Тоодогу улутташтарыбыздын мурасынан бери иликтөө керек. Мунун бардыгы эл аралык илимий кызматташтыкты талап кылат.

«Кыргынбы же геноцидби? (тукум курутпу)» Эсеби маселен, бул экөөнүн бири гана, «кыргын жагы» гана, далилденсе, бирок падышалык жашыруун жардык же башка өкмөттүк буйрук менен кыргыздарга каршы атайын тукум курут саясатын жүргүзүүгө жол ачылган деген жоромол далилденбей калса, анда ал окуянын алаамат мүнөзү жокко чыгабы? Албетте, жок. Ал кезде бүтүндөй кыргыз улуту тукум курут болбогону анык, бирок мындай алааматта бүтүндөй үй-бүлөлөрдүн жок болгону, бүтүндөй кыштактардын тургундарынын журт которууга мажбур болгону да чын. Демек, набыт болгондордун такталган саны жазалоочу падышалык режимдин – 1855–1895-жылдары борбордук азиялык (борбордук жана батыш теңир-тоолук, алайлык, түндүк памирдик жана ферганалык) кыргыздардын басымдуу бөлүгүн каратып алса да, аларга өз мамлекети катары мамиле кылбастан, ырайымсыз оторчул өгөй бийлигин таңуулаган режимдин – тарыхтагы жоопкерчилигин эч азайта албайт. Бирок бул тарых чаңында калган мамлекетке таандык жоопкерчиликти Советтер Биримдигинин ыдырашы менен Евразиядагы саясий картада пайда болгон, өзүбүзгө үзөңгүлөш чыгып жаткан демократиялык жана федерациялык жумурияттан (Орусия Федерациясынан) талап кылуу, менимче, жарабаган иш.

Андан тышкары, 1948-жылдын бештин айында (декабрында) БУУ кабыл алган «Тукум курут кылмышынын алдын-алуу жана ал үчүн жазалоо» тууралуу конвенция ошол 1948-жылдан кийинки дооорлордо гана орун алган окуяларга карата «тукум курут» доосун колдонуу укуктук жана логикалык жактан туура болот деген пикирлерди эскерте кетелик. Болбосо, 1919–32-жж. СССРде казак орустарга каршы тукум курут саясаты жүргүзүлгөн деп казак орустардын өкүлдөрү да чыкмак.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жана азыркы тапта, XXI кылымдын башында, жалпы адамзат кайсы бир өкмөт тарабынан эч бир этнос эч кандай зомбулукка учурабашы керек, мындан ары тукум курут саясатына жол коюлбашы керек деген талапты карманып келди. Бирок кызыл кемерлердин таптык-саясий көз караштан улам 3 миллиондой улутташын кыргындагы (Камбоджа, 1975–79), Африкада хуту этносу тарабынан 800 миңдей тутси этносунун өкүлдөрүнүн кыргынга учурашы (Руанда, 1994) жана Сребреницадагы 8 миңдей мусулман босналыктын кыргынга учурашы (Босния, 1995) сыяктуу кыргын окуялар көрсөткөндөй, жер жүзүнүн ар кыл аймактарында жалпы адамзат жекирген жексурдук кылмыштар азыркы доордун түркөйлөрү тарабынан 1948-жылдан кийин дагы улантылды. Алар өткөндүн сабагына карап да коюшпады, бирок акыры, моралдык жана башка жазасын да алышты.

Жүз жыл мурдагы тарыхый чындыкты калыбына келтирүүнү улантуу иш-аракетин эч кандай саясий чайкоочулукка жана чагымчылдыкка алдырбастан жүзөгө ашыра алабызбы? Ар жыл гана түгүл, ар бир апта, ар бир күн бул жаатта иштин алдыга жылышын талап кылат.

Ата Журтубуздагы жана чет мамлекеттердеги тарыхчылардын кызматташтыгын камсыз кылуу, 1916-жылкы окуяларды изилдеген илимпоздордун курулай эмоцияга алдырбастан жана бир гана саясий топтун камчысын чаппастан, өз илимий бүтүмдөрү узак мөөнөткө чейин жашай алгандай калыс иштеши керектиги, бул илимий иш-аракетти мааракелик жылдан кийин да ырааттуу улантуу – заманабыздын зарылдыгы.

15.11.2015

Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН


1916-ЖЫЛ: ТАРЫХТЫН АКТАЙ БАРАКТАРЫН БАРДЫК ЭЛДЕР ИЛИКТЕЙТ



Чех тарыхчысы Петр Кокайсл.

Петр Кокайсл мырза менен

Кыргызстанда чехиялык заманбап чыгыш таануучу, кыргыз таануучу, этнограф, тарыхчы, илимдин доктору, доцент Петр Кокайсл (чех тилинде: Petr Kokaisl) жөнүндө 2013-жылдан тартып көбүрөөк сөз кылына баштады. Ал кыргыз журналисти Амирбек Аззам уулу Усманов менен бирдикте чех, орус жана кыргыз тилдеринде китеп жазып, аңгемелер, эскерүүлөр аркылуу тарыхты чагылдыруунун олуттуу усулун колдонгон (Кокайсл П., Усманов А. Кыргызстандын тарыхы күбөлөрдүн көзү менен. – Прага: Nostalgie Praha, 2015. - ISBN 9967330376, 978996733037).



Кокайсл П., Усманов А. Кыргызстандын тарыхы күбөлөрдүн көзү менен.

Биз Чехиянын ордосунда жайгашкан Прагадагы Чех дыйканчылык университетинде (*České zemědělské univerzity v Praze*) Экономикалык жана маданий изилдөөлөр бөлүмүндө доцент болуп иштеп жаткан Петр Кокайсл мырза менен чер жазыша баарлашып, 1916-жылкы Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүш жана Улуу Үркүн жөнүндө биргелешип изилдөө жүргүзүү багыттарын талкууладык.

Эл аралык «ашар» ыкмасы зарыл

Кыргызстандын Президентине караштуу Тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссия да, жергиликтүү илимий-чыгармачыл уюмдар да дал ушундай эл аралык илимий кызматташтык кыргыз тарыхнаамасындагы көйгөйлөрдү чечүүдө өтө натыйжалуу болот деп эсептешет.

Бир эле жагын алсак, маселен, чет өлкөлөрдөгү архивдерди жана китепканаларды казуу үчүн кыргыз та-

рыхчыларын бардык өлкөлөргө аттандырууда каржылык чамабыз чарк. Ал эми тиешелүү өлкөлөрдө ансыз да кыргыз таануу жаатында эмгектенип жаткан адистерди кызматташтыкка чакырсак, анда алар ала-тоолук саякатчы табышы ыктымал болгон материалдардан да мыкты даректерди илим чөйрөсүнө киргизиши ажеп эмес.

Албетте, бул даректерди кыргыз тарыхчынын көзү менен карооого эмне жетсин деңизчи.

Жаңы усулдар жана унутулган булактар

Петр Кокайсл Орусиянын падышалык доорундагы архивдерди изилдөө жолдору жана ыкмалары тууралуу кызыгып суроо салып, ошол замандагы эскерүүлөрдү да көөндөн чыгарбоо керек деген оюн кошумчалады. Албетте, Ысак Шайбек уулу сыяктуу жазгыч акындардын жана башка айдыңдардын эскерүүлөрү, запкы жеген кыргызга боор тарткан Александр Керенский сыяктуу орусиялык либерал жана демократ күчтөрдүн калыс баалары кайрадан жалпы калайыкка кеңири таанышты-рылып жатканын ага айттым.

Кээ бир тарыхый баракtар атайылап бурмаланган же айтылбай кеткен учурлар Чехиянын тарыхында да болгон, – деп белгилеп, Петр Кокайсл мырза, – маселен, коммунисттик тарыхнаамада экинчи дүйнөлүк согуш маалындагы чехтерди жүз пайыз антифашист кылып көрсөтүү аракети болгонун жылмайып эскерди.

Тарыхка жаңыча мамиле кылуу Чехияда 1989-жылдан тартып ырааттуу жүргүзүлүп келет. Маселен, чех илимпоздору азыркы тапта Бишкекте ысымы паркка коюлган антифашист Юлиус Фучик (*Julius Fučík*; 1903–1943) тууралуу улам кайра иликтөө жүргүзүшүүдө. Коммунисттик режим кулаган соң: «Фучик деле өз кезегинде нацисттер менен мышык-чычкан ойногон» – деп шек

кылгандар чыкты; бул дооматтар тастыкталбаганы менен азыркы чехтер аны мурдагыдай «сыйынуу бутасы» кылбай калышты. Кантсе да көпчүлүк чехтер «коммунисттик тоталитардык доордо кыйла артка кеттик» деп санашат эмеспи (Учурда коммунист Юлиус Фучиктин ысымы бардык чехиялык көчөлөрдөн өчүрүлгөнүн, Бишкектеги паркты «Интергельпо паркы» деп кайра атоо сунушу да бар экенин эскерте кетелик).

Этностордун салымдары иликтенет

Чех окумуштуусу Кокайсл Кыргызстандагы чакан этностордун 1916-жылкы көтөрүлүшкө кошкон салымдары тууралуу да терең иликтене баштаганын угуп, канааттанганын белгиледи.

Айта кетсек, бишкектик профессор Токторбек Өмүрбеков өзүнүн кандидаттык диссертациясын ушул багытта жазган. Жакында бишкектик изилдөөчү Жамила Мажун айым дунгандардын 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышуусу тууралуу монографиясын жазып бүттү.

Осмон дөөлөтүнөн келген беш түрктүн эскерүүлөрүн Роза Абдыкулова айым осмон түркчөсүнөн которуп, макалалар жазды. Чынара Исраилова-Харйехузен айым Берлинде ушул 1916-жылкы көтөрүлүш темасы боюнча изилдөө жүргүзүүдө.

Кытайлык кыргыз илимпоздор да 1916-жылкы окуяларга байланыштуу кызыктуу маалымат топтомун даярдашууда. Башкеңсеси Астанада жайгашан Түрк академиясы да бул жаатта изилдөөлөргө демөөрчү болмокчу.

Эми буюрса, Петр Кокайсл мырза да бул багытта өз салымын кошууга, чехиялык тарыхый-этнографиялык материалдарды иргеп чыгууга убада кылды. Ал буга чейин эле 1916-жылкы көтөрүлүштүн келип чыгуу себептери жана Үркүндүн кайгылуу баракгары тууралуу өз эмгегинде кайрыла кеткен.

Баарлашуу маалында биз ага эки айырмалуу тарыхый баскычты чаташтырып жаткандар да бар экенин айттык. Маселен, кээлери улуттук бөштөндүк көтөрүлүш менен андан кийинки Үркүндү чаташтырып жатышат. Улуу Үркүн – бабалар эгемендик үчүн баатырлык кылып күрөшкө чыккан тарыхый биринчи баскыч падышалык оторчул бийликтин куралдуу күчтөрү тарабынан аёосуз жазалоолор, айрым өрөөндөрдөгү кыргын менен аяктаган соң башталган 1916-жылкы тарыхыбыздагы экинчи баскыч эмеспи.

Даректерди изилдөө улантылууда

Кыргызстандын мамлекеттик архив агенттигине Кыргыз Өкмөтү тиешелүү каржылык көмөк көрсөтүүдө. 2016-жылдын үчтүн айынын (январынын) ичинде, буюрса, архив тааануу жаатындагы тиешелүү топ Орусиядагы архивдик маалыматтарды жаңыча кароо үчүн Маскөө, Санкт-Петербургга аттанмакчы.

Өз кезегинде кыргызстандык тарыхчылар да чехиялык жана башка изилдөөчүлөргө өз тарыхын иликтөөдө көмөк көрсөтө алышат. Маселен, тарыхчы Турат Сырдыбаев Кыргызстандагы чех, словак, мажарлардын диаспорасы тууралуу диссертация коргогон. Кыргызстандагы немистер тууралуу да ала-тоолуктар жаңыча иликтөө жүргүзүп жатышат.

Өлкөлөр мамлекеттик чектер аркылуу бири-биринен обочолонуп жиктелгенине карабастан, бүгүнкү бейтарап окумуштуулар, анын ичинде тарыхчылар, ар кандай чектен жогору болуп, өз ара тыгыз кызматташуу аркылуу адамзаттын жаңыча, калыс тарыхын сунуштай алышат.

21.12.2015

Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ,
тарых илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу «Мурас» коомдук фондунун Башкармалыгынын төрагасы




1916-ЖЫЛ: АЛМАТЫДАГЫ АРХИВДИК ДОКУМЕНТТЕР

«Азаттык» уналгысы Кыргызстандагы жана ага чектеш аймактардагы 1916-жылкы улуттук боштондук кыймылдын өбөлгөсү, жүрүшү, катышуучулары жана Улуу Үркүн менен байланыштуу Орусия падышалыгынын архивдик маалыматтарын жарыялоону улантат.

Тарыхчы Кыяс Молдокасымов бул жолу Кара-Балта болуштугунда орусиялык келгиндердин ээлеп алышынын айынан жергиликтүү кыргыздар өз жерлеринен ажырай баштаган доорго байланыштуу айрым архив материалдарын сунуштайт.

Биз буга чейин 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштө кыргыздар жеңилүүгө дуушар болгон соң падышалык жазалоочу аскердин кыргынынан баш калкалоо үчүн Кытайга качкандыгы тууралуу маалыматтарга басым жасап келгенбиз.



Алматы шаарындагы Казак Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен кыргыз тарыхнаамасында мурда маалым болбогон жаңы документтерден.

Архивдик маалыматтарга ылайык, Жети-Суу облусунан кыргыздар жашаган Пржевальск жана Пишпек үйөздөрүндө 65 болуштук болсо, анын 32 болушундагы калк Кытайды көздөй качууга аргасыз болгон. Кашкардагы консулдун коллеж катчысы Стефановдун эсеби боюнча Үч-Турпан, Ак-Суу райондоруна качып барган кыргыздардын жалпы саны 100 миңден 120 миңге жетери көргөзүлөт. Булардын бардыгы көтөрүлүштөн кийинки качкындар тууралуу маалымат.


Түркстан чөлкөмүнүн ошол кездеги генерал-губернатору, генерал-лейтенант Кондратьевич 1906-жылы Ысык-Көлдү кыдырганда, Талды-Булактан баштап кыргыздардын турмушу өтө начар экенин, алардын дыйканчылыкка ыңгайлуу 50 миң теше жерин келгин орустар тартып алганын көрөт. Бирок Жети-Суу облусундагы кыргыздар менен казактар 1916-жылга чейин эле падышалык оторчулук саясаттын оорчулугунан улам Кытайга качууга аргасыз болгонун жаңы табылган архивдик документтер ырастайт.

Биз ушул жылдын январь айында Алматы шаарындагы Казак Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен кыргыз тарыхнаамасында мурда маалым болбогон жаңы документтерди учураттык.

Бул архивдин 44-фондундагы 28064 номерлүү иш кагазында 1915-жылга чейин эле жалпы облустан 1787 түтүн эл Кытайды көздөй качканы тууралуу маалымат, ал түгүл ар бир түтүн ээсинин, анын үй-бүлөсүнүн тизмесине чейин так берилгенин көрдүк. Тактап айтканда, 1904–1914-жылдын аралыгында эле облустан 10 миңге жакын адам Кытайга качып өткөн. Өзгөчө Ысык-Көлдүн тегерегиндеги дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлер келгин славян элдерине зордук-зомбулук менен тартып берилип, ал жердеги кыргыздар өтө жакыр турмушта жашап жаткандыгын чөлкөмгө келип күбө болгон падышалык төбөлдөр жазып калтырышкан.

Натыйжада, 1907-жылдан 1912-жылга чейин Пржевальск уездинде жаңыдан 22 орус кыштагы, 14 хутор түптөлгөн. Мына ушундай абалды, карама-каршылыктардын күчөгөнүн генерал-губернаторлор да көрүп, бирок эч кандай чара көрө алган эмес.

1907-жылы генерал-губернатор Гродеков: «Келечекте жер маселеси боюнча Жети-Суу облусунда сөзсүз чыр чыгат»,– деп жазган. Ошондуктан 1915-жылга чейин эле Пржевальск үйөзүнүн кыргыздары жер маселесинин курчуганынан, оторчулук зомбулуктун күчөгөнүнөн улам Кытайга кача баштагандыгы маалым. Аны төмөндө сунуш кылып жаткан архивдик документтердин айрым беттеринен алынган көчүрмөсүнөн көрө аласыз.



1916-жылдагы улуттук боштондук күрөштүн башкы себеби оторчулук доордогу жер маселесине байланыштуу. XIX кылымдын экинчи жарымында Орусия падышачылыгы Түркстан чөлкөмүн куралдын күчү менен каратып алган соң, оторчулук саясатын ишке ашырууга киришкен.

Каратылган жерлерди башкаруу үчүн 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу негизделип, ал облустарга, андан уезддерге (үйөз) бөлүнгөн. Жаңыдан негизделген административдик бирдиктерди аскер чининдеги падышалык чиновниктер башкарып, жергиликтүү элдин өкүлдөрү башкаруу укугунан четтетилген.

1867-жылы Түркстан чөлкөмүн башкаруу үчүн атайын Жобо кабыл алынып, ал боюнча каратылып алынган жерлер Орусия империясынын менчиги деп табылат. Тактап айтканда, кыргыздар өз ата-бабалары жашап келген жерлерге болгон ээлик укугунан биротоло ажыратылган. Жерге толук кандуу кожоюн болгон соң жергиликтүү калк кылымдар бою мекендеп келген жерди падышалык акимчилдик каалагандай калчай баштаган.

Оторчулардын жерди тартып алуу аракеттери айрыкча кыргыз, казак жашаган Жети-Суу облусунда ыкчам жүргөн. Түпкүлүктүү калктын дыйканчылыкка ыңгайлуу эгин талааларын, кыштоолорун «артыкбаш жерге» чыгарышып, кыргыздарды тоо таянта сүрүп, бошотулган жерлерди Борбордук Орусиядан жана Сибирден жер которуп келген келгиндерге тартып берип жайгаштыра баштаган.


Архивдик булактарга көз чаптырсак, 1868-жылдан 1892-жылга чейин кыргыздар басымдуу жашаган Жети-Суу облусуна 4200 үй-бүлө көчүрүлүп, 100гө жакын орус-украин кыштагы түптөлгөн.

Кыргыздарды өз жерлеринен сүрүп чыгаруу аракети XX кылымдын башында өзгөчө күчөгөнүн архивдик маалыматтар да ырастайт. Ал тууралуу Жети-Суу облусунда чыгуучу «Семиреченские областные ведомости» гезити 1912-жылы 9-декабрда сыймыктануу менен мындайча

жазат: «Пишпек уездинин башчысы П.Н.Затинщиковдун Келгиндер башкармалыгынын кызматкерлери менен биргелешип иштегендигинин натыйжасында, Пишпек уездинде колониялаштыруу иштери эң мыкты жыйынтыктарды берди. Уездде келгиндерди орноштуруу үчүн жүздөй бөлүмдөр түзүлүп, бош жерлер арбын табылып, анын 28ине (28 кыштагына – К.М.) орустар жайгаштырылды».

Орусиянын ар тарабынан өз алдынча көчүп келишкен келгиндер алгач кыргыз айылдарына жакын жайгашып, ар кандай мөөнөткө жерлерди ижарага (аренда) алып иштетип, отурук ала баштаган. Жерлерин өздөрү иштете албаган кыргыздар, өзгөчө болуштуктагы төбөлдөр жеке кызыкчылыгын көздөп жең ичинен жер саткан, жер тилкесин ижарага берген аракеттер Пржевальск, Пишпек уезддеринде көп болгондугун архивдик документтер ырастайт. Ошол эле учурда орус келгиндерине жер берүүдөн баш тартып, жалпы болуштуктун эли келгиндердин ишаракетине каршы чечим кабыл алган учурлар да жок эмес.


Биз бүгүн сунуштап жаткан архивдик документтер Чүйдөгү Кара-Балта болуштугуна тиешелүү. Жаңыдан өз алдынча көчүп келген келгиндерге арендага жер бербейбиз деген кыргыздардын чечими 1911-жылы ар кыл пикирлерди жаратып, маселе Түркстан генерал-губернаторлугуна чейин көтөрүлгөн.



Улуттук боштондук көтөрүлүштүн ирегеси: Кара-Балтадагы 1910–11-жж. жер маселеси.

Бул документтерде «жакынкы жылдардын ичинде чөлкөмдө жер маселесине байланыштуу катуу кагылыш болору» да эскертилген.

Анда сиздердин назарыңыздарга Пишпек үйөзүнүн Кара-Балта болуштугундагы жергиликтүү элдин келгиндерге ижарага жер бербейбиз деген чечими жана ага карата падышалык төбөлдөрдүн мамилеси чагылдырылган архивдик документти сунуштайбыз.



Казакстан Мамлекеттик архиви. Фонд № 44, иш кагаз № 43081; 7а-бет. Алматы. 21.05.2014.


22.02.2016.

Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ

1916-ЖЫЛ: ПАДЫШАНЫН ЖАРЛЫГЫ ЖАНА КӨТӨРҮЛҮШ

1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштүн башкы шылтоосу жергиликтүү элдин 19 жаштан 43 жаштагы эркектерин оорук жумуштарына чакыруу тууралуу 25-июндагы падышанын жарлыгы болчу. Жарлыктын тегерегиндеги жагдайлар тууралуу Алматыдагы архивден табылган жаңы документтер жайында кеп кылабыз.

1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылдын эң башкы себеби падышачылыктын оторчулук саясатынын күчөшү экени буга чейин көп айтылган. Ал эми араң турган элдин кыжырлануусун күчөтүп, ачык күрөшкө чыгуусуна падышанын 1916-жылдын 25-июнундагы жарлыгы шылтоо болуп берген.



СОБРАНІЕ УЗАКОНЕНІЙ И РАСПОРЯЖЕНІЙ ПРАВИТЕЛЬСТВА,

ИЗДАВАЕМОЕ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВУЮЩЕМЪ СЕНАТѢ

6 Іюля 1916 г. № 182. ОТДѢЛЪ ПЕРВЫЙ.

СОДЕРЖАНІЕ:

Ст. 1526. О привлеченіи мужского инородческаго населенія Имперіи для работъ по устройству оборонительныхъ сооруженій и военныхъ сообщеній въ районѣ дѣйствующей арміи, а равно для всякихъ иныхъ, необходимыхъ для государственной обороны работъ.

1527. Объ утвержденіи правилъ о выдачѣ ссудъ изъ казны и о возмѣщеніи расходовъ земскимъ учрежденіямъ и городскимъ общественнымъ управленіямъ, въ связи съ эвакуаціей.

Объявленное Высочайшее повелѣніе

Военнымъ Министромъ.

1526. О привлеченіи мужского инородческаго населенія Имперіи для работъ по устройству оборонительныхъ сооруженій и военныхъ сообщеній въ районѣ дѣйствующей арміи, а равно для всякихъ иныхъ, необходимыхъ для государственной обороны работъ.

Государю Императору, благоугодно было, въ 25 день іюня 1916 года, Высочайше соизволить повелѣть:

«1) Для работъ по устройству оборонительныхъ сооруженій и военныхъ сообщеній въ районѣ дѣйствующей арміи, а равно для всякихъ иныхъ, необходимыхъ для государственной обороны работъ,—привлечь въ теченіе настоящей войны нижеименованное мужское инородческое населеніе Имперіи, въ возрастѣ отъ 19 до 43 лѣтъ включительно:

а) инородческое население Астраханской губерніи и всѣхъ губерній и областей Сибири, за исключеніемъ бродячихъ инородцевъ и всѣхъ вообще инородцевъ, обитающихъ: въ областяхъ Приморской, Амурской, Камчатской и Сахалинской, въ округахъ Средне-Колымскомъ, Верхоянскомъ и Вилюйскомъ—Якутской области, въ Туруханскомъ и Богучанскомъ отдѣленіяхъ Енисейской губерніи и уѣзда, въ Тогучинскомъ отдѣленіи Томской губерніи и уѣзда, а также въ Березовскомъ и Сургутскомъ уѣздахъ Тобольской губерніи;

б) инородческое население областей Сыръ-Дарьинской, Ферганской, Самаркандской, Акмолинской, Семипалатинской, Семирѣченской, Уральской, Тургайской и Закаспійской;

в) мусульманское население Терской и Кубанской областей и Закаталыскаго (за исключеніемъ подлежащихъ отбыванію воинской повинности натурою осетинъ-мусульманъ, а также не подлежащихъ сей повинности турокъ и курдовъ), обитающихъ въ Закавказьѣ сидячихъ, нагайцевъ-христіанъ и абхазцевъ-христіанъ Сухумскаго округа, равно инокъ туркменъ, ногайцевъ, калмыковъ и прочихъ подобныхъ имъ инородцевъ Ставропольской губерніи.

№1 документ, 1916-жылдагы Орусия империясынын айрым аймактарынын калкын оорук жумуштарына чакыруу тууралуу падышанын Жарлыгы. Документ аты аталган расмий журналга жарыяланган.


Аталган жарлыкка ылайык, Биринчи Дүйнөлүк согуш учурунда оорук жумуштарына чакырылган адамдар майдандагы орус аскерлерине коргонуу жайларын курууга, ошондой эле тылдагы ар кандай иштерди аткарууга тартылмак. Ал үчүн Астрахан губерниясындагы, Сибирь жана Орто Азиядагы жергиликтүү калктын 19 жаштан 43 жашка чейинки өкүлдөрү жапырт аскерге чакырылмай болот.

Падышанын жарлыгы тууралуу кабар Ташкенге 28-июнда келип, Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернаторлук милдетин убактылуу аткарып жаткан генерал Ерофеев ошол эле күнү аны облустарга таркатат. Түркстан чөлкөмүнүн калкы жарлык менен 29-июндан кийин таанышканы менен, анын түпкү маанисин терең түшүнө беришкен эмес. Ошондуктан алар кошуна жашаган орустардан сурамжылаганда, айрымдары силерди армиянын катарына чакырып жатыптыр дешсе, бир даары силер германдар менен орустар согушуп жаткан талаанын ортосуна барып, окоп казасыңар деп түшүндүрүшөт. Дагы бирөөлөрү силерге ал жактан чочконун этин жедирет деп чыгышат. Ушул сыяктуу ар кыл каңшаар кабарлар элди ого бетер дүрбөлөңгө салган.

Экинчи жактан чөлкөмгө көчүп келип, кыргыздардын жерлерине көз арткан славян калкынын өкүлдөрү элдин көтөрүлүп чыгуусуна кызыкдар болушкан. Анткени архивдик материалдар бышыктагандай, көтөрүлүшкө чыгышкан кыргыздар жазаланмак да, алардын жерлери токтоосуз келгин калкка тартылып берилмек. Чындыгында эле Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндөгү жобого ылайык, козголоңго чыгышкан жергиликтүү элдин жери, мүлкү биротоло тартылып алынып, падышалык

администрация аны каалагандай калчамак. Жогорудагыдай дүрбөлөңгө салган ушак-айың, атайын таратылган чуулгандуу сөздөр элди тынч жаткырган эмес.

Ошол эле учурда Жети-Суу облусунда катуу каршылыктар болорун сезген падышалык администрация аймактагы славян калкына курал-жарактарды тарката баштаган. Ташкенде, Верный чөлкөмдө жашаган келгиндерден атайын аскерлер куралган. Жети-Суу облусунун аскер губернатору Фольбаум мерчемдүү жерлерге аскерлерди жайгаштырууга буйрук берген.



№1386 документ, Казакстан мамл. архиви. Фонд №44, иш кагаз № 19753, 17-бет, 2-июль, 1916-ж.

Ал эми 2-июлда Түркстан генерал-губернаторунун орун басары, генерал Ерофеев Ташкенге Жети-Суу облусунун аскер губернаторунан башка бардык облустун башчыларын чакырып, 25-июндагы падышанын Жарлыгын тез арада кантип аткаруу керектигин талкуулаган. Ошол мезгилде Петроградда жүргөн Түркстан чөлкөмүнүн убактылуу генерал-губернатору, генерал Мартсон-

дон да телеграмма келет. Анда падышанын жарлыгына ылайык, Түркстан чөлкөмү 250 миң адам топтоп бере тургандыгы көрсөтүлгөн. 2-июлдагы жыйында 250 миң адам облустарга төмөнкүдөй бөлүнгөн:


1. Сыр дарыя облусуна 87 миң,
2. Жети-Суу облусуна 60 миң,
3. Фергана облусуна 50 миң,
4. Самарканд облусуна 38 миң,
5. Закаспий облусуна 15 миң.

Мындан сырткары кеңешмеде жумушчулардын тизмесин түзүү, жөнөтүүнүн жол-жобосу талкууланып, 5-июлдан баштап жарлыктын кыйшаюусуз аткарылышы тууралуу көрсөтмө облустарга таркатылат. Жарлыкты аткарууга киришкен падышалык төбөлдөрдүн аракеттери алгачкы күндөн тартып эле элдин катуу каршылыгына кабылган.

Ушул жерден элдик-боштондук кыймылдын башталышына шылтоо болгон падышанын жарлыгына бир аз түшүндүрмө бере кетсек. Анткени Түркстан чөлкөмүндөгү жергиликтүү элди аскер иштерине тартуу маселеси 1916-жылы эле чыга калбаганы белгилүү. 1910-жылы Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернатору, генерал Самсонов тарабынан бул маселе көтөрүлүп, бирок ички иштер министрлиги тарабынан четке кагылган. 1911-жылы генерал Самсонов экинчи жолу бул маселени талкууга коюп, бирок сунушу дагы өтпөй калат. Жергиликтүү элди аскер кызматына тартууну андан кийинки генерал-губернатор Покотило да көтөрүп чыккан. Натыйжада, 1915-жылы Мамлекеттик Думада жана Мамлекеттик Кеңеште маселе кайра талкууланып, ал Түркстан генерал-губернаторунун башкармалыгынын кароосуна жиберилген.

1915-жылы ноябрда Орусия империясынын Согуш министрлиги тарабынан империянын карамагындагы элдердин айрым бөлүгү аскер милдетин өтөө керектиги жөнүндөгү мыйзамдын долбоору даярдалып, ал Министрлер Советинин кароосуна коюлган. Бирок Министрлер Совети долбоорду Мыйзам чыгаруу мекемелеринин кароосуна берүү али эрте деп табат. Ошентип, бул маселе алты жыл бою кызуу талкууга алынып, акыры 1916-жылы 25-июнда падышанын жарлыгы менен жарым-жартылай түрдө бекиген.

Ушул жерден Алматы шаарындагы архивден табылган жаңы бир документтерде оорук жумуштарына 19 жаштан 31 жашка чейинки эркектерди чакырса эле жетишээрлик болорун тастыктаган маалыматтарга туш болдум.




М. В.

ВОЕННЫЙ ГУБЕРНАТОРЪ
СЕМИРѢЧЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

№1396 документ, Казакстан мамл. архиви. Фонд №44, иш кагаз № 19753, 27-бет, 2-июль, 1916-ж.


Көтөрүлүшкө шылтоо болгон бул жарлык тууралуу буга чейин үстүртөн эле билерибизди Алматыдагы архивден табылган бир катар жаңы документтер менен таанышып чыккан соң ынандым. Падышанын жарлыгын ишке ашыруу үчүн атайын эрежелер, тартиптер иштелип чыгып, анын негизинде оорук жумуштарына чакыруу болгон. Анда жергиликтүү калктын өкүлдөрү кандай чакырылганы, кандай жөнөтүлөрү, шарттарынан бери көргөзүлгөн. Алсак, ар бир болуштан чакырылган 10 адамга бир он башы, 100 адамга бир жүз башы, андан ары миңбашы, молдо, ашпозчу жана мырза башы дегендер дайындалып, ар биринин маянасынан бери көргөзүлгөн.

Ошондой эле отпускасы, оорук жумуштарындагы айылдаштарынан кабар алып келүү үчүн айылдагы абройлуу адамдарды кандай тартипте жөнөтүү, анын жол киресинин төлөнүшү, оорук жумуштарынан кимдер бошотулары, колунда барлар акчасын төлөп башка адамдарды жиберүү мүмкүнчүлүгү жана башка маселелерден бери каралганы атайын кабыл алынган документтерде кашкайып көргөзүлүп турат.



ПОРЯДОКЪ

Архивдик документтер.




Архивдик документтер. №1432, 1433,1434, 1435 документтер, Казакстан мамл. архиви. Фонд №44, иш кагаз № 19753, 122, 123, 124-беттер, 1916-ж.

Бирок булардын бардыгы оторчулук саясаттын оорчулугун башынан өткөрүп жаткан жергиликтүү калкка жеткиликтүү түшүндүрүлбөгөнү белгилүү. Тескерисинче, жогоруда айтылгандай, атайын чагымчыл аракеттер жасалып, бурмаланган түшүндүрмөлөр үстөмдүк кылган. Натыйжада, араң турган элдин кыжырын бул жарлык ого бетер күчөтүп, улуттук-боштондук күрөштүн башталышына шылтоо болуп берген.

28.06.2016

Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ

КАНААТ ХАН ЖАНА 1916-ЖЫЛКЫ УЛУТТУК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШ.



№ 5 документ, Казакстан мамл. архиви. Фонд № 44, иш кагаз № 20075, 278-бет, 1917-ж. Алматы, 01.4.2016. К.Молдокасымов тарткан сүрөт.

1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш тууралуу илимий маалыматтарды жарыялоону улантабыз. Тарыхчы Кыяс Молдокасымов бул көтөрүлүштүн жол башчыларынын бири Канаат хан Ыбыке уулу тууралуу жаңы архивдик табылгаларын сунуштайт.

Канаат хан – тектүү инсан


1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири – Канаат Ыбыке уулу. Анын ысымы архивдик документтерде Канат Абукин деп кездешет. Канаат Ыбыке уулу 1860-жылы Кочкор өрөөнүндө жарык дүйнөгө келген. Ал айтылуу Абайылда уулу Ыбыкенин баласы. Ыбыкенин бир тууган иниси Кыдык – кадимки эле тарыхчы Осмоналынын атасы.

Абайылданын башка атактуу уулдарынан кеп салсак: Шербото, Нарбото, Төрөгелди, Шадыкан жана башкалар. Буларды эске салуу менен биз Канаат Ыбыкенин тектүүлүгүн белгилемекчибиз.

Канаат болуш да болгон

Көпчүлүк авторлор Канаат Ыбыке 1885-жылы Абайылда болуштугунун башчылыгына шайланганын жазып келишет. Бирок бул маалыматтагы жыл туура эмес.

1885-жылы Темирболот болуштугуна Ажыбек Калча уулу (Калчин) болуш болуп шайланып, Канаат Ыбыке ага орун басар (ал учурдагы аталышы «болуштукка талапкер» – «кандидат») болуп шайланган. Бир жылга жетпей Ажыбек Калчин мыйзамсыз иштери үчүн болуштуктан четтетилип, болуштукка талапкер Канаат Ыбыке анын ордуна болуш болуп дайындалат.



№1 документ, Казакстан мамл. архиви. Фонд №44, иш кагаз №386, 35-бет, 1888-ж.

Ал эми 1888-жылдын 16-июлундагы шайлоодо ал Темирболот болуштугунун башчылыгына мыйзамдуу шайланып, 1889-жылдан 1892-жылга чейин болуш болуп турган. Бул тууралуу маалыматты ушул саптардын ээси Казакстандын мурдагы борбору Алматы шаарындагы Казак Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен тапкан документ ырастайт. (*№1 документ, Казакстан Мамл. архиви. Фонд №44, иш кагаз № 386, 35-бет, 1888-ж.*).

Ал эми Темирболот болуштугу кийинчерээк, 1897-жылы экиге бөлүнүп, Абайылда өзүнчө болуштук болуп калган. Бирок 1901-жылы алар кайра бириккен.

Канаат Ыбыке уулу болуш болуп турган мезгилинде эл башкарган мыкты сапаттары анын зоболосун арттырган. Ал 1904-жылы ажылык сапарга аттанып, ал жактан келгенден кийин агартуу иштери менен алектенет. Кочкор өрөөнүндөгү Талаа-Булак деген жерге медресе салдырып, илим-билимдүү мударистерди ар тараптан чакырып, балдарга мыкты тарбия, билим тартуулаган.

Канаат өз балдарына да мыкты тарбия берип, Ыскак деген уулу Уфадагы жогорку окуу жайы «Медресе-и Галияны» 1914-жылы 21-апрелде бүтүрүп келсе (*Булак: Осмоналы Сыдыков // Кыргыз санжырасы. – Фрунзе, 1990, 37-бет*), кичүү балдарын Пишпектеги гимназияда окуткан. Канаат эл үчүн жасаган ак эмгеги аркылуу эл оозуна алынып, кадыр-баркы арта берген.

Көтөрүлүштүн жол башчысы жана хан

1916-жылдагы Кыргызстандын түндүгүндөгү улуттук боштондук көтөрүлүштүн башталышында эле, тактап айтканда, 6-августта нааразычылыкка чыккан эл өрөөндөгү эң абройлуу инсан катары Канаат Ыбыкени эзелки кыргыз салты менен хан көтөрүшүп, анын жетекчилиги алдында күрөшкө аттанган.

10-август күнү Канаат хан жана Дөөткул Шыгаев (Калыгул олуянын небереси –К.М) башкарган 3 миң кыргыз Столыпино (азыркы Кочкор) айылын камоого алышкан. Столыпинону ээлеген соң, Канаат хан 2 миңден ашык кошууну менен Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган.

Шамшы, Тынай, Бурана, Нурманбет болуштугундагы жалпы эл кайрадан Канаат Ыбыкени экинчи жолу хан көтөрүшөт. Жалпы көтөрүлгөн эл Токмоктун тегерегиндеги бир катар айылдарды каратып, Жаңы Токмокту курчоого алышкан. Бирок Ташкент, Алматы тараптан келген казак-орус аскер бөлүктөрү Канааттын аракетине бөгөт коёт. Ал кошууну менен Кочкорду көздөй чегинүүгө аргасыз болгон.


22-августта Канааттын кошуунуна 700 киши менен Көкүмбай Чыны уулу келип кошулган. Кочкор жергесинде туш тараптан келген падышалык жазалоочу аскерлер менен куралданган көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда катуу кагылышуулар болот.

Бирок начар куралданган кыргыздар оор куралданган жазалоочу аскерлерге каршы туруштук бере алган эмес. Жеңилүүгө дуушар болгон кыргыздар Кытайды көздөй качууга аргасыз болгон. Канаат хан да эл менен кошо Кытайга качып барып баш калкаласа болмок, бирок ал оор жазага дуушар болгон эл менен бирге болууну тандаганын айткан.

Туткундалуу. Оор жаза

Канаат ханды күйөө баласы Ыскак Курманов Кочкордун Сөөк жайлоосунан издеп таап, падышалык жазалоочу аскерлердин колуна түшүп берүүсүн өтүнөт. Күйөө баласы эгер Канаат хан колго түшүп бербесе, анда атасы Курман Лепесов баш болгон урук-туугандары кыргынга кабыларын айтып жалдырайт.

Ошондо Канаат Ыбыке өзүнөн жана карачечекей балдарынан бөөдө кыргынга кабылып жаткан кудалары баштаган элдин тагдырын бийик коюп, багынып берүүгө макулдугун берет. Ошондо да ал: «Бул күрөштү мен баштагам, жазаны мына мен өз мойнум менен тартайын, бөөдө эл кырылбасын» – деп өз ыктыяры менен 1916-жылы 18-октябрда колго түшүп берген.


№ 76.
ПРОКУРОРЪ
ВѢРНЕНСКАГО
ОКРУЖНАГО СУДА
Февраля 1917 г.
№ 1092
Гор. Вѣрный.
Военному Губернатору Семирѣченской области.-
Имѣю честь просить Ваше Превосходительство не отказать увѣдомить меня, по чьему распоряженію былъ закованъ въ ножные и ручные кандалы задержанный киргизъ Абакальдинской волости Канаатъ Абукинъ содержащійся нынѣ въ Вѣрненской тюрьмѣ.-
Ис. об. Прокурора
И. д. Секретаря
Kylas Moldokasymov (RFE/RL)

№ 4 документ, КРМА, Фонд № 44, иш кагаз № 20075, 276-бет, 1917-ж. Канаат Ыбыке, Алматы, 01.04.2016. К.Молдокасымов тарткан сүрөт.

Бирок анын жана балдарынын туткундагы тагдыры өтө кайгылуу окуялар менен коштолгон. Өзү туткундалып, Верный түрмөсүнө (азыркы Алматы шаарындагы падышалык абакка) камакка алынган. Өмүрүнүн акырына чейин колу-буту кишенден бошотулган эмес. Аны Алматыдагы архивден табылган соңку документтен көрүүгө болот (*№ 4 документ, КРМА, Фонд № 44, иш кагаз №20075, 276-бет, 1917-ж. Алматы, апрель, 2016*).

Канаат хандын туткунга алынган бир уулу Ыскакты падышалык бийликтин жазалоочулары Тоңдун Ак-Терек айылында дарга асып салышкан. Көтөрүлгөн элдин үшүн

алдыруу үчүн анын денесин бир нече күн бою дарга асып турушкан. Гимназияны бүтүргөн дагы бир уулу Жапарсадык Пишпек (Бишкек) шаарында атылган. Дагы бир уулу Карыпбай түрмөдөн башы чыккан эмес.

Архивдик жаңы табылга

Буга чейин Канаат Ыбыкенин соңку тагдыры, кайгылуу өлүмү тууралуу да ар кыл маалыматтар жазылып келет. Жакында Алматы шаарындагы архивден табылган маалыматка караганда, ал 57 жаш курагында, 1917-жылы 16-февралда, эртең мененки саат сегиз жарымда мээсинин чел кабыгынын кагынуусунан каза болгон; бул жөнүндө Верныйдын Түрмө башчысы өз рапортунда кабарлаган (*Макаланын жогору жагындагы №5 документ. КРМА, Фонд № 44, иш кагаз № 20075, 278-бет, 1917-ж. Канаат Ыбыке, Алматы, 1-апрель, 2016*).

Ал эми эл арасында Канаат Ыбыке мышыякка чыланган устара менен чачын алуудан улам ууланып каза болгону тууралуу айтылып келет.

Жогорудагы архивдик документтен Канаат Ыбыкенин каза болгонун билдирген расмий документ менен эл арасындагы айтылган сөздөр үндөшүп турганын көрүүгө болот. Ошентип, 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөштүн даңазалуу жетекчилеринин бири Канаат Ыбыкенин сөөгү туугандарынын колуна берилбей, бөтөн жерде, Верный шаарында түбөлүк ордун тапкан.

Ал эми эркиндик үчүн күрөшкөн, ага жетекчилик кылган чыгаан инсандын ысымы элдин эсинде түбөлүккө сакталмакчы!

04.06.2016

Ташманбет КЕНЕНСАРИЕВ,
тарых илимдеринин доктору,
И.Арабаев атындагы КМУнун профессору



ТАРЫХ КЕЛЕЧЕККЕ ТУУРА КАДАМ ТАШТОО ҮЧҮН КЕРЕК

Кыргыз өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-декабрында чыккан токтомунда чет өлкөлөрдө жайгашкан архивдерден, музейлерден жана китепканалардан Кыргызстандын тарыхы боюнча документтерди табуу жана анын натыйжасында өлкөнүн архивдик иштерин өнүктүрүү милдети коюлган.

Аны ишке ашыруу максатында Орусиянын Санкт-Петербург шаарындагы Борбордук тарыхый архивине 2016-жылдын 20-январынан 19-февралына чейинки бир айлык мөөнөткө Кыргызстандын Борбордук мамлекеттик архивинин директору Самаеваны, ошол архивдин жетекчи археографы Жолдошбекованы, башкы архивист Мамытбекованы жана 2015-жылдын 29-декабрында Кыргыз Республикасынын Архив агенттиги менен түзүлгөн кызматташтык келишимдин негизинде илимий консультант катары мени – тарых илимдерин доктору, профессор Ташманбет Кененсариевди жөнөтүшкөн.

Республиканын Архив агенттигинин башчысы Орунбай Ахмедовдун айтуусунда, мындай сапар эгемендик доордун тарыхында алгачкы жолу болуп, кыргыз тарыхын, айрыкча колониалдык доор менен советтик замандын баш чендериндеги улуттук тарыхыбыздын бизге жетпей келген архивдик булактарын таап, анын түп нускаларынан алынган документтер менен Кыргыз улуттук архивинин фондун толуктоого мүмкүнчүлүгү эми гана жаралгандыгын, бир айлык аз мөөнөт болсо да, колдон келишинче керектүү тарыхый документтерди таап, аны микрофильм жасатуу аркылуу сатып алып, биздин өлкөнүн башкы архив коруна тапшыруу иштерин аткарууну тапшырган болучу.

Тарыхый материалдарды алыстан издөөнүн чоо-жайы

Бул жерде эмне үчүн кыргыз тарыхынын XVIII–XIX кылымдары жана XX кылымдын биринчи чейреги боюнча зарыл архивдик маалыматтар Кыргызстандын чегинен табылбагандыгын түшүндүрө кетүү зарыл. Анткени биринчиден, XVIII кылымда кыргыз эли көчмөн турмушту баштан кечирип, чачкын жашоо менен өз тилинде жазуу булактары болбогондугун жакшы билебиз. Ал мезгилдин тарыхый окуялары санжыраларда, болумуштарда, араб ариби жана эски чагатай же фарси тилинде даярдалган кайсы бир булактарда гана сакталган. Кээ бир маалыматтар Кытай, Түркия жана Кокон хандыгынын булактарында да бар, бирок өтө аз. Кыргыздар Орусия падышачылыгына караган мезгилде Кыргызстандын аймактары Жети-Суу, Сыр дарыя, Фергана жана Самаркан облустарынын уезддерине бөлүнүп, бир дагы облус борбору азыркы Кыргызстандын чөлкөмүндө жайгашкан эмес. Демек, орус мезгилиндеги бардык жазуу документтери, отчеттор, маалыматтар же Ташкенде, же

Алматыда, же Самаркандда болуп, алардын расмий нускалары Москвадагы, Санкт-Петербургдагы борбордук архивдерге жөнөтүлүп турган. Чынында XVIII–XIX жана XX кылымдын биринчи чейрегиндеги тарыхыбыз боюнча архивдик документтердин бирин-экини гана Бишкекте болбосо, дээрлик баары жогорку шаарларда. Демек, эгемендүү өлкө болгонубуздан кийин, келечек муундагы жаш изилдөөчүлөр үчүн архивдик документтерди колдон келишинче биздин борбордук мамлекеттик архивине топтоо архивисттердин гана эмес, тарыхчылардын да, жалпы эле тарыхка кайдыгер карабаган коомчулуктун милдети. Анын үстүнө Кыргызстан президентинин жарлыгы менен 2016-жылдын «Тарых жана маданият» жылы деп аталып калышы бул быйылкы жакшы саамалыктын мазмун-маанисине да төп келип калганы жакшы болду.

Кызыктуу материалдарды табуу оор

Сенсация болчудай маалыматтарды табуу оңой эмес. Чынында өткөн кылымдагы тарыхчылардын Кыргызстандын XVIII, XIX, XX кылымдын башындагы тарыхы боюнча адистердин басымдуу көпчүлүгү, маселен, Бегималы Жамгырчинов, Сатар Ильясов, Анвар Хасанов, Кушбек Үсөнбаев, эски муундагы көрүнүктүү тарыхчылардан көзү тирүү Владимир Плоских, ошондой эле азыркы муундун белгилүү тарыхчыларына айланып калышкан Тынчтыкбек Чоротегин, Токторбек Өмүрбеков, Жаныбек Жакыпбеков, Жээнбек Алымбаев, Зайнидин Курманов, Дөөлөтбек Сапаралиев, Кыяс Молдокасымов, ошондой эле мен дагы Москва, Санкт-Петербург архивдеринде далай болгонбуз. Белгилүү монографияларда ал мезгилдин архивдик маалыматтары чагылган. Негизинен бул булактар мурун эле дайын. Бирок ошол булактардын түп нускасынын тексттери, архивдик документ катары

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивинде жок. Кеп ошондо болуп жатат.

Биз иш сапарды уюштурууда мурун белгисиз болуп келген архивдик документ табалы деген максат койгон эмеспиз, коюуга да мүмкүн эмес. Максат колдон келишинче архив документтеринин Кыргызстандын тарыхына тиешелүүсүнүн түп нускаларынан расмий көчүрмө кылып, аларды Бишкекке алып келүү. Албетте, алардын баары сатылып алынат. Мисалы, бир барак архивдик документти расмий түрдө 120 рублге микрофильм катары сатышат, эгер аны бул жердин архивинин мөөрү менен тастыктоо үчүн принтерден кагазга чыгарып алсаңыз, дагы барак өлчөмүнө жараша 60–80 сом акча кошосуз. Биз алгачкы жолу барган бул иш сапарда актуалдуу деп саналган темаларга байланыштуу документтерди издеп көрдүк жана бир катар маалыматтарды алдык. Алардын арасында кызыктуулары да бар. Ал документтерди азырынча жарыялоо эртерээк деп ойлойм, бирок жакын арада интернет айдыңына аннотациялык маалыматтар берилет го.

Орусиянын түндүк борборунда тарыхый маалыматтар көп

Санкт-Петербург тарых архиви өтө чоң архив. Дүйнөлүк масштабда эң ири архивдердин катарына кирет. Маселен, бул жерде Орусиянын тарыхы боюнча 6,5 млн документ, баары биригип 7,2 млн даана иш-кагазы сакталып турат. Бул тарых илими гана боюнча. Ар бир документ беш-алты баракtан 500–600 баракка чейин болот. Алар түп нуска (кагаз), микрофильм, санариптик электрондук түрлөрүндө жайгашкан. Хронологиялык, предметтик же алфавиттик каталогдордон кыргыз тарыхына тиешелүү документтерди издөө өзүнчө тозок. Албетте, фонд, опись боюнча жол көрсөткүч (путеводитель), реестр бар деңизчи, атүгүл совет доорунда Кыргызстан-

дын архивисттери жасаган маалыматнаама деле колдонулат, бирок баары бир керектүү материалды табуу чоң машакат. Зарыл маалымат табуу үчүн 15 документтен ашпаган заявка үч-төрт күн мурда берилип, ар бир ишкагазын алып, окуп көрүп, кыргыз тарыхына тиешелүү барактарын жазып, аны атайын бланкка заявка кылып, ал заявкаларды орус архивисттери текшерип, «берүүгө болобу же жокпу» деген чечимден кийин үч айдын ичинде алып кетүүгө даярдалат экен. Биз бир ай болобуз, мына аяктап да калдык. Командировканын ичинде архив ар бир жумада беш күндөн иштесе (10.00.–16.30.), баары болуп 18–20 күн гана активдүү. Бир күндө бир киши беш же он иш кагазын кароого үлгүрөсүң. Үңүлүп микрофильмдеги аппаратты тиктеп, анын көбүнүн окулушу да татаал (кол жазма начар көрүнөт жана башка) кечинде чарчап каласың. Архив иши ушундай эмеспи.

Санкт-Петербургдагы тарых архивинде Падышачылыктын аппаратынын, өкмөттүн, Думанын, министрликтер менен ведомстволуктардын, түрдүү борборлордун, жеке инсандардын документтери, негизинен, жарандык (гражданддык) маанидеги маалыматтар сакталган. Кыргызстанга байланыштуу чалгын, каратуу, аскердик жана башка стратегиялык, саясий маанидеги маалыматтар Москвадагы Аскердик-тарыхый архивинде. Кокон хандыгына, Кыргызстандын Орусия тарабынан каратылышына, көтөрүлүштөргө, тарыхый инсандарга байланыштуу документтердин басымдуу көпчүлүгү ошол жакта.

Ошентсе да кыргыз тарыхына кызыгууну туудурган бир катар документтерди ала алдык. Маселен, Атаке баатырдын элчилери, орус-кыргыз байланыштары, административдик саясат, келгиндерди жайгаштыруу саясаты жана башка багыттар боюнча материалдар алынды. Кызыгууну туудурган материалдардан Орусиянын дин, панисламизм, пантюркизм, ажылыкка баруу багытындагы булактар Кыргызстан үчүн жаңы. Командировканын

аягында интернет булактарында аннотация катары толугураак айтылат го деп ойлойм.

Үркүнгө байланыштуу маалыматтар

Түз эле айта кетүү керек. Үркүнгө байланыштуу видео мындай турсун, фото-сүрөттөр да бул жерде сакталган эмес. Анда материалдар биз менен катар эле Москва облусунун Красногорск шаарында жайгашкан Орусиянын мамлекеттик кино-фото документтери боюнча архивине кетишкен архивисттер: Тазабекова менен Тищенко тарабынан бир аз табылды окшойт. Мен бул жерде жүрүп интернет маалыматтарынан көргөндөй болдум.

Бирок 1916-жылкы көтөрүлүшкө байланышкан губернаторлордун расмий отчеттору, докладдар, жаза колдонуу боюнча маалыматтар табылды. Мен 1916-жылдын 13-декабрында Мамлекеттик Думада Александр Керенскийдин баяндамасынын түп нускасын издеп таптым. Билсеңер керек, 2015-жылдын ноябрь-декабрь айларында профессор Мурат Суюмбаев архив агенттигине ошол баяндаманын 1997-жылы «Исторический архив» журналына жарык көргөн нускасынын көчүрмөсүн бир катар оңдоолор менен тапшырып, коомчулуктун көңүлүн бурган эле. Демек, бул иш сапардын мен үчүн маанилүү болгон бир жагы ошол баяндаманын түп нускасын табуу болчу. Демек, ал табылып, Кыргызстан үчүн заявка жасалды.

Үркүн тууралуу маалыматтар биз үчүн маанилүү

Бул суроого тике эле жооп берейин. Албетте, Орусиянын тарыхчылары Түркстан элдеринин 1916-жылкы Улуу көтөрүлүшү тууралуу билишет жана алар өткөн жылы МГУда конференция да өткөрүшкөн. Быйыл да

илимий форумдар болушу мүмкүн. Бирок азыркы орус коомчулугунун коомдук ишмерлеринин, жалпы эле тарыхчыларынын бул окуяга карата маалыматы аз, басымдуу көпчүлүгү үчүн бул окуя анча деле мааниге ээ эмес. Себеби орус тарыхы үчүн XVIII, XIX, XX кылымдарда болгон далай-далай согуштар, Шамилдин көтөрүлүшүнөн баштап Польшадагы көтөрүлүшкө чейин, 1905–07-жылдардагы, 1917-жылдагы Февраль, Октябрь революциялары, кийинки атуулдук согуш, интервенция жана башка окуялардын арасында «Үркүн» кичине эле катардагы окуя болуп калат. Ал эми биз үчүн бул принципиалдуу маанилүү тарыхый жана саясий маселе болуп жатпайбы.

Акырында айтарым, тарыхты өткөндү билүү үчүн гана эмес, учурду түшүнүү жана эң негизгиси келечекке туура кадам таштоо үчүн окуу керек. Тарых – турмуштун насаатчысы. Демек, өткөн тарыхтын сабактары көп. Ошону дайыма көңүл чордонуна тутуп жүрөлү деймин...

19.02.2016

Ташманбет КЕНЕНСАРИЕВ

1916-ЖЫЛ: СУРООСУ АРБЫН УЛУУ КӨТӨРҮЛҮШ

Ташманбет Кененсариев Санкт-Петербургдагы тарых архивинде 1916-жылдагы окуялар боюнча маалыматтарды издеп жаткан учуру.

1916-жылкы Улуу көтөрүлүштү 1920-жылдардан бери ушул убакка чейин изилдеп келишкен окумуштуулар, коомдук жана мамлекеттик ишмерлердин жыйынтыктарына карап, кыргыз тарыхнаамасы бул илимий маселе боюнча жаңы бийиктиктеги методологиялык

принциптерге толук өтө электигине, тарыхнаамалык талаш-тартышка түшкөн илимий суроолор дагы эле арбын экендигине ынанууга болот.

Ошондуктан 1916-жылкы Улуу көтөрүлүштү изилдөөнүн методологиялык негиздерине азыноолак токтолуп кетүүнү туура таптык.

Мындан 100 жыл мурунку кыргыз элинин тагдырындагы эң катаал жана кайгылуу күндөр болгон 1916-жылкы улуу көтөрүлүш боюнча фактылык материалдар жетишерлик. Бирок айрым бир концептуалдык көз караштар менен методологиялык негиздер 1916-жылкы окуяларды башкача өңүттө тереңдеп кароого шарт түзөт деп ойлоймун.

Ал методологиялык негиздерди толук аңдабай туруп изилдөөгө киришүү маселенин жеткиликтүү чечилишине зыянын тийгизери, анын ар тараптуу кырларын билүүгө чийкилик кылып, маселе боюнча так жана туура корутунду чыгарууга кедерги болору айкын.

Демек, бул тарыхый апаат жылдарды изилдөөдө толук кандуу методологиялык негиздерди билип алуу зарыл деп эсептеймин. Алардын ирилерине токтоло кетели.

1916-жылкы көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү жөнүндө

Улуу көтөрүлүш жөн жерден эле чыга калган окуя эмес. Азыркы изилдөө методологиясында тарыхыйлык (историзм,) системдүүлүк жана бири-бири менен байланыштуулук деген жоболор (принциптер) бар. Алар көтөрүлүштү ар тараптуу изилдөөнүн жетектөөчү негиздери боло алат. Мындан биз эмнелерди биле алабыз?

Тарыхыйлык (историзм) деген принцип «кандай элек, кандай жолдор менен өнүгүп, кандай абалга келдик жана канттик» деген суроолорго жооп табат.

Ал эми системдүүлүк жана бири-бири менен байланыштуулук принциби Кыргызстан өзүнчө гана жашап турган чөлкөм эмес, ал ар кандай коомдук абалда жашаган башка чөлкөмдөр, мамлекеттер менен карым-катнашта турат, ал алакалар кандай болгон жана алардын кыргыз элине кандай таасирлери бар деген суроолорду тактайт.

Демек, 1916-жылкы окуялардын өбөлгөлөрү, Кыргызстандын Орусиянын курамына колония катары киргенден баштап эле калыптанган.

Көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү жөнүндө айтып жатып, анын 1873–76-жылдардагы Ферганадагы азаттык кыймылдарынын, Полот хандын көтөрүлүшүнүн, Кокон хандыгынын жоюлуп, анын ордуна Фергана облусунун түзүлүшүнүн, кийин 1880–90-жылдардагы «Жетим хандын козголоңу», «Мамырдын козголоңу» сыяктуу кичи кыймылдардын, айрыкча 1898-жылкы Анжиян-кыргыз көтөрүлүшүнүн, 1905–07-жылдардагы азаттык идеологиясынын жанданышынын, жадиддик кыймылдардын, коңшу казак элинин агартуучуларынын алаш кыймылынын таасири да 1916-жылкы көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү болгондугун баалашыбыз абзел.

Орусия сыяктуу метрополиялар эмне үчүн Кыргызстан сыяктуу колониялык ээликтерге умтулушкан? Анын эң тереңинде экономикалык жана соода кызыкчылыгы жатат. Андан кийинки орунда жер байлыгы, жер алдындагы жана үстүндөгү материалдык баалуулуктар, кен байлыктар, суу жана энергия ресурстары турат. Аталган кызыкчылыктарды канааттандыруу үчүн колонияларда элдерди көз карандылыкта кармап туруучу мыйзамдар, жоболор иштелип чыгылат, бул максатка кедерги болгон бардык факторлор нейтралдаштырылат, эл аралык дипломатия, атүгүл куралдуу жолдорго чейинки каражаттар колдонулат. Керек болсо демографиялык саясат, социал-

дык иш-чаралар, кадр саясаты, бюрократиялык аппарат, руханий иш-чаралар колониялык аймактарда метрополиянын кызыкчылыгына багындырылат.

Ошол кызыкчылыктарды ишке ашыруучу жана 1916-жылкы көтөрүлүшкө алып келген эң башкы себептердин бири «орусташтыруу» (русификация) деп аталган алысты болжолдогон концептуалдуу саясаты болгон.

Бул саясат кайдан келип чыкты?

Европалык колониялык системаларда, мисалы, Англияда же Францияда метрополия менен колониялардын ортосун океан, тоо кыркалары, чөлдөр, башкача айтканда, ири географиялык тоскоолдуктар бөлүп турат. Ал эми орус метрополиясы болуп эсептелген борбордук Орусия менен анын колониялык чет-жакаларынын ортосунда адам өтө алгыс географиялык тоскоолдуктар жок. Сибирь, Кавказ, Орто Азия сыяктуу чет жакалар Орусиянын «эзелки аймактарынын уландысы» катары каралган. Орусиянын колониялык саясаты үчүн мындай өзгөчөлүктүн геосаясаттык чоң мааниси бар болучу. Анткени Орусиянын улам каратылып алынып жаткан колониялык чет-жакалары акырындык менен узак мөөнөттүн ичинде борбордук губерниялар менен бири-бирине сиңирилип олтуруп, накта орус жерине айланып кетүүгө шарт түзгөн. Бул «орусташтыруу» саясаты эле.

Орусташтыруу концепциясына стратегиялык кеңири маани берилип, аны аткаруу мөөнөтүнө узак жылдар белгиленген. Түркстан жана анын элдери акырындык менен экономикалык, социалдык жана улуттук жагынан Орус империясына толук биригип кетүүсү, атүгүл идеологиялык, руханий, дин жагынан да, одоно айтканда «орус кылуу» максаты коюлган. Чынында, кийин совет доорунда Сибирь, Түндүк жана Ыраакы Чыгыштын

элдери тигил же бул улуттук азчылыкты көрсөтүп турганы менен жүрүм-туруму, кулк-мүнөзү, кебете-кешпири, менталитети орустан айырмасы жок адамдар болуп калышкандыгын ким тана алат...

Демек, орусташтыруу саясаты 1916-жылкы көтөрүлүштүн эң негизги өбөлгөсү болгон.

Улуу көтөрүлүштүн себептери жана шылтоосу жөнүндө

Орусиянын Кыргызстанды каратып алуусу, анын административдик, социалдык-экономикалык жана руханий колониялык саясаты, жер маселелери жана орус келгиндерин жайгаштыруу, колониялык доордогу жерсуу, салык реформалары, жергиликтүү калктын менталитетинин, руханий баалуулуктарынын бузулушу, маданий жана диний кысмактар, Орусиянын, коңшу Кытай мамлекетинин кыргыздарга карата болгон импердик мамилеси жана башка ушул сыяктуу маселелер Улуу көтөрүлүштүн чыгып кетүүсүнүн себептери болуп, аны комплекстүү түрдө акырындык менен даярдай берген.

Себептердин эң орчундуусуна «жер маселеси» кирет. Орусташтыруунун бирден бир каражаты катары бул жактарга орус улутундагы оокаттуу келгиндерди көчүрүп келип, жерге жайгаштыруу болучу. Келгиндерге падышачылыктын Кыргызстандагы ишенимдүү таянычы катары 1860-жылдардан баштап эле маани берилген. Албетте, бул иш-чараны аткаруу үчүн жер керек эле. Демек, кыргыздардын атам замандан бери эгин айдап, мал баккан жер ээликтери жана жайыттары улам жер которуп келип жатышкан орус келгиндеринин колуна активдүү темп менен өтүп турган.

Жер маселеси айрыкча 1890-жылдардын башында Орусиянын ички аймактарында болгон ачарчылыктан

кийин, өзгөчө падышачылыктын 1906-жылдын 9-ноябрындагы агрардык маселе боюнча жарлыгы 1907-жылы мурунку ички иштер министри катары макамдыгын сактоо менен падышачылык Өкмөттүн Министрлер Советинин төрагалыгына келген П. А. Столыпиндин баштаган агрардык реформасын аткаруунун жүрүшүнөн улам курчуп кеткен. Ички Орусиядагы миллиондогон дыйкандардын жер ээликтерин рынок шартына өткөрүү максатындагы агрардык реформа ал жакта сандаган жерсиз, ачка дыйкандардын катмарын пайда кылган. Так ошол дыйкандар «бакыт издеп» империянын Сибирь, Түркстан сыяктуу чет жакаларына «өз алдынча» самсып келе баштаган.

Мындай келгиндерди жайгаштыруу үчүн бир гана жол – жергиликтүүлөрдүн жерлерин ар кандай ыкма менен келгиндерге алып берүү болучу. Агрардык өнүгүүнү жон тери менен сезе баштаган кыргыз жакырларынын отурукташуусун сөз жүзүндө жактамыш болуп, бирок иш жүзүндө колдобогон орус чиновниктери кыргыздын сугат жана түшүмдүү жерлерин келгиндерге арлып берүүгө ашыгышкан. Мындан келип чыккан жер теңсиздиги, анын натыйжасында болгон социалдык кыйынчылыктар, элдин жакырдануусу, жер-суу реформасы кезиндеги салык системасы жана башка иштер 1916-жылкы көтөрүлүштүн себептерин толуктаган.

Демек, 1916-жылдагы окуя узак жылдар бою бышып жетилген жана чыгып кетиши мыйзамченемдүү жараян. 1916-жылдын 25-июнундагы падышачылыктын жергиликтүүлөрдөн эр бүлөлөрдү тылдык жумуштарга чегерүү (бул термин жергиликтүү орус чиновниктери тарабынан «реквизициялоо» деп аталып келет) жөнүндөгү жарлыгы шылтоо гана болгон. Чынында, кыймыл андай жарлыксыз деле эртеби-кечпи башталат эле.

Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчтөрү жөнүндө

Мурунку маркстик көз карашка негизделген советтик тарыхнаамада азаттык кыймылдар таптык көз карашта берилип, оокаттуу инсандардын тигил же бул окуялардагы жетекчилик ролу көмүскөдө калган. Тигил же бул азаттык кыймылга катышкандардын социалдык курамы, негизинен, кедей-дыйкан чарбалардан турган деген пикир болгон. Бул пикирге кошулууга да болот, бирок мурунку тарыхнаамада орун алып келген «таптык көз карашты» бүгүнкү күндө абсолютташтыруунун зарылчылыгы жок. Албетте, кыймылдын катарында эмгекчи эл массасы турду, бирок алардын баарын уруу башчылары жетектешкен.

Канаат Ыбыке уулу, Мөкүш Шабдан уулу, Алымкул Таабалды уулу, Түлкү уулу Тезекбай манап, Медет датканын тукуму Көкүмбий Чыны уулу, Баатыркан Ырайымбек уулу, Баатыркан Ногой уулу сыяктуу көрүнүктүү журт башчылары көтөрүлүшкө багыт берип турушкан. А түгүл 1873–75-жылдардагы Искак Асан уулу Полот хандын, 1879–80-жылдардагы Жетим хан менен Мамыр Мерген уулунун, 1898-жылкы Анжыян-кыргыз көтөрүлүшүнүн негизги түпкү идеясы кыргыз мамлекеттигин сактап калуу болгондугун изилдөөлөр далилдеп жатышкандыгын эске алуу менен 1916-жылкы көтөрүлүштүн Кыргызстандын түндүк аймактарында август айындагы өтө чыңалган активдүү жүрүшүндө жогорку аталган көрүнүктүү кол башчылардын айрымдарынын «хан» көтөрүшү кыргыздардын мамлекеттүүлүктү калыбына келтирүү идеясынын кайрадан жогорку деңгээлге көтөрүлгөндүгүн айгинелеп турат.

Замандын ал кездеги шартында кыргыз көтөрүлүшчүлөрү кыймылга таптык белгилери менен эмес, колониализмге каршы күрөштүн тегерегинде биригишкен. Бул биригүүнү улуттук деп таануунун да, төмөнкү социал-

дык катмардын көтөрүлүшү деп таануунга да болбойт. Бул фактылар кыймылдын жалпы элдик болгондугун айкындайт. Демек, 1916-жылкы көтөрүлүштөн кыймылдаткыч күчү таптык белгисине карабай колониализмге каршы бириккен, оокаттуу уруу башчылары же баатырлар жетектеген жалпы эл катмары болгон. Мындай көз карашта жеке инсандын тарыхтагы орду да айкын белгиленет.

1916-жылкы көтөрүлүштүн жыйынтыктарын тарыхый жактан баалоо

Көтөрүлүштү баалоо аракеттери 1920-жылдардагы изилдөөчүлөр тарабынан эле болгон. Маселен, Т. Р. Рыскулов алгач «Орто Азия аймагына көп аскерлерди киргизүү үчүн көтөрүлүш падышачылыктын күн мурунтан ойлонулган иши катары баалаган. Г. И. Бройдо «колониялаштырууну улантуу үчүн жерлерди бошотуу максатында, көтөрүлүш администрация тарабынан уюштурулган «провокация» деген ишенимде эле. Е. Федоров аттуу тарыхчы 1916-жылкы көтөрүлүштү үйсүз, жерсиз дыйкандар катышкан массалык түрдөгү кыймыл, ал кыймыл орус мамлекетине гана эмес, жергиликтүү байларга, манаптарга каршы багытталган деп санаган. Жусуп Абдрахманов көтөрүлүш падышачылыкка каршы багытталып, бардык орустарга каршы мүнөздө болгон деген пикирди айткан жана көтөрүлүшкө айрым бай-манаптардын жетекчилик кылышын прогрессивдүү көрүнүш катары баалаган. Ал эми Б. Исакеев: «Байлар жана манаптар... чыккынчылык иштерди жүргүзүшкөн жана падыша өкмөтү үчүн агенттик ролду ойношкон»,– деп ишенген. Демек, 20–30-жылдардан баштап эле 1916-жылкы көтөрүлүштүн маңызы жана аны баалоо боюнча талаш-тартыштар башталган.

30-жылдарда Т. Р. Рыскулов «1916-жылы көтөрүлүш падышачылыкка гана каршы эмес, кыргыз элинин жо-

горку катмардагы эзүүчүлөрүнө каршы да багытталган» деген пикирди айткан.

Кийин 70-жылдарда К.У.Үсөнбаев «1916-ж. көтөрүлүш улуттук-боштондук, антифеодалдык, антиаскердик, антиимпериалисттик жана революциялык мүнөздө болгон» – деп тыянактаган. Бул пикирди профессор А. Х. Хасанов да колдогон.

Эгемендик доордо көтүлүштү бир катар тарыхчылар жаңыча баалай баштаган. Маселен, Т. К. Чороев (Чоротегин) кыргыз элинин манаптары Россия империясына баш ийбеген өз алдынча көз карандысыз мамлекет түзүү үчүн күрөшкөн деген пикирди сунуштаган. Т. Өмүрбеков, Т. Шейшеканов, М. Махмутбекова сыяктуу окумуштуулар жалпысынан 1916-жылкы көтөрүлүштү антиимпериячыл, антиорусиячыл, антипадышачыл, антиколониячыл, улуттук-боштондук күрөш катары баалашат.

Биз жогорку көз карашка кошулуу менен, 1916-жылкы окуя улуттук-боштондук кыймыл болгон деген терминди туура деп ойлойбуз. Демек, 1916-жылкы окуя антиимпериячыл, антипадышачыл, антиколониячыл, улуттук-боштондук көтөрүлүш болгон.

Терминдер тууралуу

Азыркы тарыхчылардын, коомдук ишмерлердин арасында «Улуу көтөрүлүш», «Улуу Үркүн» деген сөздөргө анча айырма беришпей келүүдө. 1916-жылкы бардык окуяны бир эле сөз менен «Улуу Үркүн», же түз эле «Үркүн» деп эле атап койгондор бар. Атүгүл «үркүн» деген сөз «малдын, жаныбарлардын үрккөнүн билдирет, ошондуктан аны колдонуудан алып салуу керек» дегендер да чыгууда. Бул терминдердин айланасындагы ача пикирлер бир жактуу болсун десек төмөнкү эки нерсени эске алуубуз абзел.

Биринчиден, 1916-жылкы окуяны ошол жылы бул окуянын башталышы катары Кожентте жергиликтүү кыргыздар, тажиктер жана өзбектер болуп 4-июлда башталган окуядан, июль айында Фергана өрөөнүнүн бардык шаарлары менен ири конуштарында болуп өткөнүн, Алай өрөөнүнүн айрым бир урууларынын падышачылыктын жазалоочу отряддарынан чочулап, ошондо эле Кашкар тарапка качууну (үркүүнү деп түшүнүңүз) ойлоп, бирок аны колониялык бийликтер токтотуп калгандыгын, түштүк кыргыздарынын айрым бир өкүлдөрүнүн теңир-тоолук, чүйлүк, көлдүк жана таластык кыргыздарга «түштүктө башталган кыймылды колдоого» чакырып кат жөнөтүшкөндүгүн, анан август айында Кыргызстандын түндүк аймактарында түштүктө баштаган кыймылды «колдоп» гана тим болбостон, орус падышачылыгына каршы толук кандуу согуш ачып, курал менен Улуу көтөрүлүшкө аттангандыгын, бирок «тишине чейин курал-данган» колониялык жазалоочулардын кыргынына чыдабаган «кара келтек карапайым эл» күзгө таяп Кытайга кача баштагандыгын бүтүндөй бир этаптуу окуя, жараян (процесс) деп кабыл алуу зарыл.

Экинчиден, ал жараянды эки баскычка бөлүп карoo керек. Биринчисин – «Улуу көтөрүлүш» деп, ал эми экинчи баскычын – «Үркүн» деп атоо тарыхый жактан туура болор эле.

Үчүнчүдөн, «үркүн» деген термин, албетте, кыргыздын турмуш-тиричилиндеги «малдын үрккөнүн» билдирүүчү этиш сөз. Бирок ал анын тар маанисинде. Кең маанисинде «үркүн» сөзү тээ дүйнөгө атагы чыккан Махмуд Кашкаринин (Барскани) мезгилинен келе жаткан, кайсыл бир чоң апаатта элдин «үркүүсүн» атаган, кыргыздын гана эмес, бүтүндөй түрк элдеринин төл сөзү. Демек, «бөйрөктөн шыйрак чыгарбай» эле 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн жеңилип калгандан

кийинки уланышы катары эсептелген экинчи баскычын «үркүн» деп атоо, атүгүл анын оордугун жана миңдеген адамдардын өмүрүн жалмаган көлөмүн эске алсак «Улуу үркүн» деп атоо жөндүү.

1916-жылкы көтөрүлүштө өмүрү кыйылган элдин санын аныктоо

Окумуштуулар 1916-жылдагы көтөрүлүштүн мезгилинде, андан кийинки Үркүндө жана Теңир-Тоого кайтууда өлүмгө учураган кыргыздардын санын ар кандайча беришет. Сандар эң жогорку 1 млн (С.Кыдыралиев), 400 миң, 150 миң, 60 миң , атүгүл 37 миң (Ш.Батырбаева).

Үркүндө качкан элдин саны 35 миң түтүн же 160 миң адам, анын 130 миңге жакыны кыргыздар болгон делинет изилдөөлөрдө. Жалпы жоготуу 1917-ж. январына карата Жети-Суу облусунда 38 миң түтүн же 150 миң киши болгон деп саналат. Көтөрүлүш Жети-Суу облусунун үчөөндө, анын ичинде Кыргызстандын аймагында Пишпек менен Пржеваль ойоздорунда чоң масштабда өткөн.

Эгер 1917-жылга чейинки эл санактарда бардык түндүк-түштүк, атүгүл өзбекстандык жана тажикстандык кыргыздардын жалпы саны 1 миллионго жетпегенин, анын 40 пайызга чамалуусу Кыргызстандын түндүк аймактарында жашагандыгын эске алсак, логикалык божомол-салыштырмалуу ыкма менен жалпы жоготуу 120 миң адамдын тегерегинде болгон деп божомолдоого болот.

Айта кетүү керек, 1916-жылкы кыймылдын өөрчүү процессинде өмүрүн жоготкон адамдардын саны боюнча тарыхчылардын изилдөөлөрү али так жыйынтыкка келе элек. Бул маселеге байланыштуу 2016-жылдын ичиндеги изилдөөлөрдө салыштырмалуу чындыкка жакын сандар айтылат деп күтө туралы.

Кыргынды мүнөздөө же баалоо

Кыргындын мүнөзү боюнча пикирлер ар кандай. Айрымдар, айрыкча коомдук ишмерлердин радикалдуу багытындагылар пландуу тукум курут – геноцид болгон дешсе, айрымдары тек жазалоодогу жоготуу гана болгон дешет. Бул баалоодо төмөнкүнү эске алуу керек.

Геноцид – тигил же бул улутту, этносту, расаны, диний жамааттагы кайсы бир топту толук же жарым-жартылай жок кылып жиберүү үчүн уюштурулган пландуу жана максаттуу иш-чара (Орусчасы – гректердин **γένος** – род, племя жана латынча caedo – убиваю) деген терминдеринен куралып айтылган. 1944-жылга чейин «геноцид» термини колдонулган эмес. Аны алгачкы жолу польшалык еврей улутундагы юрист Рафаэль Лемкин (1900–1959) фашизмдин еврейлерди тукум-курут кылуу саясатына карата киргизген. Геноцидди кыргызча тукум-курут деп которсо болот.

Кыргын деген кыргызча сөз бар. Ал орус тилинде «истребление» деген маанини берет. Кыргын деп тигил же бул урууну, элдин бөлүгүн жок кылууга, талкалоого багытталган аскерий иш-чараны түшүнөбүз.

Демек, 1916-жылкы көтөрүлүштү жазалоо иш-чарасы кыргынга, же орусчасы «истреблениеге» туура келет. Демек, бул маселе боюнча тарыхчылар жана коомдук ишмерлер 1916-жылкы көтөрүлүштүн кесепеттеринен болгон адам жоготуу фактысын илимий деңгээлде баалоо менен бирге жыйынтыкталган пикирин айтууга тийиш. Жыйынтыктап айтканда, 1916-жылкы улуттук-бошондук кыймыл, анын өбөлгөлөрү, себептери, шылтоосу, башталышы, жүрүшү, жыйынтыктары, Үркүн жана анын кесепеттери боюнча тарыхый тастыктоолор, баалоо али толук аяктай элек. Бул маселе качан гана тарыхый изилдөөнү өз логикасы, методологиялык негиздери жана

тиешелүү ыкмалары менен алып барганда гана туура чечилет деп ойлойбуз.

21.03.2016

Ташманбет КЕНЕНСАРИЕВ

УЛУУ КӨТӨРҮЛҮШКӨ СЕБЕП БОЛГОН ЖАГДАЙЛАР

Ар кандай тарыхый окуянын өбөлгөсүн, себебин, башталышын, жүрүшүн, натыйжасын методологиялык негиздер менен кароо туура. 1916-жылкы Улуу көтөрүлүш да так ошол методологиялык негиз менен келип чыккан. Ал негиз – себеп-натыйжа чынжыры деп аталат. Муну кыскача, жөнөкөй тил менен айтсак, төмөнкүдөй болот..

XIX кылымдагы падышалык Орусия империясына ички экономикалык талаптарды канааттандыруу үчүн тышкы каратып алуулар менен коштолгон саясий акцияларды жүргүзүү зарыл болгон. Бул тарыхый өбөлгө XIX кылымдын ортосунан башталып, ошол кылымдын 70-жылдарынын орто ченине чейин созулган каратып алуу деген тышкы саясаттагы зор процесске алып келген. Бул – натыйжа.

Каратып алуу менен орнотулган Түркстандагы, анын ичинде Кыргызстандагы саясий-административдик, экономикалык, чарбалык жана руханий саясатты камтыган процесс отор системасын (колониялык системаны) түзгөн. Анын толгон-токой терс кесепеттери жергиликтүү калк менен Орусия өкмөтүнүн, келгин орус калкы менен кыргыздардын ортосунда кескин карама-каршылыктарга алып келген. Бул – өбөлгө.

Ал карама-каршылыктар элдешкис мүнөзгө өткөндөн кийин мыйзамченемдин алкагында улуттук-боштондук күрөш, башкача айтканда, 1916-жылдагы Улуу көтөрүлүш келип чыкты. Эми бул – натыйжа.

Улуу көтөрүлүш канга боёлду. Кара келтек, союл, айры, анча-мынча түтөтмө мылтык, бардаңкеси гана бар азаттыкты эңсеген баатыр эл «тишине чейин курал-данган» казак-орус жазалоочуларына тайманбай каршы чыкканы менен кармашта боо түшүп кырылып, жеңилип баратты... Бул андан кийинки капсаландуу Үркүнгө себеп болуп берди. Ал эми Үркүн өзү «жеңилүүнүн» натыйжасы болуп калды.

Үркүндөн кийинки тарыхый окуяларга болсо, так ошол Үркүн кайра себеп болду. Ошентип, бул жөнөкөй баяндоодо тарыхтын «себеп-натыйжа» чынжыры таасын көрүнүп турат.

1916-жылкы Улуу көтөрүлүштүн тарыхый өбөлгөлөрү көп жана ар түрдүү. Алар саясий, экономикалык, социалдык, маданий таризде жүргөн. Демек, 1850-жылдардын орто ченинен 1916-жылга чейинки боло келген бардык саясий, экономикалык, социалдык жана маданий, атүгүл жеке инсандыкка чейинки майда-барат факторлордун суммасы Улуу көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү катары каралышы керек.

Ал өбөлгөлөрдүн ичинен эң маанилүүсү, фундаменталдуусу жана өзөктүүсү Орусия империясынын борбордогу саясатчылары тарабынан иштелип чыккан алысты болжогон стратегиялык мерчем – «орусташтыруу» деп аталган концепция болгон.

Бул стратегия кантип иштелип чыккан?

Орусиянын колониялык системасынын европалык колониялык системалардан өзгөчөлөнгөн бир айырмасы

бар. Эгер Батыштын метрополиясы (колониянын ээси) менен анын колонияларынын ортосун тоолор, талаалар, океан, атүгүл континент бөлүп турса, Орусия колониялары империянын жеринин, аймагынын уландысы болгон.

Бул географиялык өзгөчөлүк, кийин маанилүү саясий факторго айланган. Тээ XVI кылымдын орто ченинде «орус калкынын буту» Эдил (Волга) дайрасынын батыш жээгине, түштүгү Азов деңизи, Кубандарга чейин гана жетсе, ошол дооpлордо Иван Грозныйдан баштап акырындап Казань, Сибирь хандыктары алынып, Орол тоолорунан Чыгышты, Түштүк-Чыгышты карай кеткен «тузем калктарынын» жерлери биринен сала бири империяга кошулуп олтурду. Петр Биринчинин, Екатерина Экинчинин жана кийинки императорлордун тушунда «орус буту» чыгышы Чукоткага, Аляскага чейин жетти. Натыйжада, Орусия коомчулугунда «тагдыр буйруган» же «кудай ыроологон» падышанын расмий укугу катары кабыл алынган «табигый чектер» теориясы калыптанды.

Бул теориянын негизинде Уралдан чыгышка карай кеткен аймактар «Орусиянын уландысы», «чет жака» катары аталып, акырындап падышанын «ойчулдары», «саясатчылары» тарабынан «орусташтыруу» деп аталган, алысты болжоп, стратегиялык мерчем көздөгөн стратегия иштелип чыккан.

Батыш колониялык системаларында мындай болушу мүмкүн эмес эле. Анткени, маселен, Англия же Испания Европада жайгашса, алардын колониялык ээликтери башка материктерде болуп, Орусиядагыдай метрополиянын уландысы, «чет жакасы» катары кабыл алынган эмес. Демек, аларда «англичандаштыруу», «испандашуу», же «француздашуу» деген стратегиялык мерчемдер иштелип чыккан эмес. Батыш метрополиялары колонияларды көз каранды ээликтер катары гана санап, биротоло өздөрүнүн ажырагыс жерине айлантууга мүмкүндүк таба

алышкан эмес. Же болбосо, Австралиядагыдай, Жаңы Зеландиядагыдай, Тасманиядагыдай «жергиликтүү аборигендерди» тыптыйпыл кырып салуу аркылуу гана өздөрүнүн жарандарын көчүрүп барышкан.

Жогоруда аталган географиялык өзгөчөлүктүн шартында Орусия империясында «орусташтыруу» концепциясын иштеп чыккандардын негизгилеринин бири Орусиянын тышкы иштер министри, князь А. М. Горчаков болгон. Анын 1864-жылдын 21-ноябрындагы Оренбург жана Сибирь бийликтерине жөнөткөн циркулярында: «Орусиянын саясаты жерлерди ченемсиз багындыра берүү эмес, багынган жерлерде биротоло орус амирлигин орнотуп, ал жерлердин келечегин чечүү», – деп жазган. Бул колониялык ээликтерди келечекте Орусиянын жерлеринин ажырагыс бир курамдык бөлүгүнө айлантуу максаты болучу. Ошондуктан, 1872-жылы жарыяланган орус жыйнактарынын бири Орто Азияны түз эле «Русский Туркестан» деп атап жибергендиги бекеринен эмес.

Орусташтыруу концепциясына стратегиялык кеңири маани берилип, аны аткаруу мөөнөтүнө узак жылдар белгиленген. Түркстан жана анын элдери акырындык менен экономикалык, социалдык жана улуттук жагынан Орус империясына толук биригип кетүүсү, атүгүл идеологиялык, руханий, дин жагынан да, одоно айтканда, «орус кылуу» максаты коюлган.

Чынында, кийин совет доорунда Сибирь, Түндүк жана Ыраакы Чыгыштын элдери тигил же бул улуттук азчылыкты көрсөтүп турганы менен жүрүм-туруму, кулк-мүнөзү, кебете-кешпири, менталитети орустан айырмасы жок адамдар болуп калышкандыгын ким тана алат...

Демек, орусташтыруу саясатын 1916-жылкы көтөрүлүштүн эң негизги өбөлгөсү катары санообуз абзел. Муну эки ооз сөз менен түшүндүрүүгө аракеттенели.

Орусташтыруу концепциясынын негизги багыттары:

– Орусиянын заң-закондорун акырындык менен жергиликтүү чөлкөмгө киргизүү;

– түпкү калктын динин, улуттук баалуулуктарын одоно бузбастан, акырындык менен алардын арасына орус динин, орус маданиятын жана орус менталитетин жайылтуу;

– аталган багыттарды ишке ашыруу үчүн колонияларда империянын социалдык таянычын түзүү максатында Түркстан крайы түзүлгөн алгачкы күндөн баштап эле Орусиянын борбордук губернияларынан казак-орустарды, орус дыйкандарын көчүрүп келүү болгон.

Түркстан генерал-губернатору А.Б.Вревский мындай деп жазат: «Туземдердин бизге сиңип кетиши биздин алардын бардык шарттарын эсепке алуу менен иш жүргүзүүбүзгө байланыштуу эмес, тескерисинче, качан гана биз акырындык менен аларды биздин бардык шарттарыбызга баш ийдирүүгө мажбурлай алышыбызга байланыштуу. Мында туземдерди чочутуп албай, аларга чоң материалдык зыян алып келбей, салт-санаасына, ишенимдерине жана дүйнө таанымдарына катуу доо кетирбей, алдап-соолап мажбурлоо маанилүү...» Бул сөздөрдө аяр тактика жатат.

1904–05-жылдары Түркстан генерал-губернатору болуп турган Н. Н. Тевяшевдин 1905-жылдын 18-февралында Түркстанды башкаруу Жобосун кайрадан өзгөртүү маселеси каралып жаткан кезде Орусиянын Согуш министрине жиберген пикири мындай: «Менин көз карашымда Түркстандагы орус бийлигинин негизги максаты бул чөлкөмдү империяга биротоло сиңирип алууну көздөө болушу керек...»

Орусиянын Кыргызстанды каратып алгандан кийинки доордо жүргүзгөн колониялык саясатынын багыттары даана көрсөтүп тургандай, жергиликтүү калктын Орусия саясатына тез эле нааразы болуп, жер-жерлерде улуттук-боштондук кыймыл чыгып кетүүсүнөн чочулаган оторчу бийликтер иш жүзүндө «камчы жана токоч (кнут и пряник)» ыкмасын колдонушкан. «Токочту» оокаттуу жергиликтүүлөргө, ал эми «камчыны» караламан калк менен оокаттуулардын тоң моюндарына багыттаган.

Жергиликтүү калктын өз ара тилектештигин «таш каптыруу» максатында англичандар колдоно келген «бөлүп сал да бийлей бер» тактикасын кеңири колдонгон. Маселен, кичинекей кыргыз эли эле Түркстан генерал-губернаторлугунун беш облусунун төртөөсүнө бөлүнүп салган. Мында Кыргызстандын түштүк аймактары Фергана облусунун Маргалаң, Кокон, Анжиян, Наманган ойоздоруна, Самаркан облусунун Кожент ойозуна (Лейлек аймагы) каратылып, алардын борборлору кыргыз жерлеринен тышта калса, бир гана Ош ойозу кийин Кыргызстандын курамына кирди. Ал эми Талас, Сыр дайра облусунун Олуя-Ата ойоздугуна баш ийдирилсе, борбору Верныйда жайгашкан Жети-Суу облусунун Чүй өрөөнүн камтыган Пишпек жана Ысык-Көл ойдуңу менен Теңир-Тоону камтыган Пржеваль ойоздору гана кийин Кыргызстандын курамына кошулду. Демек, мындай «бөлүп сал да бийлей бер» саясаты кыргыз элинин этностук, экономикалык, социалдык-маданий биригүүсүнө, интеграциялануусуна зор кедергисин тийгизген.

Орусиянын колониялык ээликтерди улам кеңейтип олтурушу, ошентип, мыйзамченемдүү деп эсептелген. «Алысты көрө билген Рустун эзелки башчылары мындай идеяны эбак эле билишкен...», – деп жазат И. И. Завалишин аттуу тарыхчы, өзүнүн 1867-жылы жарык көргөн бир китебинде. «...Жарым жапайы Святослав-норман бе-

керинен Днепрден Дунайга жер которууну ойлогон эмес. Иван III жөндөн-жөн эле Византия менен Балтика бойлоруна көңүл бурган эмес. Ал эми Улуу Петр бекеринен түндүккө жылып Петербургду негиздеген жок. Екатерина II болсо «грек долбоорун» түзүп, Польшаны бырчалагандыгы эсиргендиктен жасалбаган. Александр I Варшава менен Финляндияны алды, Николай I – Дунайдын сол жээги менен анын куймаларын ээледи, Александр II болсо Амур менен Уссурия дарыяларынын өзөнүн каратып, Ыраакы Чыгышка жана Кореяга жол ачты. **Ошентип, бул миң жылдан бери келе жаткан мүдөө тарыхый зарылдыкты түзүп, аны жасап жаткан орус элине жараткандын көзү түз** (автордун белгилөөсү – К.Т.)...»

Жогорку маалыматтардын негизинде Орусиянын Азия мейкиндигине, анын ичинде Түркстанга карай экспансиялык жылуусун «тарыхый мыйзамченемдүү» зарылдык катары көрсөтүүчү коомдук пикирлерди орус колониалдык апологеттери атайылап, ырааттуу калыптандыра баштагандыгынан шектенүүгө мүмкүн эмес.

Бул пикирди азыркы орус тарыхчыларынын бири Д.В. Васильевдин «Москва университетинин кабарлары» аттуу журналында 1999-жылы «Орус Түркстанды Орусиянын колониясы болгон эмес, ал империянын ички бөлүгү менен органикалык түрдө сиңип кетүүгө багытталган өзгөчө улуттук гана аймак болгон. (Русский Туркестан не был колониальной окраиной государства. Это была особая национальная территория, стремившаяся к органичному слиянию с остальной империей)» деген жыйынтыгы далилдеп турат.

Демек, «орусташтыруу» саясаты 1916-жылы болгон Улуу көтөрүлүштүн эң олуттуу жана өзөктүү өбөлгөсү болгон деген тыянак тарыхый логикага туура келет деп эсептейбиз.

10.05.2016

Осмонакун ИБРАИМОВ,
профессор, Кыргыз Республикасынын
Улуттук илимдер академиясынын мүчө-кабарчысы



1916-ЖЫЛ: КЕРЕНСКИЙ ЖАНА КЫРГЫЗДАР

Улуу акын жана драматург Жусуп Турусбековдун кыргыз жери тууралуу минтип жазганы бар:

«Мына бул жер – өткөн кордук элеси,
Мына бул жер – мундуулардын энеси».

Ырасында эле кылым карыткан кыргыз жери эмне деген гана оомалуу-төкмөлүү окуяларга, тагдыр чечкен кандуу кармаштарга күбө болгон эмес. Ошолордун бири, албетте, 1916-жылкы Үркүн, кыргыз элинин мындан дээрлик 100 жыл мурунку улуу трагедиясы го. Бирок бул жолу сөз Үркүн тууралуу эмес, ошол Үркүнгө ал кездеги белгилүү орус саясатчыларынын жасаган мамилеси, айрыкча ак падыша Николай IIни тактан кулатууга бирден бир тиешеси бар чоң саясатчы Александр Федорович Керенскийдин кыргыздарга жасаган жакшылыктары, кантип таламын талашканы тууралуу азыноолак сөз кылгыбыз келип турат. Анын үстүнө бул тууралуу көпчүлүк эл, айрыкча жаштар анча биле бербейт. Ал эми 1916-жылы Санкт-Петербургда, деле опсуз зор Орусия

империясынын бийлик башында эмне деген бороон-чапкындуу саясий процесстер жүргөнү өзүнчө кызык тема.

Адегенде А. Ф. Керенский тууралуу угармандарга кыскача маалымат бере кетейин. Бул адамдын Орусиянын XX жүз жылдыктагы саясий тарыхында ролу өтө чоң жана абдан маанилүү десек эч бир жаңылбас элек. Биринчиден, 1917-жылдагы атактуу февраль революциясынын лидери, ошол революциядан мурун да, кийин да ак падыша Николайды (толук аты жана титулдары: Император Всероссийский, Царь Польский и Великий Князь Финляндский, Император Российской империи) нечен жолу ачыктан-ачык сындаган, аны тээ жети атасынан бери ээлеп келаткан императордук тактыдан түшүрүүгө бирден бир салымы бар саясатчы жана ишмер ушул Керенский болгон.

Экинчиден, ошол кездеги Мамлекеттик Думанын эң эле көрүнүктүү ишмери, деле бүткүл Орусияга аттын кашкасындай таанымал лидер, зор империяны демократизациялоонун зарылдыгын, Орусияны Европанын алыңкы мамлекеттери сыяктуу реформалоо керектигин кан какшап сайраган да Александр Федорович болгон. Жаагы жок чечен жана айткан ар бир сөзү карапайым калкка, реформачыл, революциячыл маанайдагы интеллигенцияга майдай жаккан Керенский дал ошол 1916-жылы айрыкча зор атак-даңкка ээ болуп, кийинки жылы Февраль революциясын жетектеген. Ошондуктан Николай тактыдан кулагандан кийин анын Убактылуу өкмөттүн жетекчиси болгону толук мыйзамченемдүү нерсе эле.

Эң кызык жери, кыргыздардын ошол 1916-жылдагы кандуу көтөрүлүшүн биринчилерден болуп угуп, ал тууралуу көптөгөн маалыматтарды атайын жыйнап, Мамдума түзгөн комиссияга жетекчилик кылып, ал гана эмес Ташкент менен Самаркандга чейин поезд менен келип, иликтөө жүргүзгөн да дал ошо Керенский болгонун баса белгилей кетели. Жыйнаган материалдарынын негизин-

де А.Ф. Керенский 1916-жылдын 15-декабрында Мамдумада чоң доклад менен чыгып сүйлөп, орус жазалоо отряддарынын кылмыштарын болгонун болгондой кылып сүрөттөп бергенде залдагы депутаттар орус аскерлеринин ушунчалык жексурдугуна кыжырлары кайнап, турган жерлеринен кыйкырып, жер тепкилеген. «Были уничтожены грудные дети, были уничтожены старики и старухи...» – деп Керенский сөзүн улаганда депутат Шингарев ордунан тура калып: «Варвары!» – деп кыйкырган. Экинчи бир Мамдуманын ошол кездеги депутаты Родичев: «И это гордость страны!» – деп чаңырыкты салган.

Айтор, Мамдуманын ошол күнкү жыйналышынын стенограммасын окуп отурсак, кыргыздарды кырып-жойгон орус аскерлери деле зор империянын атын булгап, дүйнө коомчулугунун астында бүт империяны маскара кылды деген ой жатат. А дейбиз, бу дейбиз, бирок ошол кезде деле орус коомчулугунда гуманисттик принциптерди катуу кармаган, орустан башка майда улуттарга да камкор мамиле жасап, турмушун оңдоо керек деп эсептеген саясий ишмерлер абдан көп болгон. Ошондой болсо да 1916-жылкы кыргыз трагедиясы биз сөз кылып аткан А.Ф. Керенскийди айрыкча түйшөлткөн жана орус прогрессивдүү коомчулугу «Бул трагедияга ким күнөөлүү?» деген суроону кабыргасынан коюуга мажбурлаган. Баарынан кызыгы, ошол күнкү жыйналышта залдагы депутаттар Керенскийге кайрылып, ушул «Ким күнөөлүү?» деген суроону койгондо Александр Федорович түз эле ак падышаны күнөөлөгөн. Анда залдагылар: «Эми эмне кылуу керек?» – деп дагы такып сураганда Керенский: «Падышаны физикалык түрдө болсо да жок кылуу керек» деген оюн билдирген. Ошону менен бирге Керенский ошол кездеги Орусиянын ички иштер министрин кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланганы үчүн кызматтан алып, ал эми Түркстан аймагын тейлеген орус аткаминерлерин (Фольбаум, Куропаткин, фон Кауфман ж.б.) сот жообуна тартуу керек деп ачык айткан.

Кыскасы, Керенскийдин бул доклады нечен орус ишмерлерин терең ойго салып, катуу түйшөлткөн. Бул чуулгандуу докладдын жайын укkан ак падышанын зайыбы, императрица Александра Федеровна ошондо эле «Керенскийди тезинен кармап, даргага асуу керек» деген оюн айткан. Бирок атактуу орус саясатчысынын оозун жаап, түрмөгө салуу эч бир мүмкүн эмес эле. Негизги себеп падышанын бийлиги ал учурда биротоло дискредитация болуп, кыргыздардын кызыл кыргыны сыяктуу окуялардан кийин императорго болгон мамиле толугу менен тескери кеткен учур болчу. Ошол Керенскийдин докладынан бир жарым айдан кийин, башкача айтканда, 1917-жылдын февраль айында революция болуп, Николай «өз ыктыяры менен» тактан түшүп, биз сөз кылып жаткан Александр Федорович Керенский Убактылуу өкмөткө жетекчи болгон. Орусияны: «Демократиялык социалисттик мамлекет» – деп жарыялап таштаган.

ЫрАс, «буюрган алат, чуркаган калат» демекчи, ошол эле жылдын октябрында Ленин баштаган большевиктер Керенскийдин бутуна жакшы тура элек өкмөтүн Кышкы сарайда чогулуш жасап жаткан жеринен камакка алып, эртеси эле күнү Владимир Ильич Финляндия вокзалында броневикте туруп сүйлөгөн кыска сөзүндө: «Орусияда социалисттик революция жеңди» – деп жарыялап ийген. Кыскасы, падышаны кулаткан Керенский болсо да, бийликти капталдан чыга калган большевиктер басып алып, «Жоону сайса эр сайды, аты калды Манаска» дегендей кеп болгон. Башкача айтканда, Керенскийдин ошол кездеги бир аз чечкинсиздиги, Орусияны Европадай агарып-көгөргөн демократияга айлантам деп көпкө чейин чайналып калганы большевиктер үчүн оңдой берди болуп, олку-солку болуп турган Убактылуу өкмөттүн бийлиги оңой эле алардын колуна өтүп кеткен. Ошентип, өлкөдө эч кандай демократия эмес эле большевиктердин диктатурасы орноп, Мамдума заматтын ичинде таратылып,

бардык бийлик Советтерге өткөн. Керенский болсо чет өлкөгө чыгып кетүүгө аргасыз болуп, ак гвардиячыларды большевиктерге каршы согуш ачууга үндөп, бирок ал аракетинен эч нерсе чыккан эмес.

Кыргыздардын эң жалындуу коргоочусу жана ак падышаны тактан кулатып берген, чын эле өчүн алып берген ишмери Александр Федорович Керенский, негизинен, Америкада жашап, Стэнфорд университетинде көп жыл сабак берген. 89 жыл өмүр сүрүп, сөөгү Парижге коюлган (1970). Ал эми ак падышага болсо нака кыргыздардын каргышы жеттиби же ичер суусу түгөндүбү, айтор, 1918-жылы укум-тукуму менен азыркы Екатеринбургда большевиктер тарабынан атып жок кылынган.

PS: Мен сөз кылган фактылар менен маалыматтар Керенскийдин «Россия на историческом повороте» деген мемуарынан (1993) жана 1932-жылы Ташкенде чыккан «Восстание 1916 года в Средней Азии» деген документтер жыйнагынан алынды.

23.02.2015

Осмонакун ИБРАИМОВ


КАСЫМАЛЫ МЕНЕН САХИП-ЖАМАЛ

Касымалы Баялинов 1916-жылы 14 жашында карайлаган эл менен бирге Кытайга чейин качып барган. Биз бул макалада жазуучунун мурда-кийин айтылбаган туңгуч махабаты тууралуу кеп кылабыз.

Аттиң, аттиң, мен арзыган колукту,

Мен балапан, сары ооз кезде жолукту, –

деп арман кылган экен атактуу фарси акыны Жалалиддин Руми.



Касымалы Баялиновдун китеби.

Ал эми Италиянын улуу акыны, бүтүндөй Ренессанс доорунун титандарынын бири Данте Алигьери болсо өмүр бою ак эткенден так этип жүрүп өткөн тун сүйүүсү Беатричени тогуз жашында кездештириптир. Бирок тогуз жашында кездештирсе да, турмуштан өтө эрте кетип калган (19 жашында) Беатричесине өмүр бою сыйынып, эң жакшы деген ырларын, чыгармаларын арнап жүрүп өтүп кеткен экен.

Жерден табылса да асмандагы жылдызга, сөз жетпеген периштеге, жанга кубат, кыялга ынак ыйык символго айланып кеткен Беатриче (өмүрүндө аны эки эле жолу көргөн экен) улуу акындын өмүр бою чаң жугузбай аздектеген идеалына айланган дешет тарыхчылар. Ал салт кийин Дантенин жолун улаган акындар үчүн да үлгү катары, салт катары кызмат этип, атактуу акын Петрарка Лаура аттуу кызды чыгармаларында идеализациялаган, Бокаччо болсо Фьяметтасын жазган ж.б. Ал эмес Чыңгыз Айтматов деле өспүрүм чагында башынан өткөн бир окуяны «Жамийлада» Сейиттин образы аркылуу бергени жакшы белгилүү го.

Баса, бул традиция кыргыз адабиятында да кездешет. Маселен, Жеңижоктун Көк сулуусу, Токтогулдун Алымканы, Барпынын Мөлмөлү, Аалынын Мунары, Омор Султановдун «Сени» («Сен жөнүндө поэма»), Камбаралы Бобуловдун Лалаханы д.у.с.

Ошол сыңары атактуу кыргыз жазуучусу, классикалык «Ажар» повестинин автору Касымалы Баялинов да өз Беатричесин, тагыраак айтсак, Сахип-Жамал аттуу периштесин 1916-жылы, каар замандын капшабы менен Кытай жергесинде качкын болуп жүргөн убагында, 14 менен 15 жаштын ортосунда, ач-жылаңач, таманын таш тилген жалчы болуп жүргөн кезинде жолуктуруптур. Бирок кудай кошпогонго айла жок дегендей, Сахип-Жамалынын жок дегенде бир жолу колун кармап, жанына жакын барып бир сөз айта албай, айтайын десе апкаарып сөз таба албай, берейин десе өзү ач-жылаңач качкын болуп, айтор, өзү өлбөстүн айласын өтөп жүрсө да, чиркин дүйнө, жаш жүрөгүн ак жалын өрттөп, турмушундагы жападан-жалгыз махабатын Кытайдан тааптыр.

Бирок бала кезинде, балапан кезинде жолуктурган Сахип-Жамалын Касымалы агабыз жетимиштен жашы эңкейип, чачы куудай карыя кезинде да көп сөз кылып, айткан сайын үнү кардыгып, жашы кылгырып жүрүп өтүп кеткен дешет.

Бирок шашпайлычы, бул улуу менен кичүүгө таалим, айрыкча жаштарга, өсүп келаткан муундарга керектүү драмалуу окуяны ирети менен сөз кылалы.

...1916-жылкы Үркүндө Касымалы да ата-энеси, айылдаштары, урук-туугандары менен Кытайга качат. Тигилүү үй менен асылган казанды жыйнаганга чамасы келбей алдастаган кыргыздар колуна эмне тийсе ошону алып, түнү менен ашуу ашып, таш басып, акыры Ак-Өгүздүн белине келишет. Өлгөндөн калганы аны эптеп ашып өтүп, акыры чек аранын аркы бетиндеги Турпан

менен Ак-Чийге жетишет. Колундагы азык-оокаты түгөнгөн, мал-жанынан ажыраган кыргыздар айла жоктон көрүнгөн байдын коюн кайтарат, эптеп курсакты тойгузуш үчүн эмне иш болсо ошону жасашка туура келет. Ошол качкындардын арасында болочок жазуучу, атактуу «Ажар» повестинин автору Касымалы Баялинов да бар эле...

Бөтөн жерде, бөлөк элде качкын болуп жүргөн кандай болмок эле – Касымалы да бир уйгурдун малын багып, коюн кайтарат, эмне жумушту айтса ошону аткарат. Ал үчүн тапканы бир сындырым нан, кээ-кээде арткан-үрткөн тамактан наар татат. Ал эми Касымалы сыяктуу азган-тозгон кыргыздар, айрыкча балтыр эти каталек өспүрүмдөр Кытайдагы качкындардын арасында миңдеп эмес, он миңдеп саналчу... Нечендери ошол эле Касымалы Баялинов жазган кыргыз кызы Ажар сыяктуу бир чөйчөк унга же талканга сатылып, бир байдын колунан экинчи байдын колуна өткөн, качса ээн талаа, эрме чөлдөгү карышкыр менен чөөгө жем болгон заман болчу.

Бирок адам баласынын өчпөс рухуна, жүрөк, сезим деген нерсенин күчтүүлүгүнө, ыйыктыгына, тагдырдын мыйзамына там бериш керек го – ошол Касымалы жалчы болуп жүргөн уйгурдун үйүндөгү өспүрүм кыз Сахип-Жамал анын көзүнө урунат. Адегенде Сахип азып келген кыргыз баласына боору ооруп, көңүлүн бурат. Бирок... Ошол жаш Сахиптин боор тартканы кийин ичтен тутанган жалынга, балалык менен өспүрүм чакта боло келген ууз сүйүүгө, өмүр бою эстен чыкпаган сүйүү баянына айланып кетээрин ал экөө билди бекен, туйду бекен? Ай ким билет.

Эгер ошол эртеден-кечке Касымалыдан көзүн албаган жаш Сахип жашырып да, жаап да качкын жүргөн кыргыз баласына азык-оокат бербесе деле Касымалы тирүү

калат беле, жок беле – бул да өзүнчө чоң суроо го. Айтор, таманын таш тилип, кой короонун четиндеги үймөк чөптүн арасын пааналап кышты кыштаган Касымалы тоодо мал жайса да, кечиндеси короо кайтарса да эки көзү Сахип-Жамалда эле... Ойдо жүрсө да, тоодо жүрсө да анын жүрөгүн ысытып, тилегин агарткан, жакындарынан айрылып, жалгыз өзү калган Касымалынын медери да, тилеги да Сахип-Жамал эле. Басса-турса оюнан чыкпаган жарык дүйнөдөгү бир гана адам – коймолжуган кара көздүү, улам сыртка чыгып, кой артында илең-салаң чуркаган Касымалыдан көзүн албаган ак жүздүү уйгур кызы болчу.

Ошол көз менен гана айтылып, каректер менен гана кошо тегеренген ууз сүйүү сөз түрүндө эч качан айтылбаптыр, же кат түрүндө жазылбаптыр. Бир гана коймолжуп караган кара көздөрдөн билиниптир, бир ордунда каткан бойдон Касымалыдан көзүн албаган Сахиптин жүрүш-турушунан көрүнүптүр. Айрыкча кыш өтүп, жай жакындаганда Касымалы эли-жерине кетээрин айткандагы жамгырдай төгүлгөн жаш Сахиптин көз жаштарында ачыкка чыгыптыр. Аны көрүп андан бетер боздогон Касымалынын ысык жашында шардана болуптур...

Эмнеси болсо да качкын жүргөн Касымалы Сахип-Жамалдан бир кадам да алыс кетпейин дейт, бирок алты саны аман кыргыздардын баары Ысык-Көлдү көздөй агып кетип жатканын көрүп, эл-жерин эңсейт. Ошентип, ачкалыктын эмес, жаш жүрөгүн биротоло ээлеген Сахип-Жамалынын Кытайда калып кетээрин ойлогон Касымалы буркурап ыйлаган калыбында кайткан кыргыздардын эң акыркыларына кошулуп, Ала-Тоону көздөй жол тартат. Айылдан узап, төш таянганга чейин, кырдан ашып, карааны үзүлгөнгө чейин кызыл көйнөк, жашыл такыячан Сахип-Жамал үйдүн жанынан бир ка-

дам жылбайт, көзүнүн жашын көлдөтүп ыйлап турганы билинет. Касымалы болсо ата-энесинен, жакын тууган-дарынан айрылып, ал аз келгенсип эми жаш жүрөгүнө өчпөс изин салган, тилеги менен арманына айланган тун сүйүүсү Сахип-Жамалынан көзүн албай, боздоп ыйлаган бойдон ашуу ашат...

Касымалы ага жаш кезиндеги, тагыраак айтканда, өспүрүм курагындагы бул унутулгус окуяны ар качандан бир качан жакшы көргөн инилерине, курбу-курдаштарына майдалап сөз кылып берчү дешет. Ар бир жолку аңгеме-дүкөнүндө көзүнөн жаш кылгырып, үшкүрүнчү дешет.

«Аттиң, аттиң, мен арзыган колукту,

Мен балапан, сары ооз кезде жолукту» –

деген Жалалиддин Руминин сөзүн – бул менин сөзүм, менин арманым деп айтып калар эле дешет.

Кийин Касымалы агабыз атактуу «Ажар», «Көл боюнда» повесттерин жазды, бир топ кызыктуу чыккан «Курман жылганы» чыгарды. Кыргызстанга келип туруп калган чехтер тууралуу «Боордоштор» деген романын жазды. Бирок... Менин таң калганым, ошол Кытайда качкын жүрүп тапкан махабаты – Сахип-Жамалын Касыке кудум өзү айтып бергендей кылып кагазга түшүрүп койсо, керек болсо ыр менен дастан кылып жазса кандай сонун болмок. Сыягы, партиялык катаал тартип, советтик коомдун катаал идеологиясы Касыкебиздин колун байлап, талантын тушап, өспүрүм кездеги окуясын каалагандай төгүлүп-чачылып жазышына тоскоол болгон көрүнөт.

17.11.2016

Макелек ӨМҮРБАЙ уулу,
ШУАРдагы «Тил жана котормо» журналынын жооптуу редактору, филология илимдеринин доктору



ҮРКҮНДҮ БИЛБЕГЕН КЫТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАР

Кытайлык кыргыздардан Кыргызстанга каттоо кылып барса, ал жактагы боордоштордун биринчи суроосу «Үркүндө кеткенсиңерби?» деген болот. «Үркүн» атал-масына кулагы көнбөгөн кытайлык кыргыздарга, чынында, «Үркүндүн» жөн-жайын билгенче, бул суроо чын келип жүрдү. Мен Кыргызстанга эң көп каттаган киши катары да 20 жылдап Кыргызстандагы туугандарга ушул суроонун жандырмагын айтып: «Биз жергиликтүү кыргыздарданбыз, Үркүндү билбейбиз» – деп келем. Чынында, мен сыңары ушул күндө, Кытайдагы 200 миң кыргыздын көп сандуусу жергиликтүү кыргыздар болгондуктан, Кыргызстанда болгон 1916-жылкы «Үркүндөн» толук маалыматтары жок. Эл ичинде, «кач-кач» болгон экен, «кач-качтан келген кыргыздар» деген айтым калган.

Кыргызстан 1991-жылдан кийин басма сөздөрдө Үркүн боюнча маалыматтарды берип, 16-жылкы «качкачтан» (Үркүндөн) кытайлык кыргыздар да маалымат алды. Андан мурда Үркүн боюнча жазылган чыгармаларды окуп, ошол чыгармаларда сүрөттөлгөн бактысыз кейипкерлерге жүрөк сыздатып жүргөнү чын. Андан да Сагынбай Орозбаков, Аалы Токомбаев, Мукай Элебаев сыяктуу атактуу адамдардын Кытайга келгенин, алардын чыгармаларындагы айтылган жер-суудан улам, өмүр баяндарынан улам кытайдагы кыргыздар, Бедел ашуусуна чукул Какшаал өрөөнүндөгү эл бир кыйла айкын билип калышкан. Кадыресе, Аалы Токомбаевдин Үч-Турпан базарын сүрөттөгөн: «Көчөдөгү көп эшек, көктү карай айкырат. Чаар допу досторум, чай ичип ал деп чакырат» деген базардын өз көзү менен көргөн көрүнүш саптарын жат айта алышат. Дегинкиси, кытайдагы кыргыздар 1916-жылдагы Кыргызстанда болгон Үркүндүн таасирин ошол кездин өзүндө Кытайга зор топ кишилердин келиши жана атактуу адамдардын келиши менен сезинишкен. Бул жерде өзгөчө белгилей турган нерсе, Кытайдагы кыргыздардын бардыгы эле Үркүндө келгендер деп санабоо, арийне Үркүндөн келип туруктап калган кыргыздар жок деп да эсептебөө керек. Чын эле Кыргызстандагы 1916-жылдык «Үркүндүн» Кытайда жашаган жергиликтүү кыргыздарга таасири окшош болбогон: Кызыл-Суу кыргыз автоном облысына караштуу Ак-Чий ооданына (Какшаал өрөөнүнө) Үркүн таасири бир чама айкын билинген. Ал эми Улуу-Чат ооданы, Ак-Тоо ооданы жана Артыш шаарынын Кара-Жүл, Тегирменти айылындагы кыргыздар «Үркүндүн» таасирин, өз кезинде, өзгөчө сезинишкен эмес. Ошол себептүүдүр, кытайдагы кыргыздарга «Үркүндө» кеткенсиңерби? деген суроо чоочун туюлган.

Кытайга качкан эл туруп калган аймактар

Кыргызстанда «Үркүн» жөнүндөгү маалыматтарда айтылышынча үркөн эл, көбүнчө, Бедел ашуудан ашышкан. Ал эми Бедел ашуунун Кытай жак бети да «Бедел ашуусу» аталат. Ал ашуудан Кытайга түшкөн адам ШУАРдын Ак-Суу аймагына караштуу Үч-Турпан ооданына түшөт. Бул аймакта, көбүнчө, уйгур улуту жана аздап дунган улуту жашашат. Үркүндөн келген кыргызстандык боордоштор ошол кезде мына ушул улуттардын үстүнө келип түшкөн. Ал эми Сагынбай Орозбаков сыяктуу эл таанып-жер таанып калган кишилер ошол эле Үч-Турпандын көкүрөк жагына жайгашкан, кыргыз району болгон Какшаал өрөөнүн өрдөп (Үч-Турпандан Какшаалга 200 чакырым алыста) ал жердеги жергиликтүү кыргыздарга барышкан. Ал эл-жер тааныбагандар Ак-Суу аймагынын жер-жерлерине чачырашып, ошол эле Мукай Элебаевдин романында, Касымалы Баялиновдун повестинде сүрөттөлгөн «Ажардын» көргөн турмушу сыяктуу ошол жергиликтүү элдин улагасында жан сактап кетишкен. «Үркүндө кытайга келген» деген кыргыздар тобунун жонунан айтылган географиялык жайгашуусу ушул ШУАРдын Ак-Суу аймагы болгон деп айтсак так болот. Биз төмөндө, ошол «Үркүндө» үркүп келип, Кытайга туруктап калган Боз-Дөң кыргыздары жөнүндө баян айтмакпыз. Себеби Үркүндө келген кыргыздардын айылдык өкүмөт даражасында туруктаган тобу, типик мисалы да ушул Боз-Дөң кыргыздары болуп эсептелет. Айтып коюуга тийиштүүсү, «Үркүндө» келип башка жерлерге, атап айтканда, Текес, Моңгулкүрө, Шаты Жаман-Суу кыргыз айылдарына аралаша турук таап калгандары да бар. Бирок алар топтук барааанга жетпеген деп карадык.

Боз-Дөң кыргыздары 1916-жылкы Кыргызстандагы «Үркүндө» келип, ШУАРдын Ак-Суу аймагына караштуу Үч-Турпан, Он-Суу, Байы сыяктуу оодандарына ча-

чылган. Как эле Аалы Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында, Касымалы Баялиновдун «Ажар» повестинде, Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна», Мукай Элебаевдин «Узак жол» чыгармаларында баяндалгандай турмушка кабылып, кайра Кыргызстанга кеткендери 1918-жылдар аралыгында кетип, ал эми кетүүгө өз кезинде чама-чаркы келбеген, кээ бирөө жай таап калгандары ошол эле аталган райондордо туруктап калган. Туруктап калган кыргыздар Ак-Суу аймагына караштуу Үч-Турпан, Он-Суу, Байы сыяктуу ооландарына чачырап кеткен. 1937-жылы ошол чачыранды туруктап калган кыргыздарды Ак-Суу аймагына караштуу Он-Суу ооданынын Вакбий деп аталган жерди өз кезиндеги Ак-Суу вали мекемесинен кыргыздарга ырасмий бөлдүрүп, аны Боз-Дөң атап, бирден-экиден жан сактап чачырап кеткен кыргыздарды чогулткан. Ал чачырап кеткен кыргыздарга 20 жылдан кийин ким жер бөлдүрүп алып, ээлик кылып, ким чогулткан, алардын кийинки жагдайы кандай болгон дегендерге токтолуу окурмандын билейин деген дитине баккандык болот го деп ойлодук. Анда сөз башынан келсин.

Боз-Дөң кыргыздарынын таржымалы

Сөз болуп жаткан Боз-Дөң кыргыздарына мен 1991-жылы жетинин айынын (октябрдын) 19-күнү барып, алардын түбү-жайы менен таанышууга мүмкүнчүлүк болгон эле. Таалайга жараша, боз-дөңдүк кыргыздардын иш билгиси Мактыбай ажынын уулу Токтош Мактыбай уулуна (ошондо 56 жашта эле) кезиктим. Ал киши ошол кезде Ак-Суу аймакта кызматта экен. Өзү Боз-Дөң кыргыздарына баштап барды. Боз-Дөң ошол кезде, «Боз-Дөң кыргыз айылы» деген аталыш менен айтылат экен. Мындай аталышы 1984-жылы Он-Суу ооданынын ичиндеги автономия алган кыргыз айылы болгондуктан ошондой

аталыптыр. Бул айылда ошол кезде 4925 жан саны бар болуп, кыргыздардын жан саны 1875 киши экен. Бирок кыргыздарды «Боз-Дөң чоң кенти» деген кыштакка жыйнаккы жайгаштырыптыр. Ал жер айылдык өкүмөттөн дагы 30–40 чакырым тоо жакка жөлөнүп, Музарт ашуусун беттеп кетет экен.

Мен Боз-Дөң кыргыздарынын 1916-жылдагы үркүндө Бедел ашып келгендигин эстерине ала турган кишилерди издедим. Бирок ошол мен барганда эң улуусу Ашыбай Чүрөнбай уулу 88 жаш, Боржаке Самтыр уулу 75 жаш, Мамыр Дөкөлөң уулу 68 жашта экен, ошолор менен маектештим. Ал кишилер да бел ашып келген көрүнүштү эстерине ала алышпады. Чамасы, быякка келгенде туулгандыктарынан же жашы өтө эле кичик болсо керек. Атап айтканда, 1991-жылы «Үркүндө» бел ашып келгенди эсине ала алган адам жок болду. Бирок аталары ошол Үркүндө келгенин, Боз-Дөңгө кандай чогултулгандарын даана айтып калтырышкандыктарын айтып олтурушту.

Сыдыкбек Чекир ажы уулу – элин сактаган көсөм

Үркүп келип, Ак-Суу аймагында чачырап туруктап калган кыргыздарды Сыдыкбек Чекир ажы уулу чогулткан экен. Ал жөнүндө Токтош Мактыбай уулу мындай баянды айтып берди: «Боз-Дөңгө кыргыздарды 1935-жылдан 1938-жылдар аралыгында, ошол кезде Ак-Суу аймактык сакчы мекемесин башкарып турган Сыдыкбек Чекир ажы уулу чогулткан экен. Ал киши Кыргызстандан келген киши экен. Басмачыларды кармоо отрядын баштап келип, ал милдети бүткөн соң, ошол эле аймакта калып калат. Көрсө, Ак-Суу аймагынын кайсыл жерине барса да кой кайтарган чачыранды кыргыздарга кезигет. Ошондо өзү ошол кездин валисына (губурнаторуна) өтүнүч жазып, «Вакбий жер» деген кыштакка кыр-

гыздарды чогултуп отурукташтырып коюуну суранат. Ал суранычы кабылданып, ырасмий кагаз менен (мен барганда кагаз али сакталуу дешти) жер бөлүп берилген соң, бүт эле Такиламакан чөлүнүн кылаасына чачырап кеткен кыргыздардын ар бир үй-бүлөсүнө чейин кыдырып барып, бир жерге чогулуп жашоо керектигин айтат. Бирок ал чачыраган кыргыздар «жан сактап калдык» деген менен, чогулууга моюндары кош жакпайт. Ошондо Сыдыкбек күчкө салып, «байып калдым» дегендердин малын элге союп талатып, үйлөрүн өрттөтүп, «мал карик болуп калыпсыңар, келгенде эки колуңар менен келдиңер эле, эми ушунчалык жан сактоого мал табылыптыр, мал-дүйнө дале табылат, бирок мына бул тилди (тилин чыгарып өзү колу менен кармап туруп) кайдан табасыңар?!» – деп кыйкырганда, аны көрүп-укканлар акырын көчүп келип ушул Боз-Дөңгө чогулган экен. Эң алгачында чогулганда, 300 түтүн киши көчүп келиптир», – деди.

Ошол баяндан кийин, Сыдыкбек Чекир ажы уулу ким? дегенди көп жылдан бери иликтеп жүрчүмүн. 2010-жылы «Кызыл-Суу кыргыз басмасынан» «Ак-Суу кыргыз санжырасы» аттуу китеп чыгыптыр. Анын түзүүчүсү кытайлык кыргыздарга белгилүү жазуучу, акын, коомдук ишмер, Ак-Суу аймагы, Үч-Турпан ооданында жетекчилик кызматта болгон Нурдун Жунус уулу экен. Ал китептеги баянында Сыдыкбек Чекир ажы уулун мындай айтыптыр:

«Сыдыкбек 1916-жылы атасы менен кошо Кытайга келген. Ак-Суу аймагынын Бай ооданына караштуу тоо арасына туруктап турушкан. Аралыкта айылдаштары менен болгон чырдан улам, ошол Бай райондук абактыга камалган. Ал абактыдан качып чыгып, Кыргызстанга кетип калат. Тигил жакка баргандан кийин да колхоздо жакшы иштеп, айылдын сакчыканасына (коргоочулугуна) жумушка орундашат. Кызматы көрүнүктүү болот.

Сыдыкбек кийин Советтик Кыргызстандын аскердик кошуунуна кирет. 1935-жылы «төртүнчүлөр» аталган отряд менен Кытайга келет. Андан Ак-Суу аймактык сакчы мекемесине башчы болуп жумуштанат...» (караңыз, аталган китептин 45-бети). Бул маалымат мурда мен 1991-жылы алган маалыматты толуктап, Сыдыкбектин ким экенин айкындап берди. Көрсө, Боз-Дөң кыргыздарын бир жерге чогулткан Сыдыкбек өз кезинде Ак-Суу аймактык сакчыкананын башчысы болуп турган кези экен.

1991-жылы, мага Боз-Дөң кыргыздарынын аксакалы Мамыр Дөкөлөң (кезинде 68 жаш, уруусу дөөлөс, таанылуу тарыхчы Анвар Байтурдун окутуучусу) Сыдыкбек жөнүндө мындай айтып берген: «Сыдыкбек 1937- жылы баш оона айында Байдын Кара-Бак деген жеринде (Боз-Дөңдөн 30 чакырым аралыкта) кыргыз мектебин курдурган. Ага эң алгачкы болуп Мусуралы мектеп башчысы, мугалимдери Момун апенди, Үсөнбек дегендер эле. Ал Боз-Дөңгө мектепти 1940-жылы салдырган. Мугалимдери Мусуралы, Шабалы, Касымалы, Айтике, Абдыш молдолор болгон».

Мындагы маалыматтарга караганда, Сыдыкбек Чекир ажы Боз-Дөңгө кыргыздарды чогултуп эле койбой, мектеп курдуруп, элди маданиятка жетелеген киши болуптур. Ошого Боз-Дөң кыргыздары Сыдыкбекти «Бакай» аташып кеткен дейт (караңыз, Нурдун Жунуска). Сыдыкбек Чекир ажы 1940-жылдардын баштарында Кыргызстанга кайра кеткен. Ал анын атасы Чекир ажы да бүлөсү менен андан мурдараак Кыргызстанга кайтып кеткен деген маалыматты айтышат.

Боз-Дөң кыргыздарынын өзгөчөлүгү

«Бакай» аталган Сыдыкбек, чын эле Боз-Дөң кыргыздарын маданиятка, өздөрүнүн тилин, салт-санаасын

сактап калууга баштаганын мен 1991-жылы аларды аралаганда туйдум. Демейде, жергиликтүү кытай кыргыздарында жаңыча мектеп куруу эң алгачкылары 30-жылдарда башталган болсо, кийин чогултулган Боз-Дөң (Карабак) кыргыздары да алардан калышпай, 1937-жылы кыргызча мектеп курууга жетишкен. Алар менен маектешүүдө жашагандардын көп сандуусу сабаттуу, ал тургай Кыргызстандын кирилл жазуусун биле тургандар бар экенин байкадым. Турмуш салтында кыргыздын баякыл эле пейли менен жашоосу айкын көрүнүп турду. Тил өзгөчөлүгү сөз башында «н» тыбышын колдонбой турган сөздөрү көп экени, мисали: «ноопаз» эмес, «оопаз»; «намаз» эмес «амаз» сыяктуу. Андан «с» тыбышынын «з» тыбышына алмашуу кубулушу, мисали, «тозуп алды, итти тоз» деген сыяктуу. Андан калса, шилтеме ат атоочторду «мобу – мына бу» атай турган өзгөчөлүктөрү билинип турду.

Боз-Дөң кыргыздары өздөрүнүн кайсыл уруудан экенин жакшы билишет. 1991-жылы, Буржаке Самтыр уулу аксакал (ошондо 75 жашта, уруусу дөөлөс) Боз-Дөңдө кыргыздардын мындай уруулары бар экенин айтып берди: «Боз-Дөңдө жан саны көбүрөөк уруу дөөлөстөр болуп, дөөлөстүн булбул уулу, зумбул уулу, абышка уулу (чулумдан тараган) деген тукумдары бар; андан калса, саяк уруусу болуп, саяктын барак, чоң чарык, ала көз тукумдары бар; сары багыш, моңолдордон бар; андан бир кыйла көбүрөөгү бугу уруусу болуп, кыдык, бапа, желдең тукумдары бар» деген эле.

Боз-Дөң кыргыздарында комузчулук өнөр үзүлбөгөн. Эң улуусу 88 жаштагы Ашыбай Чүрөнбай уулу экен. Ал киши комузду өзүнөн мурдагы устаты Жумабай Байтөлө уулунан үйрөнгөнүн айтты. Маек учурунда, өзүнүн комузу менен «Камбаркан», «Чоң толгоо», «Кер толгоо», «Сур толгоо» күүлөрүн чертип берди. Бул күүлөрдүн баянын айтып чертет экен. «Кер толгоо» дегени «Керим-

байдин сөзү» деген мааниде деп айтты. Мамыр Дөкөлөң аксакал да комузду жакшы чертет экен. Булардан кичүү комузчулары: Ташбай Чорем (70 жаш), Бейше Чорем (65 жаш), Жээналы Касым (50 жаш), Жөмөкбай Суранчы (50 жаш), эң жашы Долкун Мукас (18 жаш) сыяктуулар комуз чертип беришти. Сыдыкбек Чекир ажы жыйнап койгон эл мына ушинтип тилин, уруусун, комузун унутпай, өзүнчө бир айылдык өкүмөт болуп жашап жатышат.

Боз-Дөң кыргыз айылында, кыргыздардын жан саны 2000 киши гана болсо да, маданияты эрте ойгонгондуктан, ушул эле кыргыздар ичинен Осмон Ачакей бий, Мактыбай шаңыя (айыл өкүмөт башчысы) чыккан. Касым Бегали комузчу, Осмон Молдакун ырчы, Мусуралы Ыйман сыяктуу чыгармачыл адамдары өткөн. Андан кийин, таанылуу тарыхчы Анвар Байтур уулу, ШУАРга таанылуу кино артисти, композитор Баякун Алимбек уулу, таанылуу куудул Исламжан Кудайберди уулу, геология илиминин доктору, профессор Муктар Мамбетказы уулу сыяктуу адамдар жетишип чыккан.

Ушул күндө «Боз-Дөң кыргыз айылы» 1984-жылы өзүнчө автономия алган айылдык өкүмөт бийлигинде жашашат. Айыл башчысы жана кыргыздар бар кентинин башчылары кыргыз улутунан коюлат. Мектепте балдары өз тили менен окутушат. Айылдын жалпы өнүгүүсү ШУАРдын башка айыл-кыштактары менен тең темпте өнүгүүгө, замандашуу шыбагасына жетишкен. Алар өздөрүн «келгин» сезишпейт. Арийне башка жергиликтүү эл да аларды «кодулоо» жоругунда болбойт. Боз-Дөң кыргыздары ошол бир барча жердин кожоюну болуп жашашат.

02.05.2016

Асан Сулайман уулу ОРМУШЕВ,
тарых илимдеринин доктору, Махмуд Кашгари- Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору

ЖҮЗ ЖЫЛ МУРДА ЖҮРӨККӨ ТҮШКӨН КАРА ТАК

1916-жылдагы кыргыз элинин башына түшкөн «Кайгылуу күндөр» жөнүндө көптөгөн илимий макалалар жазылып, көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Ошол азаптуу күндөрдү өз баштарынан өткөргөн акындар, жазуучулар, драматургдар ошол мезгилди элестеткен ырларды, аңгемелерди, повесттерди, романдарды, драмалык чыгармаларды жазышты. Алгачкы кыргыз өкмөтүндө иштеген кызматкерлер 1916-жылдагы тарыхый окуяга саясий баа берүүгө далалаттанышты.

Бирок тилекке каршы, ушул мезгилге чейин карапайым кыргыз эли күткөн саясый баа берилбей келе жатканы тууралуу Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевдин жарлыгында: «Бул окуялардын болгонуна дээрлик жүз жыл өткөнүнө карабастан, коомубуз алардын себептерин жана кесепеттерин тарыхый жактан объективдүү баалоого муктаж болууда», – деп туура белгилеген.

Биздин пикирибизде, 1916-жылдагы улуттук бөштондук кыймылдын чыгышынын себептерин, тарыхчы илимпоздор объективдүү жана субъективдүү жактарын ар тараптан илимий багытта изилдөөгө алып, Россия империясынын колониялдык саясатынын натыйжаларын туура белгилешкен.

Илимпоз-тарыхчы Кушбек Усенбаев өзүнүн 1916-жылкы көтөрүлүшкө арналган көлөмдүү илимий эмгегинде: «Кыргыздар орус падышачылыктын эзүүсүнө жана алардын зордук-зомбулук саясатына мурдатан эле

өтө нааразы болуп жүргөн. Ал эми 1916-жылкы август айындагы көтөрүлүш буга чоң түрткү болгон», – деп жазат. Ошондой эле эр жүрөк кыргыздар өз эркиндиги үчүн куралданган орус аскерлерине эч коркпостон, баатырдык күрөш жүргүзгөнүн тарыхый фактылар менен тастыктаган.

1916-жылдагы улут башына түшкөн алааматта журт атасы болгон кадырман аксакалдардын, ак элечекчен мээрман энелердин эч нерседен тайманбаган эр жигиттердин, сымбаттуу кыз-келиндердин, жаш наристелердин күнөөсүз кырылганы – кыргыз элинин тарыхында кара так болуп сакталып калды. Ошол учурдагы Россия империясынын адилетсиз падышасынын буйругу менен жан алгыч аскерлердин күнөөсүз карапайым элге ок отышы, туруктуу жашаган элдердин өзүнүн туулуп өскөн жерин таштап качышын жана улуттун келечегине тийгизген кесепеттери тууралуу объективдүү баа берүүдө илимпоздор алсыздыгыбызды көрсөтүп жаткан сыяктуубуз.

Анткени 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн мезгилинде канча адам ак падышанын жазалоочу аскерлеринин аткан окторунан курман болгонун, канчасы Кытайга качуу мезгилинде ачкалыктан, аска-зоодон кулап, дарыядагы чоң сууга агып, ашууларда суукка тоңуп, жугуштуу ооруларга чалдыгып кан жолдо шейит болгону боюнча так санды берүүдө кайчы пикирлер көп айтылууда. Өзгөчө, улуттун келечегине тийгизген кесепеттерин тактоодо дагы илимпоздордун, саясатчылардын арасында ар кандай көз караштар жаралууда.

Ошондуктан, Президенттин жарлыгында көрсөтүлгөндөй, 1916-жылдагы кандуу күндөрдүн кыргыз элине, улутуна тийгизген кесепеттерин илимий негизде талдоо жүргүзүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Андыктан мындай илимий иликтөөнү мен өзүм туулуп өскөн Ысык-Көлдөгү Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган,

ошол кайгылуу окуяны баштарынан өткөргөн адамдардын эскерүүлөрүн архивдеги тарыхый фактыларга салыштыруу аркылуу ачууга аракет жасоону туура көрдүм.

Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган элдин 1916-жылдагы кыймылга катышуусу

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик борбордук архивинде, 1916-жылдагы үркүн окуясын өз баштарынан өткөргөн Тору-Айгыр өрөөнүндө (азыркы Балыкчы шаарынан Кош-Көл айылына чейинки аралыктар – А.О.) жашаган куткамергенден тараган уруулар ошол аймакта отурукташкандыгы тууралуу маалыматтар бар.

1916-жылы 9-августта Боом капчыгайынан өткөндөн кийин Байдамтал деп аталган жерде курал-жарак, ок-дары жүктөлгөн бир нече арабаны, аларды кайтарып узатып келе жаткан орус аскерлери менен колго түшүрүп 178 мылтык, 30 миң ок-дары, 875 сом олжого алышкан. Бул күтүүсүз чабуулду жана коркпостон кол салууну сарбагыш уруусунун баатыр жигити Ибраим Төлөев башкарган. Анын жанында көзгө атар Узак мерген, Күлүкбай, Нургазы Жунуш баштаган 25 жигиттери коштоп жүргөн. Бирок бул окуяга Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган Куткамерген урууларынын катыштыгы болгон эмес.

Алардын 1916-жылдагы көтөрүлүшкө кандай катыштыгы бар экенин, карапайым эл бул каргашалуу окуяны кандай кабыл алганын, орус аскерлеринен коркуп Кытайга кайсы тарап менен качкандарын, ач-жол, куу чөлдө көргөн азап-тозогун, Кытай жергесинде баштарынан өткөргөн кыйынчылыктар жөнүндө жазылган эскерүүлөр аркылуу ошол азаптуу күндөрдүн элге тийгизген кесепеттерин толугураак билүүгө болот.

Бул эскерүүлөр, ырлар, драмалар кыргыздын белгилүү драматургу, акын, коомдук, мамлекеттик ишмер

Молдогазы Токобаев, көрүнүктүү лингвист, илимпоз, акын, жазуучу, мамлекеттик ишмер Касым Тыныстанов, Улуттук илимдер академиясынын биринчи президенти, хирург, академик Иса Акунбаев, тарых илимдеринин доктору, академик Сатар Ильясовдун архивдеги өздүк делолорунда, үй архивдеринде, жарыкка чыккан китептеринде кеңири чагылдырылган.

Архивдеги тарыхый документтер, Ысык-Көлдө көтөрүлүш 1916-жылы август айында башталганын ырастап турат. Бирок көтөрүлүштүн жүрүшү ар кайсыл өрөөндө ар кандай кырдаалда өткөн. Алсак, Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган, Куткамергендин уулдары: Акылбек, Үсөн (Торпок), Бокотой, Барак, Аңылдак уруктары (Тору-Айгыр,Чырпыкты айылдарында турган), бир атанын балдары катары, айылдын аксакал билермандары Сарыбай уулу Райымкул, Сыргабай уулу Масыл, Сарыбай уулу Керимкулдун айткан акылдарына көнүшүп, Кытай жакка Балыкчыны айланып, Тоңдун сырты аркылуу качышкан. Бир атанын балдары топ-топко бөлүнүп, ал топтордун башчылары шайланып, кадимки жайлоого көчүү ыкмасын колдонуп, ар бир көчтү атчан жигиттер коштоп, айылдын мергенчилери көчтүн аркасында аларды коргоп уюшкандыкта көчкөнү тууралуу маалыматтар бар.

Тарыхчы Сатар Ильясовдун 1916-жыл жөнүндөгү эскерүүсү

Академик, тарых илимдеринин доктору профессор Сатар Ильясовдун (Ильясов – Куткамергендин Үсөн (Торпок) уругунан) 1960-жылдары Тору-Айгыр айылындагы аксакалдар менен аңгемелешип отуруп айткан эскерүүсүндө мындай делет:

«1916-жылы август айында мен 8 жаштагы бала элем. Атам Ильяс айылдын молдосу катары балдарга арабча

жазганды, куранды окуганды үйрөтчү. Мен 6 жашыман баштап окуп, араб тамгаларды жазганды үйрөнүп алгам.

Бир күнү жакын тууганыбыз Сыргабай уулу Масыл келип, ак падыша буйрук чыгарыптыр, биздин жигиттерди орус-герман согушуна аскерге алат экен. Бирок Ошто, Пишпекте, Токмокто элдер буга макул болбой, алардын бийлигине каршы турууга элди үндөп жатышыптыр. Эгерде биз куралданган орус аскерлерине, куралы жок элди үгүттөсөк элди кырып алабыз деди.

Ошондуктан эл-журтту, ага-туугандарды Көлдөн Нарын тарапка эртерээк көчүрүп кетүү маселесин атам Ильяс экөөнүн кеңешип атканы эсимде калыптыр. Мен ак падышанын бизди карай ок аткан аскерлерин көргөнүм жок. Биз туугандар менен көчүп жүрүп олтурдук. Жол азабын аябай көрдүк, малдын көбүнөн айрылдык.

Кытайга барганда катуу оорудан атам Ильястан жана ондон ашык жакын туугандардан бир жумада ажырап калдык. Натыйжада, 1916-жыл Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган Куткамергендин уул-кыздарын Ата Журтунан ажыратты. Көптөгөн аталаш туугандарыбыз ачкачылыктан, жол азабынан, оорудан көз жумду. Бул кандуу күндөрдүн чоң кесепетинин бири жакын адамдардан түбөлүккө айрылганыбызда».

Ошол каргашалуу күндү, кыргыз элинин биринчи кызыл профессору, Кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү Эне тил, Алиппе китебинин түзүүчүсү, акын Касым Тыныстанов (Куткамергендин Акылбек уруусунан) Ата Журт менен коштошуусун мындайча эскерет:

«Каргыштын шамы жанганда,
Жазыксыз кандар тамганда.
Таяныч издеп тырмалап,
Жөө-жалаң солго салганда.
Долуланып солкулдап,
Алай-дүлөй толкундап,

Узатып салган Ысык-Көл,
Зары эсимде Ала-Тоо!» –
деп аянычтуу билдирүү жасаган.

Касым Тыныстановдун он алтынчы каргашалуу жыл жөнүндө чоң казат ырын жазып, бирок анысы убагында ар кандай себептер менен жарыкка чыкпай, кийин эч кимге белгисиз бойдон жоголуп кеткени абдан өкүнүчтүү.

Бирок 1925-жылы басмада жарык көргөн «Касым ырлар жыйнагында» ошол кызыл кыргын жылдардын эстен кеткис элесин өтө таасирдүү берген:

Ызгаардуу кышта ашуу ашып,
Чубашкан качкын келатат.
Жылаңач, ачка таймашып,
Сенделет, байкуш жол тартат...

(«Сураба, досум, сураба»)

Иса Ахунбаевдин 1916-жыл тууралуу эскерүүсү

Академик, белгилүү хирург, Борбордук Азияда биринчи болуп жүрөккө операция жасаган Иса Ахунбаевдин (Куткамергендин Барак уруусунан) эскерүүсүндө: «1916-жылкы Үркүндүн учурунда тору-айгырлыктар чогулуп алып айылдагы орус Александр Самсоновдорду үй-бүлөсү менен өлтүрүп, үйүн, короо-жайын өрттөп, малын айдап кетели деп кеңеш курушат. Бирок айыл аксакалдарынын кээ бирөөлөрү Сайынке орус болгону менен биздин тору-айгырлыктарга жакшылыктан башка эч нерсе кылбады, дайыма кыргыздарга жардам берди. Андан көрө аны Түгөл капчыгайынын ичиндеги чоң үңкүргө бокотой, барак уруусунун ак сакалдары көптөгөн талаш-тартыштан кийин көчүрүп барганын өтө кызыктуу сүрөттөйт.

Ал Самсонов Александр Тору-Айгырга 1905-жылдары көчүп келип, 10 жылдай эл менен ымалалашып, кыр-

гызча үйрөнүп алган экен. 10 эркек баласы, 1 кызы бар көп үй-бүлөлүү орусту кыргыздар ыймандуулук менен өлүмдөн сактап калганын жазат.

Иса агайдын айтуусунда, Бокотой уругу Кулжа тарапка, Барак, Үсөн (Торпок) Уч-Турпанга карай качкан.

Драматург Молдогазы Токобаевдин эскерүүсү

Кыргыз мамлекетинин борбордук архивинде күнү бүгүнкүгө чейин сакталып турган Молдогазы Токобаевдин (Куткамергендин Бокотой уруусунан) өздүк делосунда 1916-жылы Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган саяк уруусунан тараган куткамергендин уулдары байбичеден: Итак, Дөөлөт, Базаргы, Саманчы, Каракүчүк, Бокол, Акылбек, Үсөн (Торпок), токолдон: Кабатай (аңкылдак), Төлөк, Дөөлөттөн: Боктой, Барак деген уруктардан тараган бир атанын балдарынан бул каргашалуу окуя сыпатталат.

Ошол кезде 10 жашка чыгып калган Молдогазы Токобаевдин «Өмүрдүн алгачкы мезгилдеринен» деген эскерүүсүндө бул окуялар мындайча баяндалат:

«Атам арыкчырай, чарчы бойлуу, кара адам эле, апамдын суроосуна жооп берүү максаты менен обдулса да, көтөрүлө албады. Жеңем Калыйпа ыргып туруп, анын башын жөлөй берди. Эки бети алжыйып, ээктин алды килкилдетип ак шишик адамды аябай каптап алжанын алганын мурун эле билгенбиз».

«Ой, боорсуз заман ай, ач бел, куу жолдо өлөт деген ушул ээ», – деп өңү бузулуп, чыдай албай онтолоп жатат атам.

Кечээ эле бизди алдейлеп, эркелетип эчен-эчен кыйынчылыктардан билгизбей алып өткөн, ардактуу атам ажал оозунда жатканын анык билип, көзүм тунарды. Өпкөм көөп бышаңдап ыйлай-ыйлай жалдырай карай, атамдын оң жагына өттүм.

«Куруган балам, кантээр экенсиң, атаңдан айрылып», – деп чекемден сылады. – «Ыбрай аман болсо балдарым эптеп башыңарды кошкула, оокат кылгыла», – деп, көзүн бир ачты да чирене түшүп үзүлүп кетти.

Адам азапка чыдабаска чарасы жок. Сүйгөн адамдан антип, ишенген адамдан тирүүлөй айрылып, эки жесир, бир жетим элди караандап, эптеп бут шилтедик.

Кайран эл кара тумоого (келтеге) капталып, ошондо бир кырылды.

...Тил кургап, көз тунарып, бүткүл денеден көл-шал болуп тер кетти.

«Атаң айткан ач бел, куу чөл, дүлөй түз – ушул, балам! Аз туруп дем алалычы», – катуу улутунуп көтөргөн жүгүн жерге койду апам.

Жеңем да, мен да жер кучактап көк шиберге сойлодук. Сунган бутту кайра жыюуга кубат жок. Апамдын таар түйүнчөгүндө бир чыны талкан бар эле. Баарыбыздын азыгыбыз ошол бир чыны талкан. Чүңүрөйгөн жыгач чөйчөккө суу куюп, бир чымчымдан талкан себелеп, дан жыты кылып, өзөк жалгадык», – деп жазуучу, драматург атабыз Молдогазы Токобаев кытай жергесине качкан тору-айгырлык бир үй-бүлөнүн тарыхын, өз жон терисинен көргөн азап-тозокту, кайгы-муңду чакан аңгеме аркылуу берүүгө аракет жасаган.

Кытай жергесине тентип барган кыргыздардын адам чыдагыс оор турмушун, күнүмдүк оокаты үчүн өз кызын малга саткан шордуу, алсыз адамдардын тагдырын өз көзү менен көрүп, ал окуяны кеңири сүрөттөгөн кыргыз элинин биринчи драматургу – бокотой уруусунан чыккан Молдогазы Токобаев болгон.

1916-жылдагы улуттун келечегине тийгизген кесепеттери

Кыргыз эли өз туулган жеринен, үй-жайынан, малынан айрылып, аргасыздан падышачылыктын аскерлеринин көрсөткөн кысымынан качып, ак кар, көк муз каптаган ашуулардан кулап, канчасы каза болгонун, чоң дарыяларды кечүүдө көбү сууга агып шейит кеткени, ачкалыктан, сууктан талаа-түздө тынымсыз качууда жүргөн кайран эл кара тумоо (келте) сыяктуу жугуштуу оорулардан кайтыш болсо, тирүү калгандары кытый жергесинде уйгур, дунган, кытай бай адамдардын залакасын тартканын өзгөчө жаш балдар менен бойго жеткен кыздар адам чыдагыс оор тагдырды башынан өткөрүшкөн. Чынында эле элдин бир тобу Кытайга көчүү мезгилинде (ачарчылыктан, жол азабынан, оорудан) каза болсо, дагы бир канчалары Кытай жергесинде өлүмгө дуушар болгон. Кээ бир адамдар Кытайда калып жашап калышкан. Мисалы, Иса Ахунбаевдин атасынын бир тууганлары, Тору-Айгырга кайра келишкен эмес. Союз учурунда Иса Ахунбаев Кытайга барып, туугандарына жолугуп келгени жөнүндө бүгүн дагы айылда кеп кылышат.

Андыктан академик, тарых илимдеринин доктору Сатар Ильясовдун эскерүүсүндө айтылгандай, бул өрөөндүн элине 1916-жыл өзүнүн оор кесепетин тийгизген. Ата-энеси жаш наристелеринен айрылса, жаш балдардын ата-энеси өлүп томолой жетим калган, иниси агасынан айрылып, эжеси сиңдисин такыр көрбөй калган. Укум-тукум өсүп келе жаткан Кутка мергендин уул-кыздары азайып, Ата Журттан ажырап, туш келди чачыраган. Кайран элдин кайгысы айтып бүткүс окуяга айланып, ар бир үй-бүлөнүн жүрөктөрүнө кара так болуп калганын журтубузда белгилүү аталарыбыздын эскерүүлөрү тастыктап турбайбы.

Жыйынтыктап айтканда, 1916-жыл кыргыз элинин тарыхындагы кара так катары түбөлүккө сакталып кал-

ды. Анткени Россия империясынын эң негизги максаты, 1916-жылдагы улуттук көтөрүлүштү шылтоолоп Ысык-Көл өрөөнүндө жашаган элди туулган жеринен кууп чыгып, орус калкы жайгашкан «өзгөчө» аймакты түзүү тууралуу чечимди чыгаруу болгон. Орустардын жазалоочу отряддары адилетсиз падышанын буйругун аткарышты. Ысык-Көл өрөөнү жергиликтүү кыргыздардан тазаланды. Кыргыздар Кытай мамлекетинин чет жакаларындагы кокту-колоттордо жашап калды. Эгерде Улуу Октябрь Социалисттик Революция жеңишке келбесе, падыша тактан кулабаса, көлдүк кыргыздардын тагдыры, азыркы Памир тоолорунда жүргөн кыргыздардыкындай оор турмушту башынан өткөрүшмөк.

Андыктан, 1916-жылдагы улуттук боштондук кыймылдын кыргыз элине тийгизген кесепеттерин илимпоз тарыхчылар, саясатчылар жана социологдор келечекте изилдөөгө алышат го деген ишенимдебиз.

17.10.2017

Гүлзада АБДАЛИЕВА,
тарых илимдеринин кандидаты,
И.Арабаев атындагы КМУнун доценти

1916: УЛУУ ҮРКҮНДҮН ТАРЫХЫЙ БАРАКТАРЫНА КЫЛЧАЮУ

Кыргызстандык тарыхчылар 1916-жылкы Бордбордук Азиядагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн жана Үркүндүн тарыхынын ар кыл өңүттөрүн иликтеген эмгектерин жарыялоосун улантууда. Тарых илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти

Гүлзада Абдалиева улуу көтөрүлүш менен Улуу Үркүндүн тарыхый баракчаларына кылчаят.

1914-жылдагы Биринчи дүйнөлүк согуш башталгандан тартып, орус падышачылык өкмөтүнүн согуштук алык-салыктарынын көбөйүшүнөн жана орус дыйкандарынын отурукташуу саясатынан запкы жеген кыргыздар, 1914–1915-жылдары эле Кытайдын аймактарына барып олтурукташа баштаган. Бирок бул жылдары кыргыздар массалык түрдө эмес, бир уруу же бир нече үйбүлө болуп көчүп келишкен [Асанакун Мукан, Мухтар Өмүрбек]. Ал эми 1916-жылдагы көтөрүлүштө кыргыздар Кытайдын Какшаал, Үч-Турпан, Ак-Суу, Бай, Куча, Текес, Кулжа шаарларына жана аймактарына чейин кирип кетишкен.

Кытайга кыргыздар негизинен үч жол менен багыт алышкан. Биринчиси, Нарындын Ат-Башы аймагынын Ак-Сай өрөөнү аркылуу Торугарт жана Келтебек ашуусу; экинчиси, Пржевальскиден түштүккө, Бедел ашуулары; үчүнчүсү, Каркыра аркылуу Кулжа жана Текес тарапка барышкан.

Кыргыздардын Кытайга качуусунун багыттары тууралуу архивдик маалыматтардан Орусия мамлекетинин Генералдык консулдун докладдык билдирүү катында мындай баяндалган: «Сентябрдын биринчи күндөрүндө Кытайдын чегинде чакан топтордон турган кыргыздар пайда боло башташты. Малдын көптүгү жолду арбытууга мүмкүндүк бербегендиктен улам, кыргыздардын негизги массасы сентябрдын 20ларында гана Кытай чек арасынан өтө баштады. Бул убакта Жети-Сууга жетиштүү сандагы куралдуу-күчтөр чогулду, аларды (кыргыздарды) чечкиндүү куугунтуктап, козголоңчуларды Кытайга кубалашты».

Кыргыздарга кытай чегине эки багытта качууга туура келди: 1) Нарын чыңдоосунун жанынан Ак-Сай өрөөнү аркылуу Какшаал суусунун төрүндөгү Торугарт жана Келтебек ашуусу жана 2) Пржевальск (Каракол) шаарынан түштүк тарапта Бедел жана Кайчы ашуусу аркылуу өтүшүп, Үч-Турпан жана Ак-Суу аймагына барышты.

Биринчи багыт топтолгон элдин Кытайга өтүшүнө кыйын болду.

Нарын чыңдоосунун гарнизону менен жакын болушу Торугартка бет алган убакта козголоңчулар үчүн туруктуу коркунуч болуп эсептелген, анын үстүнө мында чек арадагы тоолор аябагандай катаал, жагымсыз жана жайыттардын жоктугунан улам кыргыздарды кызыктырган эмес. Ошондуктан, көтөрүлүш башталганга чейин Нарындын түштүгүндө көчүп жүрүшкөн кыргыздар гана Торугарт аркылуу Чакмакка бет алышкан болучу, бул жерге 2 волосттон (болуштуктан) ашык кыргыздар келишкен, бул Нарын участкасынын кыргыздарынын арасында толкундоолор анчалык болбогондугу менен да түшүндүрүлөт.

Ал эми кыргыздардын бир аз гана бөлүгү бет алган биринчи багыттан айырмаланып, козголоңчулардын дээрлик көпчүлүк бөлүгү башчылары менен Бедел аркылуу Кытайдагы Үч-Турпан менен Ак-Сууга бет алышкан. Бээжиндеги орусиялык императордук миссиянын 1916-жылдын 1-декабрдагы №3300 билдирүүсүндө жакшы жайыттары бар бул аймактын орус чек арасына жакындыгы, ушул тарапта чек аралар жана ашуулар кайтарылбагандыгы кыргыздардын тобу менен тоскоолдуксуз өтүүсүнө мүмкүндүк берген, – деп билдирилет.

Ошентип, Бишкек жана Пржевальск уезддеринин 32 волостунан келген кыргыздар Үч-Турпан менен Ак-Суу чөлкөмүнө, Жаркент уездинин 7 волостунан келген кыргыз менен казактар Кулжадагы Текес аймагына жайгашышкан.

Үч-Турпанда жана Ак-Сууда биринчи зарылдыктагы буюмдардын кымбаттыгы кыргыз массасына ачкадан өлүү коркунучу пайда болду. Алардын арасында тоё тамак жебегендиктен улам келте жана башка оорулар пайда боло баштады.

«Ашыкча жандарынан жана жолдогу убарадан кутулуу үчүн, кыргыздар, жолго жана турган жерлерине майда балдарын ташташып, 12 жаштан улуу кыздарын жана балдарын 30—40 сомдон (сомдун наркы 12 теңгенин ордуна 3 теңге болгон убакта) жергиликтүү сарттарга сатып жатышат» – деп Орусиянын Кашкардагы консулу билдирген [КРИА. Кол. жаз, фонду.инв.136.41].

Үркөн элдин жолдо жана чет жерде көргөн азап-тозогун толук сүрөттөө мүмкүн эмес. Бир жагынан азыктүлүгү кенен, курал-жарагы шай жазалоочулар такымдай кууп, жеткендерин кырып жатса, экинчи жагынан аскасы асман тиреген ашуулар жүрөк үшүн алып, качкындарга бир кыйла бөгөт болгон, үчүнчүдөн, аларды ачкачылык алсыраткан. Өзгөчө бир аз жүгүн жонуна артканжөө-жалаңдарга, ач-жылаңачтарга, жаш балдарга, кары-картаңдарга, балалуу энелерге оор болгон.

Ат-төөчөн, мал-мүлкү менен кошо көчкөн бай-манаптар көч алдында кетишип, Үркүндүн алгачкы кездеринде анчалык запкы тартышкан эмес. Бирок бара-бара тоюттун жоктугу, татаал ашуулар алардын малынын көп санда кырылышына алып келген.

Бул туурасында жазалоочу топтордун бир жетекчиси 1916-жылдын 22-декабрдагы рапортунда: «Качкындардын малы күнүнө миңдеп кырылып жатат», – деп жазган (КРИА, Кол жазмалар фонду, инв. 137, 186–187).

Андан ары ал Ак-Бел, Бедел ашуулары жана Келек-Тайгак суусу менен Ысык-Булактын айланасы малдын жайнаган өлүктөрүнө толуп кеткенин билдирет.Малжандын кыйла бөлүгү жазалоочулардын колуна тийген. Ошентип чек арага жеткенде качкындардын колун-

да жылкынын 10, койлордун 25 проценти гана калган [К.Усенбаев, 1967, 126].

1916-жылдагы көтөрүлүштүн катышуучусу жана ал тууралуу эл оозунан жыйнаган Абдылда Арыстаке уулу (Алдаш Молдонун окуучусу, Жети-Өгүз районунун «Дружба» колхозунун тургуну) өз эскерүүсүндө:

«Үркүндө Кызыл-Суунун (Покровка) ашуусуна бет алып жөнөдүк. Ашуу өтө татаал бир гана аттын изи бар. Муз, жарыктын түбү көрүнбөйт. Жарык кой, эчки, жүгү менен уй, төө, жылкы, адам, бешик өңөргөн аялдар түшүп кетип жатты. Төөлөр боздоп, кой-эчкилер маарап, жылкылар кишенеп, балдар бакырып, чоңдор кыйкырып, муздун жарыгынан дүңгүрөп араң угулат. Тереңдиги 40–50 метр бар. Байлардын айдап бараткан малдарынын көбү жарыкка түшүп кетти. Ашуу ашып таш басып, агыны катуу суу кечип, аттар, уйлар ташыркап така жок уйларга, төөлөргө чокой тартып, тамак жок жөргөмүш деген чөптү жеген күндөр болду», – деп маалымдаган [КР УИА Кол жазмалар фонду, 716. Инв. 35].

Ошентип, чек арадан аман-эсен өткөндөрдү ушул аймакта көчүп-конуп жүргөн кытайлык калмактар талоонго алып, мал-мүлкүн жана аялдарын олжолоп алып турушкан.

Андан кийин жергиликтүү кытай төбөлдөрү калган-каткан оокаттарын белек катары берүүгө мажбурлашкан. Каршылык көрсөткөндөрдү жырткычтык менен өлтүрүшүп, болгон дүнүйөлөрүн тартып алуу адатка айланган.

Бул тууралуу Кытайдагы азыркы Иле-Казак автономиялык областынына караштуу Моңгул-Күрө ооданынын Шаты айылынын тургуну Абдымолдо Баке төмөнкү маалыматты айтты:

«Качкан эл жолдо кыйналып, ачкадан, талап-тоноочулуктан көптөгөн эл набыт болгон. Ошентип азаптозок менен эл бул жакка (Кытай тарапка) келгенде,

чек арадан да өтүү кыйын болгон экен. Чек арадан кыйынчылыкты көрүп, келген элди кайра артка айдап, сен оруструн элисиң деп, артынан орус аскерлери кууп келип ара ортодо жолдо өлгөн эл андан көп болгон. Сайкал деген жердин ары жагында ашуу бар. Ысык- Көлгө ошол ашуу менен ашат, азыр аны Кыргыз-Сай же Кыргыз-Ашуусу деп коюшат. Бул жакка келгенде эл чачырап тарап, алды Үрүмчүгө чейин кеткен экен. Келе жатканда жолдо бага албагандан кийин балдарын, кыздарын ар кайсы элге таштап да кетишкени маалым. Кыздарын күйөөгө берип, талкан алган күндөрү да болгон» (жеке сурамжылоо).

Кытайдагы Моңгул-Күрө ооданында жашап жаткан Бейше Мандынын (59 жашта, Арык уруусунун Сарык уругунан) эскерүүлөрүнө таянсак:

«Моңгул-Күрө ооданында 1916-жылы болуп өткөн окуялар боюнча ушул күнгө чейин сакталып келген, Кыргыз-Ашуусу деп аталган жер бар. Ал жерди дагы: «Кыргыз кырылган жер» – деп аташат. Себеби Үркүндө кыргыз бул тарапка качып, ашуу ашып келгенде, артынан орус, бери жагынан кытай келип кырган экен. Артынан келген орустар бул жактан монгул, калмактар качып келе жаткан элди ашууда камап кырышкан. Ошондо кырылган элден казандар, самоор, тулгалардын калдыгы Кыргыз ашуусунда азыр да бар. Биз малчы болуп, мал менен жайлоого чыкканыбызда, Кыргыз-Ашуусу деп аталган жерден ат менен гана өтө ала тургандай жол бар, ошол жолдон өткөнүбүздө кишинин сөөктөрү, калган буюм-тайымдары бүгүнкү күнгө чейин жатат. Чогулуп куран окутуп, сөөктөрдү жерге бергенбиз, бирок киши сөөктөрү бут баса алгыс болгондуктан баарын жерге берүү мүмкүн эмес, таш ортосунда калып, карагай арасында калып калган киши сөөктөрү али күнгө чейин сакталган», – деп маалымдайт Бейше Манды (жеке сурамжылоо).

Ал эми Кайыңды айылынын тургуну (Моңгул-Күрөөдөгү Моңгул айылы) Муканбет уулу Абдышүкүрдүн айтымында:

«Кыргыз ашуусунда» 1973-жылдары боз үйдүн керегеуугунан, адам өлүгүнөн киши баса албас болгон эле, ошол жерде кыргыздардын кырылгандыгы боюнча атам айтып калар эле. Көчкөндө 30–40 үй-бүлөнү алып өтүш үчүн көзгө атаар бир чоң мергендери болгон экен. Бул айылда жашап өткөн бир казак кишини айтар эле, оң колу чыканактан ылдый жок болгондугуна карабастан, мылтыкты ийнине коюп атканда учуп бараткан карганы түшүрө атчу экен. Мына ушундай мергендерди алып барып анан атышып өтүшкөн экен. Ал кезде орустун солдаттарын мергендер алдыңкы экөөнү атып койсо эле, калганы кайтып кетишкен. Себеби мергени бар экенин билет экен алар да. Үрккөн эл мергендерди алдына алып жүрүшкөн. Анткени алар элди кубалагандар менен анан атышып өтүшчү экен», – деп билдирди (жеке сурамжылоо).

1917-жылдын 1-майдагы маалыматка караганда, Чыгыш Түркстанга келгендердин 70—87 миңге жакыны апаат болгон. Эч кандай укугу жок, дайыма куугунтук жеп, он миңдеп кырылып жаткан качкындар бөтөн эл, бөтөн жерде узакка туралбайт эле. Андыктан, алар аргасыздан Чыгыш Түркстандагы орус өкмөтүнүн өкүлдөрүнөн жардам суроого мажбур болушкан.

Кыргыз көтөрүлүшчүлөрү Кулжадагы орус консулуна жазган өтүнүчүндө: «Азыр биздин тамак-ашыбыз, боз үйлөрүбүз жана аттар үчүн жем-чөбүбүз жок… Бизде нан жана туз да жок, андыктан биздин өтүнүчүбүздү сиздердин улуу урматтуу башчыларга билдирсеңиздер, балким, бизге жардам берүүгө мүмкүнчүлүгүңүздөр табылар», – деп суранышкан.

Өз кезегинде Орусиянын Кашкар консулу 1916-жылы 1-декабрда падышага жазган билдирүүсүндө: «Кыйналуунун акыркы чегине жеткен кыргыздар Орусиянын

аймагына кайтып келүүгө ынтызар экендигин көрсөтүшүүдө», – деп кабарлаган.

Жети-Суу аскер губернаторундагы аткаминерлер: «Көп убакыт өтпөй эле качкындар жана кара кыргыздар Нарынга өз өкүлдөрүн жиберишип, баш ийүүгө макулдугун билдиришти жана биздин аймакка кайтып келүүгө уруксат сурай башташты», — деп белгилеген [КРУИА, 256; инв. 68].

Бирок падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөргө аткара алгыс шарт койгон. Алсак, көтөрүлүштүн жетекчилерин кармап берип, курал-жарактарды толук өткөрүүнү, ошондой эле ар бир волосттон армия үчүн 200дөн жылкы төгүүнү жана көтөрүлүш чыгымдарын толугу менен төлөөнү талап кылган. Бул иш жүзүндө азып-тозгон элдин үмүтүн таш каптырып, аларды мүңкүрөтүү эле.

Ошентип, падышачылыктын колониалдык саясатын ишке ашыруучулар кыргыз жергесин толугу менен ээлеп алууну көздөшкөн.

Кытайга качып барган кыргыздарды социалдык абалына карата негизинен үч топко бөлүүгө болот.

Биринчи топ: колунда 50–200гө чейин майда жандыгы бар, алар жалпы качкындын 10% түзөт;

Экинчи, орто катмар тобу: 5–10го чейин жандыгы барлар – 20% түзөт;

Үчүнчү топ: мукураган кембагалдар – 45% түзөт; алар жалданып иштеген арзан жумушчу күчүн түзгөндөрдөн турган.

Андан башка бир үзүм нан үчүн сатылып кеткен жаш кыздар жана аялдардын айрымдары Кытайдын Шанхай, Вянузин жана башка шаарларына чейин сойкуканаларга сатылып кеткени маалым [КРИА, инв. 45,61-66].

Арийне, өзү туулуп өскөн, киндик каны тамган жеринде, жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык абалы деле оор бойдон кала берген.

Орусиянын падышалык өкмөтүнүн оторчул акимияты жергиликтүү калкка карата төмөндөгүдөй саясатын жүргүздү:

1. Көтөрүлүштө кеткен чыгымдарын төлөө шылтоосу менен контрибуция алуу;

2. Генерал-губернатор А.Н. Куропаткиндин чечими менен жер-жерлерде уезддерде атайын комитеттер түзүлүп, атайын статистикалык отряддар бөлүнүп берилген (чыгымды өндүрүү үчүн).

1916-жылы 21-октябрда «1916-жылдагы көтөрүлүштүн чыгымдарын тактоо жана аларды калыбына келтирүү боюнча областтык комитет» өз ишин жүргүзө баштаган. Бул аталган комитеттин эсеби боюнча жергиликтүү калкка бир эле контрибуциянын көлөмүнө ылайык 30 миллион рублдан ашык салык жүктөлгөн.

Ошентип, ар бир айыл эң чоң көлөмдөгү чыгымдарды төлөөгө аргасыз болушкан.

1916-жылы 16-октябрда Верныйда Куропаткиндин төрагалыгынын негизинде өткөн кезектеги жыйынында 1916-жылдары көтөрүлүшкө катышкан кыргыздарды көчүрүү жөнүндөгү 1916-жылдагы 16(29)-октябрь №59 токтомунда:

1. Пишпек, Пржевальск, Жаркент уезддеринен жергиликтүү калктан 25 10361 теше жерди П.П. Румянцевдин статистикалык эсептөөлөрүнүн жана текшерүүсүнүн негизинде тартып алуу жана Ысык-Көл, Текес дарыясы, Каркыра жайлоосунан, Чүй дарыясынын аймагынан кыргыз жана казактарды өз жеринен айдап салуу сунушу каралган.

2. Кыргыздардан бошотулган жерлерге Ысык-Көлдүн түндүк жана түштүк жээктерине ар бир станица 60 короо жайдан турган, 5 орус-казак станицасын түзүү каралган. Анда кайсы жерлерге түзүү керек экендиги көрсөтүлгөн.

Аларга: 1. Өрүктү. 2. Корумду. 3. Дунгандардын мурунку отурагы – Маринский айылы. 4. Мурунку орус дыйкандардын отурагы – Гоголевка. 5. Улахол кирген. Ал эми калган жер иштетүүгө ыңгайлуу жерлерге орус дыйкандарын олтурукташтыруу керек экендиги белгиленет. Ал эми жер иштетүүгө ыңгайы жок жерлер орус падышачылык өкмөтүнө өткөрүлүп берилсин делген сунуш айтылган.

3. Пржевальск уездинин, Пишпек уездинин калкынын бир бөлүгүн Нарынга көчүрүү сунушу каралган. П.П. Румянцевдин статистикалык эсептөөлөрүнө жана текшерүүсүнө ылайык, Нарында жер айдоого ылайыктуу 57 126 теше, чөп чабыкка ылайыктуу 46 288 теше, кыштоого – 1 836 309 теше, жайкы жайытка ыңгайлуу 2 815 400 теше жер, жалпы – 4 755 122 теше жер болот – деп жазылган [1916-жылдагы 16(29)-октябрь №59 протоколу. КУИА. Кол жазмалар фонду. 256. инв. 159].

Пржевальск, Пишпек уезддеринин калкын бийик тоолуу Нарын уездине көчүрүп, ал эми сарыбагыш жана Атаке болушундагы кыргыздарды алыскы аймактардагы болуштуктарга (волостторго) же айылдарга чачыратып же Балхашка көчүрүү боюнча токтомун кабыл алышкан. Бул аталган токтомдун мааниси: биринчиден, көтөрүлүшкө чыккан элди жана качкындарды туулуп өскөн мекенинен Кытайга сүрүп чыгаруу; экинчиден, күч менен 200 000 кыргызды жана казакты алыскы тоолуу аймактарга көчүрүү болгон.

1916-жылы 8-ноябрда А.Н. Куропаткин Казалинск шаарына барып, 7 миң урал-казактарын (алар 1874-жылдары Урал областынын Казалинск шаарына көчүрүлүп келген) Ысык-Көлгө көчүрүү маселесин көтөргөн. Орус-казактарына жергиликтүү калктын жерин тартып алууну үгүттөгөн.

Кыргыздар Мамлекеттик Думанын депутаты С.П. Мансыревге кат менен кайрылышкан (алар С.П.Мансырев

Түркстанда көп жылдары салык инспектору болуп иштегендиктен, жергиликтүү калктын маселесин жакшы билгендиги үчүн ага кайрылышы мүмкүн). Кыргыздардын арызын эске алып, Думадагы депутаттар А.Н.Куропаткинге шашылыш чечим чыгарбоону өтүнүшкөн (ошол эле жерде).

Мамлекеттик Думанын депутаттары Д.С. Шубаевди бийликтин мыйзамсыз иштери, о.э. министр бийлигин аша чаап колдонуп жаткандыгы жана шашылыш чечим чыгарылгандыгы менен айыпташкан. Бирок Д.С. Шубаев депутаттардын айыптоосун четке кагып: «Эгер өзүм туура деп эсептесем, кызматымдан жана бийлигимди аша чаап колдоно берем» – деп билдирген. Мына, орусиялык бийлик өкүлдөрүнүн жообу ушундай болгон.

Эгерде падышалык өкмөт жана мыйзам чыгаруу бутагы генерал-губернатор Куропаткиндин долбоорун жактырчу болсо, анда кыргыздарды массалык көчүрүү жүрүмү кыска убакытта, б.а., 1917-мартына чейин ишке ашырылмак.

1916-жылы декабрда Орусиянын айыл чарба министрлиги А.Н. Куропаткиндин планына түзөтүүлөрдү киргизген. Анда Соң-Көл, Жумгал жана Көкөмерен аймактарына суу сактагыч куруу шылтоосу менен жергиликтүү элди, аталган аймактардан тазалоо долбоору каралган [РВИА. ф. 7198. №87. д.42. ч.3].

Ал эми кыргыздардан тартып алынган мүлктөр аукциондо сатылып, андан түшкөн акча каражаттары аскер губернаторунун депозитине которулган.

«Көтөрүлүш чыккан жерлерден кыргыздардын жерин тартып алгыла», – деп тастыктаган генерал-губернатор А.Н. Куропаткин (Циркуляр Семиреченского генерал-губернатора Фольбаума всем уездным начальникам. 3(16) сентября 1916 г. КР КУИА. Инв 258, 17).

Верныйдан Пишпекке чейинки айылдар, Пишпектен ары чыгышта Ысык-Көл аймагындагы айылдар толугу менен кыйроого дуушар болду.

1916-жылдагы Фольбаумдун билдирүүсүндө: «Пржевальскинин чет жакасында Кытайга качкан элден тартып алынган 300 миңден ашык мал-жандыгы топтолду. Ал эми Кочкордо 100 миң мал-жандык тартылып алынды. Токмокто мына ушундай эле көрүнүш. Кийинки ишчаралар Жумгал, Кочкордун чыгыш тарабында, Алабелде улантылмакчы» (С. Брайнин, Ш. Шапиро, 1936, 105), – деп жазылган.

Кыргыздарды жазалоочу «экспедициялык отряддар» Кытайдын ички территориясына чейин кууп барышып, качкындардын бир катарын талап-тоногоо алышкан. Үч-Турпандагы старшина Бычковдун казак отряды эң мыкаачылык аракети менен айырмаланган [С. Брайнин, Ш. Шапиро, 1936, 108].

Кытайга качып кеткен кыргыздар Орусияда падышалык режим кулатылган соң, б.а., 1917-жылы жаз айларынан баштап мекенине кайта баштаган.

Бирок 1920-жылдардан тартып кыргыздардын кайтып келүүсү ар кандай саясий жагдайларга карата жайлай баштаган. Ал эми 1921–1922-жылдары жер реформасынын негизинде кыргыздардын мекенине кайтып келүүсү массалык түрдө уланган. Бирок мүмкүнчүлүгү жетиштүү болгон кыргыздар гана мекенине кайтып келишкен.

Качкын кыргыздар тууралуу кеп оролу болгон кезде: «Эмне үчүн кыргыз жергесинде совет бийлиги орноп, тынчтык өкүм сүргөн кезде алар өз мекенине толук кайтып келген эмес?» деген собол туулбай койбойт.

Кытай чек араларынын тоскоолдугу, советтик бийликке каршы басмачылык кыймылдын өкүм сүрүшү Кытайдагы качкын кыргыздардын толук кайтып ке-

лүүсүнө тоскоолдуктарды жараткан. Анан калса, падышачыл аскерлердин мыкаачылыгынан, жолдогу, белдеги кыйынчылыктардан көңүлдөрү калган далай кыргыздар чындап эле мекенине келүүгө умтулушкан эмес.

Ошентип, кыргыздардын бир ууч бөлүгү Кытай жергесинде мындагы жергиликтүү кыргыздардын арасында түбөлүк байырлап кала беришкен.

14.05.2016

Роза АБДЫКУЛОВА,
тарых илимдеринин кандидаты,
Эл аралык Кыргыз-Түрк Манас
университетинин доценти

БЕШ ТҮРК ТУУРАЛУУ ЭМГЕКТЕН УЛАМ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин доцентинин милдетин аткаруучу, тарыхчы Роза Абдыкулова Түркияда иликтөө жүргүзүп жүрүп, Осмон султандыгынан келген беш түрктүн 1916-жылы Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүшкө катышкандыгы тууралуу баалуу маалыматты учураткан.

1916-жылдагы көтөрүлүштүн чет элдик булактарда чагылдырылышы маселесине «Азияда беш түрк» эмгегинин мисалында токтолуп өткүбүз келет.

Чакан киришүү

Орус жана совет тарыхнаамасында XIX жана XX кылымдын башындагы Орто Азия мамлекеттеринин тарыхын изилдөөдө бир тараптуу каралып, маанилүү масе-

лелер көз жаздымда калып кеткени байкалат. Мындай изилдөөдөгү калып кеткен маселелерге эң жакшы мисал Осмон мамлекети менен Орто Азия мамлекеттеринин байланышынын терең изилденбегендиги болуп саналат.

1916-жылдагы Түркстан көтөрүлүшүнүн эң чоң бөлүгүн түзгөн Жети-Суудагы көтөрүлүштө кыргыздар менен кошо падышалык Орусия империясына каршы согушкан беш осмон түркүнүн бири болгон Адил Хикмет Бейдин «Азияда беш түрк» деп аталган эмгеги айрым өксүктөрдү толтурууда кошумча булак катары огожо боло алат (Adil Hikmet Bey. Asyada Beş Türk. İstanbul: Ötüken. 1999.).

1916-жылдагы Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүш маселелери туурасында жогоруда аталган эмгектен сырткары Түркия мамлекетинде башка бир катар илимий эмгектерде да чагылдырылган. Аларга профессор Зеки Валиди Тогандын «Бүгүнкү Түркстан жана Жакынкы тарыхы» (Bugünkü Türkili (Türkistan) ve Yakın Tarihi), Баймырза Хайиттин «Түркстан мамлекеттеринин улуттук күрөштөрүнүн тарыхы» (Türkistan Devletlerinin Milli Mücadeleleri Tarihi), Акдес Нимет Кураттын «Орусия тарыхы башталгыч учурдан 1917-жылга чейин» (Rusya Tarihi Başlangıçtan 1917'ye kadar) аттуу эмгеги, Надир Девлеттин «Орусия түрктөрүнүн улуттук күрөшүнүн тарыхы» (Rusya Türklerinin Milli Mücadele Tarihi (1905-1917), Саадет Гөмечтин «Түрк жумурияттарынын жана топторунун тарыхы» (Türk Cumhuriyetleri ve Toplulukları Tarihi) аттуу эмгектеринде көтөрүлүш туурасында маалыматтар кездешет.

Кыргыз тарыхнаамасында болсо көтөрүлүш 20–30-жылдарда советтик-партиялык кызматкерлердин эмгектеринде, эскерүүлөрдө, көркөм адабиятта жана айрым илимий эмгектерде баяндалып келет. 1960–1980-жылдарда болсо көтөрүлүшкө байланышкан К. Үсөнбаевдин, Ж. Бактыгуловдун илимий эмгектери мисал боло алат. Бүгүнкү күндө болсо Ж. Жакыпбековдун, Т. Өмүрбеков-

дун, М. Махмутбекованын жана Ж. Алымбаевдин эмгектеринде баяндалат. Мындан сырткары «Азиядагы беш түрк» аттуу эмгектеги маалыматтарды Кыргызстандан көтөрүлүшкө катышкандардын эскерүүлөрү жана кээ бир архив даректери тастыктап турат.

Эмгек тууралуу кыскача маалымат

Орто Азияга келген беш осмон түркүнүн бири Адил Хикмет Бейдин «Азияда беш түрк» эмгеги 1999-жылы Түркиядагы «Өтүкен» басмасында жарык көргөн. Эмгекти арап арибинен латын арибине Юсуф Гедикли которгон.

Автор Адил Хикмет Бей сапарын карыткан соң эскерүүлөрүн, саякатнаамасын Түркиядагы «Жумурият» аттуу гезитке 1928-жылы 16-июндан 16-октябрга чейин арап ариби менен жазган. Бул эмгек дагы кийинчерээк латын алфавитине которулган. Эмгектеги маалыматтарга караганда, Кушчу башы Селим Сами, Хусейин Эмруллах, Хусейин (крымдык), Ибрахим жана эмгектин автору Адил Хикмет Бей Измирден соодагер кейпинде 1914-жылы 22-июлда Жидда - Бомбей тарапка аттанган Кара деңиз түрк кемесине түшүшкөн. Ал жерден Памир аркылуу Ооганстанга өтүү үчүн жолду улантышат.

Чыгыш Түркстандан өтөрдө 1915-жылы 27-апрелде алар орус аскерлери тарабынан кармалып калышат. Орустар аларды Таш-Коргонго жөнөтүшөт. Таш-Коргондон аларды өлтүрүүнү пландап, бирок ал планынан баш тартышат да, аларды андан ары Ташкентке айдашат. Ал мезгилде Германиянын Кытайдагы элчиси кызматын аркалаган Фон Хинце аларды өлүмдөн куткарып калат.

1915-жылы 14-июлда беш осмондук түрк абактан чыгышып, Балкаштагы Капал шаарына, андан кийин кыргыз-казактар жашаган Сархан шаарына сүргүнгө айдалышат. Ал жерде оор турмушту баштарынан өткөргөн соң, көтөрүлүшкө туш келишет. Демек, алар көтөрүлүш-

тү уюштуруу үчүн эмес, саякат кылуу үчүн Борбордук Азияга келген осмон түрктөрүнөн.

Арийне, Адил Хикмет Бей калтырган эскерүүдө 1916-жылдагы көтөрүлүш тууралуу арбын маалыматтар кездешет. Эмгекте автор Адил Хикмет Бейдин өзү тууралуу анчейин көп маалымат кездешпейт. Ал төрт тилде эркин сүйлөй алган (француз, арап, италия, англис), аскердик эрдиктеринен улам жогорку наамдарга жетишкен. Эмгекти саякатнаама, эскерүү, тарыхый романдан сырткары бир күндөлүк катары кабыл алууга да болот.

Төмөндө эмгектеги маалыматтар бир нече чакан аталыштар менен өз-өзүнчө берилди.

Беш түрктүн Орто Азияга келүү максаты

Автор Адил Хикмет Бей сапарлаштары менен Индияда, Чыгыш Түркстанда болгондорун, орус аскерлеринин колуна түшкөндөрүн, өлүмдөн араң зорго кутулуп чыккандарын, алардан качканда кыргыздарга туш келгендерин, Чыгыш Түркстанга баргандарын, Такламакандан Хотанга жана ал жерден Кытайга, Шанхай мажаралары менен бирге көтөрүлүшкө катышкандарын жана көргөндөрүн жазган.

Беш осмон түркү Орто Азияга келген кезде Түркстан аймагынын батыш бөлүгү Орусия тарабынан, чыгышы Кытай жана түштүгү (Түндүк Ооганстан) Англия тарабынан басып алынган мезгил болгон. Алардын Орто Азияга келишинин максаты Түркстандагы боордоштордун улуттук аң-сезимин ойготуу эле.

Бирок келген беш осмон түркүнүн бешөөнүн төртөө эмне үчүн аскер адамдары болгон деген суроо да туулат. Куралдуу түрдө эмес, түрк тектүү калктардын аң-сезимин ойготуу максатында келгендери туурасында жазылат. Бирок алар көтөрүлүшкө туш болгондуктан, бир

колуна кылыч, бир колуна шам чырак кармаган көтөрүлүшчү болушат.

Бул туурасында төмөндөгүдөй жазуу Адил Хикмет Бей жазган эмгекте кездешет: «Акылыма ишенип, англис, орус жана кытай чек араларынан оңой өтүп, кыргыз, огуз, өзбек, кыпчактарды бир туунун алдына топтоодо мындай шекерден таттуу нерсенин ачуу тарабы да болорун оюма да келтирбептирмин» (Adil Hikmet Bey. Asyada Beş Türk. İstanbul: Ötüken. 1999, 39-б.).

Кызык, булардын бири Сами Бей айрым кыргыз эскерүүлөрүндө Самыйбек деп эскерилген учурлар бар. Демек, алар менен кыргыздар кезиккенин көз карандысыз булактар да тастыктайт. Маселен, 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышкан кыргыз Абдыраим Серкебаевдин эскерүүсүн салыштырып көрөлүк: «Самыйбек деген түрк үч киши менен кыргыздарды мал бергиле, Кытайдан курал сатып алалы, орустарга каршы чыгалы дептир. Текесте кыргыздарды орустар артынан жетип, кырып баратканда Самыйбек жети киши менен орустарды атышып, кыргыздарга жардам кылыптыр. Кыргыздардан мал жыйнай албай, шаарына кеткен экен. Шабдандын балдарына жолуга албай калып, ошолорго бир жолуксам деп кетиптир. Кийин арасы жыйырма күнчөлүк жол экенине карабастан Кемел, Кашымбек (караколдук) барышыптыр. Эмне сүйлөшкөнүн билген жокмун. Шабдандын балдарына бир тору ат, отуз зээр бериптир. Кийин Кытай өкмөтү кармап айдап бара жатканын (Самыйбекти) өз көзүм менен көрдүм». (Булак: Мистегүл Махмутбекова. Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүш. Бишкек. Эркин-Тоо. 1996. - 55–56-беттер.)

Кыргыздардын арасындагы пикир келишпестик

Автор Адил Хикмет Бейдин берген маалыматы боюнча, беш осмон түркү Кытайга барган чакта ал тарапка качкан кыргыздарга туш болушат. Качкан кыргыздардын арасында пикир келишпестиктер пайда болот. Алардын бир бөлүгү малынын кырылып каларынан коркуп, артка кайтууну, орустар ээлеген жерге кайрадан барууну каалашкан. Экинчи бир бөлүгү болсо орустарга аскер бергенден көрө Кытайдын аймагында өлгөн артык дешет. Пикир келишпестик көпкө созулуп, акырында баарынын Кытай аймагында калуусуна чечим чыгарышат.

Жаныбектин боз үйүндө конок болуу

Адил Хикмет Бей жазган эмгектеги маалыматка караганда, сапарга чыккан беш түрк Кичине Казган аймагынан Кулжага карай бет алган жолдо Жаныбек аттуу кыргыз бегинин үйүнө конушат. Жаныбек кечки тамакты сунган соң, комузун колго алып революциялык чакырыктай ырды созуп киргени баяндалат. Ал ырдаганда көздөрү жанып, революциялык чакырыкты угузуп жаткандай туюлат. Ырдын мааниси төмөндөгүдөй сөздөрдү камтыган:

«Ата Мекенден куулдум,
Душмандарга кул болдум.
Бул мекендин тили болсо
Аталарыбыз бизди көрсө
Тур, каарман түрк эли
Тарыхтын март түрктөрү
Душмандарды эзип,талкалап,
Заалымдарды кыргыла».

Кыргыздардын салт-каадасынын өзгөчөлүктөрү

Адил Хикмет Бей жарыялаган бул эмгекте кыргыздар тууралуу абдан көп маалымат кездешет. Аларга мисал келтирсек: «Кыргыздар өз алдынча кеңешпей иш кылышпайт. Тез-тез кынаш (кеңеш) деген мажилистерин өткөрүп турушат. Бул кеңештерде чечим чыгарылбаса, анда таркатылып, башка кеңештер түзүлөт. Кээде бир маселе үчүн күндөр бою талкуулашып, туура келе турган чечимди кабыл алышат. Кыргыз башкаруучулары чече албай жаткан маселесин мажилистердин жардамы менен чечкендиги үчүн дайыма адилеттүү болгон».

Эмгектин дагы бир бөлүгүндө «кыргыз чечендери абдан сөзмөр келишет. Алар адамдарды муютууну, көндүрүүнү билишет. Негиздүү далилдерди келтиришип, поэтикалык чыгармаларды окушат», – деп берилет. Кыргыздардай зирек адамдардын арасында жүрүүнү беш түрк тең абдан жактырышат. Алар ошол аймакта калып, Кулжага барбай калышат.

Көтөрүлүштүн жүрүшү

Автор Адил Хикмет Бей кыргыздарды көтөрүлүшкө үндөп, Мукден согушунда (орус-жапон согушундагы узак мезгилди кучагына алган, кандуу салгылаш) жапондорго жеңилип, бирок Түркстан көтөрүлүшүн кандуу түрдө баскан падышалык Орусиянын сарайында кызматка аттанган генерал Куропаткиндин жоокерлери менен үзгүлтүксүз салгылашкандарын жазган. Мында кыргыздар көтөрүлүш чыгарууга даяр экенин билдирип, беш түрктүн жетекчилик кылуусун сунушташканы айтылат (бирок бул маалыматты башка булак менен тастыктоо азырынча мүмкүн эмес). Атүгүл чөлкөмдө жети миңдей куралдуу кыргыз бар экенин кабарлашат.

Алар эң күчтүү аскер тобун Ысык-Көлдүн айланасында топтошкон. Ал жакта кыргыздар көтөрүлүш чыгара баштаган кез.Алар жеңилип калбашы үчүн жардамга аттанышат. Согуш боюнча аскердик кеңеш түзүшөт. Бардык маанилүү иш-аракеттер ушул кеңештин чогулушунда каралмай болот. Алардын арасында Шабдан баатырдын уулу Хисамүдүн (Исамүдүн) да болот. (Бул маалымат кыргыздар боштондук кыймылын өздөрү эле жетектешкенин айгинелейт).

Алгачкы кадамдары орус кыштактарын басып кирүүдө болгон. Түн ичинде орус ок-дары, курал-жарак кампаларын басып кирип курал алышат. Ар бир иш-чараларын жашыруун жүргүзүшөт. Бир жума үзгүлтүксүз айланадагы кыштактарга чабуул жасашат. Жети-Суу облусундагы курал-жарак коюлган кампаларды бүлгүнгө учуратышат. Бир да кыргыз атчаны куралсыз калбашы үчүн аракет жасалат.

Автор Адил Хикмет Бейдин берген маалыматы боюнча, алиги беш түрк кыргыздар менен кайсы жерде чогулуп, кеңеш курарын да такташып турган. Натыйжада, кыргыз аскерлери Ысык-Көлдө топтолуп, жетекчиликке Шабдан баатырдын уулу Хисамүдүн менен беш осмон түркүн дайындашат. Орустарга каршы күчтөрүнүн жетпей турганын билген соң алгач түндөрү алардын курал жарак койгон кампаларын тоной башташат. Натыйжада, көптөгөн кыргыз куралдуу болот.

Кээ бир бай кыргыздар бардык байлыгын аскерлердин куралданышына сарпташат. Буга эң мыкты өрнөк – Шабдандын уулу Хисамүдүн эмгекте бардык мүлкүн көтөрүлүшкө сарптаган каарман катары баяндалат (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 299-б.).

Көтөрүлүшчүлөргө каршы генерал Куропаткиндин жетекчилигинде орус аскерлери жолго чыгат. Бирок Куропаткин беш осмон түркүн жазалоо үчүн туткундай

албай калган соң, аларды кармоо боюнча атайын билдирүүсүн гезиттерге жарыялатат.

Автор Адил Хикмет Бей аталган билдирүүнү төмөндөгүдөй баяндайт: «Жети-Суу облусундагы беш түрк ар кандай ушак-айың таратты. Орусия падышачылыгы менен калкынын тынчтыгы маанилүү. Калкынын кайгысы – мамлекеттин кайгысы. Азыр башаламандыктан калк кордук көрүшү мүмкүн. Мындай абал биздин бүтүндүгүбүзгө жат келген көрүнүш. Падышалык бизге буйрук берет. Падышалыкка каршы чыгып жаткан беш түрктү кармап, өкмөткө алып келген адамга ар бир түрк үчүн он миң сом берилерин туура көрдүк. 15-декабрь, 1916-жыл. Генерал Куропаткин» (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 218-б.).

Бул билдирүүнүн чагатай түркчө тексти эмгекте баяндалат. Текст Орто Азия калктарынын чагатайча орток жазма тилинде жатык түрдө жазылганы көрүнүп турат:

Худанын фазыл ве инайетини билен (иле) биз Николай импаратор хем (ве) бүтүн Русйанын мүстакил падишахы Сарполски кыняз Филандески ве гайры ве гайрылар:

«Йедису вилайетинде булунан беш түрк тынчсызлык ве фитнелер бизнин жеракини хор хасрет илен туттурдулар. Русйа падишыханын бахт ве саадети халк ве жемаатнин бахт ве саадети билен (иле) үзүлмек бирликте туташкандыр. Халкунун кайгу ве хасрети анын (онун) кайгу ве хасретидир. Хазыр чыккан тунучсузлук, тертипсизликлерден ихтимал бир хор жемаат тертипсизлиги пейда болур. Хем де бизнин шаханенин бирлик ве бүтүнлүгүне хавф ве хати келүрю. Падишахлык хидметинде хор ахд ве незримиз бизге эмир кыладыр. Бүтүн күч, куввет ве акыл тасарруфумуз илен падишахлыкка хавф ве херетли (зарарлы)

булунган фитне ве игвааты (йолдан чыкармалары) басуга ижтихад кылурга керек бу беш түркү ушлаб, колларыны баглаб правленияга (хүкүмете) теслим кылган адамна ве бехер түркнин серине (башына) он миң сом берүрге лазым ве ла-бүдд (герекли) гөрдүк.

2 Канун-и эввел (15-декабрь) 1916. Генерал Куропаткин».

Көтөрүлүштөгү кыргыз атчандары тууралуу

«Кыргыз атчандары үзөңгүнү теминишти. Куралданышты. Күтүүсүздөн айланага калың чаң көтөрүлдү. Кыргыз атчандары төрт флангдан атылган окко карабай чаап баратышты. Аттардын кишенегени угулбай баратты. Биздин атчандарыбыз алда канча алдыга кеткен болчу. Болгону күндүн нурлары кыргыздардын найзаларына тийип, жалтырап көрүнүп жатты».

Анатолияга көчүү маселеси

Беш түрк бир күнү Шабдан баатырдын уулу Хисамүдүн мырза менен Ахмет мырзанын Кучардан Хотенге келгендиги тууралуу кабар алышат. Эмгектеги маалымат боюнча Хисамүдүн Орусияга каршы согушта бардык мал-мүлкүн ага арнаган бир түрк кааманы, баатыры эле.

Хисамүдүн мырза кыргыздардын узак убакытка чейин Кытайда кала албастыгын, Ооганстан жана Иран аркылуу Анатолияга көчү маселесин кеңешүү үчүн беш түркkө келет.

Кыргыздар Анатолияга көчүшү керек беле?

Бул маанилүү маселе болчу. Жөнөкөй, эмгекчил, жакшы мүнөз жана бекем элдин Түркияга жайгашуусун ойлоп көрүү керек болгон. Айрыкча кыргыздарды чыгыш Анатолиядагы тоолуу аймактарга жайгаштыруу Осмон султандыгы (Түркия) үчүн чоң пайда алып келмек. Кандай болгон күндө да эки армян кыштагынын арасына үч кыргыз кыштагын жайгаштыруу армяндардын ойлоруна чекит коюу болмок.

Анатолиянын чыгыш областтарында жашаган күрддөр шайыктардын колунда оюнчук сымал болгондуктан буга чейин Түркияга маселе жаратып келген. Кыргыздар көчүп баруу менен аларды дагы буттарынан тушамак. Булар иштин саясий тарабы...

Кантип көчүшмөк?..

Хисамүдүн мырза бир кеч өз долбоорун алып келип беш түркко сунат. Мында кыргыздарга: – Анатолияга карай бет алгыла! – десе гана жетиштүү эле.

Булар дос жана тууган Ооганстан жана Ирандан өтүп, аттары, мал-мүлктөрү менен жолго чыгышмак. Негизинен тоодо, кырда жашаган кыргыздардын көч маселеси боюнча чоң проекттер түзүүнүн да кажети жок болчу. Өкүнүчтүү тарабы, ал чакта мындай иш мүмкүн эмес болчу. Түркия (ал кезде Осмон мамлекети) согуш ичинде болгон кез. Бул көч ал кезде ачкачылык менен токтомок.

Хисамүдүн мырза: «Кыргыздарды бул жерден Анатолияга көчүрүү менен аларга дагы, өзүбүзгө дагы кызмат кылган болмокпуз. Кыргыздар кайраттуу жана эмгекчил келет. Өндүрүштө кыска убакытта ийгиликке жетишмек. Бул жерлерден Анатолияга башка калктардан да кете алат. Мисалы, Хотендеги, Кашкардагы жана Алты-

Шаардагы калкты көчүрүү абдан оңойго турмак. Кытай өкмөтү мындай көчкө тоскоол болууну ойлоп да коймок эмес...хотендиктер килем токуу менен атагы чыккан. Алар Анатолияга баруу менен ал жердеги килем токуу тармагын дагы да байытмак деген сунушун берген.

Хисамүдүндүн айтканын кабыл алышкан эмес. Ал чакта маселени канааттандырарлык деп кабыл алуу мүмкүн эмес болчу. Балким, согуштан кийин болушу мүмкүн эле. Александр Керенскийдин амнистиясынан (кечириминен) кийин кыргыздардын мекендерине кайтууларын туура көрүшкөн.

Автор Жети-Суу көтөрүлүшүн абдан ирети менен ачыктап жазган. 1914-жылы Орто Азияга келген жана Жети-Суу көтөрүлүшүнө катышкан беш осмон түркү тууралуу архив материалдарына көз жүгүртүү зарыл. Архив даректеринен сырткары беш осмон түркү тууралуу баяндаган Кытайга чейин көтөрүлүштө барып келгендердин айтуусунан да кабарларды алууга болот.

Кыргыз филологу, тилчи Хусеин Карасаев 1916-жылы Кытайга ата-энеси менен качып, кайрадан Кыргызстанга Ысык-Көлгө кайтып келгендердин арасында болгон. Анын айтымы боюнча Кытайга бараткан кезде Самыйбек (Селим Сами Бей) аттуу осмон түркү менен жолугушкандарын, кыргыздар менен чогуу беш осмон түркүнүн көтөрүлүштө жетекчилик кылышкандарын, кыргыздардын беш түрктөн Самыйбек аттуусунан таасирленгендерин, ошол жылы дүйнөгө келген эркек балдардын атынын Самыйбек болгонун жазып өтөт. (1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө. Хусеин Карасай уулу. Үркүн. 1916. Тарыхый-даректүү очерк. 1993. 211-б.)

Мындан сырткары кыргыздын тунгуч тарыхчыларынын бири катары таанылган жана 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышкан Белек Солтоноев өз эмгегинде Самыйбек аттуу жетекчилери менен үч-төрт сандагы түрк

Кулжада Мусабаев аттуу уйгур менен жолугушат. Алар көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар менен чогуу күрөшкө катышууну каалагандар эле, – деп берет (1916-жылдагы көтөрүлүш жөнүндө. Хусеин Карасай уулу. Үркүн. 1916. Тарыхый-даректүү очерк. 1993. 181-б.).

Орто Азиядагы беш түрк тууралуу бир гана эскерүүлөрдө эмес, кээ бир архив даректеринде да маалыматтар кездешет. Алсак, «Жети-Суу турмушу» («Семиреченская жизнь») гезитиндеги маалымат боюнча, көтөрүлүшчүлөрдүн колуна түшүп, кайрадан куткарылгандардын билдирүүсү боюнча көтөрүлүшчүлөрдү түрк генерал жана эки европалык жетектеген, – деп айтылат (КМБА. Фонд. 75., опись 1., 11 лист, 4-бет).

Жети-Суу облусунун башчысы менен Түркстан генерал-губернатору Куропаткин көтөрүлүшкө катышпагандарды да кыргынга учуратууда себепкер болгон адамдар эле. Орус аскерлеринин колунда замбиректер болсо, жергиликтүү калктын колунда найза, таяктар болгон. Жусуп Абдрахмановдун берген маалыматына караганда көтөрүлүшчүлөрдү, жада калса көтөрүлүшкө катышпагандарды да кекилик терип аткандай өлтүрүшкөн (Кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшү жөнүндө. Жусуп Абдрахманов. Үркүн. 1916. Тарыхый-даректүү очерк. – Б., 1993. 42-б.).

Бул жерде көтөрүлүшчүлөрдү орус аскерлеринин куралдуу күчү менен салыштырууда мүмкүн эместигинен сырткары алар борбордошкон бир жетекчилик формасында жүргүзө алышпаганы да өзгөчө кемтик тарабы болуп саналат.

Түркстан көтөрүлүшүндө Жети-Суу, колониалдык саясаттын жер маселесинде эң маанилүү чөлкөмгө айланган. Бройдонун ою боюнча көтөрүлүш Орусия империясынын жергиликтүү калкын тукум курутка алып барган жерлерди бошотуу, тартып алуу саясаты эле.

(1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшүнүн тарыхына материалдар. Г.И. Бройдо. Үркүн. 1916. Тарыхый-даректүү очерк. – Б., 1993. 97-б.)

Баялы Исакеевдин ою боюнча жергиликтүү калктын жерин алууда Орусия империясынын үч негизги максаты болгон. Биринчиси, орус дыйкандарына жер бөлүштүрүп берүү, экинчиси, Түркстан жер асты табигый кен байлыктарын пайдалануу, үчүнчүсү, колониалдык саясатын жүргүзүү болгон (1916-жыл. Б. Исакеев. Үркүн. 1916. Тарыхый-даректүү очерк. Б., 1993. 101-б.).

1916-жылкы Түркстан көтөрүлүшүнүн узак убакытка созулган жери Жети-Суу аймагы болгон. Көтөрүлүштүн экинчи аты үркүн деп аталары баарына маалым. Анткени Орусия империясына каршы чыккан жергиликтүү калкты кыргынга учуратканда аргасыздыктан жерин таштап Кытайга качуу мажбурдугунда калышкан. «Үркүн» аталышы Түркстан көтөрүлүшүнө берилген экинчи ат катары аталуу менен бирге XI кылымда жашаган кашкардык Махмуддун «Дивану лугат ат-түрк» эмгегинде жана аны которгон Аталай: – Үркүн душмандан улам калкта пайда болгон үркүү, чептерге жашынуу, жайгашуу деп ачыктайт. (Divanu Lugat-it-Türk Dizini «Endeks», IV. Baskı. Çeviren Besim Atalay. Ankara, 1991, Türk Dil Kurumu Yayınları: 524, 715-б. Караңыз: Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугатат-түрк» сөз жыйнагы: (1072–1077). Жооптуу редактор Ө. Караев. – Б., Кыргызстан, 1997. – 169 бет, сүрөт, карта. – ISBN 5-655-01222-7).

Үркүн сөзү К.Юдахиндин ою боюнча кыргыздарда эки мааниде колдонулат. Биринчиси, 1916-жылдагы калктын качуусуна берилген аталыш, экинчиси болсо качкандар, же болбосо 1916-жылдагы көтөрүлүштөн качкандар маанисинде колдонулат (Киргизско-русский словарь / Составил: Юдахин К.К. – М., 1985. 325-б.). XX кылымдын башында 1916-жылкы көтөрүлүш коло-

ниалдык саясаттын соңу жана XX кылымдын башындагы улуттук трагедия катары таанылып келет.

Беш түрктүн кийинки тагдыры

Беш осмон түркү 1917-жылы Кучарга барышкан. Россия менен Кытай буларды кармоо аракетин жасашат. Түрктөр 1918-жылы 29-июнда Шанхайга келген учурда түрктөрдү англичандар издей баштаган кез эле. Беш осмон түркү англичандардын өздөрүн куткаруу максатында бешөө беш башка жол менен Түркияга сапар карытышат.

Селим Самыйбек жана Ибрагим 1920-жылы 13-апрелде Манчжурия аркылуу Россияга, Адил Хикмет менен Хусеин 14-апрель 1920-жылы Жапониядан кеме менен Гамбургга, Эмруллах болсо Ооганстан, Батуми, Трабзон аркылуу 19-июль 1919-жылы Стамбулга келишкен. Автор болсо 23-март 1921-жылы Стамбулга кайтып келген.

Эмгектеги кыргыздардын экономикасы тууралуу маалымат

Эмгек көтөрүлүштөн сырткары кыргыздардын социалдык жана экономикалык абалы тууралуу да маалыматтарды берет. Алар Индиядан Чыгыш Түркстанга Памир аркылуу өткөндүктөн кыска убакыт болсо да памирдик кыргыздардын арасында калышкан. Алардын маданияты, күндөлүк жашоо турмушу тууралуу маалыматтарды алышат. Мисалы, койлорунун торпоктой чоң болгонун, кышта үй жаныбарларынын карды жиреп оттогондорун өз көздөрү менен көрүшкөнүн жазат. Памир кыргыздарынын койду кескенге чейин: «Омийин»– деп бата кылгандарын, койдун башын да бышырып дасторконго коюшкандарын, аны коноктордон эң улуусуна жана сыйлуусуна берилерин да баяндап жазган. (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 93-б.)

Беш түрк Памирден Таш-Коргонго (Кытайда) баратып кыргыздарга жолугушат. Кыргыздардын ат үйүрлөрү, кой жана топоз кармаганын, жакырларынын эт менен күн көргөнүн, байларынын болсо Кытай базарларынан шекер, ун, күрүч, арпа сатып алгандарын, эттен чучук жасашарын, бээнин сүтүнөн кымыз жасашканына күбө болушат. Айрыкча капканга түшкөн бүркүттү коё беришкенин, ал капкандын кыргыздарга тиешелүү экенин жазат. (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 104-б.).

Бул кыргыздарда мүнүшкөрлүк кесибинин бар экенин айгинелөөчү жөрөлгө. Ал мезгилдерде осмондуктарга Орто Азия калкын «Стамбул түрктөрү» деп аташкан. Балким, Орто Азиядан Меккеге ажылык үчүн сапар тарткандар Стамбул аркылуу баргандыктан улам аталган шаар калктын арасында жакшы таанылчу. Автордун айтымы боюнча осмон түрктөрү Анжиянга келген чакта алар туурасында жергиликтүү калк гезиттерден кабар алганын, памирдик кыргыздарды көз каранды эместик үчүн үгүттөшкөндүгү туурасында айтышат. Демек, ошол мезгилде орусча жарыяланган гезиттерде бул беш осмон түркү туурасында маалыматтар сөзсүз кездешет деп айтууга болот. Булар айрыкча Россиядагы архивдерде беш осмон түркү тууралуу маалыматтар бар болушу керек деген тыянак чыгарууга болот.

Эмгектеги кыргыздардын маданияты тууралуу маалымат

Эмгекте бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келген кыргыз үрп-адат, када-салттарынан да баяндалат. Алар капысынан бир кыргыз боз үйүнүн бурчунда бир аялдын ыйлап жатканын көрүшкөнүн, көрсө аялдын атасынын кайтыш болгонуна бир жыл өтүп, анын ашы же болбосо

жылдыгы болуп жаткандыктан кошок айтып отурганын билдирет. Аны көргөн осмон түрктөрүнөн Ибрахим мырза тизе бүгүп, Курандан сүрө окуй баштайт. Аял ыйлаганын токтотуп, отуруп калат. Аял ордунан туруп, казандын ичиндеги карды эритип, чай даярдай баштайт. (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 97-98-б.)

Кыргыздардын тамак-аш салтында кымыздын өзгөчө орду бар. Автор кымыз бээ сүтүнөн жасалып, XX кылымдарда көптөгөн ооруларга шыпаа экени, натыйжада кыргыздардан башка калктар кымыз алып ичкенинен кабар берет. Айрыкча көк жөтөлгө дары экенин, атүгүл орус калкы да алып ичкенин баяндап өтөт. (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 101-б.)

Осмон түрктөрү Памир кыргыздарынан башка азыркы Кыргызстан аймагындагы ысык-көлдүк кыргыздар менен жолукканда эки аймактагы кыргыздардын үй маданияты жана интерьерлери опокшош экенин жазып өтөт. Кыргыздардагы боз үй негизги турак катары саналып, андагы оң тарап эркекке тиешелүү же эр жак, сол тарабы болсо аялга тиешелүү болуп эпчи жак аталарын, мындан башка боз үйдүн ичи конок отуруучу жай жана ашканага бөлүнөрүн жазат.

Беш түрк Ысык-Көлгө келген чакта боз үйдөгү адамдар чабалекейдей эки жакка чуркап жатканын, чуручууга туш келгендерин, натыйжада ал үйдүн бир уулу дүйнөгө келгенин жана ага коноктор ат коюусун суранганда Тургут атын ыйгарышканын жазган. Кыргыздарда арап, перс адам аттары болгонуна карабастан айрыкча Тургут аты эч кездешпеген көрүнүш. Бүгүнкү күндө Ысык-Көл аймагында Тургутов же Тургутова фамилиясы менен адамдар бар болсо, 1916-жылында дүйнөгө келген жана беш түрк койгон чоң атасынын аты болуп саналары шексиз.

Бул жерде дагы бир көңүлдү бурган нерсе төрөгөн аял дароо ордунан туруп, түрк конокторго тамак даяр-

даганына күбө болушат. (Adil Hikmet Bey. Asya'da Beş Türk. İstanbul, 1999. Ötüken yay. 194-б.)

Кыргыз маданиятында комуз музыкалык аспабы дайыма негизги орунду ээлеп келген. Беш осмон түркү Жаныбек аттуу кыргыздын үйүндө конок болгон чакта, үйдүн ээси комузду колго алып күүлөрдү черткенде кадимки Анатолия ыргактары алардын көз алдына келет. Кытайга үркүндө качкан кезде да кээ бирлеринин колунда комузу менен кеткени, жолдо комуз чертип дартын күүгө, сөзгө келтиргендери эмгекте баяндалат.

Корутунду

1916-жылкы көтөрүлүш тарыхый окуялардын ичинде дайыма актуалдуулугун коргоп келе жаткан тынымсыз изилдөө айлампасына айланган темалардын бири. Орто Азия мамлекеттеринде жылына тынымсыз көтөрүлүшкө байланышкан конференциялар, илимий чогулуштар өткөрүлүп келет. Чохан Валиханов атындагы тарых жана этнология институту Алматыда 2010-жылы «1916-жылкы улуттук күрөш: өтмүшү жана азыркы учур» (Национально-освободительное движение 1916 года. История и современность, Алматы, 2010) аталышында эл аралык конференция өткөргөн. Мындай илимий конференциялар Кыргызстанда да өткөрүлүп келет.

2010-жылдын август айында мамлекеттик масштабда илимий конференция өткөрүлгөн. Мындагы максат, тарыхый окуяларды изилдөөдө жаңы маалыматтарды алуу, көтөрүлүштүн негизги себептерин, жүрүшүн, мүнөзүн аныктоо менен кайрадан жаңы тыянактарга баруу болуп саналат. Анткени 1916-жылдагы көтөрүлүш улуттук бөштондук күрөш, колониалдык саясатка каршы күрөш, согушка каршы кыймыл (Биринчи дүйнөлүк согуш тууралуу сөз болуп жатат), империализмге каршы

күрөш, феодализмге каршы кыймыл же үркүн деген ар кандай аталыштар менен аталып келүүдө.

1916-жылкы көтөрүлүштүн тарыхый темасын изилдөөдө жаңы булак катары кызыгуу туудурган эмгек – жогоруда таразаланган «Азияда беш түрк» аттуу эмгек болуп саналат. Аталган эмгек көтөрүлүш жана ал мезгилдеги кыргыз-түрк байланыштары тууралуу бир кыйла кызыктуу маалыматтарды сунат.

14.04.2016

Жумагул БАЙДИЛДЕЕВ,
тарых илимдеринин кандидаты, публицист, журналист, «Рух кенчи» гезитинин баш редактору

1916: УЛУТТУК-БОШТОНДУК КҮРӨШТҮН ЛИДЕРЛЕРИНИН БИРИ – СУЛТАН ДАЛБАЙ УУЛУ

Борбордук Азиядагы 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштө баатырлык жана лидерлик сапатын көрсөткөндөрдүн бири – Султан Далбай уулу.

Көтөрүлүштү эл жүзөгө ашырган

1916-жылдагы көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү каратаман эл болгондуктан, «Улуу Үркүн» – элдик боштондук кыймыл деп аталат. Бирок көтөрүлүш канчалык элдик болбосун, анын чыгышын жана жүрүшүн уюштурган инсандардын, бай-манаптардын түпкү мүдөөлөрү жалпы калайыктын башына кыйын күн түшкөндө карапайым калк менен эл-жердин эркиндиги үчүн күрөштө элдики менен бирге болгон.

Элинин эртеңки келечеги үчүн чечкиндүү күрөштө ар бир айылда жана болуштуктарда чыгаан инсандар ал-

дыга суурулуп чыгып, калк ичинде кадыр-барктуу манаптар жол башчылык кылып, кыйын кырдаалда элине баш-көз болушту.

Эл жакшылары – эл башчылары

Андыктан 1916-жылдагы көтөрүлүштү дагы уюштурган кыргыздын белдүү манаптары болушкан. Алар совет мезгилинде бир беткей «эзүүчү бай-манап» деген жарлык менен караланып келишкен. Манаптар башчылык кылгандыгы үчүн калыстыктан тайып, нукура элдик кыймылга тескери баа берүүгө эч кимдин акысы жок экендигин эгемендигибиз энчибизге тийгенден берки тарыхты жаңыча көз карашта изилдөөгө бет алган, мурда жашыруун делип келген архивдик маалыматтардын ачыкка чыгышы менен шартталып турат.

1916-жылы Чүй менен Кеминдеги улуттук боштондук көтөрүлүштүн башында турган манаптардын бири – Султан Далбай уулу эле.

Султан Далбай уулу өзү ким болгон?

Тарыхчы Осмонаалы Сыдык уулунун 1914-жылы Уфа шаарындагы «Шарк» басмасынан жарык көргөн «Тарых-и кыргыз шадманийа» («Шабданга багышталган кыргыз тарыхы») [1] китеби аркылуу анын ата-тегине кайрылып өтөлү.

Атакеден Солтоной, Абылай, Байшүкүр, Жанкиши, Карабек, Таштанбек, Сартай – жети уул.

Атакенин Карабек деген уулунан Жантай, Телтай, Молтой, Маркозу – төрт уул.

Телтайдан Шаралдай, андан Далбай, Далбайдан Султан.

Осмоналы Сыдык уулу ошол 1914-жылкы китепте: «Ал азыр Кичи-Кемин өрөөнүнүн Атаке болуштугунун болушу», – деп жазат.

Султан Далбай уулунун чоң аталары Телтай менен Шабдан баатырдын атасы Жантай хандын бир тууган болушу анын тектүү манап тукумунан чыгып, эл бийлеген болуш катары калыптанышына шарт түзгөн.

Султандын чоң атасы Шаралдай да элге таанымал, колунда бардар, казак жана башка улуттар менен алака түзгөн адам болгон.

Ошондой эле атасы Далбай Шабдан баатыр менен тең чамалаш болуп, ага-ини катары бирге ойноп, бирге өскөнү эл санжырасында айтылат.

Анын доору тууралуу учкай кеп

Тарыхка кайрылсак, XIX кылымдын экинчи жарымында Орусия падышачылыгы Түркстан чөлкөмүн куралдын күчү менен каратып алган соң, оторчулук саясатын ишке ашырууга киришкен. Каратылган жерлерди башкаруу үчүн 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу негизделип, ал облустарга, андан үйөздөргө (уезд), алар болуштуктарга (волость) бөлүнгөн.

Султан Далбай уулу жашаган мезгилде Кыргызстан саясий-экономикалык жактан орус падышачылыгына көз каранды болуп, кыргыздардын коомдук-саясий турмушунда уруучулук, көчмөн жашоодогу бытырандычылык, уруулар ортосундагы тирешүүлөр жүрүп, эл билимден, кат-сабаттан кабарсыз эле.

Мына ушундай патриархалдык-жамааттык мамиле өкүм сүрүп турган мезгилде көчмөн элдин башын бириктирип, чачыранды кылбай топтоп башкаруу саясаты жүргүзүлүп, 1867–1868-жылдары «Жети-Суу жана Сыр

дарыя облустарын башкаруу боюнча жоболордун долбоорунун» негизинде Кыргызстанда административдик реформа жүргүзүлүп, айылдар жана болуштуктар түзүлүп, жергиликтүү башкаруу органдарына шайлоо болгон.

Тарыхый маалыматтарда «Жети-Суу жана Сыр дарыя облустарын башкаруу боюнча жоболордун долбоорунун» 88-беренесинин негизинде болуштук башкаруучу болуп 25 жаштагы, буга чейин соттолбогон, тергөөгө тартылбаган, административдик жаза колдонулбаган жергиликтүү улуттун адамы шайлоо жолу менен 3 жылдык мөөнөткө ал кызматка келген. Мына ушул 1868-жылы Россия империясы тарабынан киргизилген мамлекеттик башкаруунун жаңы аскерий-элдик системасына Султан Далбай уулу түздөн түз катышып, кыргыз элинин коомдук өзүн өзү башкаруу системасынын жогорку башчысы болгон болуштук административдик бирдиктин башында турган.

Ошондой эле ал 1897-жылы Атаке болуштугунда шайлоого катышып жеңип чыгып, болуштук башкаруучунун милдетин аткарат.

Жети-Суу облусунун аскер-губернаторунун 1897-жылдын 17-майындагы № 79 буйругу боюнча Пишпек үйөзүнүн Атаке болуштугунун башкаруучусу болуп Султан Далбай уулу 1898–1900-жылдарга дайындалган [2].

Мына ушундай талаптарга жооп берген, улуу менен кичүүгө бирдей мамиле кылып адамгерчилиги, эки сүйлөбөгөндүгү, боорукерлиги, дүнүйө-мүлккө ач көздүк кылбагандыгы менен жумурай журтка алынып, Чүй өрөөнүндө урмат-сыйга татыган Султан Далбай уулун эли кастарлап болуш шайлагандыгы дагы бекеринен эместир.

Көтөрүлүш очогунун жетекчиси

Султан Далбай уулунун эл башкаруучулук, инсандык жана элинин эркиндиги, келечеги үчүн күрөшкөн кашгөй каармандыгы 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштө даана көрүнгөн (бул көтөрүлүш жеңилгенден кийинки баскыч тарыхта «Улуу Үркүн» деген ат менен калган).

1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылдын эң башкы себеби падышачылыктын оторчулук саясатынын күчөшү болсо, ал эми араң турган элдин кыжырланууусун күчөтүп, ачык күрөшкө чыгуусуна падышанын 1916-жылдын 25-июнундагы Жарлыгы болгондугун тарыхчылар тастыкташат.

Белгилүү тарыхчы Кыяс Молдокасымов бул жарлыкка төмөндөгүдөй түшүндүрмө берип кеткен:

«Түркстан чөлкөмүндөгү жергиликтүү элди аскер иштерине тартуу маселеси 1916-жылы эле чыга калбагандыгы белгилүү. 1910-жылы Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернатору, генерал Самсонов тарабынан бул маселе көтөрүлүп, бирок ички иштер министрлиги аны жактырбай, четке кагат. 1911-жылы ошол эле генерал Самсонов экинчи жолу бул маселени талкууга коюп, бирок сунушу дагы өтпөй калат. Ошентип, бул маселе 6 жыл бою кызуу талкууга алынып, акыры 1916-жылы 25-июнда падышанын Жарлыгы менен жарым жартылай түрдө бекиген. Ал Жарлык араң турган элдин кыжырын келтирип, улуттук-боштондук күрөштүн башталышына шылтоо болуп берген». [3]

Жашоонун агымы менен кыйналган кыргыз эли үчүн жакшы жашоо келет деген үмүт-тилегинин ордуна коомдук жашоо-турмуш бузулуп, жерлери тарып, анын натыйжасында малдары жуттан кырылып азайып, жакырданганы аз келгенсип, эр жеткен уулдарын согушка

(оорук жумушуна) алышы жергиликтүү элдин акыркы үмүтүнө балта чапкан. Жыйынтыгында, Орусия империясынын өзүмчүл саясаты оң таасирин тийгизбестигин түшүнгөн жергиликтүү калк колониялык эзүүгө каршы, бөштондук үчүн күрөшкө аттанышат.

Кеминдеги көтөрүлүш очогу

Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүштүн башталышы Кемин өрөөнү менен тыгыз байланышкан. Тарыхчы Аскар Беделбаев Кемин өрөөнүндөгү көтөрүлүштүн башталышын төмөндөгүдөй маалымдайт. «1916-жылы 3-августта Верный үйөзүндеги Кызылборк болуштугунун, 4–6-августтарда Кастек, Каскелен, Курдай райондорундагы казактар көтөрүлүшкө чыгышкан.

5-август күнү чапрашты казагынан Абды ажы Кеминдеги Коңур жайлоосунда турган Атаке элине көтөрүлүш башталгандыгы тууралуу кабар жеткирген. Бул маалымат ошол эле күнү Кемин өрөөнүндөгү элге толук угулуп, журт башчылары эр азаматтарын баш коштура, көтөрүлүштү баштоого даярданышкан.

6-август күнү Кичи-Кемин өрөөнүндөгү көтөрүлүшчүлөр Болоткандын жетекчилиги менен Россиялык келгиндер отурукташкан Самсоновка (азыркы Боролдой) кыштагына бет алышкан. Аёосуз эзүүдөн жандары ачыган карапайым калк жалпы эле келгиндерди өзүлөрүнүн душмандары катары эсептеп, алардын мал-мүлкүн талай башташкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн саны өтө тездик менен өсүп, кагылышуулар күч ала баштаган. Орус келгиндеринин ири кыштагы Самсоновка (Боролдой) камоого алынып, өрөөндүн булуң-бурчтарында бал челекчилик, карагайчылык жана жер ченөөчүлүк иштерин жүргүзгөн орустарга кол салышкан. Ошол эле күнү Чүйдү Ысык-Көл менен байланыштырган жолго курулган Желаргы, Тайгак бекеттерин талкалашып, почтоо байланышына

пайдаланылган жетимиштей атты олжолошкон. 7-августта Чоң-Кеминде жайгашкан орус кыштагы Новороссийка (азыркы Шабдан айылы) да камоого алынган». [4]

Күбөнүн көзү менен айтылган баян

1916-жылдагы улуттук-боштонтук күрөштүн дагы бир колбашчыларынын бири Ыбырайым Төлө уулу улуттук боштондук көтөрүлүш жана Үркүн тууралуу төмөндөгүдөй эскерет:

«Атаке, Сарыбагыш Мөкүш Шабдан баласы баш болуп Атаке айылынан Султан Далбай баласы, Боромбай Сазан баласы, Калбай Калкан баласы, Белек Солтоной баласы – ушул кишилер баш болуп, үч жүз киши менен Самсоновдук казак-орусту камап, Алматы жолуна жана Кашка жолуна кароол коюп турган. Ошол убакытта Шабдан баатырдын мечитине Жантай балдары, Сарыбагыш элдеринен Калмаакы Байтуума ажы, Чертике Абдрахман болуп жана Кемел Шабдан баласы, Аман Шабдан балдары менен акылдашып кандай амал кылабыз дешти. Төлө ажы: «Атаке, Сарыбагыш силерге мен карылык кылып башынан айткамын, тынч тургула деп, тилимди албай чоң козголоң салып алдыңар, эми бат эле көрөсүңөр орустан көргүлүктү» – деди. Олтурган кишилер: «Ырас, Төлө ажынын карылык кылып айткан сөзү» – деди.

Кемел Шабдан баласы айтты: «Болоор иш болду, чоң ажыдаардын куйругун басып алдык, Николай падыша бизди бул жерге эч кандай жашатпайт, ушул кезде көл башы, Текес жана Ысык-Көлдүн тескей тарабынын жолдору, ашуулары ачыгыраак жана Ысык-Көл айланасында турган Пржевал үйөзүнө караган бир нече болуш эл Бугу, Саяк атактуу-ушулар дагы бунт чыгарды деген сөз угулуп турат. Ал анык болсо, аныгын билүүбүз керек да, көчүш керек». Ошол кишилер: «Ырас, Кемел Шабдан

баатырдын баласынын айтканы» – деди. Калктын башына абдан катуу иштер түшүп турат». [5]

Орус архивинен маалымат

Орусия Федерациясынын Мамлекеттик архивиндеги полиция департаментинин «1916-жылдагы өзгөчө бөлүмүнүн» документалдык материалдарына таянсак, «Ооганстандагы, Хивадагы, Бухарадагы жана Түркстан чөлкөмүндөгү толкундоолор тууралуу» – «О волнениях в Афганистане, Хиве, Бухаре и Туркестанском крае» [6] аттуу көктөмөдөгү иш кагазда 1916-жылдын декабрында Пишпек, Пржевальск үйөздөрүндөгү боштондук көтөрүлүштүн чыгуу себептери боюнча падышага ротмистр Юнгемейстер тарабынан баяндама жөнөтүлгөн.

Бул архивдик маалыматта далилденгендей, Кемин өрөөнүндө көтөрүлүш башталары менен Ысык-Көлдүн түндүк жээги аркылуу Мөкүштүн каты чабармандар коштоосунда жөнөтүлгөн.

Кат жеткен жерде көтөрүлүш башталып турган

Аталган катта: «Малыбайга (Бакачы болуштугу), Талканбайга (Жаныбек болуштугу) ж.б. Сарыбагыш манаптарынан таазим. Биз козголдук. Арык жана Белек манаптары бул кабар жетээри менен элди көтөргүлө. Биз Баатыр ажынын, Шабдандын туусу астында Боролдойдо чогулуп жатабыз», – деп айтылган. Каттын аягында 30га жакын мөөр басылган. [7]

10-августта Пишпек үйөзүнүн башчысы (начальниги), подполковник Ф.Г.Рымшевич Жети-Суу облусунун аскер губернатору М.А.Фольбаумга Самсоновка станциясындагы жазалоочу отряд менен көтөрүлүшчүлөрдүн кагылышуусу тууралуу телеграмма жөнөткөн.

Анда 10-августта Атаке, Сарыбагыш, Тынай, Жаныш болуштуктарындагы кыргыздар кыштакты тоноп, куралдуу көтөрүлүш менен адамдарды өлтүрө башташкандыгын жазып, көтөрүлүштү басуу үчүн куралдуу кагылышта 100дөн ашуун кыргыз өлтүрүлгөндүгүн, өзү Самсоновка кыштагында жайгашып, карамагында куралчан 30 солдат гана бар экенин белгилеп, кыргыздар күн сайын чабуул жасап, станцияны атып жатканын айтып, көтөрүлүштү басуу үчүн 200 адамдан турган батальонду, 2 пулемёту менен сураган. Телеграмманын аягында буйрук күтөрүн, абалдын өтө оор экендигин белгилеп өткөн. [8]

Тарыхчы Белек Солтоноев баяндайт

Салгылашууну өз көзү менен көргөн белгилүү кыргыз окумуштуусу Белек Солтоноевдин маалыматтары боюнча 7-августта атаке, сарбагыш эли Чоң-Кеминдеги орустун малын талап алып, тоодо жана талаада жүргөн бирин-серин мал баккан эгинчи орустарды өлтүргөн. Жол-Булактагы Кардоон менен Аразооттун калганын талап алган.



Тарыхчы Белек Солтоноев (1878–1937).

Андан ары алгачкы кыргыз тарыхчысы окуяны төмөндөгүдөй сүрөттөйт:

«Мен ушул күнү мойнумдагы Николайдын знагын үзүп ыргытып жиберип, жанымдагы печатын таштап жана канцеляр кагаздарын сууга салып, кедей-дыйкан, букарага кошулуп, көтөрүлүшкө кошулдум. Бирок пристав аскери менен келип, Жел-Арык, Бөрүбайдагы көтөрүлгөн кыргыздарды кубалаптыр, эми Чоң-Кеминге келип, бузукту басат экен деген сөздү угуп, кокустан келип калса билдирбегеним үчүн мени аттырып жиберет экен деп заявление жазып, Баялы деген жигитти жибердим. Ал кайтадан келбеди. Анын Ак-Бекет, быстровкалык дыйкандар (крестьяндар) тарабынан өлтүрүлгөнү кийин маалим болду». [9]

Окуяга өз көзү менен күбө болгон Б.Солтоноевдин бул айткандарын архивдик маалыматтардагы Пишпек үйөзүнүн начальниги Ф.Г.Рымшевичтин Жети-Суу облусунун аскер губернатору А.И.Алексеевге үйөздөгү көтөрүлүштүн жүрүшү жана ага карата көрүлгөн чаралар боюнча 1916-жылы 28-ноябрдагы баяндамасы (рапорту) далилдейт. Ал 7-августта Верный үйөзүнө жөнөтүлгөн Атаке болуштугунун № 10 айылындагы ардактуу кыргыз «Абдулла Баякин өлтүрүлдү» деген маалымат менен бирге көтөрүлүш башталды деп белгилеген. Ошондой эле көтөрүлүш башчылары тууралуу ал төмөндөгүдөй маалымат берет.

«Тут мне сообщили, что в главе движения в Атекинской волости стоял Султан Долбаев, Боромбай Сазанов и Баимбет Боромбаев, а в Сарыбагишевской волости Алагуш Джантаев с сыновьями, что все горы Малой Кебени до Боамского ущелья заняты скопищами киргизов, которые, выставив отдельные пикеты, зорко следят за появлением русских, и при появлении грабят и убивают, позволяя издевательство над мертвыми телами». [10]

Эки Кеминдеги ири көтөрүлүш очогу

Жогорудагы маалыматтардан дайын болгондой, 1916-жылы август айынын алгачкы он күндүгүндө (6–7-августта) Эки Кеминдин эли колониалдык бийликке, падыша аскерлерине каршы куралдуу күрөшкө чыкканда, айтылуу чоң манап Шабдандын балдары Мөкүш, Кемел, Исамидин, Аман жана ал кездеги болуш Белек Солтоноевдер демилгени колго алып, элдик кыймылга жетекчилик кылышкан, – деп [11] кыргыз тарыхчылары тарабынан айтылып келген.

Ал эми Пишпек үйөзүнүн башчысы, подполковник Ф.Г.Рымшевич бул мезгилдеги көтөрүлүштүн жетекчилери жөнүндө төмөндөгүдөй маалымдайт:

«Тут уже играль первенствующую роль киргиз Атекинской болушти Султан Долбаев, а его приспешниками были Макуш Шабданов и Белек Солтанаев. Они убеждали с помощью мулл киргизов начать форменную войну с русскими, обещая убитым рай. Все решили в случае неудачи скрыться в Китай». [12]

Пишпек үйөзүнүн башчысы, подполковник Рымшевичтин баяндары окуянын курч мүнөздө өтүп, көтөрүлүштүн эң таасирлүү жетекчилеринин бири Султан Далбай уулу болгондугун айгинелейт.

Август айынын алгачкы он күндүгүндө ушул көтөрүлүш башчыларынын күчтүү биримдиги менен Кемин өрөөнүндө элдик көтөрүлүш болуп көрбөгөндөй күч алып, аёсуз эзүүдөн жапа чеккен эл колонизаторлорго каршы жапа тырмак баш көтөргөн.

Мөкүш Шабдан уулу хан жарыяланган

1916-жылы 9-августта Атаке жана Сарыбагыш болуштугундагы эл Чоң-Кеминдеги Шабдандын мечитине

кеңешке чогулуп, Мөкүш Шабдан уулун хан көтөрүшкөн. Анын кол алдында Атаке болуштугунан чыккан Алымкул Таабалды уулу (Табалдин) 100 башчысы болсо, [13] Сарыбагыш болуштугунун тургуну Ыбырайым Төлө уулу 25 мергенди баштап Көк-Жондо орустардын мизин кайтарган. Ал 9-августта Балыкчыга кире бериште 178 мылтыкты, 34 миң окту Пржевальск үйөзүнө тартып бара жаткан арабаларды, орус аскерлеринин жолун тороп, арабалардагы курал-жарактарды тартып алганы белгилүү. [14]

Көтөрүлүш башталган алгачкы күндөрдө эле Султан Далбаев, Белек Солтоноевдер элди өзгөчө үндөө менен күрөшкө катуу чыгышкан. Алар «орустарды Ташкентке чейин кууп салуу» ураяны менен элге кайрылышкан. Мунун өзү эле көтөрүлүш лидерлери падышачылыктын үстөмдүгүнөн, бийлигинен арылып, мамлекеттик эгемендикке жетүүнү көздөшкөндөрү билинип турат.

Үркүн – арга жоктогу чара болгон

Көтөрүлүшчүлөр канчалык буктурма коюп аракет кылышканы менен куралданган орус отрядына туруштук бере алышкан эмес. Ошентсе да, көтөрүлүшкө жетекчилик кылып, окуяны өз көзү менен көргөндөрдүн айтуусунда, Султан Далбай уулу сыяктуу аттуу-баштуу жетекчилер оңой эле орустарга багынбай айбаат кылып, элин кыргындан акыр аягына чейин коргоого аракет кылышкан.

Акыркы амалдары түгөнгөндө гана калк камын ойлоп, көтөрүлүштү жетектеген журт башчылары кеңешип, айласыз журт которууга дуушар болуп, аргасыз Кытайды көздөй качышат.

Кыскача корутунду

Ошентип, бул катаал күрөштө куралы начар кыргыз эли эркиндигине жете албай чоң жоготууларга, кызыл кыргынга учурады.

Деги эле эң кыйын согуштук тактикасын түшүнгөн стратег аскер башчысы жетектеген күндө да, алардын аракети 1916-жылы ийгиликке жетээри эч мүмкүн эмес эле. Анткени күч-кубаттуу, чоң армиясы бар өлкө үчүн чачыранды, куралы начар, кубаттуу эл аралык шериги жок калкты каратуу кыйла жеңил болду.

Антсе да боштондук, эркиндик, мамлекеттик эгемендик деп кылымдар бою эңсеп келген кыргыз элинин бул көксөөсү 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш маалында эгемен хандыкты жарыялоо сыяктуу далалаттары аркылуу тастыкталган. Бул сыяктуу далалаттарды улам жаңы түрдө жүзөгө ашырып, акыры, ушул эле XX кылымдын ичинде, кыргыз эли өз эгемен мамлекеттүүлүгүнө жетишкен.

Жыйынтыктап айтканда, 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштү Султан Далбай уулу сыяктуу кыргыздын таасирлүү журт башчылары баштагандыгы архивдик маалыматтар менен тастыкталды. Бул чыгаан жана патриот инсандын бейнесине болочокто да жакшылап кайрылуубуз, аны даңазалообуз абзел.

Эркиндик, боштондук, эгемендик деп кан-какшап кылымдар бою эңсеп келген, ошол тилегине кан төгүүсүз жеткен эл үчүн 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш окуясы эч убакта эстен чыккыс, ар убак эскерилип, эсине келтирип туруучу улуу сабак катары улам жаңы муундун жүрөгүнөн түнөк тапса демекчибиз. Андыктан аз деп неге корунабыз, жок деп неге жөн жүрөбүз. Улуу тарыхтын учугун улоо, үзүлгөнүн куроо, архивдик

материалдар аркылуу тарыхтын тактыгына жетүү – эми биз сыяктуу жаш илимпоздордун кечиктирилгис милдеттери деп эсептейбиз.

Рыскул ЖОЛДОШОВ,
тарых илимдеринин кандидаты,
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун доценти

1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШ ЖАНА КЫРГЫЗ БАЙ-МАНАПТАРЫ

1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш очокторун архивдик жана фолклордук-санжыралык маалыматтарга негиздеп иликтеп, кыргыздардын көтөрүлүшүндө көрүнүктүү орун ээлеген бийлер жана башка «эл жакшылары», ошондой эле өз элине чыккынчылык кылган айрым төбөлдөр тууралуу сөз болот.

Изилдөөдөгү өксүктөр

Кыргыз элинин тарыхындагы трагедиялуу окуяларынын бири – 1916-жылы болуп өткөн «Улуу Үркүн» эсептелет. Орус баскынчыларынын оторчул колониялык саясатына каршы көтөрүлгөн кыргыз элинин көтөрүлүшү жана андан кийинки Улуу Үркүн жөнүндө бир катар илимий иликтөөлөр жүргүзүлгөн.

Көтөрүлүштүн катышуучулары тарабынан көптөгөн эскерүүлөр жазылган. Алардын көпчүлүгү Совет бийлигинин мезгилинде жазылгандыгы үчүн, советтик идеологияга жараша көтөрүлүштүн уюштуруучулары жана

башчылары тууралуу эч сөз кылынбай, көтөрүлүш жалпы элдик болгон деген жалпылама жыйынтыктоолор менен чектелишет.

Жалпы элдик боштондук кыймыл жана аны жетектөө

Албетте, орус падышачылыгынын аёосуз эзүүсүнө кабылган жана жер-суусунан, жайыттарынан айрылган кыргыз эли, Биринчи дүйнөлүк согуштун кесепеттеринен келип чыккан оор абалга каршы массалык түрдө көтөрүлүшкө чыккан.

Ошондуктан көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү эл болгондуктан 1916-жылдагы «Үркүн» – элдик боштондук кыймыл деп аталат. Бирок көтөрүлүш канчалык элдик болбосун анын чыгышын жана жүрүшүн уюштурган жана жетектеген инсандардын болушу мыйзамченемдүү көрүнүш.

Ошондуктан 1916-жылдагы көтөрүлүштө да элди жетектеген кыргыз инсандары болгон. Алар совет мезгилинде өз бааларын алмак түгүл, «эзүүчү бай-манап» деген шаблон менен жаманатты болушкан.

Көтөрүлүштүн жетекчилери совет мезгилинен кийин деле толук кандуу изилденбей, татыктуу бааларын алыша элек.

Көтөрүлүш өбөлгөлөрү жана шылтоосу

Падышылык Орусиянын өзүнө көз каранды болгон элдерге жүргүзгөн колониялык эзүүсү Биринчи дүйнөлүк согушка карай жогорку чегине жеткен. Мындай эзүүгө чыдабаган колониялык элдер, анын ичинде орустар «Орто Азия» деп атап алган, мурдагы Түркстан ай-

магындагы бардык калктар орустарга каршы нааразычылыктарын билдире башташкан.

Өзгөчө 1916-жылдын 25-июнунда жарыяланган Николай IIнин жергиликтүүлөрдү тылдагы жумуштарга мобилизациялоо жөнүндө буйругу Түркстандагы калктын массалык каршы чыгууларына алып келген. Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстанды жердеген элдердин ичинде толкундоолор байкала баштаган.

Орусия империясынын мурдагы коргоо министри, генерал-губернатор А.Н.Куропаткиндин аскердик-тылдык кара жумушка Түркстандагы дыйкан калктарга караганда, көчмөн элдердин адамдары көбүрөөк пайызда чакырылсын деген чечими казактар менен кыргыздардын куралдуу көтөрүлүшкө чыгуусуна жол берген. Ошондуктан элдик толкун эң жогорку чегине жеткен аймак катары Түштүк Казакстан жана Кыргызстанды атасак болот.

Каркыра курултайы

Падышанын 1916-жылдын 25-июнундагы буйругуна жооп катары кыргыз менен казактын баш кишилери жер-жерлерде кеңеш курушуп, аскердик кара жумушка балдарын бербейбиз деп чыга баштаган. Андай чогулуштардын бири казак, кыргыз канатташ жашаган Каркыра жарманкесинен 15 чакырым жердеги «Каман-Карагай» деген жерге 10-июль күнү болгон.

Ал жерге Жаркен үйөзүнүн Мерке, Чилик, Тору-Айгыр, Сарытогой, Көңкөбүргө, Кожмамбет, Бөлөңгү болуштуктарынын казактары жана кыргыздар чогулуш өткөрүп, анда тылдагы жумуштарга мобилизациялоо жөнүндө падышалык буйрукка баш ийбөө чечимин кабыл алышкан (7.36-б.). Бул каршылашуу карапайым калктын колуна курал алып көтөрүлүшкө чыгуусуна алып келген.

Жалпы Түркстан аймагындагы элдердин ичинен курал менен баскынчылардын аскерлерине каршы ыраатту чыккан жалгыз кыргыз-казактар болгондугу, аларда ошол мезгилдеги жоокерчилик менен эркиндикти сүйгөн көчмөнчүлүк рухтун сакталып тургандыгы менен түшүндүрүлөт.

Өзгөчө жалпы эл катышкан массалык куралдуу көтөрүлүш Кыргызстандын Чүй, Ысык-Көл жана Нарын дубандарында болуп өткөн.

«Эл жакшылары» эл менен болгон

Аталган аймактагы элдин нааразычылыктарын колдоп, көтөрүлүштү уюштурууга катышкан инсандар жөнүндө сөз кылсак, анда алардын көпчүлүгү жер-жерлердеги кадыр-барктуу, манап тукумдарынан чыккан адамдар болгон.

Мисалы, көтөрүлүштүн катышуучусу жана жетекчилеринин бири Б.Солтоноев орус администрациясына нааразы болгон көпчүлүк кедей адамдарга кошулуп: «Бай-манаптардын көбү көтөрүлүш чыгарууга ыктыяр болду»– деп жазат (4.95-б.).

Боштондук кыймылдын катышуучуларынын эскерүүлөрүндө, көтөрүлүш башталар алдында Чүй, Ысык-Көл, Нарын аймактарындагы кыргыздардын жергиликтүү аттуу-баштуу адамдарынын арасында өз ара жашыруун сүйлөшүүлөр болгондугу баяндалат.

Алардын көпчүлүгү ата-бабасынан бери эл башкарып келген атактуу манаптардын тукумдарынан болуп, эл арасындагы кадыр-барктуулардан эле.

Чүйдөгү жашыруун жыйын

Мындай жыйындардын бири тууралуу 1916-жылкы көтөрүлүштун катышуучусу, 1880-жылы туулган, Чүй районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун колхозчусу Ырысаалы Солтонбеков эскерет. Анын сөзүндө июнь айында Кочкор, Жумгал өрөөнүндөгү кыргыздардын эл башчылары орус өкүмөтүнө болгон элдик нааразычылыктарды талкуулоо үчүн чүйлүк манаптарга келип, жашыруун жыйын өткөргөндүктөрү баяндалат.

Алар Кочкордогу Азык болушунан: Сарыбай. Темирболот болушунан: Кара Осмонаалы, Токтосун. Абайылда болушунан: Карыпбай, Чаар Осмонаалы.

Жумгалдагы Курманкожо болушунан: Курман, Токтогон. Жумгал болушунан: Көкүмбайдын уулу Исмаил, Ибраим.

Кулжыгач болушунан: Эшимбеков, Зарбат Байзаков. Чаектен Мырзабек.

Суусамыр болушунан: Түркмөн, Биялы болуп Чүйгө келишкен.

Булардын бардыгы ал кездеги ошол аймактын болуштары эле.

«Чаар Осмонаалы» ким?

Чүйдөгү жашыруун жыйынга катышкандардын арасындагы «Чаар Осмонаалы» дегени кыргыздын туңгуч тарыхчысы, өз мезгилиндеги илтеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлү Осмонаалы Сыдыков (Кыдык уулу) болушу мүмкүн.

Себеби Осмонаалы молдону «Чаар Осмонаалы» деп да аташкан жана ал Кочкордогу Абайылда болуштугунда жашап, ал жердин болушу Карыпбай жана атасы Канат ажы менен аталаш тууган болгон.

Жашыруун жыйын Үмөтаалынын жээнинин Токмоктогу үйүндө өтөт.

Кочкор, Жумгалдан келген журт башчылары Токмоктон орус администрациясы менен тыкыз иштешкен Дүр Сооронбаев жана Мамбетаалы Мураталиевге жолугушуп, алардын көрсөтмөсү боюнча түн ортосунда токмоктук Турдакун Алмасбековдун үйүндөгү жашыруун чогулушка келишкен.

Айтмакчы, Турдакун уйгур улутундагы өтө бай адам болуп, ал кадимки Ормон хандын уулу Үмөтаалынын жээни болот. (Анын атасы Алмасбек болсо Үмөтаалы Ормон хан уулунун бир тууган күйөө баласы экен – Р.Ж.).

Турдакундун үйүнө чүйлүк манаптардан – Шабдандын Мөкүшү, Далбайдын Султаны, солто Сулайман ажы, Өтөгөндүн Мусасы, Чалдын Андашы, казактан Казен Кожомбердиев, Шамшыдан Мамбетаалы, Маазымкожо, Сопубек, Турумбек, Дүр ж.б. келген (7. 219–220-б.).

Окуяны айтуучу Ырысаалы өзү жумгалдык болуш Исмаил Көкүмбаевдин атын токуучу болуп, жыйынга катышкандыгын айтат.

Ал жашыруун жыйынды: «Исмаил экөөбүз белгилүү жерге түн ортосунда келдик. Ар кайсы жерге кароол коюп коюптур (Токмоктогу полициялар билесин деп). Эл чогулган. Мен оозгу үйдөн угуп олтурдум,», – деп сүрөттөйт (7. 220-б.).

Көтөрүлүш чыгаруу маселеси талкууга коюлду

Токмокко жашыруун чогулган манаптар падышалык орус өкмөтүнө болгон элдин нааразылыгы жөнүндө маселени талкуулашып, оруска каршы көтөрүлөбүзбү же кандай кылабыз? деген ойду ортого салышкан. Жыйналган элге орусча сабаты бар Дүр менен Мамбетаалы орустардын күчтөрү жөнүндө маалымат беришип, мамлекет-

тик аскерге каршы чыгуу, элдин кырылышына алып келет деген пикирди колдошкон.

Жыйналышта орус администрациясына тилмеч болгон Мамбетаалы Мураталиевдин орустар тууралуу алардын көптүгү уйдун түгүндөй болсо, кыргыздар уйдун маңдайындагы кашкасындай болуп кала тургандыгын айтып, андан кийин 1914-жылы тутанган герман-орус согушу жөнүндө сүйлөйт.

Мамбетаалы: «Алар Австрияны бүт талкалады» – деп, орустар колдонгон куралдары тууралуу: «Беш атары көз жеткен жерди алып түшөт, пулемёту минутуна 76 ок чыгарат, адамды таарып кетет, аны жылдырып атат, маш казак-орустан ону гана кыргызды талкалайт. Мына менин билгеним ушул», — деп айтат (4. 220-б.).

Буларга каршы Шабдандын уулу Мөкүш баштаган бир тобу чыгып, алар «эл менен бирге көтөрүлүшкө чыгалы» деген пикирде турушат. Жумгалдык манап Курман Лепесов Мөкүшкө кошулуп, аларды Чүйдү таштап, Кочкорго көчкүлө дейт.

Акыры жашыруун жыйынга чогулгандар бир чечимге келе албай, «тагдырдан көрдүк» деп, таң ата тарагандыктары эскерилет.

Жыйындан кийинки ар кыл үгүт

Бул жыйналыштан кийин элге барган нарындыктардан Курман Лепес уулу: «Чүйлүктөр менен акылдаштык, жалпы оруска каршы көтөрүлмөй болдук», – десе, Исмаил Көкүмбай уулу, кочкорлук болуштар Сарыбай, Токтосундар: «Оруска каршы чыкпай турган болдук» деген эки башка кабарды элге таратат.

Мындан көрүнүп тургандай, кыргыз бийлик башчыларында бирдиктүү көз караш көтөрүлүш чыкканга чейин болгон эмес.

Башка да жыйындар болгон. Бирок бул сыяктуу жыйындардын бир канчалары, алсак, тарыхчы Белек Солтоноевдин кабарында ысык-көлдүк кыргыздардын болуштары 1-августтагы Каракол үйөзүнүн чогулушунан кийин жашыруун жыйналышып, көтөрүлүш жасоого сөздөрүн токтоткон. Анда кошуна аймактагы кыргыздар менен байланышып туруу маселеси чечилген.

Нарын, Кочкор, Жумгал өрөөнүндөгү эл менен байланыш үчүн тескейлик кыргыз Ысагалы (Сагалы Алматаев), ал эми күңгөйлүк саяктардан Талканбай (Тилегенов) болсо Чүй боюндагы кыргыздардан Шабдандын балдары аркалуу кабар алып турмак болот (4. 120-б.)

Падышалык аскердин жолуна бөгөт коюу пландары

Мындай жашыруун кеңештерде кыргыз жетекчилери келечекте боло турган көтөрүлүштүн долбоорун түзүшкөн. Анда орустардын негизги аскердик күчү Алматы калаасы тарапта болгондуктан, Чүй, Ысык-Көл кыргыздары алматылык казактар менен байланышып, алар менен чогуу Алматыдан келчү орус аскерлеринин мизин кайтаралы дешкен.

Нарын кыргыздары толкуп, негизинен, Фергана тарабынан келчү орус аскерлери өтө турган ашуу-белдерди көзөмөлдөмөк.

Кочкор, Жумгал жана Чүйдүн күн батышындагы кыргыздары Токмок, Бишкек шаарларын курчап, Олуя-Ата жолун тосмок жана Таластагы кыргыздар, аларга жамаатташ казактар менен бирге Ташкент тарабынан келчү орус аскердик күчтөрүнө каршы турууну пландашкан.

Тымызын маалымат алмашуу

Бул ойду ишке ашырыш үчүн жергиликтүү кыргыз манаптары бири-бири менен жашыруун байланышып турган. Мисалы, Б.Солтоноев: «Чүйдөгү атактуу Шабдандын баласы Исамидин Нарынга Бугубай деген жигитин жашыруун жиберип, Касымаалыдан кабар алды», – деп жазат (4. 95-б.).

Бул жердеги Мамбет уулу Касымаалы ажы Нарындын күн батыш аймагындагы элди башкарган, атактуу Ниязбектин сегиз бегинин бири, Ормон хандын бир тууган иниси Шатендин тукуму болгон.

Мындай байланыштар Ысык-Көл, Нарын кыргыздарынын, ошондой эле казактардын жергиликтүү башчыларынын арасында да жүрүп турган.

Колдогу өп-чап куралдар

Орус баскынчыларына каршы турган жергиликтүү кыргыздар колдорунан келген эң жөнөкөй найзадан союлга чейинки куралдарды даярдашып, эгерде кайсы бир жерде көтөрүлүш башталса калган аймактардагылар дагы аларды колдоо жөнүндө макулдашкандыктары, көтөрүлүш дээрлик бир мезгилде жапырт башталгандыгынан байкоого болот.

Көтөрүлүш окуяларынын жадыбалы

Падышалык архивдик документтердеги маалыматка карасак, кыргыз жериндеги куралдуу көтөрүлүш төмөнкүчө башталган:

6-августта Пишпек (Бишкек) үйөзүнүн Атаке болушундагы кеминдик кыргыздар менен ошол эл үйөздөгү Ботбай болушунун казактары жана кыргыздары көтөрүлөт.

7-августта Токмоктун айланасындагы кыргыздар жана Пишпек үйөзүндөгү Сарыбагыш болушунун кыргыздары козголот.

9-августта Каракече, Жумгал, Курманкожо, Кочкор, Абайылда жана Ысык-Көлдүн айрым болуштуктарында козголоң башталат.

10-августта Жамансарт, Түлөберди, Бакы, Талды-Булак болуштарындагы жана Олуя-Ата үйөзүндөгү Кара-Балта болушунун кыргыздарынын көтөрүлүшү башталат.

11-августта жалпы Ысык-Көл кыргыздары менен Пржевальск үйөзүндөгү Мариинск кыштагындагы дунгандар көтөрүлүшкөн (3. 131–135-б.).

Куралдуу көтөрүлүштүн бардык аймактарда дээрлик бир кылка башталышы, аны баштоо боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн жана уюштурган адамдардын болгондугун көргөзүп турат.

Көтөрүлүш очоктору

Массалык куралдуу көтөрүлүш Түндүк Кыргызстандын калк жыш жашаган өрөөндөрүн камтыган.

Бул аймактарга Чүй өрөөнүнүн күн чыгыш бөлүгү, Кемин өрөөнү, Ысык-Көлдүн күнгөй жана тескейи, Кочкор, Жумгал, Нарын жана Тогуз-Торо өрөөндөрү кирген жана бул өрөөндөр көтөрүлүштүн негизги очокторуна айланган.

Хан көтөрүү аркылуу лидерди тастыктоо

Көтөрүлүш башталганда ар бир уруктун кадыр-барктуу адамдары же болбосо мурунку болуш, бийлер өздөрүнө караштуу кишилерине башчы болуп жүрүшкөн.

Бирок орус аскерлери колдогон келгин орустардын ири топтору менен салгылашууда, ар бир өрөөндүн эли

бирдиктүү кол башчы шайлашкан. Аларды кыргыздын эски каада-салтына ылайыктуу «хан» деп аташкан.

Белгилей турган нерсе, айрым адамдар аларды мамлекет башчысы болгон «хан» титулу менен чаташтырып алгандыктарын көрөбүз.

Чындыгында кыргыздын эски салттарында мамлекеттин башкаруучусу «хандан» башка да, убактылуу көп элди жетектеген ири кол башчыларды дагы «хан» деп атай беришкендиктерин элдик фольклор так билдирет.

Алсак, «Манас» эпосунда кыргыздын ханы Манас кара кытайларга каршы «чоң казатка» аттанганда, жолду жакшы билген чоросу Алмамбетти ушул жүрүштөгү колго «хан» көтөрөт. Жүрүштө мамлекет башчысы хан Манасты Тазбайматтын «ондугуна» кошуп коюшат. Тазбаймат аны унутуп калып, аз жерден өлүмгө тартылбай калган эпизоддо, кыргыздар «хан» деп кол башчыларды дагы аташкандыктары жакшы көргөзүлгөн.

1916-жылдагы эл шайлаган «хандар» көтөрүлүштүн жетекчи кол башчылары болушкан.

Алар көтөрүлгөн элди башкарып туруу үчүн, белгилүү манаптардан шайлангандыгы белгилүү.

Калыс баага татый элек хандар

Эскере турган нерсе, 1916-жылдагы көтөрүлүштү изилдеген адабияттарда бул жетекчилер тууралуу толук кандуу маалыматтар али күнгө чейин изилдене элек.

Андай изилдөөлөрдө негизинен орус архивдеринде кеңири белгилүү болгон, кеминдеги элди жетектеген кыргыз манабы Шабдандын уулу Мөкүш жана Токмок шаарын камалоодо көтөрүлүшчүлөрдү башкарып, кийин орус бийлигине колго түшүп, өлүм жазасына тартылган Төрөгелди баатырдын бир тууган инисинин баласы Ка-

наат Ыбыке уулу жөнүндө гана жазылып, калган көтөрүлүш башчылары тууралуу маалыматтар жокко эсе.

Ал эми көтөрүлүшкө катышуучулардын эскерүүлөрүндө, эл тарабынан шайланган бир канча көтөрүлүш жетекчилери болгондугу эскерилет.

Көтөрүлүштө расмий «хан» көтөрүлгөн жетекчилердин жалпы саны жети болгон.

1. Кеминде – Мөкүш Шабданов
2. Кочкордун күн батышы жана Токмокто – Канаат Ыбыке уулу,
3. Кочкордун күн чыгышында – Тезекбай Түлкү уулу,
4. Жумгалдын чыгышында – Көкүмбай Чыны уулу,
5. Нарындын түндүк аймагында – Байзак Мырза уулу,
6. Ысык-Көлдүн тескейинде – Баатыркан Ырайымбеков,
7. Ысык-Көлдүн күнгөйүндө – Баатыркан Ногоевдор көтөрүлүшкө хан шайланышкан.

Бул жердеги нарындык тынымсейит уругу менен сарыбагыш уруктары хан көтөргөн Байзак Мырза уулу, кочкордогу Тезекбай Түлкү уулу жана жумгалдык Көкүмбай Чыны уулу жөнүндө изилдөө иштеринде эч бир маалымат берилбейт.

Булардан тышкары өз алдынча аймактардагы көтөрүлүштү жетектеген Нарындын батышында Касымаалы ажы Мамбетов жана Тогуз-Тородо Чолук Курманкожо уулу дагы изилдөөлөрдөн тышкары калышкан.

Мөкүштүн хандыгы

Көтөрүлүш башталгандан кийин кеминдик кыргыздарды сарыбагыштын манаптары Шабдандын уулдары Мөкүш, Исамүдүн, Кемел, Аман жана Султан Далбай уулу, Ысмайыл Далбай уулу, Белек Солтоноев, Жантай-

дын небереси Ыбрайым Төлө уулу, Боромбай Сазанов, Алагуш Жантаев ж.б. жетектешкен.

Алар көтөрүлүштүн жүрүшүндө кеңешип, өздөрүнө башчы кылып белгилүү манап Мөкүш Шабдан уулун 9-августта «хан» шайлашкан (4. 99-б.).

Чүй аймагындагы кыргыздардан азыркы Кемин, Чүй районундагы сарбагыштар көтөрүлүшкө активдүү аралашкан.

Солто уруусунун кыргыздарынан Ысык-Ата, Аламүдүн, Сокулук, Ак-Суу жана Кара-Балта аймагындагы эл көтөрүлгөн.

Баатыр Ыбрайым Төлө уулу – манаптын тукуму.

Белгилей кетчү нерсе, көпчүлүк илимий изилдөөлөрдө Боом капчыгайында Ысык- Көлгө алып бара жаткан арабалардагы орус мылтыктарын ок-дарысы менен кошо колго түшүргөн Ыбрайым Төлө уулу кедей үй-бүлөдөн чыккан деп берилип жүрөт, чындыгында, ал кадимки манап Жантайдын небереси. Анын атасы Төлө ажы Шабдандын бир тууганы болгон.

Токмоктогу тирешүү

Токмоктун айланасындагы калк «шамшы эли» деп аталып, алар 10-августта көтөрүлүп, орус кыштактарындагы келгиндер менен салгылашкан. Булардын башында Дүр Сооронбаев, Мамбетаалы Мураталиев, Муса Өтөгөнов, Андаш Чалов, Сопубек Шаменов, Маасымкожо Тоголоккожоев, Турумбек сыяктуу сарыбагыштын тынай уругунун манаптары турган.

Бирок көтөрүлүш башталган күнү манап Дүр Токмок шаарындагы орус администрациясында болуп, алардын колунда барымтада калган. Ошондуктан ага баш ийген 500 түтүндөн ашык эл бейтараптыкты кармашкан.

Солто уруусунун манаптарынын көпчүлүгү орустарга каршы ачык күрөшкө чыгууга батына алган эмес. Анткени солто уруусу ээлеген жерлерде орус келгиндеринин айыл-кыштактары арбын болгондуктан, орустар кыргыздардын көбүн кырып жиберишкен.

Алардын арасынан Ысык-Ата, Кант аймагындагы багыш Нурмамбет менен солто Бөлөкбай уругунун манабы Сулайман Корчу уулу көтөрүлүшчүлөрдү жетектеп, орустарга каршы согушкан. Ал көтөрүлгөн эл менен Сын-Таш тараптагы орус айылдарын талкалап, аягында Токмок шаарына чабуул коюп жаткан Канаттын көтөрүлүшчүлөрүнө кошулган.

Кыргыз манаптарынан башка ак-бешимдик кожолордун башчысы Маасымкожо Тоголоккожоев өзбек, уйгур, түрктөрдү жетектеп көтөрүлүшкө чыккан.

Чүйлүк кыргыздар 12-августта Кочкор–Жумгалдан келген Канаат Ыбыке уулунун көтөрүлүшчүлөрүнө биригишип, 13үнөн 22сине чейин Токмок, Покровка жана Бир-Кулактын (Ивановка) айланасындагы келгиндер менен салгылашкан.

Чүй–Токмоктун айланасындагы көтөрүлүшчүлөр кочкорлук Канаат Ыбыке уулуна баш ийишкен. Ал жерде шамшы, тынай, бурана, нурмамбет элдери Канаат Ыбыке уулун болжолу 20–21-августтарда хан көтөрүшкөндөн кийин, Токмок шаарын курчоого алышкан (4. 107-б.)

Кочкордогу тирешүү

9-август күнү Кочкор өрөөнүнүн күн чыгыш тарабындагы Жоон-Арык, Борукчу, Ниязбек болуштуктарындагы эл орустардын Столыпино кыштагына чабуул коюшкан.

Булардын башында Ниязбек болушунан Ормон хандын небереси Жапай Көкташ уулу, Тезекбай Түлкү уулу, Борукчу болуштугунан Ормон хандын чоң атасы Эсенгул

баатырдын Базаркул деген баласынын тукумунан чыккан Рүстөм Садыров, манап Турдубай Жангелди уулу, Көчкөмбай Тагаев жана Жоон-Арык болуштугунан надырбек уругунун манаптары, бир туугандар Көбөгөн, Дөөткул Шыгаевдер, таздар уругунан Акмолдо Карасаев ж.б. турган.

Алардын арасында карапайым кедей үй-бүлөдөн Самак Төрөгелди уулу дагы жетекчилик иштерге катышкан. (7. 269–275-б.; 5. 84-б.).

3 күндүк согуштан кийин падышалык оторчул бийликтин Нарын участогунун начальниги Хохалев аскердик топ менен айылдан орус тургундарын алып качат. Ошондон кийин көтөрүлүшчүлөр 11-августта Столыпина айылын талкалашкан.

Эртеси 12-августта Кочкордун күн чыгыш аймагындагы Ниязбек, Борукчу жана Жоон-Арык үч болуштуктун эсенгул эли Ормон хандын бир тууган иниси Түлкүнүн уулу Тезекбай манапты хан шайлашкан (7. 269–273-б.).

Бул көтөрүлгөн элди уюштурууда жана Тезекбайды жетекчиликке шайлоодо Ормон хандын чөбүрөсү Жапай Көкташ уулунун белгилүү манап катары таасири зор болгон.

Жетекчиликти колуна алган Тезекбай түтүнгө бирден кишини аскердикке жыйнай баштаган. Бирок орустардын жазалоочу аскер оряддары Кочкорго жакындап калды деген имиштердин тарашы менен ал иш аягына чыкпай калган (7. 269–274-б.)

Кочкордогу жолбашчылар

9-августта башталган Кочкордун батыш тарабындагы Темирболот, Абайылда, Шамурза жана Кочкор болуштуктарындагы көтөрүлгөн элди сарыбагыштын черикчи уруктарынын манаптары жетектешкен.

Алардын башында турган Төрөгелди баатырдын бир тууганынын баласы Канаат Ыбыке уулу балдары Карыпбай, Ыскактар менен Төрөгелди баатырдын небереси Суранчы Карасаев, Төрөгелди баатырдын бир тууганы Шерботонун небереси Муратаалы Элтоев, Төрөгелди баатырдын дагы бир иниси Шадыкандын небереси Токтосун Бектенов, кыргыз тарыхчысы Осмонаалы Сыдыковдун (Кыдыков) агасы Жаркымбай молдо Кыдыковдордун салымы чоң болгон. (5. 84-б.)

Алардын арасындагы азык уруусунун башында Кочкор болуштугунун болушу Сарыбай Дыйканбаев да болгон (6. 85-б.).

Канаат хан

Кочкордун батышындагы Темирболот, Шамурза, Абайылда жана Кочкор төрт болуштуктун эли Кочкордун Ийри-Суу деген жеринде жыйын өткөрүп, Канаатты көтөрүлүш башчылыгына хан кылып шайлашат.

Алар ал жерден жумгалдык Курман Лепесовдун уулу Ыскакты 100 адамы менен кошуп, Шамшы ашуусун ашып Чүй бетине түшкөндө, чүйлүк сарбагыштар менен биригип, Токмок шаарын камоого алышкан.

Архивдик документтерде Чүйдөгү уруштарда Жумгалдан Мырзабек Дыйканбай уулу, Көкүмбай Чыны уулу жана Курман Лепес уулу баштаган эл башчылары Канаат хан менен бирге болгондугу берилет (7. 77-б.).

Ыбыкенин уулу Канаатты Кочкор, Жумгал кыргыздары чүйлүк кыргыздар менен бириккенде 21–22-августтарда кайрадан «хан» шайлашкан (4.107- б.).

Көтөрүлүштөн кийин Канаат Верный шаарында камакта кыйналып өлтүрүлгөн. Анын Ысак деген баласын орустардын жазалоочу аскер тобу бир топ кыргыз менен колго түшүрүп, Тоңдун Улахолундагы Ак-Терек деген

жерде дарга тартышкан (5. 110-б.). Экинчи уулун 1918-жылы Токмоктун жанындагы Шор-Дөбөдө атып өлтүрүшкөн (5. 133-б.).

Жумгалдагы кырдаал

Жумгал өрөөнүндөгү калк дагы орус колонизаторлорунун запкысын көп тартышкандыктан, нааразычылык күчтүү болгон.

Көтөрүлүштүн алдындагы кеңештерде жумгалдык болуштар: Жумгал болушунан Исмаил Көкүмбай уулу, Курманкожо болуштугунан Курман Лепесов, Токтогон, Кара-Кече (Кулжыгач) болушунан Зарбат Байзак уулу, Эшимбеков, Черикчи (Чаек) болуштугунан Мырзабек Дыйканбаев, Суусамыр болуштугунан Биялы Максымов жана Түркмөн Сарыпбек уулу ж.б. катышып көтөрүлүштү колдошкон.

Бирок алардын барлыгы эле көтөрүлүшкө катышкан эмес. Өзгөчө Жумгалдын күн батыш тарабындагы чекир саяктын кулжыгач уругунун эли көтөрүлбөй, бейтарап турушкан. Негизинен, Жумгалдын чыгыш тарабындагы калк көтөрүлүшкө активдүү катышып, Белоцарское кыштагын баш кылып, Жумгалдагы бардык орустардын чарбаларын талкалашкан.

Жумгалдагы көтөрүлүш 9-августта башталып, 11–12-августтарда Жумгал, Кара-Кече болуштуктарынын эли белгилүү манап Медет датканын тукуму Көкүмбай Чыны уулун «хан» көтөрүшкөн (4.114-б.).

Көтөрүлүштүн жүрүшүндө, орустардын жазалоочу аскер топтору келе жатат деген кабардын тарашы менен бир катар манаптар көтөрүлүштөн баш тартып, орустар менен байланышка аракет кыла башташкан. Алардын арасында Курман Лепес уулу жана Зарбат Байзак уулдары болушкан.

Ички Теңир-Тоодогу кырдаал

1916-жылы азыркы Нарын району жайгашкан аймакта Он-Арча, Ажы, Субан, Шатен, Шаркыратма деп аталган болуштуктар болгон.

Булардын Он-Арча жана Шаркыратма болуштуктарында тынымсейит уругу, Ажы, Субан, Шатен болуштуктарында болсо сарыбагыш уруусунун өкүлдөрү жашашкан.

Көтөрүлүштүн алдында эле Ажы болушу Мамбетжандын демилгеси менен Он-Арча болушунан Байзак жана Субан болушу Эсенгул Кара-Үңкүрдө жолугушуп, бирге көтөрүлүп, Нарын чебин басып алууну болжошот.

Көтөрүлүш мында 12-августта башталат.

Нарындагы көтөрүлүш жетекчилери

Нарын аймагындагы көтөрүлгөн элди дагы манап тукумунан чыккан жетекчилер башкарышкан. Ажы болуштугунда Ормон хандын бир тууган иниси Ажынын небереси Карачтын үч уулу – Ногойбай, Мамбетжан жана Деркембай Карачевдер көтөрүлгөн элди жетектешкен (5. 84-б.). Булардын ичинен Мамбетжан болуш болгон.

Субан болушунда дагы элди Ормон хандын бир тууган агасы Субандын Мусаке деген уулунун тукуму башкарган. Ал жерде болуш Мусакенин Байгазы баатыр деген уулунун баласы Эсенгул менен анын атасы Мусакенин Койкелди деген инисинин уулу (Койкелдин) элди баштап чыгышкан (5. 84-б.).

9-августта Нарын участогунун начальниги Хохалев Кочкордогу көтөрүлүштү угуп, Нарындан 50 солдат менен чыгат. Жолдо Кара-Үңкүргө 16 солдатты таштап кетет.

12-августта Ажы жана Субан болушунун көтөрүлүшчүлөрү Оттук деген жерден солдаттар менен бетешип,

атыш башталат. Солдаттар менен Мамбетжан болуш баштаган 4 киши атышып, калган эл качып кетет.

Солдаттар атышып жаткан 4 кыргызды курчоого алганда үчөө качып, Мамбетжан болуш атышып жатып колго түшөт (7. 267-б.).

Эртеси, 13-августта Ак-Мойнок бекетине бекинип алган солдаттарга каршы, Он-Арча болуштугундагы тынымсейиттер, Байзак баатырдын жетекчилиги астында кол салат.

Байзактын хан көтөрүлүшү

Байзак Мырза уулу тынымсейиттин аян бутагынан чыккан белгилүү манап болгон. Бекеттин батыш тарабынан сарбагыш ажы, субандар чабуул коюшат. Натыйжада, эки тараптан тең адамдар өлүмгө учурайт. Орустардан 13 киши өлгөн. Согуш маалында Мамбетжан Бекеттен качып чыгат. Түн ичинде солдаттар качып, Нарынга кетишет (7. 261–268-б.).

14-августта Кочкордон көпчүлүгү Борукчу жана Жоон-Арык болуштугунан 300гө жакын мерген-чи адамдар Ак-Мойнокко келишет. Ушул күнү ак боз бээ союшуп, тынымсейит, сарыбагыштар Мырза уулу Байзак баатырды хан көтөрүшөт жана орус баскынчыларына каршы бирге күрөшө тургандыгына ант беришет (7. 264-б.).

15-август түнү көтөрүлгөн эл Нарынды басып алмакка кол салышат. Бирок чептеги аскерлердин соккусунан таңга жуук Ак-Мойнокко качууга аргасыз болушат.

16-августта Нарындын батыш тарабындагы Жан-Булак посёлкасын басып алууга аракет кыла башташат. Ошол мезгилде Көк-Арт ашуусу тарабынан келген жазалоочу аскер тобун, чоро саягынын башчысы Касымбек

Баатаев баштап келе жаткандыгын угушуп, Ак-Мойнок тарапка чегинишет (7. 264-б.).

Чыккынчылык кылгандар

Нарындагы көтөрүлүштүн башында кыргыз манаптары турганы менен, алардын арасында кыргыздарга чыккынчылык кылып, орус солдаттарына жардам бергендери болгондугун көтөрүлүштүн катышуучулары эскеришет. Мисалы, Нарындагы Куйбышев колхозунун мүчөсү Жунуш Борсунбаев көтөрүлүш мезгилинде Он-Арча болушу Садыр Кулматов чыккынчылык кылып качып кеткендигин, ал эми Чоро манабы Касымбек Баатай уулу участковой Какулов (Хохалев) менен байланышып, көтөрүлүштү басуу үчүн болуш уулу Султангазыны Көк-Арт аркалуу Анжиянга солдат алып келүүгө жибергендигин эскерет (7. 261–262-б.).

Касымаалы ажы Мамбет уулу

Нарын чебинин батыш тарабындагы Куланак аймагындагы көтөрүлгөн элди болуш Касымаалы ажы жетектеген. Ал өрөөндөгү белгилүү манап болуп, теги боюнча Ормон хандын Шатен деген инисинин небереси Мамбеттин уулу болгон.

Көтөрүлүш жеңилгенден кийин Касымаалы Мамбет уулун орус бийлиги Нарын түрмөсүнө камап, аны баласы Орунаалы жана жигиттери Чоткара Барманов, Бопунаалы, Момунаалы менен кошо Нарында дарга тартышкан (7. 119-б.).

Нарындагы камактагы кыргыздарды дарга тартуу жөнүндө орус документтеринде мындай деп жазылат:

«Главари бунта Касымаалы Мамбетов, волостной правитель Орунаалы Касымалиев, Чоткара Барманов,

Бопунаалы и Момунаалы приговорены к смертной казни через повешение, (исполнено 14.10.1916 г.), приговора на основании статьи 1308 военного судебного устава, согласно приказа ВВ 1914 года №464. Приговор представляется на основании статьи 1420, утверждается начальником гарнизона, имеет силу и приводится в исполнение.» («ЦГА» Кыргызстана дело №32 «О ликвидации беспорядков в Нарынском участке»).

Тогуз-Тородогу көтөрүлүш аракеттери

Тогуз-Торо өрөөнүндөгү элди жергиликтүү саяк уруусунун манабы Чолук Курманкожо уулу жетектеген. Ал Тогуз-Торо аймагындагы Казарман жана Атайкадагы орус өкмөтүнө тиешелүү мекемелерге кол салган.

Ага Жумгалдан манап Көкүмбайдын уулу Исмаил 1000ге жакын киши менен Анжияндан Көк-Арт аркылуу келе жаткан жазалоочу аскерлерди тосуу үчүн жардамга келген.

Жумгалдыктар менен бириккен Чолук орус аскерлерин Нарын дарыясынын кечмелигинен тосуп атышкан жана жеңилгенден кийин эли менен качууга аргасыз болгон (70–222-б.).

Көл кылаасындагы көтөрүлүш

Ысык-Көлдүн айланасындагы элдин массалык түрдө куралдуу көтөрүлүшү 11-августка туура келген. Бирок Көлдүн күңгөйүндөгү орус айылдарына жанаша жашаган кыргыздардын айрым топтору андан бир аз мурун эле козголоң кыла баштаган.

Алсак, 9-август күнү кечинде Чоң-Ак-Суудагы орустардын Григорьевка кыштагына кыргыздар чабуул койгон.

Эртеси бул кыймыл ири Преображенское кыштагына чейин тараган (6. 18-б.).

Күңгөйдөгү шыкмамат саяктары орустардын Григорьевка, Долинка, Курск, Ново-Самсоновка, Баженов кыштактарын талкалашып, көлдүн башындагы бугу уруусунун эли менен биригип, орустардын калк жашаган ири пункту Преображенское кыштагын камоого алышкан.

Бугу уруусунун калкы көлдүн чыгышындагы орустардын Ново-Вознесенское, Николаевское, Жергес, Михайловское кыштактары менен Пржевальск шаарына чабуулдарды уюштурушкан.

Алар ошондой эле көлдүн түндүк-чыгыш тарабындагы Сазоновка, Алексеевка кыштактары менен Преображенское кыштагына дагы кол салышкан. Бул кураллуу көтөрүлүштүн башында бакачы саяктарынын ири манабы Кангелди Ырысменде уулу баласы Осмонкожо Кангелдиев менен, Талканбай Тилегенов, Бердибай Керексизов, Ишенбек Жайнаков, Маткерим Супаев, Курткамерген болуштугунан Максут Солтобаев сыяктуу манаптар турушкан.

Баатыркан Ногой уулунун хан шайланышы

Ал эми бугу уруусунун элдерин белгилүү манаптар Баатыркан Ногоев, Байказак Мамбетов, Кадырбай Түнкатаровдор жетектеп жүрүшкөн. Алар көтөрүлүштүн жалпы жетекчилигине түптүк бай жана манап Баатыркан Ногоевди шайлашкан (7. 346-б.; 6. 36-б.).

Баатыркан Ногой уулу бугу уруусундагы белек тукумунун салмаке бутагынан чыккан Ногой баатырдын уулу болгон. Түптүн Арал деген жеринде өткөн көлдүк кыргыздардын жыйынын Пржевальский шаарынын тургуну Рахимов Иззафар мындайча эскерет:

«...Шаршемби күнү, август айы эле, үч миңге жакын кыргыз Аралга чогулушту, анын ичинде мен да бар элем. Ак бээ союшуп, анын канына колдорун малышып, көтөрүлүшкө чыгып орустарды жок кылабыз деп ант беришип, дуба окушту» (7. 347-б.).

Кыдыр Байсары уулунун жоругу

Бугудагы арык-тукум уругун башкарган, ошол кездеги орус администрациясына кадыр-барктуу Кыдыр Байсары уулу кыргыздардын падышалык бийликке карай куралдуу көтөрүлүшүнө каршы чыккан.

Үркүндө Пржевальск шаарында жашап, орустар тарабында турган Сулайманов Фатих деген татардын эскерүүсүндө, көтөрүлүштүн алдында болуш Кыдыр Байсары уулу Пржевальск үездинин башкаруучусу Ивановго келип: «Кыргыздар көтөрүлүш чыгарууга уюшуп жатышат, алардын жетекчилерин камаш керек дегенине Иванов ишенбей эч чара көргөн жок», – деп баяндайт (7. 346-б.)

Ал эми көтөрүлүштүн катышуучусу Белек Солтоноев: «11-августта Кыдыр Байсары уулу урушка катышпастан бир болуш эли менен Кытайга көчүп кеткен», – деп жазат (4. 121-б.).

Көлдүн тескейинде

Көтөрүлүш Ысык-Көлдүн тескей тарабында дагы өтө курч мүнөздө болуп өткөн. Бул аймактагы эл саяктын каба, алакөз, бугунун кыдык, арык-тукум, белек, бапа, желдең ж.б. уруктарынан куралып, орустардын Кольцовка, Гоголевка, Барскоон, Покровка сыяктуу ири кыштактарына жана бир нече майда айылдарына кол салышкан.

Аларга Мариинск кыштагындагы дунгандар кошулуп Пржевальск шаарына чабуул коюшкан. Аларды саяктардын Баатыркан Ырайымбеков, Мамыткан Жантаев, Сагалы Алматаев, Сагын Ниязбеков жана бугулардын Кендирбай, Берикбай Солтонкуловдор, Кулбарак Матаев, Абдылда Сарин, Нурманбет Чекиров сыяктуу манаптары жетектешкен.

Бул согуштарда 15-августта Каракол шаарына чабуул уюштурушкан Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү саяк, кыдык, желдең, бапа уруктарынын 5 миңге жакын адамдары Ырдыкта чогулуп, каба саягынын манабы Баатыркан Ырайымбек уулун хан шайлаган (4.121-б.).

Хандар – тектүүлөрдөн шайланган

Бул фактылар «хандыкка» шайланган көтөрүлүштүн көпчүлүк жетекчилери тектүү манаптардын тукумдары болуп, алар эл арасында кадыр-барктуу болгондугун белгилешет.

Буга чейин 1916-жылдагы элдик көтөрүлүш башкаруучусуз, башаламан мүнөздө болуп өткөн деген пикирдин негизсиздигин далилдешет.

Жер-жерлердеги көтөрүлүштүн жетекчилери тууралуу окуянын катышуучуларынын көпчүлүгү эскеришет. Ал маалыматтар жазылган мезгилде бай-манаптарды колдон келишинче каралап турган советтик саясатка карабастан, элдик жетекчилердин кандайдыр ордун аныкташкандыктары байкалып турат. Алардын айрымдарында гана жетекчи инсандарды атайлап жамандашкандыгы көрүнөт.

Ошону менен катар эле, көтөрүлүштү аёосуз баскан орус бийлигинин өкүлдөрү боштондук көтөрүлүштүн бир катар жетекчилери болгондугун өздөрү дагы айтышып, бул жетекчилерди жазалоо максатында аты-жөндөрүн

мамлекеттик кагаздарга атайын тизмелеп жазышкан. Ал тургай падыша бийлиги кулатылгандан кийин дагы, т.а., 1917–1918-жылдарда айрым орус оторчулары Кытайдан бозгундан кайра келген кыргыздардын арасынан көтөрүлүш башчыларын атайылап издеп таап өлтүрүшкөн.

Демек, 1916-жылдагы элдик толкундоолордо, ар кайсы аймактарда элдин башында жетекчи инсандар турган жана алардын дээрлик бардыгы кыргыздын кадыр-барктуу манап тукумдарынын өкүлдөрү болгон.

Көтөрүлүш – жетекчилиги болгону менен баалуу

1916-жылкы көтөрүлүштө жетекчиликтин болушу жана элдин уюштурулушу кыргыз элинде курал-жарактардын дээрлик жок болгондугуна карабастан, аларды орустардын жазалоочулары тарабынан боло турган массалык кыргындардан куткарып калган.

Жогорудагы маалыматтардан 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жетекчилери негизинен кыргыз манаптары болгондугун көрдүк.

Көтөрүлүштү уюштурууда жана элди жазалоочу аскер топторунан куткарууда алардын ролу өтө чоң болгон. Бирок муну менен манаптардын бардыгы көтөрүлүштү колдоп чыккан деп айтууга болбойт.

«Эл жакшылары» кандай топторго жиктелген?

1916-жылдагы көтөрүлүш мезгилиндеги кыргыз манаптарынын иш-аракеттерин негизинен үч топко бөлүп карооого болот.

1-топко көтөрүлгөн элдин башында туруп, көтөрүлүштү уюштурууга активдүү катышкан, элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн патриот манаптар кирет. Алар жөнүндө жогоруда кыскача маалыматтар берилди.

2-топту көтөрүлүш маалында бейтараптыкты кармап, орустар менен согушпай, ал эми орустардын жазалоочу аскер отряддары келгенде, алар менен ымала түзүүгө аракеттенишкен манаптар түзөт.

Мындай манаптарга мисалга алсак, Ысык-Көлдүн Түргөн болуштугун башкарган Кыдыр Байсары уулу көтөрүлүш башталганда ага аралашпастан, чакан калайыгы менен Кытайга ашып кеткен (3. 123-б.).

Ошондой эле Токмок шаарында орустарда барымтада калган Дүр Сооронбаев өзүнө караштуу элди орустарга каршы чыкпоого үндөгөн. Ушундай эле көрүнүш солто манабы Чолпонкул Тынаалы уулу тарабынан жүргүзүлгөн.

Нарында Эсенгул Байгазиев, Жумгалда Түркмөн Сарыпбек уулу, Биялы Максым уулу, Мырзабек Дыйканбаев ушул багыттагы саясатты колдонушкан.

3-топтогу манаптар өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын жогору коюшуп, өз элине каршы чыгып, оторчул орус бийлигине кызмат кылышкан.

Алар орустардын жазалоочу аскердик бөлүктөрүн тамак-аш менен камсыздап, аларга жол көрсөткүчтүк кызмат өтөп, качкан кыргыздарды кармоого көмөктөшкөн. Андан тышкары мындай адамдар орус жазалоочуларынан качкан кыргыздарды талап-тоношкон.

Мындай манаптарга куланактык саяк манабы Калпа Келдибек уулу кирет. Ал Көк-Арт ашуусун ашып келген орус жазалоочу отрядына тамак-ашка союш берип, отун-суусун камсыздап, үй тигип берген (4. 119-б.). Ал көтөрүлүшкө каршы турган. Бирок кийин элден корккондугунан гана ачыкка чыга алган эмес (7. 305–311-б.).

Ушундай эле кызматты ак-талаалык чоро саягынын башчылары Касымбек Баатаев жана Кудайберген Ырайымбековдор да аткарышкан. Мында Баатаев Касымбек

өзгөчөлөнүп, орустардын Нарындагы администрациясы менен макулдашып, көтөрүлүштү басуу үчүн Ферганадан аскер чакырууга уулу Султангазыны жиберген жана уулу экөө аларга жол көрсөтүүчү болуп кызмат кылышкан (70–262;313-б.).

Ат-Башыда Казы Чокоев бир нече мөөнөттө болуш болуп, орус бийлиги менен мамилеси жакшы болгон. Ал жакшы иштегендиги үчүн орус өкмөтүнүн күмүш медалы менен сыйланган (ЦИА Каз.Респ., ф. Семиреченского обл. Правления, отд.11, ст. 2, №16924; лл. 108–108 об.).

Ошондуктан Казы эл козголгон мезгилде Ат-Башыдагы өзүнө караштуу элди көтөрүлүшө чыгарган эмес. Ал Нарын администрациясы менен макулдашып алып, көтөрүлүшкө катышкандарды тоноткон (4. 113-б.).

Куланактык манап Касымаалы эли менен Кытайга кирип кеткенде, Казынын жардамы менен орус аскери Касымаалыны алдап колго түшүрүп, даргага тарткан (4. 119-б.;7. 313-б.).

Булардын арасынан өзгөчөлөнгөн, жумгалдык Курман Лепес уулу болгон. Ал көтөрүлүштүн алдында элди ачык эле көтөрүлүшкө чакырган (7. 220–221-б.). Орус жазалоочу аскерлери жакындагандан баштап, Курман балдары менен чогуу көтөрүлгөн элге кошулуп жүргөндүгүнө карабастан, кулжыгач уругунун баштыгы Мырзабек Дыйканбай уулу менен тымызын сүйлөшүп алып, көтөрүлүшчүлөрдүн ал-жайын Бишкектеги орус төбөлдөрүнө алдыртан билдирип турган (4. 116-б.).

Ал эми орус аскерлери келгенден тартып, Курман Лепес уулу аларга кызмат өтөгөн. Качкан кыргыздарды табууга көмөктөшкөн.

Курмандын Ысак деген уулу көтөрүлүштүн белгилүү башчыларынын бири Канаат хан Ыбыке уулун колго түшүрүүгө катышкан. Көтөрүлүштөн жеңилген кыргыз-

дарды талап-тоноого Курман Лепесов менен Касымбек Баатаевдар аралашат (4. 111-б.).

Жумгалдагы Кара-Кече болуштугундагы Байзак манаптын балдары дагы көтөрүлгөн элге каршы туруп, оторчул орус бийлигине кызмат кылышкан.

Чүй бетиндеги солто манаптарынан козголгон элге каршы турган Ырысбек Осмонбек уулу, Сарбагыш Мыктыбек уулу, Айылчы Татыбек уулу, Бектай Чолпонкул уулу, Алымбек Дыйканбай уулу, Жантай Кененсары уулу жана белгилүү манап Өзбек Бошкой уулунун балдары падышалык орус бийлиги тарапта болушкан (4. 118-б.).

Алар жөнүндө эскерүүлөрдө Канай элинен манап Байтиков Баба, болуш Өзүбеков Ашыр, күнтуу элинен манап Кызалаков Сарымсак, болуш Жанжигитов Сыдыгалы Байтик-Павловский орустарынын побу Биларосов жана бай Шепилов Михаилдер менен сүйлөшүп, көтөрүлгөн эл кырылып калды деп элди коркутуп Күнтуу, Канай элдериндеги көтөрүлүштү баскандыгы айтылат (7. 210-б.).

Булардан башка Сарынбай жана Төлөмүш дегендер Чүйдүн Туюк деген жеринде жашынып жаткан элди алдап алып барып, Бел-Булакта 160га жакын качкын кыргыздарды катын-балдары менен көп солдатка кырдырып жиберген (7. 215-б.). Мындай окуялар көп эле болгон.

Чыккынчылар оторчулар тарабынан сыйлыкка арзыган

Көтөрүлгөн элдин арасында жүрүп, аларга каршы чыккан жана аларды кырып-жоюуда орус баскынчыларына кызмат кылган, саткын кыргыз манаптарын орус бийлиги көз жаздымда калтырган эмес. Көтөрүлүш аёосуз басылгандан кийин, т.а., 1916-жылдын 3-ноябрында полковник В.П.Колоссовский кыргыздарды кырууда

орустарга жардам көрсөткөн 10 кыргыз манабын сыйлыкка көрсөткөн.

Архивдик документтеги алардын тизмеси:

1. **Казы Чокин** – Эсенгул болуштугу, Ат-Башы участогу, Владимир тасмасындагы чоң күмүш медаль;

2. **Касен Каныбеков** – Кара-Булак болуштугу, Токмок участ. Анна тасмасындагы чоң күмүш медаль;

3. **Иткара Ырысбеков** – Станислав тасмасындагы кичи күмүш медаль;

4. **Осмон Данаев** – 2-даражадагы сый халат;

5. **Исхак Курманов** – Курманкожо бол., (Жумгал), Токмок участ. – Милициянын хорунжий чини, эгер ал болбосо Владимир тасмасындагы таза күмүш медаль;

6. **Түмөнбай** – Он-Арча бол., (Нарын) – 2-даражадагы сый халат;

7. **Байсерин** – Ат-Башы участ. – 2-даражадагы сый халат;

8. **Курман Лепесов –** Курманкожо бол., (Жумгал), Токмок участ. – Владимир тасмасындагы чоң күмүш медаль;

9. **Султангазы Касымбеков** (Касымбек Баатаевдин уулу) – Чоро бол., Ат-Башы участ. – Моюнга салуучу Владимир тасмасындагы чоң күмүш медаль;

10. **Зарбат Байзаков** (Байзактын уулу) – Кара-Кече бол., (Жумгал) – Моюнга салуучу Анен тасмасындагы чоң күмүш медаль.

(ЦИА Каз. Респ., ф. Семиреченского обл. Правления, отд. 11,ст. 2, №169244 лл. 108-108 об. Тизмени түзүүчү: полк. В.П.Колоссовский).

Чыккынчыбы же кеменгерби?

Кийинки мезгилдерде мындай кишилерди өзүнүн адамдарын же айылын сактап калган кеменгер киши катары сүрөттөөгө болгон аракеттер байкалат.

Жамаатташ жашаган элдин башына караңгы күн түшүп, кырылып жаткандыгына карабастан, өзүнүн керт башын же бир ууч ага-тууганын сактап калуу үчүн, азап чеккен элге каршы болуп, аларды душманга салып берүү же алардын эсебинен туйтунуу анчалык деле кеменгерликке жатпаса керек.

Мындай көрүнүштү чыккынчылыктан башка эмне деп айтмакчыбыз.

Көтөрүлүш жетекчилери – Мекен сүйөр эл уулдары

Кыргыз манаптарынын ич ара бөлүнгөндүгүнө карабастан, 1916- жылдагы көтөрүлүштүн жетекчилери алардын арасынан чыккан, элдин эркиндигин өз жанынан да жогору койгон, мекенчил инсандардан түзүлгөн.

Көтөрүлүш жеңилгенден кийин, алардын тагдырлары да ар түрдүүчө аяктаган. Жогоруда айтылгандай, Канаат хан Ыбыке уулу колго түшүрүлүп, Алматыда камакта көз жумган. Анын бир баласы дарга тартылып, экинчи уулу атып өлтүрүлгөн. Канаат менен Кочкордо бирге эл башында жүргөн Сарыбай менен Токтосун дагы камалышкан.

Касымаалы Мамбет уулу урук-тууганы менен Кытайга качып барганы менен, ал жактан Казы Чоко уулунун адамдарынын чакыруусу менен кайтып келгенде колго түшкөн. Андан кийин аны бир уулу жана жигиттери менен кошо Нарында дарга тартышкан. Чолук Курманкожоевди дагы Нарын шаарында атышкан.

Тоңдук Сагалы Алматаевди 11 киши менен кошо суракка Тамга кыштагына айдап келишип, үйдү бекитип коюшуп, терезеден аткылап өлтүрүшкөн (4. 131-б.). Аларды качууга аракет кылгандыгы үчүн аттык деп акт түзүшкөн.

Ал эми Мөкүш, Исамидин, Аман, Кемел Шабдановдор, Көкүмбай, Баатыркан, Көбөгөн, Дөөткул, Ногойбай, Мамбетжан сыяктуу көптөгөн көтөрүлүш башчылары Кытай жергесине качып барып, ачарчылык, жокчулуктун азабын тартышып, падыша бийлиги кулагандан кийин гана өз Мекенине кайтып келишкен.

Оторчул орустар кайтып келген мурдагы качкындардын арасындагы айрым бир жетекчилерди, падышачылык өкмөт кулагандыгына карабастан, Кыргызстанга кайтып келгенден кийин дагы издеп таап өлтүргөн. Мисалы, 1918-жылы Кытайдан Ата Мекенине келишкен, кочкорлук көтөрүлүштүн башчылары Жапай Көкташ уулун, Тезекбай Түлкү уулун, ак-бешимдик Маасымкожо Тоголоккожоевди, Шамшылык Турумбекти оторчул орустар Токмоктун Шор-Дөбөсүндө атып өлтүрүшкөн (4. 133-б.).

Ушул эле жылы орус бийликтери менен дурус мамиле түзүүгө болгон аракеттерине карабастан, Дүр Сооронбаев жана Калпа Келдибековдор дагы Шор-Дөбөдө атылган.

Жогоруда көрсөтүлгөн 1916-жылкы кыргыз элинин боштондук күрөшүнүн жетекчилери бүгүнкү күнгө чейин татыктуу бааларын ала элек.

Алардын ар бирин кыргыздын мекенчил жарандары жатка билиш керек.

Алардын иштери Ата Мекенди сүйүүнүн чексиз үлгүсү катары кызмат кылат.

28.09.2016.

Турдумамат КАДЫРОВ,
тарых илимдеринин кандидаты,
Ош мамлекеттик университетинин профессору

1916-ЖЫЛКЫ ЭЛДИК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШКӨ 100 ЖЫЛ: АЙРЫМ ОЙЛОР

1916-жылга карай Түркстанда 2900 миң теше жер (иштетилүүчү жердин 56,7%) болгон, башкача айтканда, Түркстанда жашап жаткан ар бир оруска 3,17 теше, а жергиликтүү тургундун (кыргыздын, өзбектин, тажиктин, түркмөндүн) ар бирине 0,21 теше иштетилүүчү жер туура келген. Жер деген өтө жетишсиз болуп турган шартта жергиликтүү калктын 94 проценти иштетилүүчү бардык аянттын 42,4 % гана ээлик кылган.

Ал эми 1900-жылы Пржевальск уездинин 11% түзгөн орус калкынын карамагында уезддин бардык айдоо жеринин 23,8% турган, 1916-жылы уезддин 21,1% орус калкы бардык айдоо жеринин 67,3% өз колуна алган жана 1920-жылы жер реформасы жүргүзүлгөнгө чейин калктын 34,1% түзгөн орус калкында уезддин айдоого жарактуу жер аянттарынын 84,7% болгон [1,45]. Пишпек уездинде орус келгиндер калкы (38,1%) өз карамагында айдоого жарактуу бардык жердин 57,3% тийиштүү болгон.

1916-жылы бүткүл Кыргызстандын аймагынан 2449890 га жер токой дачалары үчүн бөлүнүп берилген. Бул жерлердин 77536 гектар чынында эле токойлуу келип, ал эми көбүнчө тоолуу массивдерде жайгашкан, мал кармоочу калктын кыштоолору жана жайлоолору болуп, мал кармаган кыргыз калкы аларды арендага алып пайдаланып калган.

Кыргыздардан алардын жашоосу үчүн зарыл керек жерлер тартып алынгандыгын, анан алардын пайдала-

нуусунда чарбачылыкка жарактуу жерлер дээрлик калбагандыгын кыргыз калкынан ал жерлерди өлүп-тирилип жүрүп тартып алгандардын өзүлөрү 1916-жылы көтөрүлүштөн кийин моюндарына алышкан.

Ошентип, 1916-жылдагы көтөрүлүш чыккан мезгилге карай кыргыз калкы, жерден жана суудан пайдалануу көз карашынан алганда чарбалык өсүш үчүн келечексиз абалда калган.

1900-жылдардын баш ченине карай жергиликтүү (Фергана областынын) оторчул администрациясы келгиндерди отурукташтыруу үчүн жарактуу жерлердин запасын пайдаланып бүтүштү, ошондуктан көчүп келген, жайланышуу ачык эле өз бетинче басып алуу мүнөзүндө болуп калды, бул өзгөчө Анжиян уездинин Көгарт өрөөнүндө көрүндү. Бул жерде келгендердин чоң топтору кыргыздарды турган жерлеринен айдап чыгышып, алардын мал-мүлкүн басып алышты, кыргыздардын кыштоолордогу там-таштарын бузуп, өздөрүнө үй тургузушуп, же отун кылып жагышты. 1906-жылдын башында Фергана областында жалпы жонунан 900гө жакын кожолуктан турган 10 кыштак өз бетинче бейбаштык менен пайда болду.

Жергиликтүү калктын жеринин акырындап азая бериши падышачылыктын оторчул саясатынын натыйжасы болгон.

Биринчи дүйнөлүк согуш маалында согушуп жаткан падышалык армиянын муктаждыктары үчүн «ыктыярдуу» түрдө кийиз, байпак, аркан, жүн, тери, майларды чогултуу уюштурулган. Согуштун муктаждыктары үчүн Түркстандан жөнөтүлгөн мал-мүлктүн өлчөмү жөнүндө падышага 1917-жылы берген отчетунда генерал-губернатоор Куропаткин төмөндөгүлөрдү билдирген: 40,899,244 пуд пахта, 38004 чарчы ормон кийиз, 3109 миң пуд пахта майы, 229 пуд самын, 300 миң пуд даярдалган эт,

473,928 пуд балык, 70 миң жылкы, 12,797 төө, 13441 уй жөнөтүлгөн.

Мындан көрүнүп тургандай, жергиликтүү калктын абалы 1916-жылга карата адам чыдагыс болгон. Шексиз алардын аргасыздык, муктаждык жакырчылык абалы эл максатынын падышачылыкка карата толук мыйзамдуу жек көрүүнү туудурган [3,255].

Кыргыз калкынын негизги бөлүгүнүн өндүрүштүк негизги каражаттарынан: жерден, жайыттан жана суудан кол жуып калышы, аларды мүңкүрөткөн жакырдык, ачкалыктан өлүү кадиксиздиги, кулактардын, падышалык администраторлордун, байлардын биргелешкен күчтөрүнүн эзилүүсүнөн кутулууну көксөө 1916-жылдагы көтөрүлүштүн объективдүү өбөлгөлөрү болгон.

Калктын улуттук боштондук көтөрүлүшкө чыгышынын негизги себептери социалдык-экономикалык факторлордо, колониялык эзүү тартибинин айынан жерден, суудан, малдан, бир сөз менен айтканда, күн көрүү каражаттарынан айрылган эл үчүн адам чыдагыс абал болуп калгандыгында эле.

Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Самарканд областынын Кожент шаарында башталып, тез арада Сыр дарыя, Фергана областтарына тараган. Фергана областындагы июль айындагы көтөрүлүшкө кыргыздар активдүү катышкан.

Анжиян уездинин калкы чечкиндүү аракеттер менен падышанын жарлыгын аткаруудан ачык эле баш тартышып, атайын түзүлгөн тизмелерди жок кылышкан. Бийлик өкүлдөрүнө, падыша чиновниктерине кол салышкан. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уезддериндеги толук кыргыздар да активдүү катышышкан. Наманган уездиндеги көтөрүлүшкө Таласбай Алыбаев жетекчилик кылган.

Боштондук кыймылы Кетмен-Төбөгө, Чаткалга, Тогуз-Торо өрөөндөрүнө тараган. Ош уездиндеги көтөрүлүш

Сулайман тоосунун этегиндеги 10 миңдей адам катышкан жыйын менен июлдун башында башталган. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө өткөн. Август айына карата Кыргызстандын түштүгүнүн көпчүлүк бөлүгү көтөрүлүшкө тартылган.

Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүш Түркстандын башка чөлкөмдөрүндөгү толкундоолордон айырмаланып, өтө курч мүнөздө болгон. Бул жакта элдик кыймыл мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуу деңгээлинде өткөн. Көтөрүлүшкө кыргыз эли менен катар бул аймакта жашаган башка элдердин көпчүлүгү (казактар, уйгурлар, дунгандар ж. б.) катышкан.

Жети-Суу областынын ар кыл элинин өкүлдөрү катышкан алгачкы жыйын 10-июлда Каркыра жармаңкесине жакын Каман-Карагай деген жерде өтөт. Кеңешмеде аскерге киши бербөө, керек болсо колго курал алып падыша бийлигине каршы күрөшүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

1916-жылы 8-августта Токмокко жанаша жашаган айылдардын калкы көтөрүлгөн. 9-августта Ыбрайым Төлө уулу жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн чакан тобу Ысык-Көлгө бара жаткан аскерлердин жолун тороп, 178 мылтык жана 30 миңден ашуун ок-дары жүктөлгөн арабаны колго түшүрүп алган [4,173].

Ошол эле учурда Сарыбагыш жана Атаке болуштуктарында чыккан көтөрүлүшчүлөр Кеминдеги Новороссийское кыштагын, казак-орустардын Самсоновка станицасын курчап турган. Август айынын орто ченинде көтөрүлүш Пишпек уездинин 12 болуштугун кучагына алат. Ысык-Көлдө, Таласта да көтөрүлүшчүлөр күч алат.

Көтөрүлүшкө Ички Теңир-Тоодогу кыргыздар да активдүү катышкан. Кочкор өрөөнү бул жактагы көтө-

рүлүштүн чордонуна айланат. Көтөрүлүшчүлөр болуш Канаат Ыбыке уулун (Канат Абукин) хан көтөрүп, өздөрүнүн башчысы кылып шайлашкан жана ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30–40тай бардаңке, бинтон, кош ооз түтөтмө мылтык, негизинен, шыргыйдан жасалган найза, айбалта менен куралданган 2–3 миңдей аскери менен август айынын башында Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө карай аттанган.

Канаат хандын стратегиялык урушту так билген, саясий жетекчилик кыла турган билимдүү адамы болгон эмес. Канааттын аскерлери Чүйгө түшүп туш келген орус кыштактарына кыргын салган. Анын аскерлери адегенде эски Токмокту каратып, чоң Токмок шаарын 13–22-августта он күндөй камоого алган.

Бул көтөрүлүшкө чыкандар Алма-Ата, Ташкенттен келген Жети-Сууда орус казактарынын эки полку, бир атчандар батареясы, 35 рота, 24 жүздүк, 240 атчан чалгынчы, 16 замбирек, 17 пулемет каршы аракеттенгендигин көрүүгө болот. Мындан сырткары 1916-жылдын 17-июлунда Түркстанга Россиядан дагы 11 батальон, 3,3 миң казак-орус, 42 замбирек, 69 пулемёт жөнөтүлгөн.

Падыша өкмөтү Сыр дарыя, Самарканд, Фергана областтарындагы көтөрүлүштөрдү июль айынын аягында басып коюуга жетишкен.

Жети-Суу области жогорку областтардан келгин дыйкандардын көптүгү, ошого жараша жергиликтүү элдин келгиндер тарабынан көбүрөөк кордук көрүп, жер-суу маселесинин өтө курчуп кеткендиги менен өзгөчөлөнүп турган.

Жети-Сууда көтөрүлүш башка областтардагы козголоңдор басылып калганда башталгандыктан, орус төбөлдөрү Түркстандагы куралдуу күчтөрдүн баарын аталган областтагы көтөрүлүштү басууга жумшаган. Жалпы-

сынан алганда, Жети-Суудагы көтөрүлүштү басуу үчүн Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагынан күчтүү кууралданган 6530 аскер келген, алардын 1105 атчан аскерлери болгон.

Кийинчерээк согуш министринин буйругу менен дүйнөлүк биринчи согушта согушуп жаткан аскерлерден 2 орус-казак полку, 240 атчан чалгынчылар, 16 замбирек жана 47 пулемет кошумча жөнөтүлгөн. Мындан тышкары келгин дыйкандардын 43 проценти буга чейин эле кууралдандырылганын айтканбыз.

1916-ж. 15-августунда Жети-Суу областынын аскер-губернатору М. А. Фольбаум орус дыйкандарынан көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн атчан жана жөө кошуундарды түзүү жөнүндө көрсөтмө берген. Түркстандын генерал-губернатору А. Н. Куропаткин көтөрүлүшчүлөрдү жазалоону женилдетүү үчүн 1916-ж. 12-августунда убактылуу аскер талаа сотторун түзүүгө буйрук берген [2,159].

Айры, чалгы, найза, кылыч, союл, бардаңке, бараң, бир аз мылтык менен кууралданып, чаржайыт көтөрүлгөн элди басып коюш падыша аскерлери үчүн анчалык кыйынчылыкка турган эмес. Кыргызстандын ар кайсы чөлкөмүндө чыккан көтөрүлүштөрдү мыкты кууралданып, согуш тактикасына үйрөнгөн казак-орустар өтө канкордук менен жазалап, кыйратып турган.

Августтун аягында Пржевальскиден анча алыс эмес жерде көтөрүлүшчүлөр менен жазалоочулардын ортосунда акыркы ири салгылашуу болгон. 21-августа бул жерде 4 миңдей көтөрүлүшчү оң, сол канат болуп душманга бир нече ирет чабуул коюшкан. Ал эми 28-августта Түптөгү салгылашууга 7 миңден ашуун көтөрүлүшчүлөр катышкан.

Кыргыз көтөрүлүшчүлөрү тарабына айрым орус кишилер өтүп кетип, падышалык жазалоочуларга каршы ок аткан учурлар да катталган.

Сентябрь айында падыша аскерлери менен майда кагылышуулар гана болбосо, көтөрүлүш негизинен жеңилген.

Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз басууга, жергиликтүү элди кырып-жоюп, мал-мүлкүн тоноп, айылдарын өрттөөгө көрсөтмө берген. Келгин дыйкандарга көтөрүлүштүн натыйжасындагы чыгымдарын көтөрүлүшчүлөрдүн мал-мүлкү аркылуу толуктап алууга уруксат берген. Ал эми аскер-талаа соттору көтөрүлүшкө катышкандарды атууга өкүм чыгарышып, ошо замат өкүмдү аткарып турган.

Жазалоочу отряд жана аларга жардам берген келгин дыйкандар көтөрүлүшчүлөрдү гана эмес, көтөрүлүшкө катышпаган тынч элди, кары-картаң, жаш балдарды, аялдарды кыргынга учураткан. Мисалы, Беловодскиден 100дөн ашуун кыргыздарды көтөрүлүшкө катыштыңар деп сарайга камашып, эртеси баарын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн.

Ушундай эле окуя Ысык-Көлдүн башындагы Теплоключенка айылында болуп, 500дөй киши өлтүрүлүп, 100дөн ашык адамдын өлүгү Ак-Суу суусуна ыргытылган. Пржевальск шаарындагы жергиликтүү 700 дунгандан 6 гана киши тирүү калган.

Тукум курут болуп кырылып калуудан чочулаган кыргыздар сентябрдын аягынан баштап, өз жерин таштап, башпаана издеп Кытайды көздөй үркүшкөн (кураллуу күрөшүп жатып качышкан). Жан далбаса кылып колуна тийген буюмдарын, таланууудан калган малын айдап, азып-тозуп качкан кыргыздарды жазалоочу отряд менен келгин дыйкандардын кошуундары сая кууп жеткен жерден кырып, мал-мүлкүн талап жүрүп отурушкан. Үркүн ашуулар кар жамынып калган кеч күз, кыш мезгилине туура келип, далай адамдар ак кар, көк муз баскан белдерден өтө албай кыргынга учураган.

Жазалоочу отряддардан Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүнүн элдери өзгөчө көп жапа чеккен. Ушул кыйын кезеңде элин кыргындан сактап калуу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү жасаган элдик азаматтар болгон. Алсак, Чүй өрөөнүнөн чыккан болуш Дүр Сооронбай уулу, Ысык-Көлдүк белгилүү инсан Кыдыр аке, Суусамыр өрөөнүнөн Түркмөн болуш падыша бийлигинин өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, өздөрүнө караштуу 400–500 түтүн элдерин Кытайга качырбай кармашып, жазалоодон, азап-тозоктон куткарып калышкан. Көтөрүлүшчүлөргө айгак чыккандар да болгон.

Бирок кыргыз элинин качып бараткандарынын көпчүлүгү жазалоочу аскерлеринин кыргынынан кутула алган эмес. Өлгөндөн аман калгандар Кытай жергесине аргасыз баш калкалаган.

Кытайлык маалыматтар боюнча Жети-Суу областынан эле Кытайга 332 миңдей адам качып барган.

Бул аз келгенсип, падыша өкмөтүнүн жергиликтүү оторчул бийлиги 1916-ж. октябрда Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдө калган кыргыздарды толук бойдон Ички Теңир-Тоого күчтөп көчүрүү долбоорун иштеп чыккан.

Падышалык Орус империясынын айрым бийлик бутактары ошол 1916-жылы бул окуя боюнча күнөөсүн кандайдыр бир деңгээлде мойнуна алган, буга тарыхый далил бар.

Маселен, Орусия империясынын төртүнчү чакырылыштагы Мамлекеттик думасы Түркстандагы боштондук көтөрүлүшүнүн чыгыш себептерин иликтөө боюнча атайын комиссия түзүп, аны ошол учурдагы белгилүү демократ саясатчы А.Керенский жетектеген. Падышалык Орусиянын Мамлекеттик думасынын жыйынында сүйлөгөн сөзүндө А.Ф. Керенский: «Бул окуя боюнча бардык күнөө кечирилгис, укмуштуудай мыйзамсыздыкка жол берилген», – деп айткан.

Кытайга барган кыргыздардын абалы өтө оор болгондуктан, 300дөн ашуун балдар кулдукка сатылган, ал эми Кытайдан кайтканда да көптөгөн балдар калып калган [1.79].

Балдарды кулдукка сатуунун баасы да маалым (падышалык акчанын эски курсу менен айтканда, 1 рубль 40 тыйын болгон.). Кытайга барган кыргыздардын коомдогу орду абдан төмөн болгон, мына ушундан пайдаланып аларга эмгек акыны абдан төмөн төлөшкөн.

1916-жылкы көтөрүлүш Кыргызстандагы ири улуттук-боштондук кыймыл болуу менен кыргыз элинин коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуялардан болгон. Көтөрүлүшкө кыргыздардан тышкары жергиликтүү элдердин өкүлдөрү катышкан. Көтөрүлүш жеңилип, өтө мыкаачылык жол менен басылганына карабастан, Түркстан чөлкөмүндөгү оторчул бийликти кыйла бошоңдоткон. Эл эркиндик үчүн күрөштүн болуп көрбөгөндөй тажрыйбасына ээ болгон.

Кыргыз элинин ата-бабадан мураска калган жерине кайрадан толук ээ болууну, эркиндикти, теңдикти эңсеген бул куралдуу күрөшү Кыргызстан тарыхынын маанилүү барагы катары бааланат.

Канткени менен бул көтөрүлүштө кыргыздардан канча адам курман болгону тууралуу азырга чейин так маалымат жок, болжолдуу маалыматтарга караганда, анда түндүк кыргыздарынын 200 миңдейи кыргынга кабылган. Ошол учурда Ала-Тоодогу жалпы кыргыз элинин саны 600 миңдин тегерегинде болгону түкшүмөлдөнөт.

Демек, калктын үчтөн бир бөлүгү кырылган деген жоромолдор бар, кырылгандардын санын азайтып көрсөтүү далалаттары да бар (дегинкиси, бул жааттагы маалымат тарыхчылар тарабынан быйылкы архив таануу иш-аракеттери аркылуу кайрадан такталууда).

Тарыхты оңдоп-түзөп, жылмалап жылтыратып көрсөтүүнүн эч кимге кереги жок, анткени тарых чындык менен гана илим. Тарыхтан бир гана нерсени үйрөнүүгө болот, ал – анын сабактары. Азыркы мезгилдеги эгемендүүлүк кыргыз элине абдан кымбат тургандыгын тарыхтын жүз жыл мурдагы сабактары көрсөтүп турат.

02.05.2016

Нуржамал МЫРЗАБАЕВА,
тарых илимдеринин кандидаты, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин улук окутуучусу

1916-ЖЫЛКЫ ЭЛДИК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШТӨН КИЙИНКИ УЛУУ ҮРКҮН КЫРГЫЗ АЙДЫҢДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА

Өз элинин улуу кайгысын өз башынан да өткөргөн ошол доордун далай кыргыз айдыңдары бул мүңдүү учурду чыгармалары аркылуу болочокку муунга жеткендей баяндашкан.

1916-жылкы тарыхый окуяларга жазгыч акындар кеңири кайрылышкан. Бул багытта Ысак Шайбековдун (1880–1957) «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл»; Абылкасым Жутакеевдин (1888–1931) «Качкак турмушу», «1916-жыл», «Кайран эл»; Абдырасул Токтомушевдин «Какшаалдан кат» деген чыгармалары белгилүү.

Алдаш Молдонун 1916-жылдагы Улуу үркүнгө жана ал алып келген азап-тозокко, кыргыздардын Кытай жерине качкан трагедиясына байланыштуу жазгандары да даректүү маалымат катары айырмаланып турат.

Акындардын ыр түрүндөгү эскерүүлөрүндө айтылгандай, Кытайга качып кирип келген кыргыздарга ба-

тыш кытайлык калмактар да кол салышкан. Музарттын белинде жатып же Кытайга, же Орусияга жете албай камалып ачкадан, сууктан өлгөндөрү көп болду, 2000ге жакыны ошол жерде өлүп, тирүүлөрү качып отуруп Беделге ашкан деп эскерүүлөрдүн биринде айтылат.

1916-жылы кеч күздө жана кыш айларында падыша өкмөтү Нарындан атайын аскер тобун жиберип, Кытай өкмөтүнүн уруксаты боюнча Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн жетекчилеринен 11 кишини кармап келет. Алардын ичинде Байгазы, Ызабек, Ашке, Чүйдөн Тезекбайдын уулу Атакан жана башкалар болуп, алар 1917-жылкы Февраль революциясынан кийин, март айында гана Убактылуу өкмөткө карап калган абактан кутулат да, кайра Кытайга барышат.

Актан Тыныбек уулу сыяктуу Үркүнгө катышкан акындар эскергендей, 1917-жылы Кытайда тоодогу, талаадагы кыштактарды аралап, нан үчүн сенделип жүргөндөр көбөйдү. Кыргыздын сулуу кыздарын кытайдын, уйгурдун же дунгандын байлары өздөрүнө токолдукка же күңдүккө алышты, кээ бирлери эптеп кара курсакты багуу үчүн өз балдарын азыкка айырбаштап саткан. Качкындар Какшаал, Ак-Суу, Бай, Куча, Шайа Богур, Карашаарга чейин кетти. Оокаты жок кыргыздарды келте, котур, чечек оорулары каптады. Ошентип, качкын кыргыздардын да саны суюлган.

Актан Тыныбек уулу качкын кыргыздар таркалган Батыш Кытайдагы жайларды өз чыгармасында санап берген:

«Тосмодон өттү калың эл,
Үрүмчү менен Күчөргө
Үркүнгө эл барды бул жерге.
Ушу күндө качкын бар
Котен менен Жаркенде.
Токтотқондон баралап,
Атын угуп көрбөгөн,

Алты шаарды пааналап.
Ак-Суу, Турпан, Кашкарды,
Биздин эл кирди аралап».

Ошентип Турпандык бийлердин, бозгунда байлардын көрсөткөн кордуктарын акын Актан Тыныбек уулу мындай деп белгилейт: «Ачуусу келсе көчкүн деп, убарага салышат. Беделди ашып кеткин» – дейт».

Куралдуу көтөрүлүштүн катышуучусу акын Исак Шайбеков Кытай жергесиндеги качкын кыргыздардын оор абалын төмөнкүдөй мүнөздөгөн:

«Тополоңу тоз болуп,
Тозуп кетти кайран эл.
Өз элинен адашып
Бозуп кетти кайран эл.
Түгөнгөн соң үй ичи,
Кийимин сатты кайран эл
Баш кошуп, чогуу байырлабай,
Сайлап жүрөт кайран эл.
Азаттыкты эңсешип,
Зарлап жүрөт кайран эл».

[Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. 19-том. - «Эл адабияты» сериясы; Малабаев Ж. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы. – Б., 1999. – 114-б].

М.Абдылдаев түзгөн «Мурас» жыйнагына «1916-жыл», «Үркүн алдында», «Үркүн», «Алты шаар», «Үркүн поэмасынан» ар кандай аталыштагы чыгармалар топтоштурулган.

Кыргыз элинин Үркүн маалындагы аянычтуу турмушу кийинчерээк классик акын-жазуучуларга өсүп жетишкен К.Баялинов, А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков ж.б. калемгерлердин өз баштарынан кечирген кыйынчылыктары камтылган көркөм же даректүү чыгармаларында да сыпатталат.

Залкар кыргыз акыны А.Токомбаев өзүнүн өмүр баянында мындай деп жазат:

«1916-жылкы окуя кыргыз элинин башынан өткөргөн оор трагедиялардын бири экенин танууга болбойт. Ошол көтөрүлүшкө байланыштуу кыргыз элинин саны бир кыйла кемиген. Менин жаш өмүрүмдө сөөгүмө басылган ушул кайгы тамгалары чыгармаларымдын стилине мүнөздүү сыпат өңдөнүп калды».

«Капкараңгы алыскы,
Ал күндүн сырын ачпасам,
Аткылашып талашкан,
Ал кандын чырын жазбасам,
Кан төккөн элдин баласы
Карызымды атказам».

[Токомбаев А. Кандуу жылдар. – Б., 1991. - 15-, 83-бб.]

«Кандуу жылдар» романында көтөрүлүштүн чыгуу себептери, анын алдында түзүлгөн кырдаал ар тараптуу чагылдырылып, документалдуулук сакталган жана айрым тарыхый каармандар өзгөртүлбөй берилген. Көтөрүлүш жөн гана бир өрөөндөгү козголоң эмес, анын улуттук жана эл аралык мааниге ээ экендиги, элдик трагедия болгону чыгарманын «Бетме-бет» бөлүмүндө чагылдырылат.

Эл башына түшкөн бул апаат тарыхый ырларда өтө образдуу сүрөттөлүп, чыныгы турмуштан алынганы өзгөчө көрүнүп турат.

«Кытайды көздөй бет алып,
Үркүп көчүп чыкканы.
Жөнөдү үркүн шарактап,
Көздөрүбүз алактап.
Көлүгү жок начарлар,
Ээ кылбай байды карактап».

[Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. 19-том. «Эл адабияты» сериясы. – Б., Шам, 2002. – ISBN 9967-10-077-Х. - 173-бет].

1916-жылкы көтөрүлүштөн соң Касым Тыныстанов да качкындар менен бирге Кытайга барат.

«Арт жагымды карасам,
Агарып көлүм көрүнөт.
Ысык-Көл сени самасам,
Акылым санга бөлүнөт.
Алда бир орус төрөм ай!
Мен качан Ысык-Көлдү көрөм ай!
Баратке мыйзам билбеген
Айла барбы кытайга,
Кыздарды сатып нан жедик,
Жарты буттан буудайга.
Алда бир орус төрөм ай!
Мен Ысык-Көлдү качан көрөм ай!» –
деп Касым Тыныстанов муңдуу ырларын жазган.

К.Тыныстанов 1916-жылы Кытайдын Үч-Турпан, Ак-Суу шаарларын кыдырып бозгундуктун зардабын чеккен соң, 1918-жылы кайра Ысык-Көлгө кайткан.

Солтобай Токтоболот уулу XIX кылымдын ортосу – XX кылымдын башында жашаган кыргыз акындарынын өкүлү.

Солтобайдын 1916-жылы тирүү болгондугу, үркүп Кытайга барып, андан кайтып, 1917–18-жылдарда Каракол уездинде каза болгондугу бир катар маалыматтарда ырасталат.

Ал жалпы журтчулукка кайрылып:
«Журтум, Ысык-Көлгө ыктаңар,
Кең Текес көздөй чыкпаңар», –
деп, кыйынчылыкка карабастан өз мекениңерден качпагыла деп үндөйт, себеби ал бозгунда да жакшы турмуш жок экенин өз жон териси менен көргөн. [КР УИАнын Кол жазмалар фонду. - Инв. № 110. - 58, 129, 412-бб.]

Акын Абдырасул Токтомушевдин «Какшаалдан кат» чыгармасында 14 жашар Айшакан аттуу кыздын оор тагдыры, бир түндө чалга сатылганы чагылдырылат. Ошондой эле кыргыз кыз-келиндеринин оор турмушу, 1949-жылкы коммунисттик бийликтен кийинки бактылуу келечек жөнүндөгү кыялдары сүрөттөлөт:

«Бир тууган элим тозуп ал!
Көрмөккө жерин болуп зар,
Кат жазып, салам жиберет,
Кытайда калган кызыңар...
Айланам элим, айланам:
Кабар ук кызың Сайрадан!
Боштондук жарын чакырган
Болоюн күкүк сайраган.
Кытайга жарык таң атып
Алмашты турмуш кайрадан.
Бул турмуш тийди энчиге -
Эзилген калктын эркине..
Баягы кызың муңайган,
Кутулуп кайгы-убайдан.
Сүйүнчү айтып кат жазат,
Боштондук алган Кытайдан».

[Токтомушев А. Какшаалдан кат. – Ф., 1950. – 7, 39–53-бб.]

02.08.2016.

Гүлзада СТАНАЛИЕВА,
филология илимдеринин кандидаты

УЛУУ ҮРКҮНДҮН БАЯНЫ БҮТПӨЙТ...

Кыргыз элинин тарыхында 1916-жылдагы каргашалуу окуянын болуп өткөнүнө быйыл туптуура 100 жыл болду. Ушул толук бир кылым ичинде Үркүнгө кайрылган чыгармалар кыргыз адабиятында өзүнчө бир салааны түзөт.

Алардын бир даарын окурман журтунун калың катмары жакшы билет, ал эми айрымдары чыгармачыл тар чөйрөгө гана маалым.

Каргашалуу окуянын изи менен эле Үркүн жөнүндө алгач төкмө акындар ырдап чыгышкан. Алардын төл башында Ысак Шайбеков турат. Ал «Кайран эл», «Азган эл» жана «Кайткан эл» деген ырлар циклин жараткан. Ошол үркүн учурунда ооздон-оозго өтүп, элдик кошок иретинде ырдалып, карайлап турган калкка арман менен күйүтүн чыгарууга жалгыз руханий тирек, атургай, жанды алып калар дилазык болгон. Буга Аалы Токомбаевдин эскерүүлөрүн окуганда толук ынанабыз.

Токомбаев өзүнүн автобиографиялык маалымат-баянында Үркүндөн кийинки 1917–19-жылдары түндүк Кыргызстандын бардык жерлерин кыдырып, Ысак Шайбековдун «Кайран эл» деген поэмасын ырдап, кайырчылык кылып, жан сактаганын эскерип өткөн. Болочок жазуучуга бул ыкты Бектурган аттуу кайырчы карыя үйрөткөнүн, ал карыя ээн талаада жамгырда калып, ошондон кийин башын көтөрө албай катуу кеселдеп, көз жумганын, ошондо: «Ырың сени өлтүрбөйт» – деп жанында эш тутар эч кимиси жок балага ушул ырды аманат кылып кеткенин айтат. Демек, «Кайран эл» жөн гана тигинде-мында ырдала койчу ыр эмес, ал элдин азабы менен тозогун, күйүтү менен муң-зарын төккөн жү-

рөк менен ырдалып, жүрөктөргө жеткен нукура элдик чыгарма болгон. Ошол үчүн бул чыгарма балтыр эти ката элек баланы эки жыл жан сактатканга жараган.

Үркүн темасы кыргыз жазма адабиятынын негизги темасына айланып, ал тургай, классикалык чыгармалардын жаралышын шарттап берген. Ооба, нукура классикалык чыгармалар элдик трагедиядан, адамдын жүрөк толтосун жарып чыккан кайгы-касыреттин азабы менен тозогунан жаралат.

Үркүн тууралуу Шайбековдон тышкары Алдаш Молдо «Үркүн», Абылкасым Жутакеев «16-жыл», «Качак турмуш» жана Калык Акыев «Үркүн жыл» деген ырларын жаратышкан. Булардын катарын кийинчерээк табылган Тагай Эмиловдун «Ахвали Кыргызия» деген ыры да толуктайт.

Кызыгы, кыргыз жазма адабиятынын жаңыдан жаралуу жана калыптануу мезгилинде, карлыгач жазуучуларыбыз совет бийлигин даңктап, жаңы заманды барктап жазышы талап кылынып турган учурда, алгач эле сөзгө алынган тема дал ушул 16-жыл темасы болгон. Тагыраак айтсак, ошол 1920-жылдан 1940-жылдарга чейин үркүн темасына кыргыз жазуучулары кайра-кайра кайрылып туруп алышкан. Алсак, Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести, Мукай Элебаевдин «Узак жол» романы, Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасы, Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган айтылуу «Кандуу жылдар» романы, «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат» повесттери, Кубанычбек Маликовдун «Азаматтар» повести үркүн темасына түздөн-түз кайрылган чыгармалар. Мына, үркүн темасы кыргыз жазма адабиятынын негизги темасына айланып, алтургай, классикалык чыгармалардын жаралышын шарттап берген. Ооба, нукура классикалык чыгармалар элдик трагедиядан, адамдын жүрөк толтосун жарып чыккан кайгы-касыреттин азабы менен тозогунан жаралат.

Чындыгында да ошондой болду. Совет мезгилинин алгачкы жылдарында жазуучуларыбыз кыргыз элинин кечээ эле болуп өткөн, өздөрү керт башы менен тарткан Үркүндү жазбай коё алышпайт болчу. Үркүндүн үрөй учурган апааты, кыргыз элинин кудайга үнү жеткен зары менен муңу тууралуу совет учурунда да, азыр да жаш муун дал ушул чыгармалар аркылуу билишти.

Үркүн темасы кыргыз адабиятынын тарыхында бир гана согуш учурунда жазылбаптыр. Согуш бүтөрү менен эл эсин жыйып, турмуш кайра өз нугуна түшүп калган тушта үркүн темасы кайрадан акын-жазуучулардын көңүлүн өзүнө бурган. Муну 1950-жылы Абдырасул Токтомушев жазган «Какшаалдан кат» поэмасы эле айкындап турат. Анда Үркүндө 13 жашында эл менен бирге Кытайга тентип барып, бир табак арпага сатылып, ал жакта калып калган кыргыз кызынын арманы ырга салынган. Бул поэма да кыргыз адабиятынын тарыхында татыктуу орунга ээ классикалык чыгарма. «Какшаалдан кат» менен кайрадан башталган көч андан ары жалаң романдарда уланган. Аларга саресеп салып көрсөк: 1964-жылы Айткулу Убукеевдин «Чыр дөбө» романы, андан соң Казат Акматовдун «Мезгил», Эрнис Турсуновдун «Ата Журт» романдары жарык көргөн. Булардын катарында үркүн окуяларына кыйыр түрдө кайрылганы менен, анын адам тагдырына алып келген азабы менен тозогун жеткире баяндаган чыгармалар Муса Мураталиевдин «Мусакундун өмүрү», Түгөлбай Сыдыкбековдун «Жол» жана «Батийна» романдары болду.

1916-жыл туурасында бир катар чыгармалар жазылганы менен тарыхый чыгарма жазылган жок. Тарых материалдарын архивдерден казып окуп, Үркүндү ачык-айрым жазууга эгемендик мезгилинде гана мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Ошентип, 1950-жылдан тарта 1990-жылдарга чейин Үркүн окуялары жалаң роман жанрындагы чыгармалар-

да сүрөттөлүп берилген. Булардын ичинен падышалык бийликтин тушунда солдат болуп келип, кыргыздарды кырганга түздөн-түз катышкан орус солдатынын кийинки тагдырын сүрөттөгөн «Мезгил» романы болду. Анын автору Казат Акматов учурунда падышалык бийликтин камчысын чапкан, бирок кийин совет бийлигинин тушунда кыргыз жерине жаңы заманды орноштурууга чын дили менен кол кабыш кылам деп экинчи жолу келген орус адамынын жеке трагедиясын доордун духу менен эриш-аркак чагылдырып берген. Романда Красинди элдин каны оңой менен кечире койбогонун, тагдырларды талкалап кеткен Үркүндүн изи оңой менен өчпөстүгүн жазуучу чебер баяндаган. Ал эми Эрнис Турсуновдун «Ата Журтунда», А. Убукеевдин «Чыр дөбөсүндө» ошол каргашалуу 16-жыл окуясына өз кедергисин тийгизген кыргыздардын уруу-урууга бөлүнгөн ички саясаты, кыргындын алдын алган, караламан калктын алдында тоодой жоопкерчиликти сезген журт атасынын, улуттук лидердин чыкпагандыгы, дегеле, улуттук биримсиздик тууралуу көркөм ой айтылган.

Ырас, совет мезгилинде 1916-жыл туурасында бир катар чыгармалар жазылганы менен тарыхый чыгарма жазылган жок. Тарых материалдарын архивдерден казып окуп, Үркүндү ачык-айрым жазууга эгемендик мезгилинде гана мүмкүнчүлүк түзүлдү. Үркүн тууралуу биринчилерден болуп, тарыхый роман жазууга белсенген дале болсо, өзүнүн «Сынган кылычы» менен тарыхый чыгарманын классикалык үлгүсүн жараткан Төлөгөн Касымбеков болду. Анын «Баскын» жана «Кыргын» деген эки тарыхый романы биринин артынан бири жарык көрүп, өз кезинде коомчулуктун бүйүрүн кызытты. Төлөгөн Касымбеков «Баскында» орус падышачылыгынын баскынчылык саясатын ашкерелесе, ал эми «Кыргын» романында ак падышанын жергиликтүү элди атайын кырып, жерди ээлөө максатын көздөгөн ыплас саясатынын бетин ачууга басым жасаган. Андан кийин 2006-

жылы Жумакадыр Эгембердиев элдик көтөрүлүштө хан шайланып, көтөрүлүштүн эң урунттуу учурларында чоң роль ойногон Канаат Ыбыке уулу тууралуу «Канаат хан» аттуу романын жазды. Андан туптуура үч жылдан кийин, Арслан Койчиев «Мисмилдирик» романын жазып, анда 16-жылдагы канды булоондо жападан жалгыз аман калган кудаян уруусунун акыркы тукуму Мукай деген каармандын 1937-жылдагы репрессияда Үркүндү жаза коём деп атууга кеткенин сүрөттөгөн. Булардын катарын Б. Максүтовдун «Кызыл кыргын, кандуу кармаш» повести, Б. Жакиевдин «Улуу Үркүн» пьесасы, Т. Мадылбаевдин «Күкүнөс» (Феникс) романдары да толуктайт.

Үркүн маселесине, айрыкча анын 100 жылдыгында жазуучулардын кызыгуусу күч алып, бул тарыхый баасы чиеленишкен, нары татаал, нары опурталдуу Үркүн окуялары кайрадан кызуу сөзгө алынды. Бүгүнкү күндө Үркүндү жазуучулар ар түрдүү кырдан, ар түрдүү позициядан, ар түрдүү тарыхый документтердин негизинде, ар түрдүү тагдырлар аркылуу чагылдырып жатышат. Өткөн 2015-жылдын ичинде эле Үркүндүн жүз жылдыгын утурлай Калкамбай Ашымбаев 16-жылдагы каргашанын чыгышына кызыкдар тарап катары эсер партиясынын жүргүзгөн саясатын ашкерелеген «Азат көчү» романын жазды, Чүй боорундагы кыргыз айылын карателдерден сактап калган кыргыз жигитине турмушка чыккан орус кызы тууралуу Т. Жолдубаевдин «Актоко» повести жарык көрдү. Ошондой эле Сагындык Өмүрбаевдин «Улуу Үркүн» романы да окурмандардын колуна тийип, үркүн темасына арналган бараандуу чыгармалардын катарын толуктады. Ал эми быйыл «Кантсин эл» аттуу ыр түрүндөгү драмасын Элмира Төлөкөва жазды.

16-жылга азыркы акындар да байма-бай кайрылышууда. Акын Атантай Акбаров: «Бешик учуп, бешик менен эне учуп, «Бедел» ашуу боздойт дале каректе» – десе, акын Акбар Кубанычбеков: «Кайран элим, шордуу элим,

азаптуу, каның менен алып келдиң азатты» – дейт, ал эми жаш акын Зайырбек Ажыматов болсо: «Эркиндиктин баасы кандай экенин – элге азыр айтып турат шейиттер» – деп, Үркүндүн улуу сабагына баа беришти.

Мына, Үркүн темасында Ысак Шайбеков баштаган көч токтобой уланып келатат. Ооба, ар бир доор, ар бир мезгил, ар бир кийинки муун Үркүнгө өзүнүн баасын берип, анын тарыхый улуу сабагын кийинкилерге жеткире бермекчи. Үркүндүн мындан ары да 150, 200 жылдыктары белгиленет. Үркүн тууралуу, балким, кийинки муундар дүйнөлүк классикага айлана турган улуу чыгармаларды жазышар. Айтор, кандай болсо да, айныгыс бир чындык бар. Ал – Улуу Үркүн баяны бүтпөйт деген кашкайган чындык!

16.04.2016

Гүлзада СТАНАЛИЕВА

ҮРКҮН: «УЗАК ЖОЛДОГУ» ТАРЫХЫЙ ЧЫНДЫК



«Узак жолдун» автору Мукай Элебаев, жубайы Бурулча менен.

Бүгүнкү күндүн көзү менен караганда, тарыхый чыгарма болбогону менен, «Узак жолду» тарыхый чындыкты таасын сүрөттөгөн роман катары баалоого толук негиз бар.

Романдагы тарыхый булактарга өтө жакын турган эпизоддор, окуялар буга айкын далил болуп берет. Эмесе, «Узак жолдогу» баш каармандын басып өткөн турмушу менен, ал өзү күбө катары сүрөттөгөн окуяларды тарыхый документтердин негизинде карап көрөлү.

Роман баш каармандын үй-бүлөсүнүн кыйын абалга туш келгенин сүрөттөө менен башталат. Көтөрүлүш алдында башкы каармандын энеси өлүм алдында жаткандыгы, атасы болсо чиедей ач балдарынын эртеңин ойлоп убайымга баткандыгы чыгармада турмуштун өзүндөгүдөй көз алдыга тартылат. Санаага чөккөн ата кезерип отурган балдарына өзөк жалгар бир нерсе таап келиш үчүн кап бөктөрүнүп кетет. Бирок андан дайын жок. Качан келет, кандай келет, эмне алып келет? Ал жагы да чыгармада дайынсыз. Ач-жылаңачтын айынан жалдырап бүткөн балдардын көрөр күнү кандай болот, эртеңи эмне берип, эмне алат? Бул жагы да дайынсыз. Бул дайынсыздык, бул жалдыроо бир үй-бүлөнүн гана тагдыр-турмушу эмес, башкы каармандын гана көргөн күнү эмес. Бул – ошол 1916-жылкы окуянын алдындагы кыргыз элинин тагдыр-турмушу, баштан кечирип, жанын оозуна тиштеп жашаган мүшкүл жашоосу.

Ушул көрүнүштөн эле 16-жылдагы каргашалуу окуянын алдындагы кыргыз элинин турмушу болуп көрбөгөндөй кыйын кырдаалга такалган учурун көз алдыга элестетсек болот. Чындыгында ошол жылдары, Биринчи Дүйнөлүк согуш жылдарында, Орусиянын колониясына кирген улуттардын социалдык абалы өтө кейиштүү абалда болгон. 1916-жылдагы көтөрүлүштү тыкыр изилдеген тарыхчы Кушбек Үсөнбаевдин орус тилинде жазган «1916: героические и трагические страницы» ат-

туу эмгегиндеги маалыматтарга караганда, бут кийим баасы 300%, нан 600% кымбаттаган. 1916-жылдын февраль айында ширеңке, керосин, нооту ж.б. күндөлүк керектелүүчү товарлар эки эсе кымбаттаганын, ушундай кырдаалдын айынан кургак учук, кызамык, ич келте, кызыл жүгүрүк, кара тумоо өңдүү өмүргө бычактай тийген оорулар жергиликтүү элдин кырылышына алып келген. Мындан тышкары табият кырсыгы, кургакчылык, жут да кыргыздардын турмушун оорлоткон (Усенбаев К. 1916: Героические и трагические страницы. – Б.: Кыргызстан, 1987. – 37-б.).

Жерден-суудан айрылып, карыпка айланган эл орус кыштактарына агылып барып, келгиндерге арзыбаган акыга жалданып иштөөгө аргасыз болушкан. Чыгармадан өлбөстүн күнүн көрүп, итке минип калган кыргыздардын турмуш-шартын баяндаган төмөндөгү үзүндүгө карап көрөлү:

«Биз жайы-кышы дебей Башарындын бүт жумушун бекер кылып беребиз. Жазында чөп үйгөндө, кош айдаганда, кышында короодон кар тартканда мен атка минип берем, жаздай музоосун кайтарам. Ошончолук эмгегим сиңсе да, бир эскисин берген жан эмес. Быйыл гана баласынын бир кайыш курун көпкө асылып жүрүп, араң колго түшүрдүм. Аны да бир далайга сүйрөп, атасына кеңешип туруп анан берди.

Жанымжан болсо жайдыр-кыштыр дебей дикилдеп, таң заарынан туруп барып мунун уюн саайт. Жетимиш-сексен уй сааш оңойбу? Ушунун көбүн сааган Жанымжан. Уй сааганда болсун жана кай-кайсы жумуштарда болсун, бул арада Жанымжанга тең келүүчү эч ким жок. Бул жагынан Башарынга жаккан. Уюн саап бергенде ага берери машинадан чыккан көк кашка сүт. Ушул бир чака сүт үчүн кай жеринен жазып калар экенбиз деп Жанымжан эмес, баарыбыз анын көзүнүн кареги менен тең айланып, самаганын кылып берчү элек. Минтпесек арга жок. Анткени бир үйдө каптаган топ бүлөнү ачтан өлтүрбөй жанын алып калып отурган ушул бир чака сүт эле. Бир чака сүткө бир чака суу кошобуз ал эки чака айран болот. Оокат...»

Падышалык бийликтин ыплас саясаты жергиликтүү калкты жарга такаган. Азыр бешиктеги баладан тартып, кары-картаңдарга чейин аёосуз кыргынга учураган ошондогу эл тагдырын ойлогондо, «шордуу кыргыз падыша буйругуна эптеп көнүп, көтөрүлүшкө чыкпай койгондо эмне» деген өксүк ой да келбей койбойт. Бирок ушул «Узак жол» өңдүү үркүн окуясын сүрөттөгөн чыгармалар менен тарыхый материалдар, падыша бийлигинин төбөлдөрү киши ордуна теңебеген кыргыз элинин жанга баткан ызасы менен көргөн кордугу, карыпчылыкка баткан мүшкүл жашоосу акыры түбү барып, ошол 1916-жылдагы жарылууга алып келмегине ынандырат.

Жер бөлүштүрүү саясаты болобу, укуктук-соттук териштирүүлөр болобу, же жөн гана кадыресе турмуш-тиричиликтик алака-катышта болобу кыргыздарга адам катары мамиле жасалган эмес. Бул колониялык саясаттын табиятын көрсөткөн тарыхый көрүнүш экени да белгилүү. Муну К.Үсөнбаевдин аталган эмгегиндеги колониялык бийликтин жерди ээлөө саясатын көрсөткөн архивдик маалыматтар да ырастайт: «1916-жылы жалпы Түркстан крайында жашаган элдин алты гана проценти келгин орустар болгон. Ошондой болсо да, алар 950 кыштакчаны жана бекет айылын түзүшкөн. Айдоо аянтынын 57,6 проценти ошолордун энчисине бөлүнгөн да, жалпы калктын 94 процентин түзүп турган жергиликтүү элдин үлүшүнө бар болгону 42,4 проценти берилген. Түркстанда бир орус дыйканы 3,17 гектар айдоо жерин ээлесе, жергиликтүү бир адамга 21 сотук гана жер тийген. Бул орус дыйканынын жерине караганда 15 эсеге аз болгон».

Тарых эмгектериндеги ушул сандар, ушул пайыздык көрсөткүчтөр романда карапайым үй-бүлөнүн мүшкүл турмушу аркылуу, каармандардын сезим-туйгулары аркылуу, кадыресе турмуш-тиричиликтик майда-барат кө-

рүнүштөрү аркылуу чечмеленип берилген. Ошондуктан жазуучунун бизге калтырган көркөм чындыгы бүгүнкү күндө архив материалдарына, тарыхый булактар тастыктаган маалыматтарга жан киргизип, ошол доордун духун сездиртип, ошол учурдун катаалдыгын таанытат.

Чындыгында М. Элебаев «Узак жолду» жазып жаткан мезгилде архив материалдарына да, тарыхый документтерге да кайрылган эмес. Анын кол жазмаларында, аталган чыгарманы кандайча жазганы жөнүндөгү маалыматтарында, «Күндөлүктөрүндө» да андай кабарлар жок. Бирок анткен менен, Мукай Элебаевдин «Узак жолундагы» айрым факты-маалыматтар, окуя-көрүнүштөр тарыхый булактар менен түздөн-түз байланышканы көңүл бурдурат. Тарыхый булактарда жергиликтүү элдин арызы, өтүнүчү бийлик тарабынан такыр каралбаганы, бийлик ээлери каратып туруп акыйкаттыкты орус адамдарына же колунда барларга ыйгарып, бардык убакта бечара-карыптар айыпка жыгылып турушканы тууралуу маалыматтар көп айтылат. Андай маалыматтардын турмуштагы учуру романда тереңдетилип сүрөттөлөт. Мисалга чыгармадан Байболоттун жаны кашайып мындай дегенин карап көрөлү: «Мен түрмөдө жатам. Арыз-арманымды угар эч ким жок. Кыргызды бу жерде жан ордуна да санабайт. Пагону жаркылдаган полицайлар бизди кеңсалардын ченине жолотпойт...»

Ырас, тарыхтан белгилүү болгондой, орус мамлекетинин империалисттик согушта жеңилиши анын экономикасынын алсырашына да алып келген. Ушундан улам падышачылык бийлик колониясы болгон элдердин эсебинен каржы топтоого аракет кылган. Экинчиден, палышачылык өзүнүн аскердик күчүн жаңы толуктоолор менен чыңдоого мажбур болгон. Калыбына келтирүү жумуштары иштелбей калган. Ушундай кырдаал айынан салык

салуунун жаңы жолдору иштелип чыккан. Акырында келип, Түркстан крайындагы элдердин аскер ишине, согуш талаасына, тыл жумуштарына мобилизациялоо жөнүндөгү буйругу чыккан. Бул каргашалуу буйрук ансыз да ичтеринен падышалык бийликке кекенип турган элди көтөрүлүшкө чыгууга түрткөн. «Узак жолдон» кыйналган элдин адилетсиз бийликке каршы көтөрүлгөн учурун автор ошол мезгилде өзү көрүп-билгени боюнча мындай сүрөттөйт:

« Атасынын көрү, солдатка баргыча ушул жерден эле өлүп беребиз – деп күүлөнөт бир кур боз балдар.

– Чындап башка күч келсе, колдо мал деги бар, кедейлерден сатып, ордуна жиберсек да, балдарыбызды бир сапарынан алып каларбыз, – дешет, дагы бирөөлөр.

– Ушинтип эле турбас, балким, заман оңолуп кетээр.

– Байлар го балдарын сатып алып калсын, түгү жок биз эмне кылдык?

– Мейли, кайда болсо бир өлүм. Алам десе мына, солдатка кеткенде биздин кайсы аялуу баш, айдалуу малыбыз артыбызда калып жатты эле. Кедейге кайда болсо баары бир. Бирок кетсек да ошо бизди кармап бергендер менен соо калышпаспыз, – дейт эми бир даары».

Жазуучу 1916-жылдагы көтөрүлүштүн алдындагы кыргыз элинин турмушка тобокелдик менен карап, жандан кечип, адилеттик издеп калышканын ишенимдүү көрсөткөнү ушул үзүндүдөн эле көрүнүп турат. Ал эми көтөрүлүштүн чыгышы, элдин Кытай жерин көздөй качууга аргасыз болушу да чыгармада кадыресе турмуш чындыгынан алыстабайт.

«Ушундан жарты сааттай убакыт өтпөй, күтпөгөн жерден алыстан, айкырык-өкүрүк менен келе жаткан топ кишинин

жалаңкычтай, ачуу дабышы чыгып калды. Үйдүн катыны менен Элебес сөздү коё коюп, өндөрү бир заматта кубулуп, дел-дейе калышты. Жабыла тышка чыктык. Биздин маңдайыбызда, токой аралап кеткен жалгыз аяк жолго салып, тебетейин булгалап, үстү-үстүнө камчыланып, кыйкырык-өкүрүк менен кетип бараткан бирөөнү көрдүк. Токойдун биз жак четиндеги бал челектин жаны менен бир топ малды чаңдатып айдап жана бир топ адам өттү.

Элебес карагайдын ачыгына чыгып, аңды-дөңдү карабай чапкылап кетип бараткан элге карай:

– Ой, эмне? – деп дабышынын барынча унчукту. Ашыгып бараткан элдин эч кимиси жооп берген жок. Берегинде бир, алдындагы койго шашып баратып, артынан кууп келе жаткан койчуга караган карышкырдай алактап, кетип бараткан бирөөнү көрүп, Элебес дагы жаңкыдай кыйкырып, иштин жөнүн сурады эле, ал:

– Падыша менен кыргыз урушуп калды! – деди да буйдалбай чаап кете берди. Бар укканыбыз ушул.

Ушинтип мындан бир нече мүнөт мурун жайбаракат жаткан дүйнө заматта бүлүнүп, чакчалекей түштү да калды».

Тарыхый документтерде бөтөн жер, бөтөн элде мусапыр болуп кордолгон кыргыздар көзүнөн учкан Ата Журтуна кайтуу үчүн уруксат сурап, Кытайдагы Орусия падышачылыгынын консулуна кайрылганы тууралуу маалыматтар бар. Эки жүз адамдын колу коюлган катта кыргыздардын өз жерине кайтуу өтүнүчү, улук-төрөдөн уруксат сурашканы айтылган. Буга консулдан эч кандай ыракым болгон эмес. Ал туурасында К.Үсөнбаев минтип жазган: «Бирок падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөргө аткара алгыс шарттарды койгон. Алсак, көтөрүлүштүн жетекчилерин кармап берип, курал-жарактарды толук өткөрүүнү, ошондой эле бир волосттон армия үчүн 200дөн жылкы төгүүнү жана көтөрүлүш чыгымдарын толугу менен төлөөнү талап кылган. Бул иш жүзүндө азып-тозгон элдин үмүтүн

таш каптырып, аларды мүңкүрөтүү эле. Ошентип, падышачылыктын колониялык саясатын ишке ашыруучулар кыргыз жергесин толугу менен ээлеп алууну көздөшкөн» (Үсөнбаев К. Азап жолу жана Атаконушка кайтуу // Кыргызстан маданияты. – 1991. – 22-июнь.).

Кулжадагы Орусиянын консулуна кыргыздардын кат аркылуу кайрылганы, бирок андан эч кандай натыйжа чыкпагандыгы чыгармада да берилет. Романдагы каттын мазмуну менен тарыхый документтердеги каттын мазмуну бипбирдей. Анда романдан кат туурасындагы үзүндүгө көңүл чаптыралы.

«Бир күнү Бейшемби мага бир кат алып келип окутту. Ошол күнү бир жакка барып келген. Катты мен окуй электен мурун анын маанисин ал Элебеске түшүндүрүп:

– Арыз. Эртең ушуну Кулжага берип жиберебиз, – деди. Кат үч барак кагазга жазылып, бир бетине жалаң кол коюлган. Бери болгондо эки жүз адамдын колу бар. Печет басылыптыр. Аягына коюлган колдорун киши тааный турган эмес. Каттын өзүн да кыйналып жатып араң аягына чыктым. Кээ бир ариптерин ажырата албай, бир сөзгө көпкө токтой берип, сөздүн маанисин кемитип алып «ошол жерин кайра окучу» дегизип отурдум. Кат мындай жазылган.

«Орусиянын Кулжадагы Консулунун атына, Пржеваль үйөзүнүн кыргыздарынын суранычы.

Биз Пржеваль үйөзүнө караган Куртка мерген, Күңгөй, Ак-Суу, Түп, Күрмөнтү, Кең-Суу, Түргөн, Бирназар, Сөгөттү болуп баары сегиз болуш элинин кыргыздары 4595 түтүн эл Кытай жерине келдик. Келгендердин көбү кара букара кедейлер. Жетим-жесирлер. Суранарыбыз төмөнкүдөй: падыша өкмөтү биздин жерибизди, суубузду тартып алып, өзүбүздү тоого-ташка кууп чыкты. Бирок ошол карагайлуу тоолор да бизге тийбей, кийин казыналык болду. Отурган үйдүн орду, малдын жайыты акылуу болду. Ошентип талаа мужуктарга, тоо – казынага өтүп, биз күн көрүштөн калдык. Жадагалса от жагуу

да кыйын болду. Бир түп карагайдын баасы он эсе кымбаттап, үч сомдон он беш сомго жетти. Белетти бир жылда эки жолу ал деп күчтөдү. Кедейлерге муну кылуу колунан келе албады. Эгер бир түп карагай кыйсак, карагай башы он түп карагайга пиртөкөл жасады. Ар бир болуш жылына бир нече миң сом штраф төлөп отурду. Ошондо да колунда барлар төлөп, эчтемеси жок кедейлер түрмөгө камалды. Урушка жардам бер деп буйрук этти, биз буга беш жолу жардам бердик. Үй ичибиздеги кийим-кечек, жип-шуубуздан өйдө бердик. Тигип отурган үйүбүздү алды. Жылына бере турган эки налогдон башка түтүн башына дагы беш сомдон салык салып отурду. Гүбурнатордун буйругу боюнча бизге апийим айдатып, бир кадак апийимге он эки сомдон такси койду. Эгер муну башка жакка сатсак, төрт айдан түрмө кесип же болбосо беш жүз сомдон штраф салды. Мындан биз зыяндан башканы көргөнүбүз жок. Эң аягында келип, өзүнүн убадасын унутуп, он тогуздан отуз бир жашка чейин урушка барып, ор казууга киши бересиң деп буйрук чыгарды. Эл муну көргөндөн кийин солдатка алат экен деп түшүндү. Бу да биздин мойнубузга түштү. Кыргыздын эл билермандары өзүлөрүнүн балдарын, тукум журттарын спискеге кийирген жок. Байлар болсо сатып алып калды. Биздин он жети жаштагыбызды он тогуз кылып, кырктагыны отуз кылып каттап берди. Биз буга нааразылыгыбызды билдирсек, четинен түрмөгө камады. Анда жаткандарды атып, аса баштады. Түрмөдөн жаралуу болуп качып келгендер кабарды жаман деп угузду, ал атып өлтүрүп жатат деди. Мына ушундай катуу кабарларды уккандан кийин бизден тукум койбойт экен деп чочуп, Кытай жерине карай тартып бердик. Жолдо катар кезиккен паселкөлөр бизди тосуп туруп, мылтыктын алдына алды. Арттан аскер түшүп, бизди койдой кырды. Мал-жанybыздын көбү Текестин оюнда Музарттын суусунда калды. Кытайдын черүүлөрү бизди чек арадан камап, эң акыркы калган мал-мүлкүбүздү тартып алды. Азыр биздин үй-жайыбыз, тамак-ашыбыз жок, бир татым тузубуз жок, кыш-күрөө болсо кирип келди. Ач-арыкпыз. Абалыбыз кыйынга түштү. Ошондуктан биздин көз жашыбызды көлдөтүп сураган арыз-арма-

ныбызды ыракым этип, биздин башчыбызга жиберүүнүздү сурайбыз. Бечара карыптарга көрсөтө турган жардамыңыздар болбос бекен? Колубузду коюп, печет бастык».

Каттын сөзү ушул. Мунун натыйжасын бир айдан кийин уктук. Консулдан ракым болбоптур».

М. Элебаев өзү да «Бирок мен бу жолу өз башымдан кечирген өмүрүмдөн башка, жанымдан жалгыз ооз сөз кошконум жок. Анткени башымдан өткөн күндөрдүн өзүн дурус айтып жеткиргенде да, бирөөнүн жанына тиер таасири бар эле» дегениндей, «Узак жол» тарыхый чыгарма болбогону менен, тарыхый документтерге өтө жакын маалыматтарды турмуш чындыгы менен жуурулуштуруп берген роман.

«Узак жолдо» автор өзүнүн керт башынан кечирген оор турмушун, ага дуушар болгон балалыгын сүрөттөгөн. Бир караганда, чыгармада күндөлүк турмушта кездешчү майда-барат көрүнүштөргө көбүрөөк басым жасалгандай, көркөм ой ошолордун тегерегинде гана өнүктүрүлгөндөй таасир калтырат. Бирок андагы негизги каармандардын тагдыры, жашоо-турмушу жалпы элдин тагдырын көрсөтүп турат. Мына ушунусу менен, «Узак жол» – ар бир кийинки жаш муунга Үркүндүн улуу сабагын жеткире турган баалуу көркөм мурас.

10.06.2016

МАЗМУНУ

Жуматаева В. Алгы сөз 3
Чоротегин Т. Редактордун баш сөзү 6

ҮРКҮН ЭЛДИН ЭСИНДЕ

Дубанбаев С. Энем көргөн алаамат 12
Бугубаев А. Сатылган балдар, сагынткан Мекен 18
Акунова Э. Уулкан эжемдин кейиштүү тагдыры 23
Арыкбаев С. Энемдеги эр мүнөз 29
Мырзабекова Б. Атам Кытайдан эки эшектүү, бир аттуу болуп келиптир..... 33
Бекешов Б. Элүү жылдан кийин келген эжем..... 36
Алтыбаев Ш. Кара көпөлөк 39
Сулайманова А. Атамдын өмүрүн коштогон арман 45
Акимкожоев М. Эжесин издеген акын 56
Өмуралиева М. Абакта өткөн жаштык 67
Токтосунов Д. Үркүндүн Мордовия түрмөсүнө жеткен изи 73
Ибраимов Ш. Үркүн мени арабөк кыргыз кылды 78
Садыр уулу Ж. «Кырк шейиттен» уланган кеп 83
Байжиев М. Үркүндүн символу – Ажар..... 86
Токсобаева М. Иванга жаккан Илипов 91
Битикчи Э. Үркүнгө компенсация суроо чеки иш 95
Токтогулов К. Кытайдан качып келген бир туугандар... 100
Бакиров Р. Молдогазы болуш эл үчүн жанын берген... 110
Токтоналиев Ж. Касымаалы ажынын эрдиги жана арманы..... 119
Шейшеканов Т. Баатыркан бабамдын баяны 138
Усманов А. Үркүндү тарткан үркөрдөй сүрөтчүлөр 153

ОКУМУШТУУЛАР ҮРКҮНДҮН ИЗИ МЕНЕН

Чоротегин Т. Алкыштын да, армандын да жылы 160
Чоротегин Т. 1916: Кайчы пикирлердин эркин айтылышы – эң чоң утуш 169
Чоротегин Т. Актан Тыныбек уулу жана 1916-жылкы Ички Теңир-Тоодогу элдик көтөрүлүш 179
Чоротегин Т. 1916: Жизактагы элдик толкундоолор .. 197
Чоротегин Т. 1916: Бишкек да, Маскөө да уткан иш-чара 205
Чоротегин Т. 1916-жылкы Улуу көтөрүлүш: Тактыкка карай умтулсак 208
Чоротегин Т. 1916-жыл: Тарыхтын актай барактарын бардык элдер иликтейт 223
Молдокасымов К. 1916-жыл: Алматыдагы архивдик документтер 228
Молдокасымов К. 1916-жыл: Падышанын жарлыгы жана көтөрүлүш 234
Молдокасымов К. Канаат хан жана 1916-жылкы улуттук бөштондук көтөрүлүш 241
Кененсариев Т. Тарых келечекке туура кадам таштоо үчүн керек 247
Кененсариев Т. 1916-жыл: Суроосу арбын улуу көтөрүлүш 253
Кененсариев Т. Улуу көтөрүлүшкө себеп болгон жагдайлар..... 265
Ибраимов О. 1916-жыл: Керенский жана кыргыздар .. 272
Ибраимов О. Касымалы менен Сахип-Жамал 276
Өмүрбай уулу М. Үркүндү билбеген кытайлык кыргыздар 282
Ормушев А. Жүз жыл мурда жүрөккө түшкөн кара так 291
Абдалиева Г. 1916: Улуу үркүндүн тарыхый барактарына кылчаюу..... 300
Абдыкулова Р. Беш түрк тууралуу эмгектен улам 312
Байдилдеев Ж. 1916: Улуттук-бөштондук күрөштүн лидерлеринин бири – Султан Далбай уулу 330

Жолдошов Р. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш жана кыргыз бай-манаптары 343
Кадыров Т. 1916-жылкы элдик боштондук көтөрүлүшкө 100 жыл: айрым ойлор 374
Мырзабаева Н. 1916-жылкы элдик боштондук көтөрүлүштөн кийинки Улуу үркүн кыргыз айдыңдарынын чыгармаларында 383
Станалиева Г. Улуу Үркүндүн баяны бүтпөйт... 389
Станалиева Г. Үркүн: «Узак жолдогу» тарыхый чындык 394

Facebook

Kyrgyz Azattyk Unalgysy
Azattyk Media

Twitter

Azattyk_Radiosu
AzattykMedia

YouTube

Azattyk

720044, Бишкек шаары,
Фурманов көчөсү 12.

Телефон:
+996312 219423
+996312 219430

Тарыхый-публицистикалык басылма

ҮРКҮН – 100: КЫЛЫМДАР УНУТКУС КЫРГЫН

Макалалар, блогдор, маектер, эскерүүлөр

Бишкек, «Турар» басмасы
Кыргыз тилинде

Чыгышына жооптуу редакторлору *Т. Чоротегин, В.С. Жуматаева, Б. Сарыгулова З. Бактыбаев*
Басманын редактору *Ж. Теңирбергенова*
Мукабасын жасалгалаган *Л. Гутйу (Lars Gutiu)*
Компьютерде терген *А. Чороева*
Компьютерде калыпка салган *Р. Төлөбеков*

Басууга 28.08.2017-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 25,5 б.т. + 3 вкл. Заказ № 1657. Нускасы 1000.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.